
Скырг.
М91

Абдыкерим Муратов



Сунулган баш...
Суурулган кылыч...

Абдыкерим Муратов

Скорт
М91

Сунулган баш...
Суурулган кылыч...

Тарыхый роман

Токтогул Сатылганов
Ош облусу Өзгөн
ИНВ № 178110

«Турар»
Бишкек 2012

Токтогул Сатылганов
Ош облусу

УДК 821.51
ББК 84 КИ 7-4
М 91

Муратов Абдыкерим
М 91 **Сунулган баш... Суурулган кылыч...** Тарыхый роман.
– Б.: «Турар», 2012. – 198 б.

ISBN 978-9967-15-158-1

Бул тарыхый чыгарма 20-кылымдын башындагы эл турмушунун эң оор күндөрүн – Кеңеш бийлигин орнотуунун кыйынчылыктарын, эгиздердин бири-бирине өчөгүшкөн душман болушунун тамырларын, өмүр жолу татаал инсан Мадаминбектин оош-кыйыш тагдырын сүрөттөөгө арналган.

Кол жазма кезинде бул роман Чыңгыз Айтматовдун Эл аралык «Ысык-Көл форумунун» колдоосу алдында «Турар» басмасы жана «Жаңы Ала-Тоо» адабий журналы 2011-жылдагы мыкты прозалык жана поэзиялык чыгармаларга, котормолорго жарылаган байгеде «Арча»сыйлыгын алууга татыктуу болгон.

М-4702300000-12

УДК 821.51
ББК 84 КИ 7-4

ISBN 978-9967-15-158-1

© Муратов А., 2012

Энем Акчолпонго багышталат

–Апа, силер
кичине убагыңарда
«кызылдардан»
коркчу белеңер,
же «басмачыларданбы»?
– Кызылдарды
«төртүнчүлөр» дейт элек,
олор келатса да
коркот элек, «басмачы»
дегендери келатса
да коркот элек.
Бизди, майда кыздарды, жүк
менен кошо
ороп жыйып койчу же жаман
кийинтип койлордун
арасына киргизип ийчү. Экөө
тең эле келсе талап-тоноп кетчү.
Эми ал бир заман эле да...
О күндөр түк кайтып келбесин!

(Энем Абдырахман кызы Акчолпон
экөөбүздүн Көк-Дөбөдөгү
баарлашуубуздан)

Биринчи бап

УРПАКТАРДЫН УКУМ ЖЕРИ

Гөш бузулса го туз оңойт,
туз бузулса не оңойт?..

Эски-Маргаландын базары...

Буерлерде ала бейкасам чапан кийип, белин шайы кур менен кабаттап байлап, кыраам көз салып өткөнү да, кимдир бирөөнүн малы арзан болсо дароо алып, ары өтүп эле үстөк кошуп сатып ийсем деп пайлап турганы да бар. Паранжа-чачбанын жамынган катындар анда-санда гана көрүнбөсө базар шоокумун жалаң эле эркектердин үнү коштойт. Устаканаларда көөрүк тынбай, көзөчүлөр ысык ылайды ийге келтирип, чыны-кесе, кумура жасоо менен алек, киши боюндай коондордун жыты шишкебектин жытына кошулуп иштейди ачса, сапсары кайракы буудайлар ары-бери өткөн аттар менен уйлар-ды тамшантат, жетелинип бараткан эчкилер жөн жүрбөй ошолорго да ынтыла коет. Буудай менен макапая ээлери ушул эчкилерден жадагандай сөгүнүп тим болот. Бөзчүлөр бир таманда, жибекчилер бир таманда туруп, матасын кардарга арзан кармата койбойт, «кудайга карасаң боло» дешип, аларман менен ыраса баалашап, анан кол алышып, «бар, барака» кылып жатып калат. Бир жерде отундар жыйылып, отундун миң бир түрү аларманын күтүүдө. Алардын сатарманы көбүнчө тоодон келген кыргыздар.

Базар күнкү чайкананын күрү-күүсү өзгөчө, ай. Эми эле мал базардан айдап келген торпок-танасын, уй-коюн саткан тоолук кыргыздар пулдарын чарчысына түйүп,

мал байлап келген жибин белине байлай, чекеси оңуп кеткен ак калпагы терге карарып кеткенин элес да албай балдарын ээрчитип чаңкоосун кандырганы мында кирип атышат.

– Ассалому алейкум! – деп ар бир кирген киши сөрүдө отурган башкалар менен көкүрөгүнө колун коюп амандашкандан кийин эпилдеген чайканчык балдар алдыларына айттырбай-дедирбей эле бир нан менен чоң чыныга толтура йакна көк чай алып келет.

– Имне тамак жейсиз, тага? – деп кол куушуруп туруп калган балага келгендер каалаган тамагын айтат.

Буту-бутуна тийбеген балдар айтканын алеки саамда эле алып келип, пулун шарт алууга куштар.

Чарчысынан акчасын санап берген кыргыз:

– Ушул оокатың шунча кымбатпы? - деп алат да, кайра: – Майли, атасынын гөрү, өзүбүздүн курсактан өзүбүз аямак белек! – деп коет.

Бул күнү эгиз балдар Момун менен Эмин да атасын ээрчип келген. Атасы Дыйканбек, аты Дыйканбек болгону менен асили ата кесиби – мергенчилик. Исфайрам бойлоп жайы-кышы кетип, аңчылык кылып, аң терилерин жүктөнүп, жылыга кээде эки, кээде төрт-беш жолу келип, ушул Эски-Маргаландагы базарды байырлаган Акматбек ашынасына өткөрүп, ордуна мергенчиликке керектүү буюмдарын, зайыбы Акчолпон айткан чай-чамегин, кийим-кечесин алып кетет. Ар келген сайын эгиз балдарын ээрчите келет, сүннөтү сакайгандан тарта бул эки бала атасын базарга келген сайын коштоп келет. Келген сайын Акматбек аяш атасынын сыйын көрүп, анан алардыкынан чыккан соң ушул мажүрүм талы самсаалап арыктагы сууга тийип турган чайхананын бөдөнөсү бытпылдыктаган шаа супасына отуруп, май мантыга бир тоёт.

Бул жолу да ошентип турушкан, эми гана тилабат кыларда адырашман түтөтүп аластап кара сакал бирөө көрүндү. Башында көк парча селдеси, ийининде бото кур менен бош байланган сарт чапаны, бутунда жаңы чарыгы бу кишинин оокатын өткөрүүгө бир бурдам нан тилеген кайырчы, же бир бу дүйнөнү таркы кылган дервиш эмес экендигин өзү эле айтып тургандай. Буларга жа-

кындап, курандын кыраатына салып кыргызча так сүйлөп атты:

– Ысырык, ысырык, ар жанга озуур берер, ооруну айдар ысырык! Заман бузулду, заң бузулду, адам бузулду, дин бузулду, каапыр жерди тебеледи, мусулманды шарыяттан чыгарды, көтөрүл, мусулманым, көтөрүл!

Бул сөздөрдү чын укканга ишенип-ишенбей отурганбы, бирак эле, Дыйканбек коркуп кетти, уулдары Эмин менен Момунга абайлай карады. Тиги киши дале адырашман менен аластамыш болуп, анысын улам үйлөп түтөтүп, буруксутуп, жанагы сөзүн кайталайт:

– Заман бузулду, заң бузулду, адам бузулду, дин бузулду, каапыр жерди тебеледи, мусулманды шарыяттан чыгарды, көтөрүл, мусулманым, көтөрүл!

Аны элес албаган кишиче, өз айылын ойлодубу, Дыйканбек оор үшкүрүнүп:

– А мусулманым, гөш бузулса го туз оңойт, туз бузулса не оңойт? – деп койду.

Бул сөздүн маанисин он алтыдагы Момун менен Эмил андай бербегени менен аталарынын эмнегедир бир нерсеге ичтен нараазы экендигин туйду.

Сокчулук жана сокчулуктуктар

Эски-Маргаланга туташкан, асили Таштакка караган гувалак менен согулган, узатасынан кеткен дубалдар менен курчалган, көчөсүнөн итерме араба араң өткөн, төөчөн адам эле мойнун созуп караганда көрүнбөсө, эшектер менен атчандар короо ичин көрө албаган бул маалласын Сокчулук дешет. Биердегилер тээ атам замандан бери Эски-Маргаланга таруу тартып, анын согун базарга алып чыгып саткандыктан ушинтип аталып калган болуу керек. Базарчылар өздөрү да экиден-үчтөн, кээде андан да көптөн болуп бул маалага тартылган таруунун сүзүлгөн согун ичебиз деп келип турушат. Негедир бул ичимдикти бозо деп аташпай, сок деп жүрүшүп, маала бүт Сокчулук деп аталып кеткен. Элеттен келген кыргыздар гана булардын бозолорун карабайсыңарбы, накта туугандарыбыз ушулар да деп ылым санап күлүп калышат. Анан да жака-белдеги дыйкандар кышында булардын жаңы сүзгөн бозосун баданын кызытып, гаргарлап ичип, алар менен жоролошуп, дос болуп, коон бышканда биз жакка өткүлө деп кетет экен, анан бозочулар төөнүн курсагы жарылган сары күздө коон үзүп аткан баягы кышта шилекей алышкан ашыналарына барса, алар тааныбай калат экен, жанагы «Досум, досум, дос элек бозо сүзгөндө, анан дос болбой каласыңбы коон үзгөндө» деген ылакап ушундан чыгыптыр дегендер да бар.

Айтор, бозо жана бозочулар тууралуу кеп көп. Же балким сок эмес эле, тарууну ун кылуу үчүн соку менен жанчышкандан сокучулар деп жүрүп, мааланын аты ошондой аталып калгандыр.

Жо-ок, буларың туура эмес дегендер да бар. Илгери кыргыздар каймакка көптүрүлгөн тарууну сок дешкен. Буердегилер ошондой кылып каймакка таруу көптүрүп, анан аны базарга алып чыгышкан, ошондон келип чыккан «Сокчулук» деген ат дешет. Ким билет, иши кылып бул жердин атынын кайдан, эмнеден келип чыкканы менен көпчүлүктүн иши жок, аларга эптеп кичине соодасы жүрүп, оокатын кыймылдатып турса болду да.

Несин айтасыз, качантан бери Эски-Маргалаң базары алардын оокатын өткөргөн ыйык жайы катары эсептелчү. Ошол базарды паана кылгандардын ичинде Акматбектин бүлөсү да бар эле. Анын Мухаммед Амин, кийин Мадамин деген ат алып кеткен уулу миң сегиз жүз токсон экинчи жылы туулуп, аны менен кошо бул бүлөдөгү эки уул, эки кыз бабалар кесибин аркалап калды.

Акматбек башкалардан кыйла тың жашаганы менен мааланын жаамы жашоочуларынан кантип бөлүнмөк эле, эптеп оокатын кылыш үчүн колунан келген өнөрүн көрсөтчү: кашык, чөмүч, гепкир, кесе, итаяк, челек, бакан, аш такта, аш жайгыч, бешилик, калак сыяктуу нерселерди жыгачтан жасап, ошолорду базарга өзү алып чыгып сатып, пул тапчу. Анын колунан келген үчүн бе-

шик, желбешик, шимек, комуз, дутар, най, сетор, ногира жасап бер деп да көп кайрылышчу. Жок демек жок, колунан келгенин жасап берет. Сеп камдаган кыздардын жүк жыйды сандыгын да келиштирет, анын жасаган бешиктери менен шимектерин бүт Баргана чөлкөмү аваз кылат. Уулу Мадаминди ээрчитип ишине тал, өрүк издеп Кува-Сай, Кадамжай, Сох, Баткенге чейин кетип калчу. Анан тоо тараптагы Дыйканбек досунукуна баруу көпкө жоголот, кыштакта болсо, экөө эрмектешип оңуп өзгөчө кызык, досу мергенчиликке салбуурундап кетсе, калат, жасап барган мылтыгын, бычак-канжарларын, чедер-капкандарын адия кылып, ашынасы үчүн өзгөчө жасаганын айтып мактанып калат. Атасына кошо барган Мадамин өзүнөн тогуз-он жаштай кичүү достору Момун менен Эминди ээрчип, Исфайрам бойлой эки-үч күн түнөп, тоолорду аралап бир кумардан канат.

Акматбек ошентип оокатын тың кылып, баласын окуткусу келчү, анысы ушул оомал-төкмөл заманда чоң молдо, илим-билим алып мударис болсо дечү. Ошондон бу, уулун ээрчитип жүргөндө ал бул жерлердин ажайып көркүн көрсөтүп, кендигин айтып мактанат, бийик чокуларга чыгарып, шар аккан дайраларды бойлойт. Өзгөчө балага Исфайрамдын тунук суусу, анда ары-бери сүзүп жүргөн балыктар бир ажайып көрүнөт.

– Ушул жерлерди коргогондор кимдер экенин унуткан жоксуңбу?– дейт атасы баласына дайым айтып жүрчү сөздөрүн жадынан чыгарып ийбеди бекен деп.

– Жок, унутпадым, Манас, Курманбек, Алпамыш, Жалиддин, Эмир Темир... – Ушинтип көбүн айтып салат.

Ата баласынын зээндүүлүгүнө ичи чыгып, көз тийбесин деп көзүнүн кыйыгы менен карап алат...

Мир Айдар медресесинде

Ошол Мадамин медреседе отурат. Кожо Мухаммед Парса мааласындагы кыйла пас жерде жайгашкан үчүн «Чуңкур медресе» деп аталган бул медреседе зоболосу зор киши Мир Айдар дарс берет.

Мадамин башын жерге салып, дамылланын айткан кунт кое кулак салат. Көптү көргөн карт мударис дегендей уурдана көз агытат, анан анын көзү өткүр бала Мухаммад Аминге, же балдар айтып жүргөндөй жөн эле Мадаминге бурулат, ал экөө жалт карашып, окуганын жана окуганын таржымалдаганын улантат: «Мамлекетти жеңип алуучу бактылуу балдарыма жана дүйнөнү башкаруучу кудуреттүү неберелериме маалым болсун: Кудай талаанын ырайымынан үмүтүм ушул – көптөгөн балдарым, авладым бийлик тактыны ээлешип, ар кандай мамлекеттерди башкарса экен. Ошон үчүн бийликбашкаруунун тартибин куруу, мамлекетти чайпалтпай кармап жүрүү иштерин бир нече жырымга байланыштырдым жана өлкөнү башкаруу тууралуу колдонмо – дастур ул-амал жазып калтырдым, менин балдарым жана тукумдарымдан болгондордун ар бири ошолорго ылайык иш жүргүзсүн, мээнет-машакат, көп аскерий жүрүш, уруш-талаш менен, Жараткандын колдоосу жана Мухаммеддин, Кудай Таалам ага жар болсун, тагдыры бийик улуттук даңкы азиреттин улуу авлады жана урматтуу сабаларга кылган ынактыгым жана достугум аркылуу колго киргизген бийлигимди жана өкмөтүмдү сактагыла.

Бул жырым-эрежелерди өз бийлик иштерин башкарууда колдонмо катары пайдаланышсын, эгер менден аларга өтө турган өкмөтүмдөн калтырган залал-балакет-салакети болсо, ошолордон аман болушсун.

Эми менин ардактуу, бактылуу балдарыма жана мамлекеттерди жеңип алуучу алибеттүү неберелериме жол-жоболорум ушул деп билгиле, мен он эки нерсени өзүмө негиз кылып алып, ошонун айынан бийлик мартабасын көтөрдүм».

Окуп аткан Мир Айдар мударис ушул жерге келгенде «он эки» деген санга өзгөчө басым жасады.

Анан кайра окуганын жана которгонун улантты: «Ушул он эки нерсенин жардамында мамлекеттерди каратып алдым, бийлигимди жүргүздүм жана бийлик-башкаруу тактына зеби-зыйнат бердим. Силер да ушул жы-

рым-эрежелерге көңүл койгула. Өкмөтүмдү жана бийлигимди, өзүңөрдү этияттагыла! - Кары дамбылда чарчап калдыбы:

– Эми, Аксак Темир Көрөгөн атабыздын, улуу Жаангер бабабыздын ар бир жырым-осуятын бирден талаба бөлүп-бөлүп окусун жана азыркы тилибизге которсун, - деди.

Муну угары менен даяр турганбы, алдыңкы катарда отурган имам-катыбдын уулу китеп бетин ачпай эле кырааты менен айта турганды айтып салды:

–«Мамлекетиме жана бийлигиме байланыштырган мен нин биринчи жырым-эрежем – Алла Тааланын дини жана Мухаммед мустапанын шариятынын дүйнөдө баар табышына мүмкүндүк бердим. Ар убакта жана ар жерде ислам динин кубаттадым». - Өңү купкуу өспүрүм ушинтип шар айтып токтогондо, экинчи бала ага таң калгандай, китептен калганын окуп кирди:

– «Экинчим болсо, он эки катмардагы жана тайпадагы кишилер менен мамлекеттерди каратып алдым, аларды башкардым. Өлкө, бийлик түркүктөрүн ошолор менен кубаттадым, мажилистеримди ошолор менен көркүнө чыгардым».

Кезек үчүнчү балага жетти:

-«Үчүнчүсү, масилаат, кеңеш, ар кандай ыкмаларды издөө, умтулгандык, этияттык менен душман аскерин жеңип, мамлекеттерди өзүмө бой сундурдум. Бийлик, башкаруу иштерин кылдаттык, сабырдуулук жана адамгерчилик менен жүргүздүм. Көп нерсени билип турсам да, өзүмдү билбестикке салар элем. Дос-душман менен кылдат болдум».

- «Төртүнчүсү, – деп баштады тоо тараптан келген кара бала, – мамлекет иштерин бийликтин мыйзамдарына негизденип башкардым. Үрп-адат, жол-жобо, эрежелерге таянып бийликте өз мартабамды жана даражамды сактап чын турдум. Амирлер, вазирлер, сыпайылар, кара таман калк – ар бири өз-өз мартабасында жана кызматында болуп, андан артыгына жооптуу болбоду».

Эми бешинчи болуп Мадамин окумак жана котормок, ал шок, бир жерде турбаган, балдар менен жакалашса, жакалашып кеткен өжөр, көк неме эле. Ошого жараша

кунту да жакшы, бир айтканды жаттап алат. Ал окула берип, оңуп да кеткен, барагы да жукарган китеп бетин карабай эле айтып атты:

–«Бешинчиси, амирлер менен сыпайыларымды мартаба жана сый-урматка бөлөп, кымбат баа белек-бечкек менен көңүлдөрүн алып турдум. Тойлордо аларга өз жанымдан орун бердим, ошол үчүн согуштарда кара жанын аяшпады. Аларга келгенде диркам менен динарларга сарандык кылбадым жана иштерин жеңилдетүү үчүн мээнет-машакаттарды жеке өзүмө алдым. Эмирлер, кол башчылар, баатырлар менен жакын болуп, алардын жомарттыгына, берешендигине таянып, шамшар заары менен жыйырма жети паашанын тагын ээледим. Иран, Туран, Рум, Магриб, Шам, Мисир, Араб Ирагын, Ажам Ирагын, Мазандран, Гиланат, Ширванат, Азербейжан, Парс, Курасан, Дашти Жета, Дашти Кыпчак, Хорезм, Гутан, Кабылстан, Бахтарзамин жана Индустанга падышча жана өкүмдар болдум. Бийлик тонун кийген соң, тынчтыгым, соолугум жалаң ошого кетти, өз жайымда бейпил уктоо бактысынан ажырадым. Он эки жашымдан түрдүү жерлерди кезип, азаптуу мээнет кылдым. Ар кыл иштерди жасап, кошундарды талкаладым. Амирлер менен сыпайылардын ачуулуу сөздөрүн угуп, жамандыктарды көрдүм, лекин, өзүмдү андайларды укпаганкөрбөгөнгө салдым. Кылыч көтөрүп урушка кирип, түрдүү мамлекеттерди, вилаяттарды ээледим да, дүйнөгө атымды чыгардым. – Ушул жерге келгенде дамылла тамагын жаңсап өзү дайым Курандан алынган ысымын толук айтып жүргөн шакирти Мухаммед Аминге бир нерсе дейин деди эле, ал калган балдарды окута койбой айтканын токтотпой уланта берди:

–«Алтынчысы – эркиндик жана ынсап менен Кудайдын жараткан пенделерин өзүмдөн ыраазы кылдым. Күнөөкөргө да, бейкүнөөгө да ырайым кылып, адилеттиктин атынан өкүм чыгардым. Кайрымдуу иштерим менен эл көңүлүнөн жай алдым. Туура саясат жана ынсап менен сыпайыларым жана кол алдымдагы кызматкерлерди үмүт менен коркуунун ортосунда кармадым. Элге жана кызматкерлериме боорукердик кылдым, сы-

пайыларыма сыйлыктар бердим. Залимдерден карыптардын акысын алып кайтардым. Алардын буюм-тайымдарга жана адам денине кылган залалдарын ашыктаганымдан кийин аларды шарият туткан кишилер ортосунда талкуу кылдым жана бир күнөөлүүнүн ордуна башкасын жабыр тарттырбадым.

Мага жамандык кылып, башымдан кылыч көтөрүп, ишиме көп зыян келтиргендердин да, кечирим сурап келсе, урматтап, жаман кылмыштарын эстен чыгарып, эгер алардын акыл-эсинде мага карата коркуу сезими болсо, аларды биротоло кечирдим.

Жетинчиси – сайиддер, уламалар, акылмандар, мударистер, санжыра, аңыз кептерди айтуучуларды тандалган, өзгөчө урматталган адамдар катары эсептеп, ызаат-сыйлуу орунга койдум. Эрктүү, күчтүү кишилер менен достоштум, Кудай Тааланын өзү да мындай кишилер менен дос болгон. Адамдар менен сукбат кылдым жана таза ниет, ак дилдүү кишилер менен бирге болдум. Алардын кайрымынан үлүш тилеп, чын дилдери менен ыраазылык дуба баталарын беришин ылтымас кылдым. Дервиштерди, бей-бечараларды дос кылдым, алардын көңүлүн иренжитпедим. Бузуку жана оозу бош бакануу кишилерди межилисиме жакындатпадым, сөздөрүнө көңүл койбодум. Бираар кишинин үстүнөн доомат-ушак менен келсе, кулак салбадым.

Сегизинчиси – ар дайым бекем чечим менен иш тутум. Бир ишти баштаган болсом, анын соңуна чыкканча башка нерсеге алаксыбадым. Эмне айткан болсом, аны аткардым. Эч кимге катуулук кылбадым жана эч бир иште бирөөнү кыйынчылыкка калтырбадым, муну мен Кудай Тааланын азабына калбайын, же ишимди бузулуга дуушарлантпайын деп жасадым. Адам Атадан баштап, Хатамга чейин, Хатамдан азыркы убакка дейре өткөн султандардын жүрүш-турушун, заң-мыйзамдарын акылмандардан сурап билдим. Ар биринин жол-жоболорун, жүрүш-туруштарын, кылмыштарын, айткан сөздөрүн эсимде бекем сактадым жана жакшы мамилелери менен мени ыраазы кылган сапаттарын өзүмө алып, аларды

аткарууга тырыштым. Мамлекеттердин жакырдануу себебин сүрүштүрдүм жана алардын салтанатынын колдон кетишинен сактандым. Пейилди бузуучу, ачарчылык жана уаапа дарты алып келчү бузукчулуктардан сактануну өзүмө ылайык таптым.

Тогузунчусу – эл-журт абалынан кабардар болуп турдум, улууларды ага, кичүүлөрдү бала катары көрдүм. Ар жердин табиятын, ар элдин үрп-адатын, жол-жоботары жана барктуулары менен жолдош болдум жана алардын адебине, табиятына туура келген, өздөрү тилеген адамдарын аким кылып дайындадым. Ар бир аймактын элинин абалынан кабар алып турдум. Ар бир мамлекеттин абалын, сыпайыларынын, журтунун көңүл жагдайын, турмуштарын, жүрүш-туруштарын, кылмыштарын, булар ортосундагы мамилелерди жазып, мага билдирип туруу үчүн акыл-идиректүү, чынчыл кишилерди окуя жазгыч кылып белгиледим. Эгер туура эмес жазса, андай окуя жазгычтарды жазаладым. Акимдер, сыпалар жана аскерлерден кимдир-бирөө калкка жабыр-зулум кылса, мен аны угуп калсам, анын чарасын көрдүм.

Онунчудан, түрк, тажик, араб ажамдын түрлүү тайпаларынан жана уруулларынан болгон жана менин карамагыма кирген кишилердин улуктарын урматтадым, калгандарын да өз абалына жараша сыйладым, жакшыларына жакшылык кылдым, жамандарын болсо өз жамандарына тапшырдым. Ким мага достук кылган болсо, достук кадырын унутпадым жана ага адамгерчилик, ызаат көрсөтүп, көңүл бурдум, ким менин кызматымды кылган болсо, кызмат акысын бердим, ким мага душмандык кылса, кийин анысына бушайман болуп алдыма тизе бүгүп келсе, душмандыгын унутуп, адамгерчилик жана достук жасадым. Улус амири Шер Бахрам адегенде мага пикирлеш эле, башыма оор иш түшкөндө мени таштап кетти, кийин кайра кечирим сурап келди. Чыныгы эр болгону үчүн жана марттык-баатырдык көрсөткөндүктөн жаман иштеринин баарына көз жумдум, алдыма келгенин урматтап, мартабасын көтөрдүм.

Он биринчиси – перзенттер, тууган-туушкандар, жоро-жолдоштор, колу-коңшулар жана мени менен бир убакта дос болгон бардык адамдарды бийлик амалына жеткенде унутпадым. Өз туугандарымдан туугандык мээримди үзбөдүм. Алардан туура эмес иш өткөн болсо, өлтүрүүгө өкүм кылбадым. Турмуштун ысык-суугун көп татып, алардан сабак алып, тажрыйбамды ашырдым. Ошон үчүн дос-душман менен келишип жашадым.

Он экинчиси – дос-душмандыгына карабай, ар кайсы жерде болсун сыпайыларымды урмат кылдым, себебi алар жалгыз байлык болгон кара жанын сатат, өздөрүн майдан, урушка салып, денесин курман кылат. Эгер душмандын сыпайыларынан бирар киши өз өкүмдарына туура келген кызмат кылып согуш күндөрүндө мага каршы кылыч көтөргөн болсо да, андай адамды дос көрдүм, алдыма келип калса, аны кадырлап, ишеничиме тартып, чын дилден жана акыйкат кызмат кылышына ынандым. Сыпайылардын кимдир бирөө туз акысын же адал кызмат кылууну унутуп, кызмат убагында андан баш тартып мага келген болсо, андай кишини өзүмө эң бир душман катары билдим. Токтомуш хан менен болгон урушта амирлери мага арыз-арманда-рын жазып, менин душманым болгон өз башчылары Токтомуш хан берген туз акыны унутуп, ак кызматты жана туура ниетти бир четке жыйыштырып коюп, менин алдыма келгендиктери үчүн аларга наалат айттым, «өз ээсине ак кызмат кылбаган, мага кылар беле?» дедим. Дагы тажрыйбамдан көрүп-билген нерсе – мамлекет эгер динге негизделип курулбаса, кандайдыр бир эреже-жырымдарга байланбаса, андай бийликтин аброю, кудурети жана тартиби жоюлат. Мындай бийлик жылаңач адамга окшойт, аны көргөндөр жийиркенип көзүн жумат. Жөн гана көрүнгөн кишилер беймарал кирип-чыга турган үстү ачык, шыбы жок, эшик-тосуксуз үйгө окшойт. Ошон үчүн да мен өз бийлигимди, мамлекетимди ислам динине, анын эреже, жол-жоболоруна ылайыктап, жырымдарга негизденип чечтим. Дилимден такыр ажырабаган биринчи нерсе – ислам динин жайып, Мухаммед пайгамбардын, Кудай ага жар болсун, шариятын кубаттадым. Дүйнөнүн түрдүү өлкөлөрү, чоң жана кичине калааларында ислам динин жана жаклигимди шарият менен жүргүздүм...»

Мухаммед Амин ушинтип Эмир Темирдин осуяттарын толкунануу менен айтып токтогондо, баятан бери демин ичине катып турган талабалардын жүздөрүнө күлкү чайып, мудариске тигилишти. Ал киши да ыраазы болуп туруптур.

– Кана, таксыр Мухаммед Амин, Курандан бир тилават кылыңызчы? - Мударис жаш жигитке кайрылды.

– Кайсы сүрөөсүнөн?

– Өзүң баштай бер?!

Мухаммед Амин токтолбостон башынан баштады. Анын тилаваты да, кырааты да келишип калды. Жагондо:

– Сиз, таксыр, каары болуп калыпсыз, токтотуп, калганын эртең улайлы? – деди. – Анан, балдар, мен бир нерсе айтайын деп жүргөм, – ал айтсамбы, айтпасамбы деп туруп, балдардын баары карап калганда тобокел кылып айтып баштады. – Жерибиз тынч эмес, башка жактан басып келатат. Алар каапырлар. Каапырларга жана баскынчыларга каршы күрөшүү жети жаштан жетимиш жашка чейинки ар бир эркек мусулмандын милдети.

–Таксыр динибиз ушундай десе, биз эмне үчүн күрөшпөйбүз, эмне үчүн андай динсиздерди келтирбей коё албайбыз! – Биринчи болуп устазын Мадамин колдоду.

–Жок, азыр убакты эмес!

–Убакты анан качан болот? – деди Мадамин.

–Келет. Кудай бизге да кубат берет.

–Жок, дамбылда-устаз, убак келди, эртең кеч болуп калат! – Ушинтип айткан Мадаминбекти карап ушундай шакирт чыгарган устатынын ичи элжирей түштү...

Ушундай окуялардан кийин жеңелери аны «каары бала» деп тергешип, теңтуштары жигит башы кылып алды.

Мир Айдар мударис болсо өзүнүн илим-билими көп болсо да, баланын илим-билимге ынтызаарлыгы барын да андан ары кетсин деп, тымызын аны Букарага – Мир араб медресесине үгүттөп жүрдү...

Маргалаң базарындагы бала

Мадамин окуудан алаксый баштады. Анын себеби атасынын мурдагыдай пул таппай калышы, табы жакшы болбой, өрүк, арча, сайталдарды алыскы айылдардан тартып калаага жеткире албашы менен байланышты шекилдүү. Айтор, тирилик баланы базарга тартып туруп алды. Базарда эмне ар кыл иш кылат: бирде мал айдап келгендерге кошулуп, алардын мал-алын базарга чейин жеткирип кирет, бирде орус извошчуларынын аттарын карап, аларды сугарып, жем берип, кайра ары тандырда от жаккандарга көмүр ташып чуркап кетет. Баарынан да ал Скобелев калаасына барып, ал жердеги орустардын дүкөндөрүндө иштөөнү жактырат. Орустар кыйла таза, ак иштешет, балага кызыгып, акысын жебей, пулун эсептеп, туура берет. Мадамин алардын тилин да үйрөнүп алды, а түгүл тигилер муну эркелетип «Миша» деп коюшат. Мишаны кожоюндар орус аялдары менен Скобелевдин ортосунан агып аткан Маргалан сайга жумшап ийишет. Ошондо жаш бала орус катындардын бети ачык жүргөнүн, жоон, аппак сандарын суугa салганын көрүп ачуусу келет, сөгүп жиберейин дейт да, кайра буларды караган күнөө болот деп, жүзүн алардан тартып кетет. Ошентип ал «сайбою кыздарынын сейилине» бир топ катышып да жүрдү.

– Кашык алгыла, чөмүч алгыла! – деп орозгерге керектүү нерселерди сатып жүргөн кызыл жүздүү, көзү жайнап турган жигитти Маргалаңдын базарынан көргөн Шааркандын амини бир азга демин тартпай туруп калды.

– Буларың канчадан? – Амин жигиттен анын буюмдарына кызыккан кардар болуп калп эле сурады. Мадамин бааларын такылдап айтканы аминге андан бетер

жакты. Экөө бир топ сүйлөшүп, жигиттин каары экенин, диний билими зорлугун билди. Атасы менен акылдашып, ал кишиге баласынын кызматы үчүн жылына бир чейрек кадак буудай, бир чейрек күрүч берип турарын айтып кол алышып, жигитти ошол эле жерден ээртип кетти.

Кыргыздар Шааркан, өзбектер Шахрихан деп атаган бул калаанын таанымал аминининн короо-жайында иштөө Мадаминге кантип буйруп калганын адегенде ал өзү билбей, ишенип-ишенбей да жүрдү. Анын сыры жөпжөнөкөй эле, ага беш ай өткөн соң көзү жетти...

Ал күнү ауз боюндагы дасторконго не бир түркүн дүйүмдөр – мейиз, өрүк, жаңак, бадам, мисте, жаңылаанжир, курма коюлду, шербеттердин не бир түрү кумураларга толтурулду, кавха, майга куурулган куш тили, кайберен, улар эти – баары-баары бар. Сетор менен удун, нигора менен найдын жүрөк эзген доошунда жука соолон көйнөк кийген келишкен жигиттер бий ыргагында чимирилет. Кебетеси келишимдүү, чыңалган денеси чымыр, бой-келбети чылап иче тургандай жаш жигиттер амин үлпаттарынын арасын улам аралап ары-бери чимирилет. Коноктор бул жакка-тиги жакка өткөн бийчи жигиттерди имере тартат да, жыргап калышат. Арада бир да аял көрүнбөйт. Бир-эки жолу мындайды көрбөгөн Мадамин эл айтып жүргөн бачабаз байваччалардын арасына түшүп калганын ошондо түшүндү. Ошондо ал өзүнүн келишимдүү келбетине кызыккан амин атасы эмне сураса да макул болуп алып келгенин түшүндү. Эми не болорун да болголоду.

Бир күнү ал Шааркандагы аминдин үйүнөн качып чыкты. Орус тааныш извошчулары менен Маргалаңга келип, үйүнө барбай эски агайнысы Ашымдыкын сагалады, аны менен галош чыгарышты. Лекин экөө узакка иштеше албады. Турмуш кайра көнгөн жакка – базарга айдап туруп алды...

Токтогул Сатылганов ат. Ош обл. ... китепканасы
ИНВ № 478110

Жашабай жатып жайланган Кокон мухтар жумурияты

1905-жылы Нижний Новгороддо, 1906-жылы Петербургда эки жолу мусулмандардын куруптайы өтүп, ага өкүл болуп түркстандыктар да катышып келип атса, 1917-жылы 16-17-апрелде Ташкенде Бүткүл Түркстан мусулмандарынын куруптайы чакырылып, анда 9 кишиден турган Уламалар Кеңеши түзүлөт жана Түркстандын келечегин кандай түзүү керектигин чечүү вазийпасы аларга тапшырылат. «Ушул убакты колдон чыгарсак, экинчи жолу автономия алабыз деп аябай көп кан төгөбүз» деп айткан ошондо Махмудкожо Бехбудий.

1917-жылы 8-июнда Ошто «Туран» кыймылынын бир бөлүмү түзүлүп, аларга негизинен талабалар менен жаштар өкүл болуп кирет. Алар «Алаш-Ордонун» таасир-таалиминде болот.

1917-жылы 12-14-июнь күнү Скобелев (кийинки Ферғана) шаарында аймак мусулмандарынын куруптайы болуп, ага ар кайсыл ислам уюмдарынан 197 делегат катышкан, алар Орусия ичиндеги мусулман элдерине өз мамлекеттерин курууга уруксат берүүсүн суранышкан. Ушундай ойдогу диний партиялар да түзүлгөн.

Анан ошол эле жылы Петроградда Кеңеш бийлиги орногон соң беш-алты күн өтүп-өтпөй 1-ноябрда Ташкенде Түркстан крайынын борборунда Кеңеш бийлиги орноду деп айтылып, Петроградга, жолдош Владимир Ульяновго кабар жиберилет. 15-22-ноябрда ошол Түркстандын борборунда аймактык Кеңештердин 3-сьезди өтүп, анда Орусиядагыдай Эл Комиссарлар Кеңеши түзүлөт. Шоро (Кеңеш-Совет) өкмөтүнүн башкы курамына 15 киши мүчө болот. Алардан көбү жергиликтүү калктан болбой, Орусия жактан келгендер эле. Бул элди, аныгыраагы, калк ичиндеги билимдүүлөрдү жана байларды аябай кооптондурат.

Ушинтип турганда ушул эле күндөрдө Сүлүктүдө, Кызыл-Кыяда, декабрь айында Жалал-Абад менен Ошто, негизинен европалыктар болгон жерде Кеңештердин бийлиги орноду деп айтышып, бийлик башына келгиндерден коюшат.

Өктөбүр төңкөрүшүнө чейин эле жер, бийлик кедейлерге берилет экен деген каңшаар угулганда анын көбү Баргана чөлкөмүнө жетпеди. Байлар гана түн уйкусун бөлүп кыйналбаса, малайлар менен чаракерлердин, жалчылардын, мандикерлердин эптеп курсагы тойсо гана болду. Канткен менен шаарларда, өзгөчө Кокондо орусча билип калгандар, Сибирь түрмөлөрүн көрүп келгендер, Ыстамбул, Багдад, Кашкар, Упа, Казан шаарларында окуп калгандар көбөйө баштаган.

Кокон бу Баргана өрөөнүнүн пайтакты болгон менен тээ Ташкенден бери кыйла журттун ордосу эле. Илгерки хандыктын жугу-журту кете элек. Ошол кезде Кокондо 382 мечит, 42 медресе орун алып, аларда 6 миңдей талаба, мурадистер болгон. Дини мусурман буерлерде бекем эле. АКШ, Англия, Германия сыяктуу Батыш өлкөлөрүнүн он бир банкы бул жердеги ишканалар менен алакада турган. Алардын ичинен Орус-Азия, Орус тышкы соода, Волга-Кама, Азов-Дон, Москва эсеп банкы дегендер болгон. Цинделия менен Савва Морозовдун кампалары бүт Борбор Азияны товар менен камсыз кылган.

Кокондо орустардын таасири аз болгон менен акырын-акырын башбагып келаткан. Ошол таасир жанагы билимдүүлөрдү жана дини ислам кишилерин ойлонтпой койбоду. Жумушчу Кеңештеринин курамына сырттан киргендер орношот, жакшы жайыттуу, суулуу жерлерди ошолор ээлейт, алар курал менен жүрүшөт деген ой көпчүлүктү кыйнай берет. Анын үстүнө бир жыл мурда эле алты айга созулган калк козголоңу чыккан. Анда орус армиясына мандикерге уулдарыбызды бербейбиз деп каршы болуу менен башталган нараазылык бара-бара диний күрөшкө, улуттук күрөшкө айланып кеткен. Каршыларды аеосуз баскан. Басыш үчүн Борбордук Орусиядан аскерлер, кубаттуу курал-жарак келген, Борбор Азиядан 673 миң киши өлтүрүлгөн, 163 миң киши Сибирге сүргүн болгон, 300 миңдей адам Чин өлкөсүнө ооп кеткен, иши кылып миллион ашык кишинин мал-мүлкү,

жаны, тууган-уругу кырылган, байлыгы таланган. Эл мына ошону кылган падышачылык орустар деп турган.

1917-жылдын кышы оңой менен чыкпай, жут болуп, Баргана өрөөнүнүн малынын тең жарымы кырылып калды. Калк каржалды. Өлүм, кесел көбөйдү. Эгин кургакчылыктан болбой калып, ачарчылык каптады. Орусиядан жардам дээрлик келбеди десе да болот. Ушуларды көруп-билген Баргананын билимдүү, илимдүү кишилери 1917-жылдын 11-12-декабрында (эски эсепте 27-28-ноябрда) Кокондо мусулмандардын 4-чукул курултайын чакырат. Бир нече шаарлардан топтолуп келген курултай катышуучулары, биринчи кезекте молдолор, имамдар, казылар, сопулар сырттан келип аткан, буерлерге таануланган бийликти мындайча жүргүзүүгө каршы сүйлөшкөн. Алар Орус бийлигинен азат болобуз, башка диндегилер менен бир дөөлөт түзүп, кыямат кайымга бирге бара албайбыз деп катуу турушту. Ошентип алар Кокон хандыгын кайра тикелемек болуп, бара-бара бүт жаамы Түркстан мусулмандарын бириктирип калыйпалык түзүү чечимине келишти.

Хан сарайда өткөн, 203 өкүл катышкан курултайды куттуктап Украина Борбордук Радасынан, Оренбург казак аскерлеринин атаманы А.Дутовдон, татар-башкорт, казак өкүлдөрүнөн телеграммалар келген. Мунун өзү эгемендүүлүк башкалар тарабынан да колдоого ээ болунуудда дегендик эле.

Алар Түркстан автомониясынын убактылуу элдик Уламалар Кеңешин түзөт жана ага 32 киши шайланат. Тизмеде булар болгон:

1. Убайдулла Ходжаев
2. Мустафа Чокаев
3. Ташпулат-Бек Нор-Бута-Беков
4. Садритдин-Хан Шариф-Ходжинов
5. Конгур-Коджа Ходжинов
6. Исматулла Губайдулинов
7. Саид-Насыр Мир-Джалилов
8. Сер-Али Лапин
9. Сеид-Джафар Бай Сидов
10. Шеламь Султанович Шаехмадов

11. Абдурахман Бек Уразаев
12. Худаят-Бек Юргали-Агаев
13. Насыр-Хан Төрө Камал-Хан Төрөев
14. Мир-Адил Мирза-Ахмедов
15. Таш-Ходжа Ашур-Ходжаев
16. Абдукадыр-Бек Кушбегиев
17. Абиджан Махмудов
18. Джамшидбек Карабеков
19. Соломон Абрамович Герифельд
20. Абду-Самат Абду-Салимов
21. Абдулла Дербисалин
22. Муса Акчурин
23. Мажуров
24. Махмуд-Ходжа Бегбуди
25. Ибрагим Давлетшин
26. Мухамеджан Тынышбаев
27. Лалил Шеринский
28. Талибджан Мусабаев
29. Камал-Казы Рахманбердиев
30. Алим-Хан Төрө Шакир-Хан Төрөев
31. Сабиджан Юсупов
32. Адилджан Умаров

Ушул тизме жана алардын кайрылуусу орус жазгычы – писери тарабынан жазылгандай, ошол кездеги Кокондун И.И.Вайлер деген кишинин типо-литографиясынан басылып чыккан. Ысымдарга жана алардын фамилияларына карап көрсөңүз кызык көрүнүштү байкайсыз. Биринчиси – арабча кандай айтылса ошондой жазылгандар, экинчиси – атка даражасы, же теги кошо жазылгандар, үчүнчүсү – башкорт-татарча, ногойчо жазылгандар жана ушул кезде орусча жазууга өтүү аракети катуу көрүлүп жаткандагы (Мисалы Курманжан датка, Алымбек датка деп эле кыргыздар айтып келген болсо, бул жолу алардын урпагы Джамшидбек Карабеков деп калган).

Курултайда Түркстан Мухтар (Автоном) Жумуриятынын аткаруу комитетин – Өкмөттү түзөт. Өкмөт башчылыгына адегенде казак Мухаммаджан Тынышбай отурат да, кийин анын ордуна Тышкы иштерди тейлеген Мустафа Чокай шайланат, ал эми вазирлик (министрлик)

орундарга Убайдулла кожо, Абдырахман Ороз уулу, Шах Ахмед уулу, Абиджан Махмад уулу, Насирхан төрө, Мурадил, Хидаят Ага уулу сыяктуу инсандар шайланат, алардын бири ички иштерин тейлесе, экинчиси өнөр жай ишканаларын, дагы бири азык-оокат, билим берүү, курулуш иштерин тейлешкен. Демек өкмөт курамы ошол кездеги прогрессивдүү деп эсептелген Батыш Европанын системасын өздөрүнө кабыл алган.

Дагы бир белгилей кете турган жагдай – Кокон автономиясын кургандардын жана анын өкмөт башында турган алар Түркстанга ооп келген жаңы окуу – жадидчилик системасынан билим алган, мусурманчылыкка астейдил берилгендер эле, балким алар Түркстан Ислам Жумуриятын түзүү идеясын биринчи орунга койгондур. Анткени «жадид» деген «жаңы» деген эле сөз. Билим берүүнүн жаңы жолун тандаган алар ошол билим аркылуу, окутуу аркылуу коомду, адамдардын аң-сезимин өзгөртүүгө болот деп эсептешкен. Булар бүт Түркстан элдерин бириктирүү, уруу-уруктардын башын кошуу, алардын мыйзам чыгаруу органын түзүү милдетин белгилешкен. Чек ара кайтарар жана ички тартипти чыңдоочу улуттук армия куруу, дин эркиндигин берүү, бардык улуттарды бирдей кароо маселесин көтөргөн. Өзүнчө акча чыгаруу жагын Орусия менен сүйлөшүп чечмек болушкан.

Түркстандын эгемендүүлүгүн колдоп эл катуу чыкты. Ошондо Хамза аким-заады Ныйазый колго калем алып, «Кокон автономиясын» колдоп жазды:

«Жаша Кокон, жаша Кокон!
Сен жашай турган заман.
Ишчи уулу, шухратыңдан,
Балкысын руху жахон!»

(Кийин бул ыр ондолуп «Кокон» деген сөз уйкаштыгы туура келбесе да «Шуро» деген менен алмашылып хрестоматиялык ыр катары өзбек адабиятына кирет, а балким ошонусу үчүн бул автор Шаймарданда ташбараңга алынат).

Хамза түрк тилдерин – уйгурча, кыргызча, татарча, азербайжанча жакшы билген, тажикче ыр жазган, орус-

чаны мыкты өздөштүрүп гана калбай жаздыкташ зайыбы орус кызы болгон. 1911-жылы Кокондо мектеп ачып, анын ишин улантып коюп, өзү ушунчалык эңсеп жүргөн жерлерине Ооганстанга, Индистанга, Меккеге, Медина-га, Шамга, Бейрутга саякат кылып кайткан.

1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшүндөгү эл абалын кайра-кайра түшүндүрүп Ак падышага кат жазган, ошол эле жылы 15-августтан 2-сентябрга чейин Мамлекеттик думадан А.Ф.Керенский (кийин убактылуу өкмөт башчысы болот) баштаган комиссия келип, алар эл тарап болот. Ошо кезде Хамзанын «Кеңеш» деген журналы, ыр китептери чыгып аткан. Падыша тактан кулаганда сүйүнүп ырларды жазган, 1917-жылы 28-майда Кокондун Календарканасында төрт жүзгө жакын киши топтоп, өз кыймылдарын түзөт, кийин алар шайлоодо төртүнчү номердеги большевиктерди жактап добуш берет (мына ошондон «төртүнчүлөр» келип чыккан деген да сөз бар). Мына ушундай зоболосу зор кишилердин колдоосу жалпы элге дем болот. Анын «Улуу Түркстан» газитинин 1917-жылдын 21-октябрдагы, 1918-жылдын 11-январдагы сандарына «Ойгон, Ватан», «Түркстан мухтариятына» деген ырларын жарыя кылып, анда «Куттуу болсун Түркстан мухтарияты, Жашасын бириккен ислам миллети, Жашасын бул түрк уулунун түбөлүк мамлекети!» деген ураандарды көтөрүп чыккан. Ошол эле мазмун-темадагы ырларды Чолпон, Фитрат деген акындар да жазып, элге тартуулаган.

1918-жылдын башында шаардын жами мечитинде «Кокон автономиясына» кирген улама Шүкүркан Хазрат: «... автомчулар жалгыз эмес, алардын артында Англия турат. Ошолордун жардамы менен Англиянын Жети-Суу аркылуу Ташкенге кирүү планы түзүлүүдө» десе, курултайдын бир катышуучусу Алымов: «Биз Түркиядан Энвер-паашаны чакырабыз, анын жана Алланын жардамы менен Кудаяр хандын заманын кайра кайтарып, Кокон мухтарлыгын түзөбүз» дейт. Алар Орунбордогу «Алаш» кыймылы менен, Орусиядагы атаман Дутов менен да байланышта болгон, курамын жаш-сарттар эле эмес, орустар, кыргыздар, казактар, жөөттөр да

түзгөн, ири байлар, дин ишмерлери да болгон. Ал түзүмдүн активдүү өкүлү Бехбуди 1917-жылы декабрда «Урият» газетасына минтип жазат: «Кимдер биздин жер-ди жана байлыктарды бөлгүсү келсе, биз бүт жан-дилибиз жана ишенимибиз менен аларга каршы турабыз. Түпкүлүгүндө автономия жерибизди, мүлкүбүздү жана динибизди коргоо үчүн түзүлөт, ... жер, мүлк бөлүнбөгөн бойдон калат».

1917-жылы 6-декабрда Азирети Пайгамбарыбыз Мухаммед алайхи саламдын туулган күнүнүн урматына Кокондун чоң жаамы мечитинин алдына 60 миңдей киши чогулду. Алар мечиттин купасына тагылган жаңы Түркстан Мухтар Жумуриятынын байрагын карап, бул жаңы мамлекетти тааныу маселесин көтөрүп чыкты. Мындай митингдер башка жерлерде да болду. 13-декабрда Ташкенде чоң жүрүш белгиленип, анын алдынан кыштактарга уламалар үгүт жүргүзгөнү чыгышты. 6-декабрда Ташкендин Бегларбеги медресесинде жыйын болуп, анда Минавар кары, Адыл муфтий, Сеид Ганыкан, Шер-Али Лапин, Пирмухаммед Азам ж.б. зоболосу зор кишилер жана башка Түркстан автомониясынын убактылуу элдик Кеңешинин мүчөлөрү чыгып сүйлөшөт...

Ушундай толкунга Орусия кыйылып, башын оорутту. Адегенде улуттарга жана элдерге укук берем, ким эмне кылса өзү билет деген Лениндин сөзү алдамчылык болуп чыкты. Большевиктер жеңип алган революциясын эгер ушинтип арасынан бөлүп чыгара берсе, анда акыры Владимир Ильчтин кабинетинен башка эч нерсе ге ээ боло албасын түшүндү. Түшүнбөгөндөргө түшүндүрүштү.

Бул Орусия ичиндеги «жаңы баланы» эми эле көзүн ачып аткан большевиктер да кабыл алгысы келбеди. Башка бийлик, башка мамлекет алар үчүн кереги жок эле. Ташкенде 1-жана 2-Сибирь аткычтар полку жана армян элдик кошундары жайгашып, бир топ күч алып калган. Алар большевиктердин сөзүн эки кылмак эмес жана жергиликтүү калкты алардын астына жыгып бермек. Ошолорго ишенген жана Петр шаарындагы В.И.Лениндин идеяларына шыктанган Түркстан Эл Комиссар-

лар Кеңеши жанагы жаңы чыккан Түркстан Мухтар Жумуриятын тан алган жок, алардын мыйзамдуу укугун мыйзамсыз деп, өлкөнү бөлүп-жарган аракет деп түшүндүрүштү.

Бул Орусияда биринчи жолу эң эле зыялылардын да, жаңы демократиялык күчтөрдүн да жетилип калган жери ушул Кокон жана анын атарабы экенин көрсөттү. Бүт Борбор Азиянын мыкты каймактары ушул жерге чогулуп калган эле. Албетте, бул Ленинге жана анын сораткан «чыйкан» экенин сезишти.

Ошон үчүн эски стиль боюнча 11-февралда эл арасында алсыз Кокон Кеңеши ошол жердеги абройлуу боло баштаган Түркстан автоном өлкөсүнө куралсыздануу жана ислам аскерлерин таратуу тууралуу шартнаама жиберет.

Бул алгачкы кабар эле. Алдыда чоң коогалаң келаткан...

Адегенде Коконго Скобелевден ошол кездеги ошол чөлкөмдө жакшы куралданган 140 кишиден турган, 4 замбиреги, 4 пулемоту бар отряд келет, аларга жалаң гана европалыктардан турган темир жол тармагында иштеген кишилерди аскер кылып, колдоруна курал берип кошуп коет. Кокондун өзүндө 100 армян дружиниктери бар эле.

Ошентип 1918-жылы 29-30-январда (18-19-февраль) большевиктердин куралданган аскерлери жаңыдан баш көтөрүп келаткан Түркстан Мухтар Жумуриятынын идеясын жок кылып, алардын жетекчилерин таратуу үчүн колдоруна курал алды, Орусиянын эң четинде – Кокондо атуулдук согуш башталды.

«Басмачылык» деп аталган кыймыл жер астында жети жыл жаткан ажыдаардай копшолуп, булкунуп турду...

Ошол күндөрдөгү мусулмандарга каршы «кандуу каза-тта» орус кызыл аскерлери өзгөчө каарын чачты. Кокон замбирек тобу менен талкаланды, туш тарабынан атылган уютулган октор хан калаасын ташбараң кылып, канывайранын чыгарды. Орусия кандай күч экенин, ага

каршы баш көтөрүү канчалык оорго турарын автоном түзгүсү келген мекенчилдер да, өз өлкөбүздү курабыз деген караламан калк да жон териси менен сезип-туйду.

Кокон кызыл жалын менен кара, көк түтүндүн ичинде калды. Эки жүз-үч жүз жыл бир мамлекеттин пайтакты болуп турган ордо калаанын отко алынышы менен адамдардын жүрөгүнө да алоо жагылды. Кокон ханлыгы кыйрарда да мынчалык болгон эместир.

Бул большевиктерди элге жаман көрсөткөн эң алгачкы окуя жана Орусиядагы атуулдук согуштун – өз элине каршы согуштун карлыгачы экен көрсө. Он күн окко алынган Кокон оңойлук менен колго кирбеди. Онунчу күнү Ташкенден жана Перовскден (Кызыл Ордо) жардам келди. Кызыл аскерлердин ал тобуна Түркстан Эл комиссарлар кеңешинин төрагасы Федор Колесовдун жана Түрк Республикасынын башкы аскер комиссары Е.Л.Перфильевдин жетекчилик кылышынын өзү эле маселенин канчалык маанилүү экенин айтып турбайбы. Бул күндөгү Кокондун тагдыры – бүт Совет бийлигинин тагдыры эле. Кызылдардын отряддары биринин артынан бири агылып Коконго Анжиандан, Намангандан, Маргалаңдан, Кызыл-Кыядан гана эмес, алыстагы Самаркандан да келип жетти...

Мухтар жумуриятчыларга жардам келчүү жолдор тосулду, анын үстүнө алар куралсыз эле. Армян дружниктери («дашнакчылар» дешкен, себеби алардын уюлун армян буржуазиялык улуттук «Дошнакцтюн» партиясынын мүчөлөрү түзгөн) 500дөй жарадарлар жана оорулуулар жаткан Кокон шыпааканасын өрттөп ийди. 50 кишини көчөдө эл алдында атты, асты, өлтүрдү. Өкмөттүн 30 мүчөсү камакка алынды, бирок Осипов жакшылык кылып, алардын 20сын качырып ийди.

Кокондон кийин замбирек топтору башка шаар, калааларга, өзгөчө көбүрөөгү Скобелевге жаады.

Эгемен Кокон жумуриятынын башкы командачысы Эргеш кол баштап айыл аралап чыгып кетти. Ал аксап баскан, кыраакы киши болчу. Аны Кокондо «короо башы» деп аташчу. Бир короонун башчысы эле. Кийин ал жигитерди баштап чыгып кеткенде «короо башчы» дешип отуруп, бара-бара душмандары ачуусу келип, «корбашы» деп алышты. Анын жардамчысы корниловдук дивизияда сыноодон өткөн Шамил бек да оңой жигит эмес. Булар эң биринчи бөлүнүп кеткен, эл арасынан колдоо тапкан топ эле. Алар эл арасына чегинип, караламан калкка, кайрадан күч жыйнап жаңы күрөшкө келүү үчүн кетти...

«Автономчулардын» көбүнүн колго түшүшү жана өлтүрүлүшү, Мустафа Чокой баш болгон бир тобунун чет өлкөгө өтө качышы большевиктерди шердентти, карапайым калктын коркконунан орустар тарабына ооп кетишин шарттады.

Кызыл-Кыя шахтерлору жумушчу аскерин түзүп, И.И.Едренкиндин жетекчилиги менен Кокон автономиясын талкалоого активдүү катышты. Скоболевден Ошко 80 кызыл аскер жиберилди. Сүлүктүдө, Кызыл-Кыяда өз эркы менен деген аскерлер түзүлдү.

Бул кызыл кыргындан 180ден көбүрөөк шаар-кыштак өрттөлдү, Маргаланда 7 миңдей, Анжианда 6 миңдей, Наманганда 2 миңдей, Базар-Коргон менен Кокон-Кыштакта 4,5 миңдей киши өлтүрүлдү. Армян дружиниктери менен кызылдар Коконду бир ай өрттөдү. Огун аяп адамдарды союп таштап атышты. Сузак, Базар-Коргон, Кокон-Кыштак армяндардын адам өлтүрөр майданына айланды. Бул жерлерде дээрлик адам аттуу калбай өлтүрүлдү, же тоолоп качып кетти. Муну көрүп турган эл колундагы кетменин, андабасын, жубалдызын, жеңчесин, байтешесин, саман кабын, камчысын, укуругун, орогун, жаргылчагын, көөрүгүн ыргытып, эми колуна адамды набыт кылар, кан агызар курал алды. Муну алар өзүн жана тууганын, бир укум жерин коргоо үчүн айласыздан жасады. Дыйкан колуна мылтык тийди. Кечээ эле кетмен, теше, орок жасаган устаканалар жашыруун түрдө сайлуу мылтык, кылыч, шамшар жасоого өттү.

Кокондогу Мухтар Жумуриятты кулатуу үчүн большевиктер эч нерсе аябады, баарын кан төгүү менен жасады, эң негизгиси жаңы чыккан Кеңеш өкмөтү убадага турбаган түзүм экенин, алар бүтүндөй бир чоң чөлкөмдү тукум курут кылууга жөндөмдүү экенин, ошол аркылуу гана Совет бийлигин орнотууга чыгынып жатканын

каршы баш көтөрүү канчалык оорго турарын автоном түзгүсү келген мекенчилдер да, өз өлкөбүздү курабыз деген караламан калк да жон териси менен сезип-туйду.

Кокон кызыл жалын менен кара, көк түтүндүн ичинде калды. Эки жүз-үч жүз жыл бир мамлекеттин пайтакты болуп турган ордо калаанын отко алынышы менен адамдардын жүрөгүнө да алоо жагылды. Кокон ханлыгы кыйрарда да мынчалык болгон эместир.

Бул большевиктерди элге жаман көрсөткөн эң алгачкы окуя жана Орусиядагы атуулдук согуштун – өз элине каршы согуштун карлыгачы экен көрсө. Он күн окко алынган Кокон оңойлук менен колго кирбеди. Онунчу күнү Ташкенден жана Перовскден (Кызыл Ордо) жардам келди. Кызыл аскерлердин ал тобуна Түркстан Эл комиссарлар кеңешинин төрагасы Федор Колесовдун жана Түрк Республикасынын башкы аскер комиссары Е.Л.Перфильевдин жетекчилик кылышынын өзү эле маселенин канчалык маанилүү экенин айтып турбайбы. Бул күндөгү Кокондун тагдыры – бүт Совет бийлигинин тагдыры эле. Кызылдардын отряддары биринин артынан бири агылып Коконго Анжиандан, Намангандан, Маргеландан, Кызыл-Кыядан гана эмес, алыстагы Самарканданда да келип жетти...

Мухтар жумуриятчыларга жардам келчүү жолдор тосулду, анын үстүнө алар куралсыз эле. Армян дружиниктери («дашнакчылар» дешкен, себеби алардын уюлун армян буржуазиялык улуттук «Дошнакцтюн» партиясынын мүчөлөрү түзгөн) 500дөй жарадарлар жана оорулуулар жаткан Кокон шыпааканасын өрттөп ийди. 50 кишини көчөдө эл алдында атты, асты, өлтүрдү. Өкмөттүн 30 мүчөсү камакка алынды, бирок Осипов жакшылык кылып, алардын 20сын качырып ийди.

Кокондон кийин замбирек топтору башка шаар, калааларга, өзгөчө көбүрөөгү Скобелевге жаады.

Эгемен Кокон жумуриятынын башкы командачысы Эргеш кол баштап айыл аралап чыгып кетти. Ал аксап баскан, кыраакы киши болчу. Аны Кокондо «короо башы» деп аташчу. Бир короонун башчысы эле. Кийин ал жигитерди баштап чыгып кеткенде «короо башчы» дешип оту-

руп, бара-бара душмандары ачуусу келип, «корбашы» деп алышты. Анын жардамчысы корниловдук дивизияда сыноодон өткөн Шамил бек да оңой жигит эмес. Булар эң биринчи бөлүнүп кеткен, эл арасынан колдоо тапкан топ эле. Алар эл арасына чегинип, караламан калкка, кайрадан күч жыйнап жаңы күрөшкө келүү үчүн кетти...

«Автономчулардын» көбүнүн колго түшүшү жана өлтүрүлүшү, Мустафа Чокой баш болгон бир тобунун чет өлкөгө өтө качышы большевиктерди шердентти, карапайым калктын коркконунан орустар тарабына ооп кетишин шарттады.

Кызыл-Кыя шахтерлору жумушчу аскерин түзүп, И.И.Едренкиндин жетекчилиги менен Кокон автономиясын талкалоого активдүү катышты. Скоболевден Ошко 80 кызыл аскер жиберилди. Сүлүктүдө, Кызыл-Кыяда өз эрки менен деген аскерлер түзүлдү.

Бул кызыл кыргындан 180ден көбүрөөк шаар-кыштак өрттөлдү, Маргаланда 7 миңдей, Анжианда 6 миңдей, Наманганда 2 миңдей, Базар-Коргон менен Кокон-Кыштакта 4,5 миңдей киши өлтүрүлдү. Армян дружиниктери менен кызылдар Коконду бир ай өрттөдү. Огун аяп адамдарды союп таштап атышты. Сузак, Базар-Коргон, Кокон-Кыштак армяндардын адам өлтүрөр майданына айланды. Бул жерлерде дээрлик адам аттуу калбай өлтүрүлдү, же тоолоп качып кетти. Муну көрүп турган эл колундагы кетменин, андабасын, жубалдызын, жеңчесин, байтешесин, саман кабын, камчысын, укуругун, орогун, жаргылчагын, көөрүгүн ыргытып, эми колуна адамды набыт кылар, кан агызар курал алды. Муну алар өзүн жана тууганын, бир укум жерин коргоо үчүн айласыздан жасады. Дыйкан колуна мылтык тийди. Кечээ эле кетмен, теше, орок жасаган устаканалар жашыруун түрдө сайлуу мылтык, кылыч, шамшар жасоого өттү.

Кокондогу Мухтар Жумуриятты кулатуу үчүн большевиктер эч нерсе аябады, баарын кан төгүү менен жасады, эң негизгиси жаңы чыккан Кеңеш өкмөтү убадага турбаган түзүм экенин, алар бүтүндөй бир чоң чөлкөмдү тукум курут кылууга жөндөмдүү экенин, ошол аркылуу гана Совет бийлигин орнотууга чыгынып жатканын

көрсөттү. Ушунун өзү «басмачылар» деген кыймылдын жаралышына түрткү болду.

Ошондо Орусия жактан келген буйруктанбы, же башкасыбы, мунун баарына ушулар айыптуу делгендей ошол кездеги негизги билим берер жана эл чогулар жайлар – мечиттер менен медреселер өрттөлдү, талкаланды, алардын башчылары өлтүрүлдү, Маргаланда мусулмандардын эң ыйык китеби Курани Каримди отко жагып ийишсе, Анжиандагы жаамы мечитти каапырлардын жатак жайына айлантып, аерлерди кумарканага, ичкиликканага, адам соер касапканага айлантып ташташтары.

Анан ушуга ким чыдап турат да, кандай адам, кандай мусулман бардаш берет? Күрөшкө чыкты...

...Ошол күрөш али он алты жыл бою токтобошун ошондо буйрук берген большевиктердин башчылары да, кызыл командирлер да, динин, ыйык топурагын коргон калк да, өчөшүүдөн «басмачы» болуп кеткендер да, жалаң эле кан күсөп, адам өлтүргүсү келип калган эки жактагылар да билишкен жок...

***

Жаш Совет өкмөтү эми эстүү боло баштады. Ар-ар жерде жаңы өкмөткө каршылыктардын үнү угула баштады. Баргана өрөөнүнүн эл чарбасы, эң алды менен дыйканчылык кыйрады, корккон эл талаага чыкпай калды.

Түркстан крайынын Эл Комиссарлар Кеңеши Ташкен шаар думасын таратты, мурдагы генерал-губернатордун кеңсесин жоюп салды, буржуазиялык газеталардын чыгуусун токтотту, телеграф менен лениндик буйруктан улам динди мамлекеттен жана советтик мектептен бөлүп салды, пахтанын болгон корун бүт тартып алды, «Хива» деп аталган кеме куруу жайын, мунай, балык өндүрүшүн улутташтырабыз деп ээлеринен бөлүп кетти. Бардык типографияларды жана литографияларды большевиктерге каратып берди.

1917-жылы декабрда Кызыл-Кыя менен Сүлүктү көмүр кендери, 1918-жылы январда Ош пахта тазалоо заводу, Мансуров наавайканасы, мартта малканалар, касапканалар Советтердин жана профсоюздардын колуна өттү. Ошол жылы 26-мартта Ош уъездинин Покровский селосунда эң алгачкы социалисттик типтеги жамааттык чарба түзүлсө, 27-июлда Жалал-Абадда Жер-суу комитети иш баштады. Анжиандын «Жери жок батырактар кеңеши» сентябрда Ильинский деген помещиктин жерин күч менен тартып алып, «Айым-Арал» деген коммуна уюштуруп таштады.

Демек жерсиз калгандар да, менчигинен ажыраган-дар да большевиктерге кек камдады.

Чыңалуу күчөй берди. Түркстан крайында Өзгөчө кырдаалды көзөмөлдөө комиссиясы түзүлдү. Бүткүл Орусиядагы мусурмандарга кайрылган лениндик «...силердин укугуңар жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын Советтери тарабынан корголот» деген сөзгө эл ишенген менен ошол «коргоочулар» өздөрү бир катар учурда «кордоочуларга» айланып кеткен.

Ленин 1918-жылы жазында Түркстан крайына П.А.Кобозев башында турган тажрыйбалуу большевиктердин чоң «десантын» жиберет. Алардын эң башкы максаты диндик, тилдик, салттык жактан Орусияга оңойлук менен кошула бербеген ортоазиялыктарды күч менен болсо да, алдоо менен болсо да советтештирүү керек эле. Алардын катуу аракети жана борбордун зордоосу менен акыры 1918-жылдын апрелинде Ташкенде Жумуштүркстандык 5-сьезди чакырылып, алар Түркстан крайын РСФСРдын карамагындагы автономиялуу республика деп карар чыгарып берет. Карабайсызбы, автономия болгону кайсы да, башка өлкөнүн карамагына кирип калганы кайсыл?..

Ошентип «Кокон автономиясы» төрөлбөй жатып өлүм табат, а калыйпалык тууралуу сөз өз-өзүнөн жоголот, бул жылдар «басмачылык» деген кыймылды алып келет...

Экинчи бап

БУЛУТТАР ТООЛОРГО ТҮНӨШӨТ

Шан-Колдун суусу шар агат

Бирине бири артыла минип ак тоолор кылымдарды карыткан менен ошол мезгил сапарында өздөрү да бикарылыкка баш ийип аткандай...

Арттагы суналган узун тоолорго сырдуу карап, Алтын-Казык зоосундай зобололуу болушту эңсеген Ысмабай Көк-Дөбөнүн бири-бирине туташкан эки чокусунун арыгысында – бийигинде отурду.

Ушул он сегизинчи жылдын бороону ага, ал эле эмес жаамы журтка катуу келди. Күндөн күнгө сөз чыгып, тээ башыбыздагы пааша алмашты деген сайын эми кандай заман болор экен деп ичкени ирим болуп атканда минтип жаңы түйшүк басты.

Бүт Эски-Ноокат өрөөнүндө – Ак-Бууранын суусунан Кара-Койдун суусуна чейин адам өлүгү боо-боо түшө башталды. Корккону ошол – жакында жайлоодон жакага түшөт, ошондо эмне кылат, булар да кырылабы?

Улукман акимдин жолуна түшкөн бир табып келип айылдарды уапа деген дарт каптаганын айтып, анын даба болор дарысын сыр кылып, жашырып кеткенин билгенден бери өзүн өзү кыйнайт. Элин кантип сактап калуу керек да, малын кантип сактап калуу керек, бу кеселден кантип коргонуунун ылаажысы табылабы? Молдолор менен масилаатташса, «эл бузулду, пейил бузулду, адамдар журтбашыларына баш бербей койду, ошон

үчүн Алла Таала ушул дартын жайып атат, бул Кудайдын кылганы» дешти. «Кудайы садака» кылгыла дешти, болбоду, түлөө кылгыла дешти, түлөө кылышты, болбоду. Ак боз атты курмандыкка чалды, болбоду.

Күндө ый. Күндө өкүрүк. Кошок кошуп, бетин тыкан катындар. Ушул Көк-Дөбөнүн башында туруп ар бир айылга турнабай салат, ар бир айылда эл топтолгон сайын жүрөгү болк этип алат, ар бир айылдын көрүстөнүнө турнабай агытар, улам жаңыланган жай көргөн сайын өзүнө өлүм келгендей жүлүнү үзүлө түшөт. Кайсыл айылдан канча киши өлгөнүн эсептеп турат, айрым бүлөлөр бүт кырылып калыптыр.

Ошондо байдын бир нерсеге көзү жетти – Шан-Кол суунун боюндагылар гана тынч. Бир-эки гана жаңы гөр болбосо, калган мүрзөлөр бүт чөп баскан эски кабырлар. Ойлоп-ойлоп отуруп, мунун сыры сууда болуп жүрбөсүн деп чечет. Анан бүт айылдарга Шан-Колдун гана суусун алдырып ичүүгө кеңеш берет. Ырас эле өлүм күндөн күнгө азаят, ый азаят, дарт азаят...

«Закүнчүнү» жайлаган ким?

Эски-Маргаландын жума күнкү базарынын өз шаниси өзгөчө.

Момун менен Эмин бул жолу да атасы Дыйканбек менен базарга келди. Анан эмне кылат, тоолуктардын көрөр күнү, ичер суусу мал менен, аңчылык менен баглык. Элеттиктер мал алат, багат, сатат. Айылдарда сатканы малы өтпөйт, Коконго, Анжианга, Барганага, Маргаланга, Кожентке алып келишет, болушунча касаптарга өткөрөт, өтпөсө, кийинки базарга дейре пайлап отурмай, же айылга айдап кетип, дагы убара. Анан далдалчыларга жалынып, далдалчылардын көзүнүн кареги менен тең айланып караганычы.

Дыйканбектин алып келгендерин болсо алып калчу кишиси бар, ал дароо эле эсептешип, пулдап чыгарат. Андыктан да ал эки уулу менен базардан кантип өткөрөм

деп кам жебейт. Терилерди бир-бирден санап берип жатып, бул Чоң-Алайдын аюусу, бул Жекендинин жолборсу, бул Зардалинин карышкыры, бул болсо Бадахшанда кырк күн жүрүп келгенде тапкан олжолор деп, сүлкүлдөгөн сүлөөсүн терилерди таштайт. Суусар, кундуз, түлкү, суур терилер батпай, бөрүнүн тырмагы, өтөгөндүн өтү, кашкулактан майы, улардын эти дегендейлер Акматбек досунун аблисинде жайнап калат.

Дыйканбек өзү тендүү охналык, майдандык, кадамжайлык ашыналары менен Маргалаңдын алп чынары бар Чорчынар деген жериндеги тоок базарын аралап жүргөн. Алардын артынан калбай мал айдашып келген эргенчи балдары да, Момун менен Эминдей жигиттер да ээрчип алган.

«Хоп, майли», «Кана, кана» деген дарчыларга жакын барышты. Кызылаяк ар кимге барып пул жыйнаса, бир кичинекей бала жаңак боюндай бийик дарда бирде арты менен, бирде алды менен басат, анан басып баратып эле өзүн таштап ийип жүрөктү «болк» эттирет. Мындайда чаар ала кийинип алган кызыкчылар «вой, даттап» ийет.

Бир жерде шишкебектин жыты буруксуса, бир жерде адырашман ысырыктагандар. Отун тартып келген калпакчан кыргыздар да анда-санда көрүнүп калат. Төөчүлөр абайлай арытадан өтсө, «пөш-пөштөгөн» эшек арабачылардын заңгыраган үнү кулак жарат. Керней, сурнай, рубаб, гыжак, чылдырмандын доошу бири-биринен өтөт.

Баарынан да тоолук кыргыздарга короз уруштурган-дар кызык. Азыр да алар ошол жерге келип токтошту.

Чапанын жалаңач этине желбегей жаап алган эткээл мойсопу киши, мойлосун улам жанып коюп дакан коромузун көкүрөгүнө басып турган. Эланчы жар чакырып калды:

– Кабылжан акамдын корозуна ким чыгат? Ким? Ким?

- Кыйлага чейин эч ким унчукпай турду. Бир убакта көпчүлүк арасынан:

– Мына биз чыгабыз да! – деген үн эшитилди. Үн чыккан жакты баары жалт карап, келаткан кишини тааныган соң, алакандарын шакылдатып ийди. Ал Имар деген киши. Бул базарда анын корозун бу өмүрү «короз» аттуу жеңип көрбөптүр.

– Короз кана? Имардын корозу өлгөнбү? Имар ака өзү короз да! – дегендей аскиялар жаап кетти.

Чын эле ал кишинин колтугунда корозу көрүнбөйт.

– Оо, калайык, – деди ал жамааттын көңүлүн өзүнө каратып, – азыр таң-тамаша, аския кыла турган күн эмес. Менин корозум эмес бул жолу Абдыразак «закүнчүнүн» габин угуп берсенер?! – деди.

Калк күрү-гүү түштү. Бирөө угалы десе, бирөө корозорду көрөлү дейт.

Момун менен Эмин да туруп калышты. Уксун. Анан элет эли айылга барганда Маргалаңдан кандай кабар деп жанын койбой сурашат да.

Абдыразак «закүнчү» деген кишини маргалаңдыктар текши тааныйт экен, тоок базар ичиндеги мечиттин алдында эле «Биссималда, ырахманы ырайым» деп, анан оор жөтөлүп, ошондон кийин тамагын оңоп алып сүйлөп кирди:

– Азиз, мусулмандар, азиз жамагат, сиздер мен айтчу сөздү өзүңүздөр да билесиздер, биздин авлад, мусулманавад башын шылкыйтып жер караткан кези. Мен өзүбүздүн буюк инсаныбыз, ушул биздин шаардын ушул биз турган көчөлөрүндө туруп өзүбүздүн шариаттыбыздары – «Хидая» китебин жазган Бурханиддин Маргаланийдин туткан жолу менен иш жүргүзүп, ууру-кески, адам өлтүргөндөрү, аялын талак кылгандарды жазалап келген кишилерденмин. Казы элем. Кийин орусча сот чыктым. Мен орус сотторуна тилмеч болуп жүрдүм. Ошондо өзүбүздүн кишилердин көбүнө жардам кылдым. Колдон келгендерин Шибер түрмөлөрүнөн алып калдым. Биздин шариат эң туура экенине көзүм жеткен, ошол ислам канун-кайдалары менен биз элдин ыйманын сактап турганбыз. Орус соттору келгенден тарта уурулар да, каракчылар да, кескилер да, адам өлтүргөндөр да көбөйдү. Лекин алар шариат сотуна уруксат бербей койду. Мындай болсо кылмыш кылгандар дагы көбөйөт, акыр балрып, элдер эшиктерин темир кулпулар менен жаап калат, түнү ээн-эркин жүрө албай калабыз деп айтсам алар кебимди угушпайт. Калайык, эл-журт ичи бузулду, жаштардан ыйман кетти. Буга бир себеп – орус соттору

күнөөкөрдөн пара деген акча алат, эгер ошонусун берсе, айыптуунун үстүнөн айыбын алып, башка бир бечаранын үстүнө жаба салат!

– Ой, тооба!

– Кантип эле!

– Ошентет, ошентет! - дешти көпчүлүк.

Момундардын алдында эки киши улам бири менен бири шыбырашып, «закүнчүнү» жактырбай аткандай болду.

Эргип алган, эл колдоосуна эбедейи эзилген Абдыразак андан ары кебин мастады:

– Силер, билесиңер, орус аскерине мандикер бербейбиз деп чыктык элек, канчабызды атты, кырды, жер тептитти, лекин, мандикер бербей калдык. Ошондо өзүбүздү коргойм деп, жигиттеримдин таламын талашам деп мен да «закүнчү» аталдым, Падышалык Орусияга – Николай Паашага жакпай качып жүрдүм. Ак Пааша тактан кулагандан кийин минтип аз-аздап элге чыга баштадым. Өктөбүр төңкөрүшү күндөрү мен Петроградда элем, Шолордун 2-курултайына катышып аткам. Бу Лениндин, большевиктердин таги-түгүндө ою жакшы болчу. Лекин азыр бузулду. Кокондо өзүбүзчө салтанат куруп, өз жерибизди өзүбүз эгин кылып, зоот-фабрик тургузуп, динибизди, тилибизди, дилибизди сактайлык дегенбиз. Бул ниетибизден кайтарууга аракет кылышты. Өзүбүзгө өзүбүздү тукурду. Большевиктер Мухтар дөөлөт оюбуздан кайтпашыбызды билген соң бизди окко салды. Бул катындын иши! Сөз өтпөгөн жерге ок өтөт кылгандык!

Ушул жерге келгенде Дыйканбек жанындагы кишиге карап:

– Керегеде кулак бар, кеңешчү болсоң ыраак бар дегендей калса болмок, – деп шыбырап койду.

Момун акырын караса жанагы шыбырашып аткан эки киши жоголуп кетиптир.

–Кана жанагылар? – деп Эминди карады. Ал ийин куушурду. Ушундай чечен кишинин кебин укпай кетип калганга Момун да, Эмин да таң калды.

«Закүнчү» дале сөзүн тамам кылган жок:

– Бийликти биз – эзилген калк, кембагалдар, чайракерлер, батырактар, малайлар алдык деген менен не

өзгөрдү – баягы кедей дагы эле – кедей, баягы батырак дагы эле – батырак, баягы мандикер иштеп жүргөндөр дале ошол – мандикерчиликте. Аскерлер үйлөрдү тептип курал издеп, бирөөлөрдүн кой сойгон бычактарын да тартып алууда, жүктөрүнүн артын карап, жаздыктарын сөгүп ийишет. Бул большевиктердин кылары бы? Жоош калктын жонунан кайыш тилген большевиктердин иши ушул болсо анда алар Николайдан ашып түштү. Мындайда не кылуу керек? «Кул жыйылып хан болбойт, күл жыйылып там болбойт» деп жата берүү керекпи?! «Аккан арыктан суу агат» дейт, биз ошол суу аккан арыктын мураптары элек, эми минтип келгиндердин көзүн карап карып болдук. Петроград төңкөрүшү бизди кул кылуу үчүн келаткандай. Дыйкан болсоң да, чарбадар болсоң да, багбан болсоң да өзүңдү өзүң коргоп калбасаң... - Ушул жерге келгенде мечиттин ичинен үч-төрт киши «закүнчүнү» чакырып калды.

Сөздү башка киши улантып атты. Ал да ушундай эле сөздөрүн айта баштаган, бир убак убаймага түшкөн бирөөнүн чыңырыгы чыкты:

– Вой, дат, «Закүнчүнү» өлтүрдү, «Закүнчүнү»!

Караламан калк мечиттин ичин карай агылды. Момун менен Эминдин тобу да ошол жакка жакындады эле көпчүлүк кое бергидей эмес, өтө албай туруп калды.

– Дарatканада экен!

– Башын шылып ийиптир, наамарттар!

– Мечитте өлтүргөнү кандай!?

– Каапыр да муну кылбайт! – дегендей ар кыл сөздөр тирелип турган көпчүлүктү асаттин ысыгы буудай башын сызгырып өткөндөй сызгырып, ага кошо жүрөк-жүлүндөрүн бир муздатып өттү.

– Үзүлгөн башын белбоосу менен таңып коюшту! - деген сөздү кулагы чалды Момун менен Эминдин.

– Милиса келатат! Милиса! – деген кыйкырык чыкканда калк жарыла берди.

Бир топ мылтык асынган, атчан кишилер келатат. Көбү жаңы бейкасам чапан кийген. Алдыда алардын башчысы сыягы кызыл жүз, орто бой, чымыр дене, көзү от болуп чачырып турган бирөө келатыптыр.

– Мадамин! Мадамин! - деп атышты келишкен бул кишини.

Сөөктү арабага салып, Эски-Маргаланды аралап, мар-
кумдун бут маргалandыктар билген гувалак дубалдар ме-
нен курчалган Чаңгалчи мааласындагы тамына эми жөнөй
берерде Мадамин – милиция башчысы аттардын алдын
тороп кардуу үн менен калкка кайрылды:

– Калкым, биз бүгүн Маргалandын эң абройлуу киши-
син оо дүйнөгө узатып атабыз. Маркумдун киши колдуу
болуп шейит кеткени бизге дайын болду! Мен ушул жер-
дин большевиктик жана элдик милициясынын жетекчи-
си катары бул өлумду ким кылганын, ким мындай кыя-
нат ишке барганын ачып берүүгө убада берем! Улуу жол
башчыбыз Ленин үчүн, большевиктер үчүн канкорлордон
өч алып, Абдыразак акабиздин арбагын ыраазы кылууга
Кудай алдында, ушул турган элим силердин алдыңарда
ант берем!

– Жигит эмес бекен!

– Ырахмат Мадамин!

– Алла колдосун!

– Канкорлорду карма!

Көпчүлүк дүрбөп кыйкырып атышты. Мадамин деги-
ни болсо атына ыргып минип, эң алдыга түшүп, артынан
сөөк салынган араба, анын артынан жүздөгөн маргалаң-
дыктар тар көчөлөр менен ый аралаш, ичтеринен кан өтүп
баратты.

Момун менен Эмин атасы болуп Үч-Коргонго барар ара-
баларга отурушту, андан ары айылына жакын калат, жөө-
жаландап жетип алат...

Кезигишүү

Абдыразак «закүнчүнү» көрүстөнгө алып баратышты.
Ыйлабаган, көзүнө жаш албаган пенде жок.

Ошолордун арасында Мадамин да бар. Ал ушу тапта
шаар милициясынын башчысы вазийпасын аркалайт.

Мадамин көрүстөнгө баратып Абдыразак акасы туура-
луу катуу ойлонуп баратты, кантип басып баратканын
да элес албады.

Биринчи жолу качан көргөнүн да эстөөгө акылы жет-
педи. Базарда көрсө керек эле. Анда адамдардын баарын
эле базарда көрчү эмес беле. Бир күн базар Кувада бол-
со, экинчи күнү Скобелевде, анан Анжианда, Наманган-
да, Ошто, иши кылып кудайдын куттуу күнү бир жерде
болбосо бир жерде базар. Өзү тендүү балдар менен ыма-
ласы ысык болуп, баягы Шааркандын аминине берип
ийгенден бери атасы менен да араздашып, көбүнчө үйдө
тултуюп жүрөт да, күрөш десе кайда болсо кетет.
Күрөштүн ыгын билип, чалышкан менен чалышып,
алышкан менен алышып, оозго алынып жүрдү. Барган
жерден «Мадаминдеп» бакырып, аны колдоп тургандар
арбыды. Өзгөчө маргалandыктар, таштактыктар, оштук-
тар жакшы көрөт. Баланын жылдыздуу ырайы, албеттүү
турушу көпчүлүктү арбап алат. Ошол жылдыздуу жи-
гитке пул таштагандар да көп, кызын берүүнү самаган-
дар да четтен табылат.

Ошолордун бирине – Кумурукан деген кызга үйлөнүп
да алды.

Эптеп оокат табайын деп ал ошол кезде чоң ишкана-
лардын бири болгон Скобелев шаарынын Беш-Бала маа-
ласындагы кыш чыгаруучу заводуна ишке да кирди.
Орусча билип, тынбай мээнет кылып адегенде жакшы
жүрдү. Лекин анын так жүргөнү, акысын убагында та-
лап кылганы кожоюн Атабайга жакпай калды. Бир күнү
Мадамин ошол Атабай кышчы деген байлыгы гана эмес,
сарандыгы менен бүт шаарга дайын болгон кишинин Су-
лайман молдо деген же динди жарытып билбеген, же иш
кылып жарытпаган уулу менен чүкө ойноп атып чабы-
ша кетет. «Туура өкчөдүң», «туура эмес өкчөдүң» деп
отурушуп экөөнүн урушу ырбап, калпка чыдабаган Ма-
дамин тигил талашып аткан баланы жаактан ары ча-
бат. Күчкө толгон жигиттин шапалагына туруштук бере
албай учуп түшкөн байбача өзү тендүүлөр арасында шагы
сынып, муну атасына даттанат. Мадамин кыш зооттон
кол шилтеп кетип калат.

Өчөшүп калган Атабай кышчы тил албас Мадамин-
ден өч алуунун башка жолун ойлойт. Ошол кезде ууру-
лук менен күн көрүп жүргөн тааныштарына Атабай кыш-

чы Мадаминди куруу доомат менен жыккыла дейт. Апта өтүп-өтпөй эртең Маргаланда чоң базар болот деген түнү жарманкедеги Умар кез деген соодагердин дүкөнүнө ууру кирип, алардын ким экенин билбеген полициялар жерди тинтимиш болуп келип, жаңы орозгер Мадаминдердин макапаясынын ичинен уурдалган мылтыкты таап чыгат.

Ошондо Мадаминди сотко чакырат. Ошондо Мадамин көргөн ушул «закунчу» Абдыразак аканы. Ошондо Падыша өкмөтүнүн орус сотуна тилмеч болуп турган ушул табытта бараткан маркум. Кезинде Орусиядан башталгыч укук билимин да алган экен. «Айтпайсыңбы, мен кылган жокмун дебейсиңби», «мен ал күнү жок элем дебейсиңби», «күнөөмдү далилдегиле дебейсиңби» деп жаны чыгып улам ар нерселерди үйрөтө берген. Мадамин оор жүк көтөрүп, кекенип, кектенип, мелтиреп тура берген. А түгүл сот акыркы өкүмүн чыгарып, каттоого алынбаган мылтыкты мыйзамсыз сактап жүргөндүгү үчүн, Умар кездин дүкөнүнө уурулукка кирип, жалпы суммасын айтып, ушул кылмыштары үчүн 14 жылга каторгага Сибирге айдалат дегенде да унчуккан эмес. Котормочу Абдыразак Сыдыков гана «ошончо суммадагы байлык бүт Маргалаң дүкөндөрүндө жок да» деп сотко кыйкырып, «эй, бала, айтпайсыңбы, актанбайсыңбы» деп кыйкырып-кыйкырып алган.

Бул өкүм чыккан күн 1914-жыл эле. Мадамин ошол күндөрдү дагы бир эстеди, эстеп баратты да Алланын жазганы да деп тооба келтире берди.

Ошондогу орус сотуна опурулган, Мадаминге сүйлөбөйт бекен деп жалдырай караган Абдыразак «закунчу» минтип жалдырап жараткандын түбөлүк жайына кимдир бирөөлөр тарабынан жайланып баратат...

Ошондо орус сотуна жалынып-жалбарган менен алардын колунан эч жакшылык келбесин билген келишкен жаш жигит минтип ошондогу жан күйгөн кишисин жоктоп, анын жанын алгандарды таап берүүгө ичтен касам ичип каарданып, муштумун түйүп баратат...

Тагдырдын ушинтип кезиктиргенин карабайсызбы... Мадамин кийин Сибирге кетти. Болгондо да Нерчинскидеги саясый айыпкерлердин түрмөсүнө түштү. Бул

түрмө ачылганга эки жүз жылдан ашып, адегенде кажерге декабристтерди, а түгүл улуу ойчул Н.Чернышевскийди айдашкан.

Ошондо билди ал эркиндик үчүн орус эли канча бир жолу революцияга чыкканын, ошолордун канчасы Ситөңкөрүшчүлөрүн адам чыдагыс суугу, кантала, чиркейлери менен тосуп алып атканын.

Ошондо көрдү ал өмүр бою үйү түрмө болуп калган кишилерди, ошондо көрдү ал бели да, эрки да майышпаган азаматтарды. Орустардын Германия менен максатсыз согушу тууралуу укту, Падыша тукумдарын билди. Германиядан келген туткундар менен да бир болду, алардан немис, француз тилин абдан жакшы үйрөндү, Ак падышанын атына орусча арыздарды жазды.

Адегенде бөтөн жерде жемин жедирип, тамагын тартырып жүрсө, бара-бара анын алибеттүү турпаты, мээнеткорлугу, галаңча күрөшүп жүргөнү, атка чыйрактыгы жардам берип, мушташкан менен мушташып, түрмөнүн түйүндүү кишилеринин бирине айланды.

Беш убак намазын, отуз күндүк орозосун, битир-садагасын үзбөй жүргөнү анын түрмөдөгү мусулмандар арасында зоболосун зор кылды. Колунун усулдуулугу униформа тиктирип, «машинист» аталтты. Абактагылар аны «машинист» дешчү.

Аңгыча он жетинчи жыл келип, тактан Николай ыргып, ордуна Убактылуу өкмөт орноп, жаңы өкмөт түрмөдөгүлөргө мунапыс берди. Алардын бири Мадамин эле.

Баланын ак жеринен кесилип кете бергенин айтып-деп жүрүп Абдыразак «закунчунун» тили тешилди. Маргаландыктардын баарына Мадаминдин атын дайын кылган да ошол киши болгон.

Абактан кайтып келгенде Абдыразак менен Мадамин катуу кучакташып көрүштү. «Закунчу» экөө ата-баладай ээрчишип жүрдү, гапка тойбой, не бир саясатты, түрмөнү, мыйзамды сүйлөштү, экөө тең азаттыктын баабаркын көп айтышты. Бул кезде Абдыразак ака Марга-

ландагы «Улама» деген жамияттын жетекчилеринин бири эле. «Уламанын» калк арасында баркы балант болчу.

Ошол жамият жаңы Кеңеш өкмөтү чыкканда орусча да мыкты билген, закүндү жакшы чаккан, саясый деңгээли жетик, күч-кубаты толуп ташкан, элди артынын ээрчите алууга жөндөмдүү Мадаминди шаар милиция башчылыгына көрсөтөт.

Фергана облус аскер комиссары К.Осипов «уламачылар» сунуш кылган Мадамин менен таанышып көрүп эле, аны жактырып калат, дароо буйрук чыгарып, куралжарак тапшырат.

Мына ошондон бери Мадамин калк коргоонун камындада. Эми анын алдында атасындай болгон адамды – Абдыразак «закүнчүнү» өлтүргөн кишилерди табуу милдети турат.

Эл маркумдун акыркы зыйнатын кылып, кабырга топурак салды, карарган дагы бир мүрзө Маргалаң көрүстөнүндө көз жарды. Кечээ эле сүйлөп аткан киши топурак менен тосулуп калды.

Мадамин орустарча мүрзө үстүндө мылтыгы менен асманга атып, маркум менен элден башкача коштошту. Журөк-жүлүнү өрттөнүп турду...

Милицияга башчылык кылган жигит

Абдыразак «закүнчү» өлгөн соң жүрөк-жүлүнү өрттөнгөн Мадаминден уйку качты. Маркумдун жайынын жанындагы «өлтүргөндөр табылганча кылычымды кынына салбайм» деген анты тынчытпай койду. Ким кылды? Ким өлтүрдү, кимдин, кандай өчү бар эле?..

Суроо артынан суроо. Жооп жок. Суроолор чоң бир аскалуу тоо болсо, жообу бир арча өскөн жер.

Канткен менен Мадамин элдин ишенген киши. Ал тууралуу калк ичинде имиш-имиштер жүрөт. Чындыгын сурап билген кимса жок. Анын бирин Молдо Сулайманга байланыштырышат. Баягы куру доомат менен Сибирге сүргүн кылдырган Атабай кышчынын желдети, уруу-кесеп, кышчы бирөөнүн башын алып кел десе, башын алып келип, астына таштап, «эми допусун сиз өз колуңуз менен алып коюңуз» деп кызмат кыла турган Молдо Сулаймандан өч алышы. Сибирдеги бүт жылы, басканы-турганы, жатканы, отурганы дайыма оюнда болгон нерсеси – өч алуу эле. Мунун келгени менен иши жок Сулайман басмачылык кылып баягыдай эле мал-мүлктүү адамдарды какшатты. Соттордуу пулдап коюп, тапанчасын жанга асынып, элге уйку бербейт. Эски-Маргалан эле эмес, жалпы Барганада көп жердин чаңын асманга сапырды.

Мадамин анын артынан түштү. А түгүл бир-эки жолу бетме-бет да келди. Тааныбады. Тааныса да, тааныбамыш болду, кечирим сураган жок. Түнкү каракчылык бирде бул мааладан чыкты деп угулса, бирде аркы мааладан чыкты дешип калк арасы ызы-чуу. Адамдар өлтүрүлүп, бир болбогон нерсе үчүн жан кыйылып жатты. Мунун баарын кылып аткан Молдо Сулайман экенин көпчүлүк билсе да, ага эч ким унчуга албайт. Ким каршы болсо, анын жайы жаннатка кетет.

Ошол акыбалды көргөн Мадамин бир түн андып жатып Сулаймандын жолун чалды. Кыр-Гүлү мазар деген жерде өткөөлдө, кубурда андып жатып, Молдо Сулайман кезектеги бөрү жүрүштөн келе жатканда ат үстүнөн басып жыгылды. Мадамин канча жылдан бери ушул учурду ойлоп келген, ушул күндү күтүп келген. Олбурлуу жигит арты кууш Сулайманды тырп алдырбай басып, койнундагы тапанчасынын курогун басып-басып ийди.

Ошентип ал өткөн өчүн, кеткен кегин алгансыды...

Мадаминдин жанына ошол окуядан кийин тың жигиттер топтолуп, алардын жыйырма алтысы өзүнчө бир кол курады. Алардын арасында дагы бир сүргүнчү жигит Шермамбет, же калк ичинде айтылгандай Көр Шермамат болуп, ал иниси менен Мадаминди калбай ээрчиди.

Ууру-кескилерди, бирөөлөрдүн мал-мүлкүн басып алгандарды шаар базарына алып чыгып шерменде кылып жүрдү, айрымдарын эшекке тескери мингизип, бүт

калаага дайын кылып шаардан айдап чыгып ийип атышты. Калк шаар милициясынын башчысы айтылуу Кудаяр хандын небересинин бири Бегижанга арызданбай эле, Мадаминге арызданчу болду. Чынында өз көлөкөсүнөн корккон сакчыны сактап бер деп ким барсын? Ал эми жигит топтогон Мадаминдердин мыйзамсыз тобу Убактылуу өкмөт турган учурда шаар милиция башчысына жакпады. Кандайдыр бир жол менен көзүн тазалабаса, эл ошолорду ээрчип кетмек болду.

Бегижан менен табакташ скобелевдик Мурадил деген кумарпоз киши өзүнүн Мадазим деген ууру, каракчысын баш кылып Мадаминден өч алууга киришти. Бул ишке шаар милиция башчысы өзү көзөмөл кылып дем берип турду. Акыр бир күн алар Мадаминдер топтолуп жүргөн үйгө бастырып киришти, атышуу болду, лекин, Мадамин качып кетти. Көрүнбөй жүрдү.

Аңгыча Убактылуу өкмөт тактан кулап, большевиктер бийликке келди. Ошол кезде 1917-жылдын акыр сонунда баягыда айткандай кылып Абдыразак «закүнчү» Мадаминди шаар милиция башчылыгына алып келди.

Мадаминдин башынан «закүнчүнүн» өлүмүнө өзүм себепкер болуп жүрбөйүн деген ой кетпей койду. Демек андай болсо Мурадилдин артынан түшүү керек. Ал мурдагыдай шат жүрбөй, ишенген Бегижаны жок коңулдан катынчасынан бир билинет да, кайра жок болот. Тандалган жигиттер менен аларды күнү-түнү аңдып, паранжи жамынып барып авлилерин аңтарып жүрүп акыры тапты. Тапты да алар топтолгон жерге кокусунан бастырып кирип барды. Исхак, Чокур, Сабыр, Мойдун, Токтосун деген жигиттери бар экен, алардын баарынын курал-жарагы тартылып алынып өздөрү милийсаканага алып кетилди.

Кайра-кайра сурашып, Мадамин өзү киришип атып Абдыразак акени Чорчынарда мууздаган Исхак экенин аныктады да, аны ушундай кылууга түрткөн, мажбурлаган Мадазим болгонун билди.

Элди чогултуп, Исхактын күнөөсүн мойнуна коюп, Ордо-Асты аянтында аттырып ийди. Буга көпчүлүк сүйүндү, анткени Абдыразак акенин аброю бийик болчу, анан ошол кишини өлтүргөндөр кармалбайт го деп ойлоп калган эле.

Эми Мадазимдин артынан түшүү керек болду. Ал болсо Мадаминге каршы кол курап, аны жаңы кызматтан кууп түшүүнүн ынканиятын издеп аткан. Булардын жиги Скобелев шаарына житкен. Тапты. Эл өзү айтып берди. Жакшы куралдаган, Мадамин башчылык кылган Маргалан милициясы чардап отурган Мадазим тобуна эч шек билдирбей капысынан кирип барды. Кирип барды да, баарынын куралын жыйнап, өздөрүн айдап келди.

Мадазимдин да айыбын толук мойнуна алдырып, атып салды...

Ушул окуя Мадаминдин баркын дагы арттырды. Ошол он сегизинчи жылдын жазында жыйырма бештен жыйырма алтыга өтүп калган жигит Мадаминге төшөк жаңыртуу тууралуу ар ким насааттарын айтып, кулакмээсин козгой берди. Биринчи аялын алыс жолго – сүргүнгө баратып шарият боюнча талак кылгандан бери да бир топ өтсө да үйлөнбөй жүргөн Мадамин бул сунушка макул болбоого чарасы калбады. Анын ышкы оту Абдыразак «закүнчүнүн» кызына түшүп калган эле. Тергөө иштери менен жүрүп, паранжа алдынан он алтыдагы бышкан шабдоолудай жүзү мөлтүрөп турган Саадаттын жүзүн көргөн. Оюн атасынын азасы менен отурган кызга айта албай, анын тагасына айттырды. Ал киши Сабыр Жусупов деген болсо Маргалаң шаар Кеңешинин төрагасы. Мадаминдин жиберген жуучуларын жакшылап тосуп алып, жакшылап узатты.

Тойго окшогон бир тойчук нооруз өтүп, өрүк текши гүл ачкан пайтта болду. Авлидагы жалгыз түп чынар барик чыгарып, көгөрө баштаган. Ошол эки ай мурда өлүк чыккан үйдө эми эркек аттуу калбагандыктан Мадамин «күч күйөө» болуп көчүп кирүүгө туура келди.

Исфайрам сайдагы ынкылап

Кеңеш өкмөтү чыгып, жер-сууну жеке кишилерден алып, өкмөт өзү ээ болот экен деген кабар эл ичинде керимселдей билинбей желип жүрдү. «Закүндүн баары

тоодон башталат» деп кыргыздар бекер айтпагандай бул кабар Исфайрам дайрасынын жээгиндеги Момун менен Эминдин айлына да зуулдап келип жетти.

Жигиттердин атасы Дыйканбек өзү куралтуу дагы үч киши менен мергенчиликтен келе жаткан, Шыгай кыштагынын этегинен оой берген.

Орус ээр, жээрде кашка ат минген, сары тоголок келген киши артынган жүк-пүгү, курал-жарагы менен буларды алдына салып айдап эски тегирмендин жанына алып келди. Барбайбыз деген, имнеге барабыз деген жан жок. Унчукпай жүрүп отурушту. Жүрүп келсе айылдагы эркектин баары ушунда.

– Бүгүндөн баштап силер баарыңар большевиктик партияга мүчөсүңөр! - деди чала кыргызча сүйлөгөн бир сары киши. – Уктуңарбы?

– Мынабул жинди Сатар дагыбы? – Кимдир бирөө топ арасынан кытмыр күлүп сүйлөдү эле, калгандар бары каткырып ийди. – Ооба, баарыңыр! Биз эми жаңы өкмөт курабыз! Ал өкмөт кылымдар бою элдин эңсеп келген тилеги болчу. Биз аны ынкылаб менен колго курал алып, кан төгүп жеңип алдык! – Ал бой көтөрө дердеңдеп койду. – Жаңы өкмөт силерге жер берет, суу берет, өз укугуңарды берет!

– Айылда жер жок, кайсыл жерди бересиз, ылдыйкы айылдын жерин тартып бересизби! - деп кыйкырды кимдир бирөө.

– Башка айылга тиймей жок, өз айлыңардан гана жер аласыңар! - деди тиги киши кайра күпүлдөп. – Тоо-таш, суу, бак-дарак – баары бөлүнөт!

– Ой, оозуңду карап сүйлөчү, ушул Кудайдын жерин кантип бөлүп бересиң!? – дагы бири өктөм үн салды.

– Вот, ошол Кудайдын жерин ээлеп алгандардан кайра кудайдын пенделерине үлөштүрүп беребиз! – Тигил конок койдон жоош болбой обдулуп сүйлөп жатты.

– Бербесе эмне кылабыз? – Тургандардан дагы бирөө суроо узатты.

– Бербегендерин атабыз, Сибирь деген дайыма суук болчу, кышын-жайын кар жатчу жер бар, ошоякка айдабыз! Мына Кокондогу Миркамил бай дегенди билесиңер, анын бир Кокондо гана эмес, тээ Ташкендин өзүндө да эки чоң зооту бар эле, ошолорунун баарын өз ыктыяры менен Кеңешке өткөрүп берди. Ким өзү ыктыяры менен мүлкүн берсе, ага Совет өкмөтү, улуу жол башчыбыз жолдош Ленин ырахмат айтат, ким өз ыктыяры менен бербесе, анын ошол бербей жаткандарын большевиктерче тартып алып, элге беребиз! – «Ой, тообалап» бирөөлөрү жакасын карманса, бирөөлөрү башын чайкайт. – Мына, мисалы, мынабул тегирмен кимдики?

– Меники! – Тегирменчи Апсатар ундун тозу баскан допусун каккан болуп элге белги берди.

Айылдыктар ансыз дале анын тегирмени экенин билет да, билгенде да кандай билет дейсиз.

– Мисалы, ушул тегирменчиде кимдин акысы бар? - Ал көпчүлүккө суроолуу карады. – Айткыла кимдин?!

Эч ким унчукпады. Сары киши шамдагай басып, эчен күн-түн ач-ток калып, кийими самсаалап тытылган, бети-башы жарылган Дыйканбектин дал мандайына келди.

– Айтыңызчы, сиздин ушул тегирменчиде акыңыз барбы?!

Эмне десем, айтсамбы, айтпасамбы, деп турду да Дыйканбек тобокел деп айтып ийди.

– Менин мында акым бар!? – Ушинткенде эл жабыла бир козголуп алды.

– Мына, кандай туура айттыңыз? Кана, эмне акыңыз бар?

– Өткөндө мака тарттырсам каланы көп алып койгон экен, катыным Акчолпон зыгыр нанга жетпей калды деп жемеледи... – Эл дуу күлүп ийди.

– Эмне күлөсүңөр?! - Сары киши ар жакка айлана карады эле, анын сүрүнөнбү, же коштоп келген жигитеринен коркуппубу, болбосо жамбашындагы тапанчасынан айбыгыппы, айтор, көпчүлүк дароо күлкүлөрүн кайра басты.

– Ошол акың үчүн сен ушул тегирмендин мындан кийинки ээси бол! – Элдин баары оозу ачылып аңырайды. Көпчүлүк Апсатарды карады.

– Менчи?! – Апсатар болгон үнү менен кыйкырып ийди.

– Сен деген бирөөлөрдүн жемин жеген жанбактысың? Сен деген буржуйсуң, капиталиссиң! – Ушинткенде бечара Апсатардын өңү өзүнүн унундай аппак болуп, шалдырап калды.

Эл ичинен бир аксакал чыкты да, акырын сөз баштады:

– Сен, балам, өзүң дале мусулман экенсиң, андай кылганың болбойт. Бу Апсатардын жети атасы ушул тегирмендин ээси болуп келет. Тегирмен ташты тээ Сохтун сайынан чегип келиш эле сага оңойбу? Булар болбосо айыл болбойт эле, андай кылба, балам? Бирөөнүн акы ушу Дыйканбекти жыргатмак беле?

– Жок, мага тегирменинин кереги жок, менин атабабам тегирмен кармап көргөн эмес, мен деген кайберен кууган мергенмин! – Дыйканбек да безилдеп ийди.

– Эркин адам антпейт, большевиктердин буйругу талкууланбайт! Биз партиянын атынан ушул тегирменди сага алып беребиз! Кеңеш бийлиги үчүн ушул тегирмен жана тегирменчи кызмат кыла берет деп ойлойбуз. А сиз Апсатар дароо тегирменди өткөрүңүз, революциянын атынан сизге буйрук кыламын! – Сары киши сары жинин ансайын сыртына чыгарып, жанбашындагы нагынын улам-улам кармалай албууттана баштаганда эл үрпөйүп не кыларын билбей көздөрүн ал кишиден ала качты. – Мына ушул таптан тартып кечээги эзилген жетим, түтөтмө мылтыктан башканы кармап көрбөгөн жер кезер аңчы тегирмендин ээси болуп калды. Мына Кеңеш өкмөтү деген малы, тамы жокко мал, там берет, жумушу жокко жумуш берет! Эми силерге жер бөлүп беребиз! – Сары киши ансайын обдулуп сүйлөп жатты. – Узун туурасы отуз саржандан жер тийет экен. Кандай аласыңарбы? Совет өкмөтү бир жыл жер алымын албайт.

Ошентип жерлер бөлүндү. Кубанганы бар, кайгырганы бар.

– Мага го жер бердиңер, – деди бир убак Азимжан деген кара күйүк киши чынын айтып. – Же атым, же эшегим болбосо, же жерге себер бир кап уругум болбосо, силер бөлүп берген кайрак жерди башыма тартамбы?

Муну укса да баягы сары киши укпамыш болду шекилдүү, унчукпай калды.

– Ой, жаңы өкмөт, мен ушул жеримди Бедел байга берип койсом болобу? – деди.

– Бедел байың ким?

– Бай да, өзүбүздүн бай. Кырк-элүү мандикер иштетет. Алтымыш ую, жүз кою бар, өгүздөрү аңызды буурсундайт, өлө оор сокону да тартат, жер ошого керек да.

– Атың ким? – Сары киши чыдабай кетти.

– Азимжан.

– Азимжан болсоң сени мен өзүм контроль кылам, жайында ушул талааңда өзүң эккен эгин өспөсө мынабул тапанча менен таңдайыңа атамын! Мен муну ынкылап үчүн, урият үчүн жасоого милдеткермин!

– Уругум жок, балам жок, унаам жок, атамдын башына эгин эгеминби? – Азимжан тилин тартпай сүйлөй берди. Бир убакта «баңк» эткен доош чыгып, Азимжандын сулап жатканын көрүштү.

Эртеси таңында алыштан суу бурган дыйкандар дагы бир өлүктү табышты, ал суу башынан агып келген Дыйканбектики эле...

Кошок, Туяк ырчы жана кек

Акчолпондун кошогу жүрөк-жүлүндү тепчип өтүп, атасына өкүрүп аткан эгиз уулдардан чыккан кек, жин Ай-ааламга тарап аткандай, Исфайрамдын абазы да өчүп калгандай, баары Дыйканбекти жоктоп жатышат. Кечээ эле Дароот-Коргондон түшүп, айылына аң терилерин алып келген мерген, кечээ эле Апсатардын тегирменине Кеңеш өкмөтүнүн амири менен ээ болуп калган айтылуу аңчы бүгүн эми актыкка моюн сунуп табытта жатат.

Пилтелүү мылтык асындың,
Билгениңди жашырдың, оо-ов,
Жылдыз менен сырдашып,
Кайып ишке баш урдуң, оо-ов,
Коргошун окту октодуң,
Аюуду көрсөң коркподуң, оо-ов,
Аюудун канча терисин,
Ашатып үйгө топтодуң, оо-ов,

Жылбызды көрсөң коркподуң,
Жүрөгүн мээлеп чоттодуң, оо-ов,
Жылбыздын канча терисин,
Жүгүнө жыйып топтодуң, оо-ов,
Желбелес болуп түнөгүң,
Улардын аттың түлөгүн, оо-ов,
Он сегиз жашар жигиттей,
Ойноктоп турат жүрөгүң, оо-ов.

Акчолпон ушинтип кошогун кошуп жатты. Келин-дин заадиси кошокчулардан эле. Төөлөстөрдүн дүкөнүнүн ичинен карынчылардан. «Карынчынын балдарын комуз менен ырга кой, карынчынын кыздарын оймок берип узга кой» дешчү. Карынчылар четинен ырдап, күү чертип, комузда кол ойнотуп, шайыр-шатман жүрөт. Жоголгонун Акчолпон деп алып мынтип ырдап калчу рудагы кошок да Акчолпондун авалары Туяк ырчыныкы.

Акчолпондун кошогу созолонгон сайын элдин эсине Туяктын армандуу тагдыры эске түшөт.

Өзгөндөгү Жаныбек казынын аш-тоюнда Токтогул-дун сынына толгон, ноокаттык Ботобой ырчы менен үзөңгү кагышып ырдашып жүргөн пумдук бул ырчы эл айткандай тилинен тапкан. Анын Ормон деген уулуна жалаа жабылып, колу байланып, өлтүргөнү алып бара турган болгондо атасы Туяк балам менен бир кучакташып алайын деп Ташан деген асили тууганы, бирок ошол күнү желдеттин милдетин алган жигиттен бир бурсат сурайт. Ак кеткен уулуна колун байлоодон кесүүдө ого-жо болор бекен, шуну пайдаланып, качып кетээр бекен деп жеңине бычагын салып берет. Ормонду Ташан дагы эки жигит менен Чакмакка алып барып, өзүнө өзүн гөр көөлатып эми атып өлтүрөрдө, эки иракат намаз окуп алууга уруксат сурайт. Намазга жыгылымыш болуп туруп, жеңиндеги бычак менен Ташанды сайып салат, берки экөө дыр коёт. Өзү да качып жоголот. Садыр миң башынын жигиттери Ташанды оо дүйнөгө узаткан бычак Туяктыкы экенин таанышып, ал кишинин артынан түшүп, акыры Валакышта амалданып ээн жерде колго түшүрүп, мойнуна сыйыртмак салып, атка сүдүрөтүп өлтүрүшөт.

Акчолпон ый аралаш күйүтүн чыгарып жатып, ошол Туяк амекисин эстеп, Туяктын ырын ырдап берчү Дыйканбегин эстеп, кайгысын көтөрө албай улам-улам бетин тытып атты.

Жаш кезекте Дыйканбек уялыңкы тартып, Туяктын Актолгонун Акчолпон деп алып мынтип ырдап калчу эмес беле.

Өйүз менен бүйүздү,
Араладым, Акчолпон.
Айжамалдуу сендейди,
Табалбадым, Акчолпон.
Кара-Жыгач ичини,
Араладым, Акчолпон.
Кара көз сендей сулууну,
Табалбадым, Акчолпон.
Камзириндин ичиде
Көйнөгүң бар, Акчолпон.
Көңүлүмдү жазалбай,
Көйгөйүм бар, Акчолпон.
Дал ортоңо чачиңи,
Өрүп алдың, Акчолпон.
Көңүлүмү гаш гылып,
Бөлүп алдың, Акчолпон.
Коровундун жанидан,
Кападар болуп баратсам,
Көрүп алдың, Акчолпон.
Кара майиз жегениң,
Карайласам кеведиң.
Карасан болуп калсам да,
Кабагың кандай деведиң.
Кызыл майиз жегениң,
Кылыктанып кеведиң.
Кыш өтсө да кылчайып,
Каварың кандай деведиң.
Эшигиндин алдыда,
Тытың болуп калсамчы.
Очогунда от жаксаң,
Түтүн болуп калсамчы.
Өзүң менен биригип,

Бүтүн болуп калсамчы.
Босогондон кетпеген,
Итиң болуп калсамчы.
Жүрөгүндү жүгүрткөн,
Күчүң болуп калсамчы...
Ушинтип-ушинтип көпкө ырдайт эле Дыйканбек. Эми ошол жаш жигит кайда? Келбес жайда! Аны ким кетирди? Ошончо тоо-ташта, аска-зоолордо жүргөн, жолборстун изине түшүп, аюу менен алышкан мерген ошондо өлбөй, эчен курдай зоодон кулап кеткенде өлбөй, бир түндөн эле чыкпай калганы эмнеси?..

Акчолпон апасынын кошогуна эзилип, ичтен өрттөнүп жаткан Момун ойлой-ойлой ой түбүнө жетпей, атамды өлтүргөн жанагы шаардан келген жаңы өкмөт кишиси болду, анын түбүнө жетишим керек деди. Эмин болсо атасынын өлүмүн тегирменин тарттырып ийген Апсатардан көрүп жатты. Апсатардан азыр барып эле өчүн алмакка муштумун түйүп турду.

Ай-ааламды Акчолпондун кошогу жаңыртып жатты:

Өңүтүн алып кумардын,
Жаза атпаган кырааным, оо-ов,
Субайын атып кийиктин,
Аяган майда улагын, оо-ов,
Жокчулук бийлеп турганда,
Элине кылган чоң пайда, оо-ов,
Көзгө атаар мерген атыгып,
Атагы кеткен далайга, оо-ов...

Ысманбайдын жүрөк ыйы

Жайлоодон көчү менен түшүп келген Ысманбайдын Котур-Булактын оозундагы коргонуна батпай турчу малы бир заматта талоонго алынды. Кызылдарбыз деген бешалты аскер анын малын элге бөлүп берип жатты. Мына бири желини саландаган уюн жетелеп баратат, бири кулундуу бээсин, бири токтуларын. Мындан бир жыл мурда эле бир адам даап келе албаган короого азыр эми эл батпайт. Колуна тийгенин алып атат. Наяты пас баягы койчусу жерге сайылып турган темир казыгын жанталпас менен чыгарууда, чайракерлери тамбаштагы эгинтегинин талап атса, бири малга жем салган акырын бузууда.

Ысманбай ушуларды көрүп туруп унчукпады. Өзүнөн кетти. Эки жыл авал эле Орусияга барып келген Каракелген эле, ага эле эмес Шан-Кол оозундагы үч байга – Кулжа тараптагы бөрү туугандары Молдо Кубактан кат Ахунбайга, Ташмат байга, Ысманбайга салам айттырып, ичкери Орусияга барып келгенин, заман бузулуп, бийлик кедей-кембагалдардын колуна өтөт, ошондо силердин жериңерди да, малыңарды да тартып алат, ошол эле короочордо кызмат кылып жүргөн балдар баш болуп, аларды томаяктарга бөлүп берет, ага чейин өзүңөр эле тууган-туушкандарга бөлүп бергиле деген. Ишенбейин десе, баарын билген Молдо Кубак өзү айттырып жатат, ишенейин десе, акыл албай турган иш. Анан жакын бир-эки тууганына айтса, кайдагыны кеп кылбачы дегенсип койгон. Ошол айткан мына келди. Өз башына келди.

Ичинен кан өтүп, көзүнөн жалын чыгып жатса да, келгин өкмөтчүлөрдөн айбыгып, элине эч нерсе дей албай турду. Акыры ушул эли деп баягы жылы жаамы журтту уапа каптаганда Шан-Колдон суу ташытып келип берген ушул Ысманбай эмес беле, Котур-Булактын суусу жетпей соолуп калганда эл эгин-тегинин сугарып жүрсүн деп ашарчыларга карасын союп, актыгын берип, Акчабынын, Ботокаранын арыгын кеңейтип каздырган, селканаларга ноо салып, алыштарга Чалчыктын чымынан алып келип бастырган ушул Ысманбай эмес беле? Кеңеш өкмөтү эми ошол Ысманбайды эмне кылып жатат да, элин сактап калган Ысманбайды эми эли эмне кылып жатат? Заман болбосоң куруп кал!

Ысманбай эчен жыл чогулткан мал-мүлкүн эл талап атканын карап тура албады, акыры ушул малды өзү да мал болуп мал кылбады беле, ошол малдын кадырына ушул короодогу даяр оокатты талап жаткан томаяктар жетеби, алар колуна тийген бирин-экин малын мал кылып кете алабы? Ушуларды ойлоду да ал аттын башын буруп кетти. Буруп кетти да, бул өкмөт кандай өкмөт болот, элди ачкөз, кайрымсыз, таш боор кылып коёбу деп санаасы санга бөлүнүп, Алтын-Казыкты көздөй жөнөдү...

Тегирмендеги бир түн

Исфайрам дайрасынын боюна түн эрте кирет. Күркүрөгөн дайранын ташкыны таш агызып, Чоң-Алайдын берки бетинин орду жемирилген арчасы болобу, башка бадалы болобу, бүт агызып келе берет. Келе берет, келе берет, анан капчыгай түгөнүп, албууттанган эркек суунун шабайы сууп, амалсыз калган айгырдай кең таагызып келгендери арыктарга бөлүнүп, андан ылдый өткөндө баягы төө агызган, үйдөй ташты былкылдатпей калган жөөктөгү арсыз пайнакка айланат.

Бу турмушун да шу Исфайрам суудай тура, көрсө. Тоо түбүндөгү айылдардын тиригиги баягыдай эле өтүп атат. Бай-кедей жок болду деген менен илгерки байлар дале бай, «аккан арыктан суу агат» деп, алар дале кедейлерди мандикер жумшап, а түгүл туугандарын жаңы өкмөттүн бир жагына жайгаштырып да койду.

Ошол түн караңгы эле. Исфайрам сай оолугуп агып аткан. Атасы Дыйканбек киши колдуу болгондо совет-тин кишилери ага Апсатардан тартып берген тегирмен-ди эми уулдары деп Момун менен Эминге алып берди. Чынында айылдын жалгыз ырыскысы да, кирише берер жайы да ушул суу тегирмен.

Эр жеткен Момун менен Эмин экөө ушул тегирмендин убайы менен таң атырып, кеч киргизет. Элдин кандай жашап атканын ушул тегирменден билинет. Азыр тегирменде кап-кап болуп турган буудайлар же ундар жок. Куржун менен алып келишет да, карап туруп тартты-рып кетет, кокус тартып берген акысына каланы көп алып койбосун, же кебегинен жамырып ийбесин деп көзүн албай тиктеп турушат. Буудай келбесе да тегирмендин доошу өчпөсүн, тегирмендин доошу өчсө айылдан ырыс кетет деген Айдар абасынын сөзүн ырымы кылып эгиздер күнү-түнү тегирменин иштетип коет. «Кур иштеткенди койсоңчу, бала, ташы желийт» деп өткөндө Жармат аксакал айтса да, ынабай коюшкан. «Айылдын ырысы ушул тегирмен да, ата, шу биз айыл бар экенин билдирип туралы» дешсе, «Аныңар да, ырас» деп Жармат чал жолго түшкөн. Торпок-танасын издеп келгендер да, ары жайлоолоп жолоочу өткөндөр да, ары-бери тынбаган отунчулар да бу күркүрөгөн тегирмендин иштеп аткоюшат. Бир-эки жолу ачкадан өлө тургандай болгон алсыз кемпир Тотуяга каласынан бир камырлык ун да берип ийген. Канткен менен айыл топуктуу, көбүндө эле жок болсо да буерге ак сурап жадатып келбейт. Коконпин кийип жалдырап сурап туруп албайт. Бу тегирмендин унду майда тартканын абаз кылыппы, ылдыйкы айылдардан, паски Үч-Коргондон да кардарлар келет, бир жолу араба менен Кува-Сайданбыз деп да бирөөлөр кайракы буудайын тарттырып кеткен.

– Ой, ач эшикти! – Тегирмендин арча каалгасын кимдир бирөө катуу такылдатты. Момун уйкусу келген Эмин-ди эми эле уктатып жин чырак менен тегирмен таш эзип түшкөн ундарды бери-бери калактап шилеп аткан. Деле эшик жабуу деген бу тегирменде болгон эмес.

– Эшик ачык! – деди.

Ошентери менен олбурлуу эки караандын адегенде ай жарыгындагы көлөкөсү эшиктен ичкериге кирип, анан өздөрү атташты. Ары-бери жакты оодара карап, ундун тозоңунан аппак болгон секиде эски таар жамынып уктап жаткан Эминди көрүп:

– Бул ким? – деди баягысы корс сүйлөп.

- Эгизимдин пайы, Эмин. – Момун алардын жонундагы мылтыгын көрүп коркуп абайлап сүйлөдү.

– Нан барбы?

– Мына бар! – Ал тигилерге өздөрүнүн саарлыгына деген загыра нанды сунду.

– Канча кап ун бар?

– Жок. Болгону бир куржун буудай келген, жарымын тарттым, калган жарымы азыр чыгып атат. - Момун чынын айтты. Бул жерликтерге окшобогон тигил экөөнүн ишенбегендей түрү бар. Тегермендин ичи-тышын

бир сыйра тинтип чыгышты. Бирөөсү такыр сүйлөбөйт, а түгүл тил да билбегендей. Же укпайбы, жанагы корс немеси анын кулагына бир нерселерди шыбырап коет.

– Тегирмениң күн-түнү иштеп атат, анан чыгарган унуң кана?

– Мен жөн эле иштетип коем?

– Алдаппы?!

Сырттан аттын бышкырыгы, ага удаа дагы бирөөнүн жөтөлгөнү эшитилди. Тигилер шашып калгансыды.

– Сал мынабул унду! - деди жанагысы өктөм сүйлөп.

– Бул деген бирөөнүкү, силерге бере албайм.

– Сал дегенде, сал! Эртең ээсине айт! Басмачы деген дер чыкты, өкмөткө, элге каршылар чыкты! Ошолор талап-тоноп кетти де! Керек болсо бизден өчтөрүн алсын! Ушинт! Уктуңбу? – Момундун жонуна мылтыктын кундагы тийди. Көзүнөн от ыргыды. Ойгонуп кетпесе экен, ушул мылтык ошого тийбесе экен деп Эмин жакты алгды боло тиктеди да калак менен куржунга теңдеп тегирменден чыккан ундун баарын салып берди.

Аттардын дүбүртү алыстап кетти. Ай жарыгына чыгып Момун алардын карацгыга сиңип кеткенин байкады да оор үшкүрүндү...

Момун калган ундун баарын тартып бүтүп, бир жерге үйүп, анан супурага түйүп, Эминдин жанына келип шыралжын салып койгон секичеге кыцкайды. Кайдагы уйку? Эми элге не деп айтат, кишилердин бетин кантип карайт, унду кантип төлөп берет, деги аны коркутуп унун алып кеткендер кимдер эле, ошол экөөнө алы жетпейт беле, эгизи экөөнү тең атып таштаса, же атасына окшотуп Исфайрам сайга ыргытып ийсе имне болот эле? Ой артынан ой, санаа артынан санаа. Көзү илинип кеткен экен тац куланөөк салганда аттардын бышкырыгы кайрадан угулуп, дүбүрт дал анын эшигине келип токтоду. Бала болуп биринчи мертебе түндөгүлөр кеткен соң калга таяк тиреп жаткан Момун уйкусун умачтай ачты. Ыргып турду. Эмин дале баатыр уйкуда.

– Ким? - Үнү калтырып эшикти тиреп турган таякты андан бетер тиретти.

– Бизбиз. Мусапырларбыз. Намаз окуп алалы десек, дааратка жылуу суу жок.

Булардын сөзүнө муюдубу, же баары бир ачуу керек дедиби, Момун каалгадан сыртка чыкты. Исфайрамдын чыйрыктырган илеби тигилерди үшүтүп ийген го, ат үстүнө үргүлөп келаткан немелер шап-шуп аттан түшүп, үй ээсинин уруксатысыз эле ичкериге кирди.

Момун абдестеге суу сузуп келип, табылганы тутантып, от жакты эле тегирмендин ичи заматта жылый түштү, ушул арада тигилер чырм этип да алышты, дааратка деген суу ысымак турсун кайнап да кетти.

– Суу кайнады! – Момун акырын кобураса эле тигилер атып турушту, ал жак-бул жакты карап, бирөөсү суроо узатты:

– Сиз ким тараптасыз?

Момун түшүнгөн жок. Тигил кайра тактап сурады:

– Кызылдар, төртүнчүлөр жактасызбы, же мусулмандар, эл жактасызбы? - Муну Момун ойлогон эмес экен. Ким жакта экенин түк билбептир.

– Билбейм! - деди ийинин куушуруп.

– Билишиңиз керек, бир жакка оошуңуз керек! – деди дагы бирөөсү тик көздөрү менен теше тиктеп. Момун аны жалт карады. Бир жерде көргөндөй болду. Орто бойлуу, эки жүзү албырган кызыл бет, чымыр дене, капкара күлүп турган чырайлуу көздөр... Ким эле? Ким эле? Эстей албай туруп, анан эстеди. Мадамин. Аяш атасынын уулу Мадамин. Мадамин болсо бул инилерин билет эле, тагдырын да, аяш атасын да, тегирменин да уккан. Заман астынүстүн болуп төрт-беш жылдан бери көрүшпөй калган. Эмин менен Момундан кабар алганы атайын келген. Бирок бул келишин эч ким, кала берсе, жанындагы оң кол жигити да билбеши керек эле. Ошон үчүн балдарды тааныбаганга салып отурду.

– Сиздин ата-бабаңыз ушул жерликпи? – Жанагы тааныпка окшогону дагы муну тике карап суроолуу турптур.

– Ушул жерлик.

– А сиз ушул жерден кеткиңиз келеби?

– Жок! Кайда?

– Кайда болсо да, эми.

– Кетким келбейт.

– Көрдүңүзбү, ушул жерди сизден тартып алгысы келгендер бар.

– Кимдер?

– Большевиктер.

– Жок, алар менин жеримди тартып албайт, алар мага ушул тегирменди беришкен.

– Алар кайдан алып бериштиби?

– Апсатар байдан.

– Анан ошол Апсатар бай жөн эле сизге берип койдубу?

– Жок. Жөн берген жок.

– Анан алар Апсатардын жүрөк үшүн алыш үчүн Азимжанды атып коюшту. Апсатар коркконунун таң атпай тоого качып кетти... Туурабы? - Суроо берип аткан кызыл жүз киши мунун баарын кайдай билет деп Момун эси ооп турганда тиги кайра сөздү өзү улантты. – Бул тегирмен кызылдардын сизге берген аманаты, аны алар каалаган күнү алып кое алат. Деги алар сиздики да, кызылдарды кы да эмес жана сиз айткан Апсатар деген кишиники, Алла а кишини тентитип ийди, а сиз анын акысын жеп аткандайсыз.

– Жок. Мен элдин ишин кылып атам. Элдин батасын алам. Менин ишим кыйын, түндө эле басмачылар басып...

– Момундун көзүнө жаш тегеренип, ыйлагысы келди.

– Эмне дейт?! – Кызыл жүз киши ордунан ыргып турду. – Кимдер экен алар, анан эмне кылды?!.

Момун баарын айтып берди.

– Көрдүңөрбү, жигиттер, – деди ал жанындагыларга, – бул кызыл аскерлердин кылганы, атайын бизди элге жаман көрсөтүш үчүн жасап аткандары бул. Митайымчылыгын карагыла. Биз да кыраалаларга кыраалык кылышыбыз керек экен.

– Экинчиси, сүйлөбөй жүргөнү орустардан болушу мүмкүн, – деди отургандардын дагы бири.

Келгендер сааркы намазын окуп, курундагы нандарын алып нымшып отуруп чай ичишти. Чыгаарда тарттырып ийген унундун ээсине пулу келип сатып ийдим де, же ордуна сатып бер деп шагыраган теңгелерди алаканын толтуруп салып берди.

– Момунга бир мылтык, ондой ок бергиле, таанышлер да бул жакта күрөшө бергиле?! – деди.

Ошондо Момун эми ишенди. Бала чакта чогуу ойногон тирикараак өспүрүмдү, атасы менен аң терилерин алып барган аяш атасынын баласын, Маргаландын базарындагы Абдыразак «закүнчүнү» өлтүргөн кездеги келген милийсанын башчысын эстеди. Ошол Мадамин ушул эмес беле, даңазасы таш жарган, бүткүл калайык калк ээрчиген Мадамин ушул эмеспи. Ушундай да жөнөкөй, ушундай да пакиза болобу?

Келгендер жөнөп калды. Ат үстүндөгү Мадамин жердеги Момунга карышкырга айбат көрсөтүүчү тоо бүркүтүндөй калдайып турду.

– Андай болсо Момун дос, жерибизди басып киргенден тазаланып алсак, кудай буйруса, досторум бар эле деп силерге кайрылып келем, ошондо дагы бир жолу сарпай кийгизишип жакшылап дос болобуз. Ушул жерге келип мынабул тегерменицерди ондойбуз, жанына мен да тегирмен салам. Менин да аялым, балдарым бар, аларды кошо алып келем. Мынабул тоолорго чыгып аңчылык кылабыз, ат багабыз, чаарчык багабыз, эчки багабыз. Ушундайбы?

– А сиз качан келесиз? – Момун чындап кызыгып калды.

– Жакында. Жакында эле... Ашып кетсе бир жылдан кийин... – Ошентти да колуна бир кат карматты. – Муну эч кимге көрсөтпө, менин жигиттерим экенине толук көзүң жеткенде гана аларга көрсөт да, кайра өзүңө алып ал!

Катты Момун окуй албайт. Сабаты жок, эч ким, а түгүл чогуу жаткан Эмин да көрбөс жерге катты да, Мадаминге карап айтты:

– Тез келиңиз? Тез!..

Тегирмендеги түнкү окуяларды Момундан башка жан адам, а түгүл ушул жерде уктап жаткан Эмин да билбей калды...

Момун гана ээлигип, кайсыл бир жакка жөнөр адамдай шашып жүрдү...

Үчүнчү бап

КИМ – КИМДИ?

«Биз советтерден ушуну күттүк беле?»

1918-жылдын күн жылымык тарткан эрте баары. Эски-Маргаландын шоо-шоокумунан алысыраактагы Кар-Баба коргону. Он эки паксалык коргонду тажиктер саратан жедирип, таза ылайдан тебелеп уруп, такпайынын калың-дыгын кулачтап койгон экен, бир былк этпей турат. Адам бою жете турган ар-ар жерге мылтык оозу батчудай жана киши ынтылып кароочу көзөнөктөрдү койгон.

Маргалан оезунун милийсасынын кырк жигити ушул жерде машыгып жатты. Алардын башчысы Мадамин. Түркстан Мухтар Жумурияты талкалангандан кийин, өз колу менен уламалардын, молдо-сопулардын кыйласын большевиктерге кармап берүүгө кол кабыш кылды. Алардын ичинде айыпсыздар да бар эле. Өзгөчө армян дашканчыларынын көз көрүнөө көчөдө элди атып жатканы анын кыжырын келтирди. А түгүл бир жолу алардын бири менен кер-мур айтыша да кетти.

Буттарына орус өтүк, чыйбакмал шым, бейкасам чапан, допу кийген милиция отрядынын атайын формасы жок эле, чапандары да бирөөсүнүкү сатинден тигилген майда шырылган карамтыл өндө болсо, бирөөсүнүкү жибектен шырылган бейкасам, дагы бирөөсүнүкү алабула. Допулары да ошондой: бириники маргалан допу, бириники чуст допу, дагы бирөөнүкү малакайга эле шайы кур оролгон. Белинде да бирөөсүндө бир кур болсо, экинчи-

си кош кабат кур менен курчанып алган, кээсинде ботокур, бир-экөөндө большевиктердикиндей жылтыраган темирлүү кемер кур да көрүнө калат. Алардын сүрдүү көрсөткөнү эле келишкен азоо аттары, жамбашына жабыштырылган узун кылычтары менен жонуна асынган килтейген бардана мылтыктары.

– Кана, жигиттер, дагы бир кылыч чабышалы! – Мадамин кырк жигитке кайрылды эле, алар өз-өзүнчө ондон болуп кылычташып кетти.

Көңүлсүз кылычташып жаткан кол алдындагы жигиттерди карап туруп Мадамин ойго чөмүлдү: Ушул кылычтар менен эмне колубуздан келет? Ушул кыкантип тез атар мылтыкчандарга туруштук берет? Кызыл аскерлер алып жүргөн орустардын пулемотторун, замбиректерин, маузерлерин буларга качан берет? Тилгирам берчү аппараттар милийсанын колуна качан тийет? Же ушул ишти таштап кетип калсабы? Неге милисаны элдик милийса деп коюп кайра элге каршы иштерди кылдырат? Неге милийсаларды өз эркине койбой большевиктер андай кыл, мындай кыл деп буйрук бере берет, болбосо булар ким адил да, ким наамарт экенин билбейт беле? Абдан жакшы билет! Абдан, абдан! Бул ишти таштасабы? Анда эмне кылат? Саадат экөө тириглигин өткөрө албайбы? Ыймандуу жары, ырыска бүткөн бактаалайы экөө тегирмен ачып алсабы? Оо, анда Исфайрам сайга барып суу тегирмен курмак...

Бир жолу ошол оюн Саадатка айткан.

– Эч ким жок жакка кетелиби, Саадаткан? – деген.

– Кайда?

– Мен бала чакта атам экөөбүз Исфайрам деген дарыя боюна барып арча, четин, шилби, табылгы кыйып келчүүбүз. Кийин өзүм барып жүрдүм. Аерлерден ортоторду тапкам. Суусу ушунчалык тунук, балыктары арыбери жабалактап ойкуп-кайкып ойноп жүрүшөт, суу ичиндеги таштары бир чирайлүү, бир көп дейсиң. Сууга колунду малсаң муздактыгынан колуң какшайт. Мен анан ошол муздак сууга түшүп, ары-бери өтүп чабак урчумун, жээгиндегилер мени жинди неме го деп карап турчу...

– Анан...

– Анан, ошол жакты көрбөгөнүмө кыйла болуп калды. Буерде күндө атышуу, күндө бычакташуу, күндүз жакшы көрүшүп, кайырлашкан кишиң түнү же сага жоо, же бирөөнүн колунан өлгөн болот. Маргалаң кан жыттанып кетти. Кетким келип атат. Баарын таштап кетким келип атат.

– Анан...

– Анан дарыянын түнкү шоокумун угуп, таң эртеңки булбулдардын жарыша сайраганын тыңшап, Молло Нияз менен Фазулинин ырларындай ырларды токуп...

– Анан...

– Анан ошол албуут дайрага мынабул балбан билектерим менен көпүрө салып, бир тегирмен суу тартып келип, суу боюна тегирмен курам.

– Анан, аппак ун болуп...

– Ананчы, аппак ун тозоңунда сени тосом. Сен келесиң, чай-нан алып. Мен балык кармап, тегирмендин жанындагы аузга кое берем, сен балыктарды карайсың.

– Жоо, карабайм.

– Неге, жаным?

– Балыкты караса, бетине сепкил чыгат. Балыкты жесе каапыр болот.

– Кантип эле, бул чала молдолордун чыгарганы, шариятта андай жок, – Мадамин күлүп калат, – мен Сибирде жүргөндө орустун аялдары балык кармап, балык тазалап, балык жеп эле жүрчү.

– Ошентсе да, мен балыктан корком. Аны тим эле коелучу?

– Мейли анда. Болбосо тегирменибиздин жанына чаарчык багабыз.

– Ал эмне?

– Ал деген эликтин баласы. Элик деген тоонун эчкитекеси.

– Мен эмне аларды сааймынбы?

– Саамак белең, ал деген жапайы. - Мадамин күлүп ийди.

– Анан тегирменде эмне кылабыз?

– Мен ноону тазалап, суу алып келем, тегирмен таш чегип, унду майын тартсын деп, карап турам. Күрүлдөгөн шарылдаган тегирмендин үнү кулак-мээни тундуруп, капчыгайды жарып, биздин иштеп атканыбызды билдирет. Айылдардан буудайын, макасин, арпасын, таруусун атка, эшекке артып элдер келе башташат. Анан биз аларга араба жол салып беребиз. Араба менен келишет. Билесиңби, менин атам напа араба жасачу, мен да үйрөнүп алгам.

Мадамин ошол сүйлөшүүнү эстеди. Көңүлү кыраам боло түштү. Жигиттер дале тыным билбей кылыч чабышып жатат.

– Болду! Жетишет! – Мадаминдин үнүн угар менен шарактаган кылычтар кынга кирип, жигиттер терлерин аарчып калды. – Эми атышууну баштайбыз!

Жигиттер дагы онго бөлүнүп, ар бир ондук орустарды туурап дубалга дандыр көөлаган көсөө менен бир нече тегеректерди бирин бири айланта сызып, ортосуна көздүн карегиндей нокот калтырды.

– Баштадык! – Мылтыктар тарс-тарс атыла баштады. Дубалдын чаңыган жерин улам бирөөсү карап келип, кимдин кандай атканын билгилеп турду.

– Ии, мамадани, кандай атып атасың? – Мадамин буларга жаңы кошулган, оозунан сөзү чуурулуп турган, аския десе башын чатына салып күлө берген Кылычбекке кайрылды.

– Болбой атат, командир? – Мадамин тигинин орустарды туурап «командир» деп койгонунабы, же ата албай жатканынабы, иши кылып, жини келди да, тапанчасын алып тегерек сызыктар турган жакты бир карап алып, шарт терс бурулуп, тапанчасын сол жак ийнине коюп, оң колу менен курокту басты. Ок каректей болгон кара сызыкка тийип, анын көөсүн өчүрө коюп, дубалдан ары кайып кетти. Кырк жигиттин баары Мадаминдин кантип атып, кантип тийгизгенин билбей аң-таң калды.

– Отургула, – деди милийса башчысы. – Биз ушинтип урушка даярданып, адам өлтүрчү куралды колго алабыз деп ойлогон жок элек. Муну Алла Таала буйрук кылды. Курани Каримдин «Али Имран» сүрөсүнүн 159-

аятында Алла Таала пайгамбарыбыз Мухаммед алейкисаламга айтат: «Алла тамандан болгон бир мархамат себептүү аларга, саабаларыңызга, жумшак сөздүү болдуңуз. Эгер копол, катуу дил болгонуңузда, булар айланыздан таркап кеткен болот эле», – деп. Анын сыңары, мен да силерди таркатпаштын ылаажысын кылып кежок, милийса деген элдин батасынан өткөн нерсе колундагы куралы калк сөзүнө таянбаса ал тандырдагы отту ичкерткен көсөгө гана айланат. Силер ушуну түшүнгүлө. А азыр калк деген Алла Тааланын амирин аткарат, Жараткандын дининен кайта албайт. Башка диндегилер менен, дини исламды тебелегендер менен алар күрөшкө чыгат. Керек болсо калк азыр жихадга даяр. Кылымдар бою бир жакка агып келген азоо дайраны башка тарапка буруп көргүлө, кандай көргүлүктү көрсөтөр экен. Заман азыр ушундай болуп турат. Улуу урматтуу пайгамбарыбыз «саллалоху алайхи вассалам» өзү жүрүш-турушунда, кулк-мүнөзүндө, үй-бүлөсүндө абдан таза киши болгон, үммөттөрүнүн да таза болушун талап кылган, биз да пайгамбарыбыздай таза болушубуз керек. Өзгөчө Отан жерге. Мен мусапырчылыкта жүрүп, эне топурактын кандайлыгын жакшы билип келген кишимин. Ошон үчүн мен туулган жердин топурагын башка бирөөлөр чаңдатып жүрүшүн каалабайм. Бу Түркстан ыйык жердир, аны басып киргендерди куып чыгышыбыз керектир. Аны азыр ким аткарат? Элби?! Элде курал жок. Элди баштай тургандар керек!? Ким баштайт?! Мына биз! Биз баштайбыз! Ушул кырк жигиттин вазийпасы сырттан келип, элге жабыр көрсөтүп, жалгыз уюн алып кетип, кыздарын зордоп, молдолорун өлтүрүп аткандардан коргоо. Биз, Маргалаң милийсаларыбыз, биз лениндик кадрларбыз, Кеңеш бийлигин орнотомун деп келип, элдин төбөсүнө кылычын ойнотуп аткандар менен күрөшүш керек. Хадистерде айтылат: «Эгер эки мусулман кылычын жаландатып, бири-бири менен чабышса жана бирин экинчиси өлтүрсө, өлтүргөн да, өлгөн да тозокко түшөт», – деп. Дагы бир хадисте: «Эгер бир мусулман киши экинчи бирөөсүнө курал көтөрсө, курал таш-

таганча ага периштелер наалат айтып турат», – деген ибараттар айтылган. Ошону силер эсиңерден чыгарбагыла. Мусулманга кылыч көтөрбөгүлө! – Мадамин ушинтип сүйлөп атып, колундагы тапанчасын, жанындагы кылычын көрүп өзү да коркуп кетти. Бир чочуп да алды. Ошо кезде аттардын дүбүртү угулуп, сакчылар бир топ кишилердин келгенин, алардын башында Саалы максым менен Абдыкадыр бай бар экенин Мадаминге кабарлады.

Маргалаңдын зоболосу зор кишилери Кар-Баба коргонуна өздөрү бастырып келгенин уккан милийсалар таң кылышса, Мадамин бир маанилүү иш болгонун боолголоп, алардын астынан өзү тосуп чыкты.

Ал-жай сурашып, бир пияладан көк чай ичип, патир нан эми тууралып бүткөндө эле Саалы максым токтоно албай Мадаминге арызын төгүп кирди:

– Өкмөтбай ака, сизге бир ылтамас менен келдик. Азыр эле медресеге атымчалардын үстүнө кирип барып, кызылдар менен дашнакчылар кыздарыбыздын паранджасын бетинен сыйрып ыргытып, өздөрүн кууп чыкты. Мени болсо окко алышкан жерден мынабул Абдыкадыр ака ортого түшүп араң алып калды. Биз не күндө калдык? Баары бүтүп, болшовойлордун кыздарыбыздын бетин ачканы калдыбы? Бүгүн бетине асылса, эртең диндин сиз каапырларың кайда асыларын билесизби?! – Максым өмүрү бирөөгө тик карабаган киши эле, дин десе, жата калган, жети атасы максым болуп өткөн киши эле. Бул жолу ал ошол камтарлыгын, майиндигин унутуп, кааранып араң-араң сүйлөп атты. Мадаминдин ачуусу андан бетер келди. Бирде Абдыкадыр байды, бирде Саалы максымды, бирде арыда жүргөн отрядын карап колу калтырып-титиреп, мушу таш болуп түйүлүп турду.

– Мынабул киши азыр эле Жар-Мазардан келди, өзү айтсын, – деди Абдыкадыр аксакал бир салабаттуу, көзүндө оту күйгөн жигитти көрсөтүп.

– Айтыңыз! – Мадамин анын сөзүн дыкат кылып угуп калды.

– Скобел шаарынын алдындагы Жар-Мазар кыштагын жакшы билерсиз?

– Билем! Билбегендечи? – Мадамин бул кыштакты чын эле жакшы билчү.

– Билсеңиз жакшы экен. Скобелдеги армян дашнакчыларынын ала шарбытта аттары жем-чөпсүз калыптыр. Анан алар кайда барат? Биздин айылга келет. Болгону элүү түтүнгө жетпеген айыл болсок, аттарга эмес, өзүбүз атала кылар ун таппай турсак, жем-чөп бергиле деп элди четтен кырды. Ушуларга ок коротпогула деп балдарды баканы чапкандай балчайтып чаап өттү. Өмгөктөгөн карыны өкүртүп өлтүрүп, кыздарды кыйкыртып зордуктады. «Кана сенин Кудайыңдын кудурети болсо өлүмдөн арачалап калсынчы» деп туруп молдобуздун башын кыйып салды. Бир күндө Жар-Мазардан эки жүздөй киши набыт болду. Көп үйлөрдөн бир да жан калбады... – Тигил жигиттин көзүндө жаш турду.

– Арызданбайсыңарбы?

– Арызданып Скобел шаарына барсак, аяктагы чоңдордун баары мас, кеп угар киши жок.

– Атыңыз ким?

– Намаз.

– Уктум, Намаз, ал жак башка оезго карайт, биз кирише албайбыз да.

– Антпеңиз, бул ишти акыр-аягына чыгаруу сиздин гана колуңуздан келет. Сизди эл Мадаминбек деп жүрсүн. Сиз элди сактап калыңыз? – Жигит көзүн кыпкызыл от кылып Мадаминге карады. Анын көзүндө күйүп жаткан бир кыштак турду. Ушул көздөрдө селдеси томолонуп бараткан молдо, бакадай бакан жеп чыңырып өлүп аткан бала, этек-жеңи тытылып, чачы жулунган кыз-келиндер турду.

Мадаминдин жүрөгү эзилип кетти.

– Бизге кошуласыңбы?

– Кошулам! Азыр эле кошулам!

– Муну катарыңарга алгыла, Кылычбектен кийинки кошулган жигит ушул жар-мазарлык Намаз болсун!

– Жардам кыл! Өкмөт өзүңсүз. Буердин чоңу өзүңсүң. Динибизди да, эли-журтубузду да, орусту да сенден жакшы билген киши жок? – Көптү көргөн Абдыкадыр да

сакалын ортого салып, ордо увазириндей омоктуу сүйлөп отурду. – Базарларды жаап атат, эгин кылган дыйкандарды тоого куушту, нан сатылбай калды, элди ачарчылык каптады. Биз советтерден ушуну күттүк беле?

Мадаминдин кулагына ошол сөз кайра-кайра жаңыра берди: «Биз советтерден ушуну күттүк беле?»

Өзү да ал жерде каракчылык күчөптүр, бул жерде палан деген кишини тоноп кетиптир дегенди угуп жүргөн, арыз менен баргандарды пара алган Советтин кишилери басты-басты кылып коет дегенин да кулагы чалып калган.

Анын үстүнө оез ишинде да Мадаминди эл тарап болот дегендер жок эмес. Өткөндө эле өзүн накта большевикмин деп санаган С.В.Сугробов дегендин Мадаминбекти буржуазиялык-улуттук контур деп айып такканы, аны камакка алуу керек деп кат жолдогону маргаландыктардын баарынын эсинде. Мадамин анын жеткен шовинисттигин айыптаган, жерине жеткире орусча тилдегенде, келгин деп кемсинткенде тигинин жаны чыгып кете жаздаган. «Көрөбүз» деп кекенип калган. «Жолдош Лениндин өзүнө жазам» деп калган. Негедир Мадамин азыр ошол кишини эстеди, ошолорго бийликти берип койгон большевиктердин өз шору деди. «Күл там болбойт, күйөө бала эл болбойт» деген накыл сөздү ичтен бир кайрып алды.

«Сиз ушулар менен күрөштү баштаңыз, жаныңызда биз мадат болуп турабыз, колуңузга кол, бутуңузга бут болобуз, сиз Сибирди да көргөнсүз, динди да окугансыз, ыйман-парасаттуу кишисиз, сиз мусулмандардын акылгөйүсүз, сизди баары ээрчийт, сиз жанагы динибизди тебелегендер менен, журтубузга келип арам сийдиги менен ыйык топурактын тозун учуруп аткандар менен күрөшкө чыгыңыз» деп аткансыды кимдир бирөөлөр.

Эми эмне кылуу керек? Элди кантип коргоо керек? Карайлаган калкты кантип каржалтпай сактоо зарыл? Ар-ар жерде түнү жойлоп чыккан каракчылардын жолун кантип кесүү керек да, бөтөн жерден келип төр та-

лашкандарды кантип койдурууга болот? Канткенде адамдар коркпой-уркпөй тынч оокатын кылып, эгинин эгип, сугарып, анан анын түшүмүн жыйнап, жаз кылган мээнетинин үзүрүн кыш көрүп жатыш керек?

Келгендерди унчукпай кетирип, дарты ичинде келаткан, ой-санаа баскан Мадаминдин алдынан армян дашнакчылары чыкты. Кызуудай, көчөнү бербейт, жүздөйү оолугуп кызыл желекти желбиретип ханга салам бербестей каалгып келе жатыптыр. Жандай өтө беришкенде Мадамин тигилерге көз кырын салып, салам да бербеди, муну алардын көбү байкады. Артыраакта келаткан бирөөсү милиция отрядына жаңы эле кошулган Намазды камчы менен сабап кирди. Мадамин чыдабай кетти:

– Ур! Ур! Силер да ургула! - Башчысынын бул кыйкырыгын укkан милийсанын кырктай жигити кылычташканы кылычташып, камчылышканы камчылашып, колуна мылтыгы тийгени аткылашып, жүздөй дашнакчынын сазайын колуна берди. Өлгөнү өлүп, тирүүсү качып жоголду.

Бул кабарды угуп Маргалаң, Скобелев, Кокон гана эмес, Ташкен да дүрбөлөңгө түштү.

Мадамин кырк-элүүдөй жигит менен шаар аралап, кыштак кезип, большевиктер менен да, аларга болушуп, бул жерлерде Совет өкмөтүн орнотушуп жүргөн дашнакчылар менен да, топ-топ болуп каракчылыкка өткөн белгисиз кишилер менен да күрөшкө чыкты. Баары бир минтип жүрүүгө болбойт эле. Кимдир бирөөлөргө биригүү керек. Кимге?

Анан анын оюна Эргеш келди. Эргеш тууралуу кеп бул чөлкөмдө көп айтылып жаткан. Лекин эл билбеген бир сырды Мадамин билет эле. Аларга бул материал өтө жашыруун жол менен түшкөн. Бул кандай сыр?

Баягы Кокон Мухтар Жумурияты талкаланганда анын аскер жетекчиси вазийпасында турган Кокондун короо башысы Эргеш кыйла далдоодогу Бачкир деген кыштакка барып жашынат. Кол топтоп, кызыл аскерлерди бул айылга жолотпой айласын алты кылат. Ал гана эмес, төрттөн-бештен чыгып, түнү Коконго чейин

уурулукча келип, кызылдарды өлтүрүп, дүкөндөрдү уурдап, курал-жарак жыйнап жүргөн. Алардын издери бир нече жолу Маргалandан да табылганда Мадамин артынан түшүп, жетпей жүргөн. Анан ошол короо башыны кызылдар ачууланып «корбашы» атап алышканы да ошондон эле.

1918-жылы 25-январда катуу суукта Кокондон анча алыс эмес жерде – Ташат деген кыштакта кызыл гвардиячылар менен Эргеш корбашынын аскерлери бет келген да катуу атышкан. Ошол атышууда Эргеш каза болгон. Анан анын өлгөнүн билдирбеш үчүн жигиттери аскербашынын сөөгүн жүктөп алып кетет да, ордуна ошол эле Эргештин айылдашы экинчи Эргешти бек кылып алышат. А биринчи өлгөн Эргеш бою кичине, экинчиси бою чоң болгондуктан, өлгөнүн «Кичине Эргеш», ал эми чоңун «Узун Эргеш» деп коюшчу. Ошентип бийлик башына «Узун Эргеш» келет. Алардын арасындагы бул сырды милийса башы Мадамин жакшы билчү.

Узун Эргештин колуна экинчи чоң чабуулду 21-25-февралда В.Макеев баштаган кызыл атчандар жана жөө аскерлер баштады. Тендешсиз чабуулда, пулемоттордун огуна туруштук бере албай Бачкир кыштагын таштап жигиттер дагы тоо таянып кетет.

Ошол-ошол болуп алар тынчып калгандай болгон...

Ошондо армян дашнакчылары менен кагылышуудан бир жума өтүп-өтпөй Мадаминдин эсине ошол Узун Эргеш келип атпайбы. Ага чабарман жиберди. Анда жалпы абал түшүндүрүлүп, бирге душман менен күрөшүү, динди, жерди бирге сактоо тууралуу айтылган эле. Маргалandын милиция башчысынын саламын алганда Эргеш ойлоп-ойлоп отуруп, аны өзүнө кошуудан баш тартты. Биринчиден, милийсага ишенбеди, большевиктерге, советтерге кызмат кылган Мадамин алдап туруп алардын колуна салып берет деди. Экинчи ою чын эле Мадамин большевиктик жолдон кайткан болсо анда ал дини жагынан да, кудурет-күчү тарабынан да, сүйкүмдүү кебете-кешпири жагынын да Эргештен алда канча өйдө турат, анда жигиттеринин баары, эл бүт бойдон Мадаминди ээрчип кетет. Ошол эки ойдун ортосунда калган

Эргеш жообун маалкатып тез айта койбой тынч жата берди.

Аңгыча эле Скобелевдеги курал-жарак кампасын Мадаминдин жигиттери басып алыптыр, алардын жигиттери төрт жүзгө жетип барыптыр деген сөздөр тарады. Эргештин болсо буларды укkан сайын ичи тарып, жигиттерин бет мандай тиктей албай атты...

Анан Мадаминбекке арабча кат жазып, ага кошулуу ниетин билдирди...

Жол бошоткула, бек келатат!

Скобелев шаарын ошол расмий аты менен чанда бирөөлөр гана айтпаса, Баргана, Паргана, Пари кана деп, ал эми жаңы келгендер Фергана, Ферганск дешет. Түркстан генерал-губернатору Михаил Дмитриевич Скобелевдин өлгөндүгүнүн жыйырма беш жылдыгына карата 1907-жылы декабрда ал кишинин аты берилген бул шаарды 1876-жылдан Жаңы-Маргалаң деп жүрүшчү.

Бу шаар Кокон Мухтар Жумурияты талкалангандан кийин кыйла ооматтуу болду. Орустар көп келди. Абасы салкын. Тоого жакын. Шаар бактуу. Аскер горнизондору, окуу жайлары түшө баштады.

Ошол шаардын Ак-Арык деген айыл менен туташкан жеринде аскер чеби жайгашкан. Илгери эле Кокон ханынын чеби болгон. Өзү да коргон-чепке ылайык. Аланга салгандай шаар көрүнүп турат. Ошол көчөлөрдүн көбүнө атса огу жете турган кылып чептин коргон башына кызыл аскерлер чачма ок ата турган замбиректерин – шрапнелдерин орнотуп койгон. Кызыл жабуу менен жабылган, балким немистер менен согушкандан орустар алып келген бул большевиктердин куралдары мактаныч үчүн коюлгандай. Жинденген, же колбала аракка тойгон кызыл командирлер анча-мынчада аны «баң» эттирип турбаса баштары ооруйбу, айтор, буларынан андасанда жүрөк үшүн алган үндөр чыгып калат...

Үч миңдей кызыл аскерлер, алардын миңдей аттары, не бир куралдар сакталган кампалар да ушул жерде эле. Орустун жоон сан, ак балтыр аялдары да толуп кеткен.

Күндө бир маал аскер аттарынын алды тазаланып, алардын күрөндүлөрү арабага салынып Ак-Арыктагы жарларга алып келинип төгүлөт.

Ошол кыш кардуу болбодубу. Аскер аттарынын тезегин Ак-Арык тамандагы аңдып тургандар басып калат. Алыстан келаткан арабалардын кыйчылдаганын угуп адамдар жабалактап чыгат. Колго түшкөн австриялык эски аскерлер, эмки большевиктик атбагарлар арабаларын акырын айдап келип, алардын башчысы карт армян Эмине:

– Готовтесь! Кулы! Собаки! – дегенде баары арабалардан түшүп аткан ат тезегин басып калат.

Аны чайкап жакшылап жуун ийсе кызыл аскерлердин кутурган аттары чала чайнап, ашказандан ары өткөргөн тезегинин ичинен анча-мынча кашек, жем да чыга берет. Ачарчылык каптаган айылдардын малы ошого да каниет кылат. Анан калганын жер семирсин деп пахта талаасына чачып ийишет.

Бул жолу да арабалардын катары кылдырттап келип, жар боюна жакын токтогондо Эмине кандайдыр бир обонду ышкырып койду. Австралиялыктар абайлап жүрүшүн токтотконду, жергилик адамдар аттардын тезектерин ала баштаганда шарп-шурп төрт жигит аты менен жар боорунан чыга келип, талап аткан элди ары качырды.

– Мына акча! - Алар австралиялык ат багарларга жана Эминеге күмүш, алтын теңгелерди узатты да, алар кызыл аскерлердин шинелине ороп берген курал-жарактарды алып көздөн кыйым болушту.

– Эмкиде пулеметторду оңдоп келебиз! - деп калды австралиялык усталардын бири.

Австралиялык туткундарга орустар ишенчүү эмес, бирок курал-жарактарды ошолорго оңдотчу. Булар орус-герман урушунда колго түшүп, эптеп качып кетүүнүн амалын таппай жүргөндөр. Алардын максаты большевиги жеңеби, кызылы жеңеби, агы жеңеби, сарысы же-

ңеби – баары бир, Европага, жерине кетсе болгону. Анан аларды кызыктырганы бул жерлердин асыл таштары, алтын-күмүштөрү. Ошон үчүн да курал-жарак сатууну адатка айлантып алышкан. Бу жерлердин даңазасын алтын-күмүштөр аркылуу угуп жүргөн. Аларды аялдардын зер буюмдарын пардаздоодо гана эмес, согуш курал-дарын жасоодо да иштетүүгө болорлугун билишчү. Айрым бир атактуу адамдар ат жабдыктарына алтын-күмүш тагып алганын көргөндө ыйлагысы келчү, шылдындап күлүп алчу. Эми ошол эңсеген баа жеткис нерселер колдорунда турган арзыбас нерселерге айырбашталып жатпайбы. Бу алтындардын алдында винчестерлер менен пулеметтор кеппи, керек болсо замбиректерди тобу менен да жасап берет.

Ошентип орустардын куралдары Мадаминдин колуна түштү. Анын даражасы балант болуп, эл ичинде аты айтылбай бек аталды. Анын колуна мекен коргоор жигиттер, тартылып жана сатылып алынган курал-жарак кошула берди.

Ошондон көп узабай Фергана горнизонунун кампа башчысы Л.Кранев бир нече ок атуучу куралын, 12 жашык патронун жоготкондугу үчүн камакка алынды...

Сабалар жайындагы жыйын

Баргана өрөөнү күйүп жатты. Өрөөндүн батышы менен чыгышы, түштүгү бүт тоолор менен курчалган. Ошол тоолордун башында муз болуп карлар катып, күн ысыганда аз-аздап эрип, тамчыга тамчы кошулуп өстөн болуп, анан дайра болуп, анан ошол чамынып аккан шар дайра шашылып келип талааларды гүлдөтөт. Сарыгып аккан сан жылганын суулары биригип Арал деңизин жараткан Борбор Азиянын эки дайрасын кургандай ар айылдан, ар кыштоодон бириккен калк эркиндик үчүн күрөштүн да чоң дайрасын куруп жатты.

Жеринин төрттөн үч бөлүгүнө ээ боло албай калган жаңы большевиктик бийлик алапайын таппай, ана-мына кайра кулайт деп турганда Баргана асманында ак бүркүт

шаңшып, элди эркиндикке, азаттыкка, жаңы күрөшкө үндөп жүрдү. Уруш-чабыштардан топурагы адам сөөгүнөн куралган, казган жерден калың мүрзө чыккан, сөөк үстүнө сөөк коюлган бу Баргананын ата топурагы, эне жери дагы онтогону, дагы бир кайгыны өз салмагы менен көтөргөнү турду. Жер не айла кылат да, эл не айлалаштан адам көзү качан тойду эле да, адам качан бирибирин өлтүрбөй койду эле? Бирөөгө бирөөнүн жери мисир көрүнөт, бирөө бирөөгө өзүнүн мисир көрүнгөн жерин бергиси келбейт.

Жаңы-Ноокат. Сабалар жаткан сай боюндагы өрүкзар. Шактары арбайып-тарбайган ак пашыр өрүк астында отургандар ак суу аккан, араам жайда алдындагы Барганынын түрдүү даамынан: анделек, анжир, гилас, гайноолу, нак, нашбанд, бейалма, коон-дарбыз, жүзүмүнөн татып, Ботобай ырчынын сансыз көп санатарынан тыңдашат:

Кайыр берген панда бар,
Карагайлуу жылгадай,
Ата-энеси бар бала,
Ажыдан келген курмадай.
Жаман нерсе көбөйсө,
Жол бербеген тумандай.
Илависи жок жигит бар,
Эрден чыккан жувандай.
Жылан жылат путу жок,
Паранда туват сүтү жок.
Жалкоо болгон жигиттин,
Мойну жоон, күчү жок.
Желеде кулун ат болот,
Жез эскирсе дат болот.
Кан белгиси туу болот.

Акыркы сапты айтканда ырчы көзүнүн кыры менен Мадамин бекти карап койду. Ал киши дале сүкүт салып ойлуу туруптур. Ырын андан ары улантты:

Карыса сакал куу болот,
Балалуу өрдөк талпынса,

Баласы менен чуу болот.
Баласыз өрдөк талпынса,
Жер канаты куу болот.

Ушинтип ырдаганда ырчыны кыраат тиктеген Мадаминбек ичинен өзүнүн балдарын эстеди. Азыр алар кайда, эмне кылып жатты экен? Саадатычы? Тек ушул калбаалуу күндөр бүтсө кана?..

Ботобай ырчы санат ырларын көпкө айтты. Анан отургандар «ашыглыктан» ырдаңыз деди эле анысы Мадаминбекке да жага берди. Саадатын эстеп аткан. Ботобай тамагын түзөп алып Бейдавасын төгүп кирди:

Авал баар көктөмдө,
Көк чымырап бүткөндө,
Беш бедерлүү гүл чыкты,
Бейпайда жанды күйгүзгөн,
Бейдава деген ыр чыкты.

Ушундай башталат эле анын бул ыры. Өзбек менен түркмөндү аралап эчен-эчен ырдаган бул ыры өзүнө да жакын, улам-улам отургандарга карап жаңы саптарды кошуп ырдап кете берет. Азыр да ошентип жатат.

Көлдөн чыккан көп өрдөк,
Парини көрдүм, Бейдава.
Тоодо кыргыз, чөлдө өзбек,
Баарини көрдүм, Бейдава.
Кош тегирмен жүргүзгөн,
Дордини көрдүм, Бейдава.

Отургандар кайра-кайра сүрөп, сөрүлөргө серүүн түшүп, а түгүл Тажик-Кыштак жактан акырын жел жортуп келе баштады. Ботобой башка ырына өттү:

Кызарган аппак бетиңин,
Актыгын карап отурсам,
Ак тооктун канындай,
Этиңиздин ысыгы.
Арчалуу оттун тавыдай,
Көзүңүз көлдүн сувудай,
Көкүлүң бектин тувудай.
Кашың кара кундуздай,
Көзүң оба жылдыздай,
Өзүңүз пари үр кыздай.

«Көкүлүң бектин тувудай» деген жерине келгенде ырчы дагы бир ирет Мадаминбекти карап койду. Анын бетине кызыл жүгүрүп, ички дилинде кимдир бирөөнү эркелетип жаткансып, же кимдир бирөөгө ээркеп жаткансып жылмаюусу билинип турат. Мындай нурдуу бетти, жылмаюуну Мадаминбектин жигиттери оо көптөн бери көрбөй калышкан. Бадандарга ушундай ысыктык берген ырчы Ботобайга алкыш, Ботобайга балли!

Ботобай тек-жайы Анжиан менен Оштун ортосундагы Кожо-Абаддын Канийа бостондорунан чыккан Жунустун уулу болуп, миң сегиз жүз алтымыш бирде туулган, анан Кудаяр хандын ордо ырчысы Орозаалынын шакирти катары анын эшигинде он үч жыл кызматын кылган, ырчылык өнөрүн үйрөнгөн. Жаш чагында Чолпон деген кызга кушу ашкере түшүп анын айылына барып, тартынбай, тайманбай Ак Чолпонум деп ырга салганда, бейбаш балдар аттан жыгып, атынын куйругун чулуйтуп кесип, маскаралап коё беришкенин калк көп айтышар эле. Советтер чыга электе Сагын бийдин ашында Сатылгандын Токтогулу менен, Аравандагы Мансуркулдун, Маргалаңдагы Сайдаматтын тоюнда өзбектин Молло Тойчусу менен айтышкандарын укканбыз. Ал Парпы апыз, Бала ырчы, Жолдош, Арзылышчу. Ал Парпы апыз, Бала ырчы, Жолдош, Арзыбай, Туяк, Ташмат, Абдымомун, Амира ырчылар менен үзөңгүлөш жүрүп, аш-тойдо ырдап, советтер келгенде анжиандык Жаңыбай паңсат, Самат, Сабыр аттуу жигит курган топторго кошулуп, алардын черин жазып жүрүп, акыры не болгону ачык айтылбайт, кыскасы, Ноокаттын Кара-Ташындагы тага журтуна кайра келип жаткан кези экен. Жоролордо бозо да иччү эмес, жоош, куудул, анан топуктуу киши болгон үчүн ырчылардын баары аны ээрчип жүрчү. Дал ошол Ботобайдын ырын эшитип бак ичиндеги балбан жигиттер «балли», «баллилеп», «өлбө», «өлбөлөп» отурду.

Сөрүдө жайма жай чай ууртап, жемиш жеп жаткан кишилердин ичинен уламалар биринен бири өтүп маселе айтууга кирди:

– Илгери Султан Санжар, – деп сөз баштады бирөөсү, – Марв шаарында бир чоң имарат, көргөндүн көз жоо-

сун алган, туш тараптан келген кербендер кирбей өтө албаган бина курмак болот. Керектүү жыгач-ташын, ылай-гышын бүт толуктайт. Жалгыз гана маңдайкы түркүгү табылбай түйшүк тарттырат. Ар шаардан, ар калаадан издетет, алыс-жууктан ат чаптырып сүрүштүрөт. Издегенин табышпайт. Анан бир ошол эле жердеги кемпирдин үйүндө, авлисинин дал ортосунда түркүккө жарактуу дарак барлыгын узун кулактар айтып келет. Барышат. Көрүшөт. Чын эле устунга жарар узун, түз терек өсүп туруптур. Болгондо да өздөрүндө. Султандын адамдары келип, «ушул даракты бизге сатыңыз» десе, кашайып карыган кемпир көнбөйт. Санжар Султандын даңкы таш жарган, магрыб менен машыркa арзабасы артар ишине жарарын айтса да макул болбойт. Бул кабар Султанга жетет. Санжар Султан марттык кылып казынадан бир табак алтын, бир табак күмүш теңге алып берет. Дарак ээси ага да ийибейт. Ошондо акылман увазир аялга зер чапан кийгизет. Кемпир ийийт. Даракты кесүүгө уруксат этет. Жанагы устун имаратка куп келишет. Өкүмдар аны көрүп ыраазы болот да, бүт айлантып алтын жалаттырып чыгат. Сарай бүткөн күнү жаамы шаар калкы көрүү үчүн көчүп келет. Булар менен баягы кемпир – дарак ээси да жүргөн. Ал аста-секин устундун жанына барып айтат дейт: «Эй, жыгач, түз өскөнүң үчүн өзүң да алтын жамынчы жамындың, мени да зер чапандуу кылдың» деп.

Анын сыңары биз да түз бололу.

Ушинтти да, ал кантер экен деп санаасы санга бөлүнүп аткан Мадаминбекке алдырттан карап койду.

– Ана, карабайсызбы... – деп койду Мадаминбек аны коштоп.

Эми кепти экинчи улама алды.

– Жерден жер, элден эл койбой басып келаткан Искендер паша лашкерлери менен бир күнү Магрыб мамлекетине караган бир шаарга келип жетти. Шаар коргонуна жакындап колун жайды. Баары тынч алып жатканда, кечки пайит сакчыларынын бири Искендерге бир бейтааныш келгенин айтты. Ал ким экен деп сураса, Магрыб султаны жиберген элчимин дегенин да кошумча

билдирди. Кирүүгө уруксат берди. Бейтааныш киши Искендер паашанын өргөөсүнө кирди. Беймарал отуруп, ага багыштап бата кылды. «Ко-ош, бизге айта турган не кебиң бар?» деди аалымды жеңген мүйүздүү пааша. «Нөөкөрлөрүңө айт, колумду байласын да, өздөрү чыгып кетип, экөөбүздү гана жалгыз калтырсын» дейт жанагы келген киши. Падыша ошенттирет. Ошондо элчи болуп келген киши айтат: «Чынында мен элчи эмесмин. Ушул сиз басып кирген Магрыб султанынын дал өзүмүн. Эми алдыңа келген душманың мени кааласаң өлтүр, кааласаң тирүү кой. Эрк өзүңдө!» дейт. Муну угар менен алдындагы өкүмдардын чечкиндүүлүгүнө, эркинин күчтүүлүгүнө ыраазы болду. Өмүрүндө бирөөгө ийилип көрбөгөн шах ордунан ыргып туруп, тиги алдындагы жалооруп турган кишинин көздөрүнөн сүйүп, кызматкерлерин чакырып колун чечтирип, үзүр сурап, кечинде ал кишинин шарапатына деп зыяпат берди. Бул экөөнүн сүйлөшкөнүн жан адам билбеди да, жан киши туйбады. Зыяпат бүтүп эл тарарда Магрыб султаны Искендер шахка кайрылды да, мындай деди: «Эртелеп бүт кошунуң менен ушул майданга тизилсеңер, мен силерге бир той берип, ызаат-урматымды көрсөтөйүн». Буга ааламдын жеңүүчүсү ыкрар кылды. Магрыб султаны түн бою той камын көрдү, түрдүү-түмөн даамдарды бышырды. Таң атышы менен Искендер аскери сап-сап болуп тизилип майданга келди. Келишсе Магрыб падышасынын колу алардыкынан үч эсе көп экен да, курал-жарагы да үч барабар күчтүү экен. Аскерлер ичинде ар бири жүз кишиге моюн бербей турган баатырлары, балбандары да жүрөт. Майдан ортосундагы өргөөгө эки жактын өкүмдары бири-бирин ызаат кыла кирип кетти. Той эки күнэки түнгө созулду. Акыры сый-сыяпат тамам болгондо Искендер шах Магрыб султанынан сурады: «Эй, султан, сенин ушунча аскериң, ушунча курал-жарагың бар экен, бизден үч эсе күчтүү экенсиң, анан неге биз менен согушпай, өзүң келип алдыма жыгылып бердиң?». Аалам паашасы ушинтип сураганда Магрыб өкүмдары мыйыгынан күлүп минтиптир: «Э, аалам паашасы Искендер, мен сенин сан миң аскериңден корккон жокмун, мен сенин бак-саадатыңдан корктум, эгер кимге бакыт жар болсо

анын аскери жеңилбейт, үстөмдүк ошолордо болот. Үстөмдүк деген бул аскерлердин аз-көбүндө эмес». Карабайсызбы?

– Ырас сөз, биз да ынтымак болсок, үстөмдүк биз жакта, – деди Мадаминбек жай гана кобурап. Өзү да бул риваятты жакшы билет эле. Анын Искендер паашанын жөнүндө окубаганы жок. Башкаларга да ошол киши тууралуу аңыздарды окугула дечү, кокус мурда өзү укпагандары болсо кагазга түшүрүп койчу.

– Эми, уламалар, силерге бир масилет сөз бар, – деди Мадаминбек. Тигилер баары үн катпай тыңшап калды.

– Мына кудай буйруса уучубуз кур эмес, учугубуз узарып турат. Наманган, Ош, Анжиан, Маргалаң тараптын көбү биздин колго өттү. Карасакалдан Эргеш, Балыкчыдан Мамажан байбача, эки суу арасынан Байтуман ажы, Оштон имам-аталык Калкожо, андан бери Булак-Башыдан Жуман молло, Валикдан Миркарим, Нурулда максым, Абдылда, Үч-Коргон, Шамалды-Сай жактан Назирбек миңбашы, Арсланбап, Дашман тараптан Токтобай паңсарт, Кум-Арыктан Балтабай, Жазабандан Жусуп палван, Кара-Дөбөдөн Курбан, Варзакдан Абдылдажан дегендер өз-өз жигиттери менен, курал-жарагы менен кошулду. Беш миңдей кол жыйнадык. Дагы кошулабыз дегендер көп. Эми бизге азык-оокат керек, курал-жарак керек. Аны үчүн каражат керек. Аны кайдан табабыз?

– Элден! – Уламалардын бири кыйкырды.

– Эл эмне, эл өзү канын соруп араң туру, – деди экинчиси.

Уламалар кеңешинде ары кетишти, бери кетишти, акыры бир топ чечимди чыгарууну макул табышты.

Алар: большевиктердин жана армян дашнакчыларынын чабуулун күтүп тура бербей, аларга чабуул жасоо; ичтеги тартип бузган жигиттерди шарият соту менен сотоо; басып алынган ар бир айылга аксакалдарды дайындоо, алар аркылуу ошол айылдан алым жыюу, бул алымдан ислам аскерлеринин муктаждыгы үчүн жалпы казынага жиберүү; буларга караган айылдарга сакчылар ды коюп, бийлик жүргүзүү, сырттан кызылдар кире турган болсо, аларды дароо жок кылуунун чараларын көрүү;

кызылдар арасына «узун кулак» тыңчыларды жиберүү; эски Николайга – падышалык орус аскерлерине командирлик кылган кадрларды ишке тартуу, алардын согуштук тактикасын жана куралдарды колдонуу ыкмаларын үйрөнүү; ооган муджахеттерин аскер катарына алуу; мусулман өлкөлөрдөн, асыресе Ооганстан менен Түркиядан жардам суроо, Букар эмири менен бирдикте большевиктерге каршы күрөш ачуу, аларга курал-жарактан каралашкыла деп өтүнүү; кызылдардан бошогон айылдардагы дыйкандарды, кол өнөрчүлөрдү, малчыларды өз-өз иш жайына коюу, алардын казынага акча жибериши үчүн кам көрүү, устаканаларда ок-дары, курал-жарак чыгарууну көбөйтүү; айлыгы миң сомго жетпеген, анысына бир нан араң келген кызыл аскерлерди пул менен сатып алуу; кызылдардын ичине адашып кирип калган, дини исламга берилген дили пак жигиттерди кайра тартуу. Эң акырында Түркстан Ислам Мамлекетин түзүү, аны үчүн аскер санын 50 миң же 100 миңге жеткирүү маселеси көтөрүлдү.

Өнөр үйрөнбөсөк болбойт

1918-жылдын жайы ысык болду. Чызыраган аптапта Мадаминбек тандалма жигиттери менен тоолор тарапка салкындаганы баратып Кар-Бубага кыргыз мазарга келгенде тык токтоду. Дайыма наймандар менен бостондор турган бул кыштактан өткөндө кыя өтө алчу эмес. Буерде бир карында жаткан уялашы бар. Эжеси жетине албай сүйүнүп, жездеси да дыйкан адам, каяктандыр бир козу таап келди. Куш уйку салып жигиттер бир аз сеп алгыча эжеси экөө аны-муну сүйлөшүп алды, өзгөчө улуу эжесинин ыйлап-сыктап жан күйүп атканы, өзүң сыңары эле эл ичинен чыккан жигиттердин сенден бийлик талашып атканы, сени жок кылабыз деп кызылдар менен тил табышып атат дегени ойго салды. Уялашынын Эски-Маргаланда калган келини Саадатка убайым жегени, мында алып келип кой деп кайра-кайра суранганы

Мадаминбектин ансыз да санга бөлүп аткан санаасын дагы көбөйттү.

Эт бышып, колго суу куюларда чылапчын, абдесте көтөрүп бир алп жигит кирди. Отургандар баары эле аны карап калыптыр.

– Бул биздин айылдын мурабы, аты Шер, өзү да шер, – деди жездеси жигитти Мадаминбекке көрсөтүп.

– Кол күрөштүрөлүбү? – деп калды жаны тынбаган Кылычбек.

– Коюң аа, мыйман? – Шер уялып кетти.

Ага болбой эле колун жуубай Кылычбек туруп алды.

– Күрөштүр! – деп койду Мадаминбек да.

Анан ал чылапчынын коюп эле сол колундагы абдестесин таштабай Кылычбекке оң колун сунду.

– Бу биздин мурап эч кимге суу бербейт. Өткөндө өйдөкү айылдын он бир баласын алышка басып коюп, биздин кышлакка суу алып келген, – деп койду жезде өз баатырын күрөшкө салып атканга корстон боло.

Шер менен Кылычбектин кол күрөшү көпкө созулган жок. Кылычбек жабышып, биригип калган, кыпкызыл болгон алаканын ушалап жатып:

– Өлө күчтүү экен, – деди.

– Канча жигитиң бар? – Сулайман токтоо суроо узатты. Бул суроого баары таң кала карашты. «Мында кайдагы жигит» дешип жылмая карашты.

– Беш жүздөй! – Шер ушинткенде мейман болуп келип отургандар оозунда чайнап аткан эттерин жута албай какап калды.

– Эмне иш менен шугулданасыңар?

– Эл кайтарабыз!

– Кимден?

– Кимден болсо да.

– Кайда машыгасыңар?

– Ушул жерде. Эски көрүстөндүн жанында.

– Анан чыкканда ошерди көрсөк болобу?

– Болбой анан. Шер менен Сулаймандын кеби ушуну менен үзүлдү. Тамак желип бүткөндөн кийин баары Шер айткан жерге барды. Бул жерде качанкы бир чеп бар экен. Урап калыптыр. Төрт күлү турат. Төрт бурчунда төрт мунарасы бардай билинет. Анан ураган коргон. Коргонго миндей адам беймарал баткыдай.

– Бек, ушул жерди аскерлер машыга турган полигон кылсак кандай болот? – Сулайман жай сүйлөп Мадаминбекке карады.

Мадамин ары-бери жакты тиктеп, алыс-алыс тоо тарапка, анан пас тарапка бир карап:

– Өзүңүз билиңиз, жайлуу жер болсо, мен жок демек белем, сизге, – деп койду.

Мадаминбектин Сулайманга минтип ишенишинин да жөнү бар. Сулайман Күчүков Орусиянын императордук армиясында кызмат кылган, алардын аскерлеринин командири болгон, падыша колун баштап далай кыргын-сургун согуштарды башынын өткөргөн. Мунусу үчүн Улуу урматтуу Ак паашанын өз колунан көкүрөгүнө орден-медалдарын тагынган, аскердин полковник чинине ээ адам. Өзү болсо тоолуктардан болгон үчүн тоо сырын да, бул жактагылардын үрп-адатын, салт-санаасын да жакшы билет. Ошол Жунус уулу Сулайман 1880-жылы Алайкенге мал айдашып келип, базарда бир нерсе болуп адашып калат. Анан бир башкорт бай багып алат да, баланы жакшы көрүп окутуп-чокутуп, Орунбоорго Неплюев кадеттер корпусуна жиберет. Поручик наамын алып, 1-дүйнөлүк урушта орус армиясынын штаб-капитаны кызматын аткарган жана согуштан жараланып келген.

– Андай болсо мен ушул жерде калайын, кимдин, кайсыл жердин жигиттерине аскер өнөрүн үйрөтүү керек болсо, бул жакка жиберишсин. Анан кандай жаңы курал колубузга тийген болсо, биринчи биз көрөлү, - Сулайман Күчүковдун бул ынтымасы Мадаминбекке да макул келди.

– Буердеги Шермухаммеддин жигиттери силерди кайтарсын, кандай дейсиз, Шер мырза? – деп Мадаминбек айылдык мурапка карады эле ал макул болгондой баш ийкеди.

Ошол күнү кечинде Мадаминбек бир топ жигиттери жана Сулайман Күчүков менен өз армиясынын курамын түзүп чыкты. Бул аскер курамын түзүүдө европалык жана чыгыштык тажрыйбаларга таянышты. Аскерлердин эң башында Амир ал-муслими турат, ал ислам аскерлери-

нин саясый, диний, согуштук жактан өкмөт башчысы болот, бир эле кезде генштабга да башчылык кылат, бул кызмат орундагы адам дини жагынан да баарынан өйдө дан кийинкилер жер-жерлердеги аскер башылар, же элде айтылып калгандай, корбашылар, булар орус аскеринделеги генералдар даражасындагы жетекчилер, Амир алмуслимге гана баш ийет жана көп иштерди, анын ичинде кызыл аскерлерге чабуулдарды уюштурууну жүргүзүшөт жана жигиттердин арасынан кызмат даражаларын тандап берет. Андан кийинкилер паңсаттар, алар полковник даражасындагылар. Аскер жигиттеринин санына жараша жана аймагына карап булардын лашкербашы, токсобо, топчубашы, миңбашы дегендери да болот. Мурда салттуу түрдө кандай айтылып келсе ошол бойдон айта берүүгө мүмкүндүк берилди. Паңсаттар ичинде жүзбашы, амин, кароолбеги деген вазийпалар да киргизилген. Ар бир элде жана кызылдар ичинде айтылып деткен, өздөрү да ошого үйрөнүп калган «корбашы» деген чиндеги адамдардын динден жана согуш илиминен, орус тилинен сабаты болсун дешти. Ошол эле кезде алардын ар биринин өзүнүн желегин, туусун, мөөрүн жасоо керектиги айтылды.

Эртеси таң эртең Мадаминбек Сулайман Күчүковго кошуп усталардан жана тапанча, замбирек, пулемет атуудан тартып, ат минүүгө чейин үйрөтүүчүлөрдөн таап, аларга дубасын берип, Кайкаустун насаатын дагы бир жолу эскертип, анан жөнөп кетти. «Оо, уулум, айкаш жүрүп жатканда шашпай козголуп, өлүмсүктөнбө, жоо сени талкалап, жеңишин тойлогонго жеткирбей аны ташталкан кылып, жеңишинди салтанаттаганга үлгүрүшүң ылаазым. – делген эле ал китепте. – Уруштун ортосунда энөөлүк кылбай, кайра жаныңдын барынча салгылаш. Дегеним, мандайына өлүм келгенин туйган адам үйүндө бейкапар уктай албайт... Согушта бир кадам алга жыла алсаң, кайра эч качан артка чегинбе. Эгер душман курчап алса, урушту токтотпо, бул кезде дале жоо менен чабышып жатып, утуп кетүүгө болот. Жоо сенин майдан талаасындагы эрдиктериңди көрсө, сенден опкоолжуп коркуп калат. Уруш талаасында эч качан коркуп жатканыңды шек алдырба, согуша бер, согушта жалтанбасаң акыры колуңдагы кыска канжар узун кылычка айланат... Амилекин, бейчаки кан төкпө жана мусулмандардын канына забын болбо. Селсаяктарды, уруу-кескилерди, шарият уруксат бергендерди аяба, ал эми айыпсыздардын төгүлгөн каны үчүн оо дүйнө-бу дүйнө жоопкерсиң. Тарткы дүйнөдө кыямат күнү ал айыбың үчүн тозок отуна күйөсүң, бу дүйнөдө атың жаманатты болуп, абийириң кетет. Экинчи жагы, кичүүлөр сенин алдыңда өздөрүн коркуу менен алып жүрөт жана малайларың сенден үмүт үзөт. Анан дагы үчүнчү жагы адамдар сенден алысташат, жек көрүү сезими менен карайт жана бейчаки төгүлгөн кан үчүн тиги дүйнөнүн каргышы урат».

Бул сөздү баары кунт коюп угуп турду. Анан Сулайман Күчүковдун кең далысын таптап:

– Жок дегенде ар эки айда миңден кишини согушка үйрөтүп туруңуз, Алла Таала сизге жар болуп, Азирети Мухаммед пайгамбарыбыз колдосун! – деди кетип жатып.

Мадаминбектин кылчайбай кетип жатканын карап эжесинин жүрөгү эзилип, көзүнөн мончок жашы таамып атты...

***

Ушу тапта Түркстан маселеси оо алыс-алыс жактарда көптүн башын катырып аткан. Бул жаннати мекенде Бухар жана Хива хандыгын кошпогондо 5 миллион 250 миңдей калк жашаган. Алардын 41,1 пайызы өзбектер, 19,3 пайызы казактар, 10,8и кыргыздар, 7,7си тажиктер, 4,7си түркмөндөр, 1,4 пайызы кара калпактар болуп, европалыктар 7 пайыздын тегерегин түзгөн. Ошол калк курамынан 5-Бүткүл Түркстан советтер съездинде Түркстан Автономном Республикасын түзүү тууралуу добуш бергенде 263 мандат эсептелген, башкача айтканда, 90 пайыздан көп калкы бар жергиликтүү эл 50дөй гана добушка ээ болуп, 7 пайыздай калктан шайланган европалыктар 220дай киши болгон.

1918-жылы июнда Түркстан большевиктер уюмунун 1-съезди өтүп, анын Борбордук Комитетинин төрагасы И.О.Тоболин болгон. БКнын жети мүчөсүнүн бирөө гана жергиликтүүлөрдөн эле.

нин саясый, диний, согуштук жактан өкмөт башчысы болот, бир эле кезде генштабга да башчылык кылат, бул кызмат орундагы адам дини жагынан да баарынан өйдө туруп, жума жана айт намаздарда имамдыкка өтөт. Андан кийинкилер жер-жерлердеги аскер башылар, же элде айтылып калгандай, корбашылар, булар орус аскериндеги генералдар даражасындагы жетекчилер, Амир алмуслимге гана баш ийет жана көп иштерди, анын ичинде кызыл аскерлерге чабуулдарды уюштурууну жүргүзүшөт жана жигиттердин арасынан кызмат даражаларын тандап берет. Андан кийинкилер паңсаттар, алар полковник даражасындагылар. Аскер жигиттеринин санына жараша жана аймагына карап булардын лашкербашы, токсобо, топчубашы, миңбашы дегендери да болот. Мурда салттуу түрдө кандай айтылып келсе ошол бойдон айта берүүгө мүмкүндүк берилди. Паңсаттар ичинде жүзбашы, амин, кароолбеги деген вазийпалар да киргизилген. Ар бир элде жана кызылдар ичинде айтылып кеткен, өздөрү да ошого үйрөнүп калган «корбашы» деген чиндеги адамдардын динден жана согуш илиминен, орус тилинен сабаты болсун дешти. Ошол эле кезде алардын ар биринин өзүнүн желегин, туусун, мөөрүн жасоо керектиги айтылды.

Эртеси таң эртең Мадаминбек Сулайман Күчүковго кошуп усталардан жана тапанча, замбирек, пулемет атуудан тартып, ат минүүгө чейин үйрөтүүчүлөрдөн таап, аларга дубасын берип, Кайкаустун насаатын дагы бир жолу эскертип, анан жөнөп кетти. «Оо, уулум, айкаш жүрүп жатканда шашпай козголуп, өлүмсүктөнбө, жоо сени талкалап, жеңишин тойлогонго жеткирбей аны ташталкан кылып, жеңишиңди салтанаттаганга үлгүрүшүң ылаазым. – делген эле ал китепте. – Уруштун ортосунда эңөөлүк кылбай, кайра жаныңдын барынча салгылаш. Дегеним, мандайына өлүм келгенин туйган адам үйүндө бейкапар уктай албайт... Согушта бир кадам алга жыла алсаң, кайра эч качан артка чегинбе. Эгер душман курчап алса, урушту токтотпо, бул кезде дале жоо менен чабышып жатып, утуп кетүүгө болот. Жоо сенин майдан талаасындагы эрдиктериңди көрсө, сенден опкоолжуп коркуп калат. Уруш талаасында эч качан коркуп жатканыңды шек алдырба, согуша бер, согушта жалтанбасаң акыры колуңдагы кыска канжар узун кылычка айланат... Амилекин, бейчаки кан төкпө жана мусулмандардын канына забын болбо. Селсаяктарды, уруу-кескилерди, шарият уруксат бергендерди аяба, ал эми айыпсыздардын төгүлгөн каны үчүн оо дүйнө-бу дүйнө жоопкерсиң. Тарткы дүйнөдө кыямат күнү ал айыбың үчүн тозок отуна күйөсүң, бу дүйнөдө атың жаманатты болуп, абийириң кетет. Экинчи жагы, кичүүлөр сенин алдыңда өздөрүн коркуу менен алып жүрөт жана малайларың сенден үмүт үзөт. Анан дагы үчүнчү жагы адамдар сенден алысташат, жек көрүү сезими менен карайт жана бейчаки төгүлгөн кан үчүн тиги дүйнөнүн каргышы урат».

Бул сөздү баары кунт коюп угуп турду. Анан Сулайман Күчүковдун кең далысын таптап:

сүрүп, «туяк пулу», «чөп пулу», «ооз пулу», «кан пулу» дегендей ондогон алымдарды алып, мужуктар мурда мал жайылып жүргөн жерлерди ээлешип, ал жерге асал аарылардын жашыктарын коюп, кокус көнгөнү боюнча жергиликтүүлөрдүн малдары кирип барса, «штраф» дегенин чыгарышты. Келгиндер колбала арагын чыгарып, мас болушуп, аял-эркеги чогуу дасторконго отуруп, таң атканча ырдап-бийлеп, улуу-кичүүнү барк албай, жарым жылаңач ылдый жактан эл ичкен сууларга түшүп, пара дегенди үйрөтүп, кыргыздардын эшен, калпа, манап дегендерин да тоготпой...

Акыры азап кыйнап, миң сегиз жүз токсон алтыда Көк-Артта элеттин элдери топтолуп, маселени хал кыла албай Ийикчи эшенге бармак болушат. Арасында манаптар жана манапзаадалар болуп, бир гана талабы – мужуктардын эзүүсүнө каршы экендигин айтып даттанышкан. Ошол жерде Шадыкан баатырдын небересин өздөрүнө башчы кылып да алат. Жыйырма беш өкүл Миң-Дөбөгө эшендин астына келип, мужуктардын поселкаларына кирип, баарын ат менен бастырып кетебиз, биздин жаныбызга тийди, биз ээн-эркин жүргөн элбиз, эгер кечээ эле келип төрүбүздү талашкандар болсо алар менен кашык каныбыз калганча кармашабыз, сиз гана казатка уруксат бериңиз дешти келгендер.

Ийикчи эшен ойлонду. Көпкө ойлонду. Намыстуу жигиттер бар экенине, тоолуктардын дымагынын күчтүүлүгүнө, жүрөктөрүнүн өлбөгөнүнө ыраазы болду. Бирок бул да кооптуу болчу. Орусия деген кылкылдап жаткан улуу дөөлөт, артында куралданган аскери бар экенин бу бир ууч атчандар ойлошмок беле. Андыктан да бир аз сабыр кылгыла, азыр бурсат келе элек, баары бир Николай зулумунун кордугунан суурулуп чыгабыз, Алла ишибизди колдосо силер эле эмес шаарлыктарды да үгүттөп бүт баарыбыз бирдей чыгабыз, газаватты бир убакта, бардык жерде бирдей баштайбыз дегендей насааттарын айтып жигиттерди тоолоруна кайтарды.

Бир жыл өтүп Кетмен-Төбө жана Көк-Арт өрөөнүнүн кыргыздары бир ашта миңдей жигит топтолуп, мужуктарга күжүм кылабыз деп Чыйбыл болуш менен казы

найыбы Молдо Рахматилланын тегерегине баш кошуп, болгон куралын, союлдарын алып, буйрук күтүп даяр турушту. Каапырларга каршы казатта өлгөндөр шейит болуп, түз эле жаннатка түшөт деп молдолор айтса, Сатылган уулу Токтогул сыяктуу акындар элди эркиндик үчүн күрөшкө үндөп жүрдү. Чакырык ашка Ийикчи эшен да келди. Падышалык бийликтин адамдары да аралашты. Алар тергөөгө ала баштады. Бул жолу да иш баш талбады...

Кийин Ийикчи эшен кеңешкенге жана маселени биротоло чечкенге миң сегиз жүз токсон жетинин шаввал айдын он жетисине Миң-Дөбөгө – өзүнүн сопуканасына чакырып бир нече кишиге кат жиберди. Ал каттар Ошко Курманжан датка менен анын уулу Камчыбекке, Жакып акун аалымга, Анжианга жаамы мечитинин башчысы Мухаммед Али бай Калмырза бай уулуна, мударистер башчысы Самийге жана Калыкберди дамбылдага, Маргаланга Мухаммед Жусуп эшен менен Сайид Акмат кожого, Наманганга Йака хан төрө менен Кадыр кожо ажыга, дагы-дагы башка зобололуу кишилерге жиберилди.

Катты Мадали эшендин атынан Зыйабидин максым өзү колу менен жазды. Көп жерин чийип, толуктап, кайра ондоп отуруп жазды. Анда «Мусулмандардын эч бири бул залимдердин эзүүсүндө калууну каалабастыр. Шаарлар өзбектерге тар болгондой, тоолор кыргыздарга, элеттиктерге тар болду, балким Түркстан мусулмандарга тарлык кылды. Эмне кылабыз, ылаажыбыз жок. Колубузда эч нерсе жок. Жетээрлик жарак жана казына жок. Эмнеси болсо да иштин акыбетин ойлоп, бей-бечаралардын тилегин аткаруучуларды колдойбуз» деп мискин жана карып Махмудали» деп айтылган эле.

Ушундан түшүнгөндөр түшүнсүн дешти.

Айтылган күн келип, Шаввал айдын он бешинде (9-март) Көк-Артта кыргыздар кылкылдап топтолуп, чакырылгандардын бир тобу Миң-Дөбөгө келип, калк жакшылардын бир ооз сөзүн күтүп турган. Элеттиктер келгиндер менен мамилесин үзүп, мужуктардын чайырлери менен малайлары поселкаларды таштап кетти, мурда алардын кол алдында иштегендер карыздарын

үздү. Бул падышачылыктын төбөлдөрүнө угулбай койдары менен камсыздай баштады, алар топтошууга өттү.

Миң-Дөбөдөгү эшендин ханаканасында болсо элеттик кыргыздардын чабуулун колдоо-колдобоо тууралуу ар кыл каттар окулуп жатты, шаарлыктардын айрымдары ачык эле коркконун билдирсе, кээ бири силер баштай бергилечи, анан көрөрбүз деп койду. Канткен менен көпчүлүк элбашылар Мадали эшендин кыргыз менен кыпчакты, кашкарылар менен тажиктерди, түрктөр менен шаардык сарттарды шарият жолуна тартамын, жерди баскынчалардан азат кыламын деген ою ишке ашарга аз калды, кудай буйруса, түрк султандары да жардам колун сунууга макул болду дегени шерденттти.

Он эки журт башына кол койдуруп, он үч мөөр менен тастыктаган жашыруун келишим Баргана ойдуңунун ар бир айылынан Миң-Дөбөгө келип жетти. Журт башчылар, ошол эле кезде казатты баштай тургандар булар болду: Анжиандын ичкилик болуштугунун болушу Баатыр миң башы Нармат уулу, ошол эле аймактын казылыгынан Акмат молдо наиб Мырза уулу, Айтпай токсобо, айыл башы Молдо Касым амин, Арзыкул паңсат, Мухаммад Ибраим токсобо паңсат, Кулу болушу Молдо Гайыпназар Артык уулу, Алибек датка, Кайып кожо Мухаммад Мурат уулу, Сатыбай мырза, Зыйабидин максым, Өмүрбек датка.

Эрте баарда баштала турган газават аттар арык болот деп бир-эки айга жылдырылды, ал аралыкта Мадали эшен эки кыргызды Курбанбай молдону калпа деп жарыялап, Курбанкулга жүз токсон кат берип, Эки-Суу арасындагы кыргыз айылдарына ат чаптырды, анда казатты качан баштоо керектиги так айтылды.

Миң сегиз жүз токсон сегизде, жавза (май) айдын он биринде Көк-Арттан эки жүз киши Миң-Дөбөгө келди, аларга ар жерден кошулуп отуруп беш жүзгө жетти.

14-майда эшен жашыруун аскерий жыйын өткөрүп, анын чечимине ылайык Бакир Нурмат уулу менен Инаяткан төрө Маргаландагы, Өмүрбек датка Бекмурат уулу Оштогу, Мадали эшен, Кайыпназар, Зыйабидин максым

баштаган топ Анжиандагы орус аскер лагерлерине кол салмакчы болду. Элге тийбей, аскерлерди алсыратуу, курал-жаракка ээ болуу планы түзүлдү.

Ийикчи эшен Көк-Артка Чыйбыл болушка кабар жиберди, ал жакта Атакул паңсат да бар, жолго чыккыла, Асаке жанында кезигишебиз деди. Ал жактан болсо азирети эшен бул жакка чыга берсин, биз жер-жерлерде-ги мужуктарды тындым кылып, Анжианга келебиз деген жооп келди. Баары башталды. Миң-Дөбөдө Ийикчи эшенди ак кийизге салып көтөрүп, такбир айтышып, Дулдул деген атына мингизип хан көтөрүп жиберди.

Орус поселкалары Чыйбыл болуштун жигиттерине бош келбеди, алар бүт кураланып алган экен, союлкөтөргөн кыргыздарды көп эле жакын жолото коюшпады.

17-майда Миң-Дөбөнүн Тажик кыштагындагы эски мечитке миңден ашык адам жыйылды, имамдыкка эшен өзү өттү, намаз бүтөрү менен эле минтип сүйлөп кирди: Азиз, мусулмандар! Бурадарлар! Баарыңарга маалым болгондой, журтубуз мусулман, калк мусулман, хан мусулман, шарияттын өкүмү ачык, буйругу дайын. Өкүмдү Алла Таала өзү билет, биз Жараткандын колундабыз. Журтубузга орус келди, каапырлардын бийлигине өттүк. Кудаярхандын ордуна Кауфман, Өмөрхандын ордуна Черняев келди. Баргана хандыгына Москөө падышалыгы, ак пааша өкүмдар болду. Орус отан журтту басып алып, тилибизди өзгөртту, эми аста-аста динибизди өзгөртүүгө кириштти. Келгенине отуз жыл болуп-болбой орустар мусулманга жеп-ичкенди үйрөттү, адал менен арамдын айрымасы калбады. Казылар мойнуна крест тагында баштады. Шариятыбыз кордолуп, мусулманчылык карып болду. Эркиндигибизден ажырадык! Сөзгө сөлтүк болдук!

Азиз, мусулмандар! Буларга өзүбүз себепкербиз. Азыркы абалыбызга Алла да, азирети пайгамбарыбыз да ыраазы эмес. Бул кулдукка жана баскынчылыкка ким эле ыраазы болсун. Азиздер, ушинтип жүрө берсек, бу каапырлар төбөгө чыгат!

Эчен улуу дөөлөттөрдү тикелеген биздин шер жана балбан бабаларыбыз бул тымпыйып жатканыбызды кечире албайт. Кана биздин күч, кана кубат, кана ата-баларыбыздан калган даанышмандык? Бизге эмне болду, кандай күндө калдык?!

Төрт жүз аалымыбыз бар эле. Бардыгы мусулман, баарысы түрк авладдари, баарынын аты Мухаммад. Баарысы ханафий. Бир динден, бир агымдан, бир ысымдан, бир топуракта, Түркстан топурагында ушунча аалымдын чыккандыгы мурда жер ааламда болбогондур!

Түркстандыктар ушунубузга мактанабыз! Ушунубузга сыймыктанабыз! Ошондой ата-бабаларыбыз жашап өтсө да биз майдаланып, осол болуп, тебеленип, уктап жатабыз!

Чыныгы түркстандык болсоңор жихадга чыккыла! Жихадда өлсөк шейит, өлтүрсөк газыбыз! Жихад! Жихад!

Эшен ушинтип айтканда намазга келген миңден ашык адам «жихад, жихад, жихад» деп кыйкырып жатса, кээ бирлери уңулдап ыйлап, кээ бирлери тообо келтирип, отурганы отуруп, турганы туруп, мечит эле эмес, маалалардын баарын дүрбөлөңгө түшүрүп жатты...

Миң-Дөбөдөн куптан намазын окуп, караламан көпчүлүк газаватка аттанды. Бир топту Мадали эшен өзү Дулдул атын минип баштады. Экинчи топту сексен таяп калса да ал-күчтөн тая элек максым Зыйабидин Шарип уулу ээрчитти. Ал да ушул эле Миң-Дөбөнүн үстүнөн, Жүлгө деген айылдан. Кезегинде Кокон паашаларынын тарыхнаамасын жазган билимдүү, такыба киши. Максым ичкилик кыргыздарына өзгөчө өтүмдүү болгон.

Үчүнчү топ болуп Кулудан Кайыпназар Артык Сопу уулу колу менен кошулду.

Газаватчылар орок, келтек, найза, мылтык, канжар, кылыч, иши кылып колуна эмне келсе, ошону алып орустарды келген жагына кетирүүгө, жөөсү жөө, атчаны атчан камынып чыкты.

Миң-Дөбөдөн чыккандар түндөп жүрүп таң үрөң-баранда Анжиандын четине – Чокандга жете келди. Келди

да жаалданган топ Ооган бактагы аскердик казармага кол салып, жыйырма үч солдатты жайран кылды. Лекин көтөрүлүшчүлөрдөн да көбү өлдү. Аларды эч ким санаган да, эсепке алган да, ак кепиндеп көмгөн да жок.

Анан эмне болду? Эмне болмок эле, өз жерин коргойбуз деген адамдардын канаты кагылды. Фергана шаарынын аскер башчысы Чайковский мыкты куралданган 250 жоокери менен келип Анжиандын жаңы шаарын тыптыйпыл кылып, мусулмандардын канын агызды. Аларга башка шаарлардан дагы чакыртылган падыша аскерлери кошулду. Селде, ак допу кийип жүргөндөрдү «сенин эшен» деп уруп, камап, сураксыз ата берди. Эл базарга чыга албай калды, бири-бирин сатмай, кыз-келиндерди зордуктамай, мечит-медреселердин күлүн көккө сапырмай шаарлыктардын үшүн алды. Солдаттар өздөрү өлтүргөн өлүктөрдү кайра тууганларына сата баштады. Көмүлбөгөндөр карга-кузгунга жем болду, көркөө иттер көбөйдү.

Эшен качып кетти. Фергана губернатору эшен кармалбаса Анжиан уездин бүтүндөй окко алам деп каарданды. Миң-Дөбөнү, андагы Ийикчи эшендин авлисин үч саат аткылап, жолуккан адамды өлтүрүп, мал-мүлкүн аскерлер талап кетти. Бул жыйырма үч жоокердин куну үчүн эки миң кишини камап салды, алардын көбү кыргыздар болгон. Акыры бир нече күндөн кийип Жакып саркар менен Кадыркул миңбашы амал менен Кызыл-Үңкүр менен Арсланбап-Атанын айрылыш таш көпүрөсүнөн эшенди кармап алат. Ошондо эшен «мени оруска кармап берген колуңар менен өз башыңарды уруп, сөккөн оозуңар менен өз денеңерди өзүңөр тиштегилеп жатып өлгүлө» деп каргаган экен, кийин экөө орустар убада кылган мансапка жетип, акыры эшендин каргышындай болуп өлгөн дешет.

Зийабидин максым бир топ жигиттерин ээрчитип, орустун буту баспас жакка – Кашкар тарапка ооп кетти...

Эшен кармалгандан көп узабай июндун он экисинде Анжиандын жаңы шаар майданына бийиги сегиз-тогуз кулач келген сегиз дар орнотту, калаа калкын зордоп айдап келди, алар сегиз жүздөй чоң адамдар болсо, дагы

эки жүздөй жаш балдар эле, баары ушул хадисаны көрсүн, падыша бийлигине каршы чыккан кандай болорун билсин, жүрөктөрү биротоло өлсүн дешти.

Ийикчи эшен дар алдында унчукпай башын жерге салып тура берди. Кимдир бирөө «Эй, мусулмандар! Күбөө болгула, мен айыпсыз асылып жатам. Мага бул төрөлөр зулум кылды...» деп баштады эле эки солдат келип мылтыктын кундагы менен төрт-беш жолу урду эле анын да башы шалак этип, унчуга албай калды. Асылгандардын ичинен кимдир бирөөлөр ак жеринен кетип жатканын айтса, кимдир бири бала-чакасын дайындап атты, кимдир бирөө зулумчулур жок болсун деп бата кылгыла десе, балдардын «атакелеп» кыйкыргандары угулуп турду...

Ошентип кырк беш жаштагы Мухаммадали калпа Мухаммад Сабыр уулун, же Мадали эшендин, отуз үч жаштагы Рустамбек Сатыбалды уулунун, элүү экидеги Субанбек Арабай уулунун, отуз алтыдагы Ботобай Кайыпбай уулунун, кырк бештеги болуш Кайыпназар Артык уулунун, кырк төрттөгү Мырзахамдан Осмон уулунун дарга асылышы кимдир бирөөлөр үчүн ажал болсо, кимдир бирөөлөр үчүн сабак болду, кимдир бирөөлөр үчүн оюн болду...

Он сегиз адам дарга асылды. Калп эле ырайым калган болушуп үч жүз кырк төрт адамдын өлүм жазасын Сибирь сүргүнү менен алмаштырышты.

Миң-Дөбөгө барган аскерлер адамдар калбай калып, тоок менен иттерди да ата баштады, элинин өлгөндөн калганы Маргалаң менен Ошко, Наманганга качты. Миң-Дөбөгө уезд акими өзү келип, тыптыйпыл болгон үйлөрдүн араларын өлчөп-ченеп, саржандап, жаңы көчөлөрдү чыгарды. Бир ай өтүп-өтпөй арабаларда ичкери Орусиядан мужуктар, «жер ээлери» келе баштады. Бул жердеги падышанын төбөлдөрү аларды «Кош келиңиздер, мархамат» деп, Миң-Дөбө аты өчүп «Мархамат» аталып калды.

Мына ушул, жигиттер, Мархаматтын тагдыры. Ал жерди эл азырга чейин «Орус кыштак» деп атагандыгы ошондон».

Тарыхчы, санжырачы, аалым ушинтип сөзүн аяктады.



Автор (оңдо) кызыл-кыялык аалымдар Миталип Тайиров жана Манас Тешебаев менен Мадаминбектин мүрзө башында, 2012-жыл, июнь.




Кароол айылындагы Садыр миңбашынын супасы



Мадаминбек жана
М.В.Фрунзе мусулман
аскерлерин кароо учурунда
1920-жыл, март




Мадаминбек орус
аскерлери менен
келишим түзүп жатат



Шыгайдагы Мадаминбектин бейитиндеги эстелик



Мадаминбектин каны чачыраган таш



Ташка Батпас туз алган жалгоо



Европалык туткундар салган Исфайрам боюндагы жолдун нугу



Мадаминбектин кабырын карап жүргөн Акбар Шамшиев

Жигит башы оор улутунуп турган колго карап:

– Шам киргенде жолго чыгып, ошол Мархаматка кирип, ал жердеги большевиктерди талкалайбыз! Бектин тапшырмасы ушундай! – деди.

Баары бул ойду макул көрдү да, аттарын, куралдарын даярдай баштады.

Момун да эртелеп Мархаматка барганы, ал жерден атасынын өчүн алып кызылдардын таш талканын чыгарганы ээлигип турду...

«Мархамат» дебеген Мархамат

Момундар эки жүздөй киши менен шаардын түндүгүнөн – Төө-Моюн жактан кирмек болду. Асака жактан, Араван жактан, Кува жактан болуп, бир убакта «орус шаарга» алты миңдей жигиттер басып кирди, аларга шаар четинен эки миңдей дыйкан кошулду. Сегиз миңдей адам орус кыштак – Мархаматты, же Момундар айткандай Маарабатты басып калды. Басып алганда орустар качып кеткен экен, а түгүл кызылдардын командири Сафонов да отуздай аскери менен түн жамынып, Скотоноп, алганын алып, темир жолду да, почтаны да талкалап, кызылдардын байланыш жолдорун үзүп, жакынлуна өтөрүн шардана кылып, жума күнү шаар мечитинде миңдеген жигиттер намазга жыгылды.

Бул жолу Момун эңсеп келген Мадамин бекти да, орустарды да, кызыл аскерлерди да көрбөдү.

Андан кийин Мархаматты алган жигиттер майда-майда болуп бөлүнүп, ар кайсыл шаарлардан большевиктерди кууп чыгууга кетишти...

***

Бир жолу жүздөй жигиттердин тобу түн жамынып жөнөп Куба-Сайдын көчөлөрүн аралоого аз калганда кимдир бирөөлөр буларды сатып койгон белем, буктурмада

жаткан кызылдардын пулёмоттору тытырап кирди. Момун орто тушта бара жаткан. Октор жалын чачып, жанынан өткөндө эле аттар кошкуруп, бир убакта атына ок тийип, өзү учуп түштү. Октор дале атылып, жигиттер да мылтыктарын алып тигилерге айбат көрсөтө баштады. Момун арыкка учуп түшкөн экен, оң буту ооруксунуп, ары жакта жаны чыгып аткан атына сойлоп жети. Дал ошол учурда үстүндөгү адамы окко учкан бир аттын кошкуруп жанына келип калганынан пайдаланды да, ага ыргып минери менен жигит башы:

– Кайткыла! Артка! – деп кыйкырды.

Тирүүлөрү аттарын чаап келген жол менен кайрадан карацгыга сиңип кетти...

Момун согуш эмне экенин, ок эмне экенин ошондо түшүндү...

Таң атары менен артыбыздан куугун келет деп жигит башы булардын тез жүрүшүн талап кылды, ээн жолдор менен жүрүп, эртеси кечинде Сохко келип, андан тоо койнуна сиңип кетти.

Зардалинин ичиндеги Жылуу-Сууда өргүү алышты. Элүү-алтымышы капчыгай өрдөп жогору кетти да, төртөө, анын бири Момун ошол жерде тосотто калды. Булар кызылдардын жолун тосмок, келе жатса, жогорудагыларга кабар бермек. Неге эч ким таппас тоо ичине келди, неге булар мынчалык шашып калды деп ойлонуп Момун жообун таппады.

Жигит башы гана:

– Куралданбасак, күчтүү, чарчабас аттарды таап, пулёмот, мылтык, тапанча таппасак болбойт экен, – дегенинен эмне ошолор ушул тоолор арасында бекен деп тим болду. Көрсө алар башка максатта келиптир. Ал Жылуу-Сууда калган жигиттердин айтканынан улам дайын болду.

Бул тарых төмөндөгүдөй эле...

Эмир байлыгын издегендер

Мындан эки жарым миң жыл абал эле Букар ордолуу шаар аталган.

Тарых өкүмзорлугу талкалаган алкакта бирде толуп-ташып, бирде төгүлүп-күүлүп саманийлер менен селжуктар, шайбанийлер менен аштарханийлер династиясынан бири кыйрап күл болуп доодолонгондо ошол күл ичинен кайра экинчиси баш көтөрүп, соңку кылымдарда бийлик башына маңгыттар келет. Бу жерлерде бийлик башына келүү деген байлык топтоо дегендик, амалга турдуңбу, болду, агылып ар тараптан алтын-күмүш өзү эле келе берет. Ошол маңгыттардын алымдуусу Шаамурат же Мурат шах тууралуу азырга чейин аңыз кеп эл ичинде каалгыйт.

Ал эки тизгин бир чылбырды колго алган соң сары тыйын артынан түшүп, шалбыраган эски-уску кийим кийип, тытылган, сөмтүрөгөн акыбалда айыл аралап, уруштарда аттар менен аскерлер арасында түнөп, кетмен чаап, оокатын кылып, эптеп кардын тойгузуп, имарат курбай, конок-сыйга барбай бир гана максат-ниет менен – байлык топтоо максаты менен жашады. Ошол кезде даңктуу өлкө Марвды талкалап, урушта колго илингендин бирин калтырбай Букарга ташытат, бу мелат.

Дүйнө-мүлк деген ушул экен. Таптыңбы, дагы табам менен убарасың, аз дүйнөңдү көбөйтөм деп жүрө бересиң. Сеники дайыма башканыкынан аздай көрүнүп туруп алат. Адам ушуга азгырылат, ушуга алданат. Шайтан деген неме кишини ушинтип минет.

Букардын хандары, эмирлери биринен бири ачкөз, биринен бири дүйнөкор болуп чыгат, жер чегин кеңейтип, элин эзип, алык-салык түрлөрүн эсепсиз көбөйтөт. Ошентип XX кылым келип, эмирликтин жүрөгүнүн акыркы деми согуп атканда бу мамлекетте үч миллиондой калк болгон, аларды отуз үч миңдей киши башкарып бир үндө кыйкыртып, бир билек кылып, былкылдатпай кармап турган. Балким дүйнөдөгү эң өкүмзор өлкө ушул-

жаткан кызылдардын пулёмоттору тытырап кирди. Момун орто тушта бара жаткан. Октор жалын чачып, жанынан өткөндө эле аттар кошкуруп, бир убакта атына ок тийип, өзү учуп түштү. Октор дале атылып, жигиттер да мылтыктарын алып тигилерге айбат көрсөтө баштады. Момун арыкка учуп түшкөн экен, оң буту ооруксунуп, ары жакта жаны чыгып аткан атына сойлоп жетти. Дал ошол учурда үстүндөгү адамы окко учкан бир аттын кошкуруп жанына келип калганынан пайдаланды да, ага ыргып минери менен жигит башы:

– Кайткыла! Артка! – деп кыйкырды.

Тирүүлөрү аттарын чаап келген жол менен кайрадан караңгыга сиңип кетти...

Момун согуш эмне экенин, ок эмне экенин ошондо түшүндү...

Таң атары менен артыбыздан куугун келет деп жигит башы булардын тез жүрүшүн талап кылды, ээн жолдор менен жүрүп, эртеси кечинде Сохко келип, андан тоо койнуна сиңип кетти.

Зардалинин ичиндеги Жылуу-Сууда өргүү алышты. Элүү-алтымышы капчыгай өрдөп жогору кетти да, төртөө, анын бири Момун ошол жерде тосотто калды. Булар кызылдардын жолун тосмок, келе жатса, жогорудагыларга кабар бермек. Неге эч ким таппас тоо ичине келди, неге булар мынчалык шашып калды деп ойлонуп Момун жообун таппады.

Жигит башы гана:

– Куралданбасак, күчтүү, чарчабас аттарды таап, пулёмот, мылтык, тапанча таппасак болбойт экен, – дегенинен эмне ошолор ушул тоолор арасында бекен деп тим болду. Көрсө алар башка максатта келиптир. Ал Жылуу-Сууда калган жигиттердин айтканынан улам дайын болду.

Бул тарых төмөндөгүдөй эле...

Эмир байлыгын издегендер

Мындан эки жарым миң жыл абал эле Букар ордолуу шаар аталган.

Тарых өкүмзорлугу талкалаган алкакта бирде толуп-ташып, бирде төгүлүп-күүлүп саманийлер менен селжуктар, шайбанийлер менен аштарханийлер династиясынан бири кыйрап күл болуп доодолонгондо ошол күл ичинен кайра экинчиси баш көтөрүп, соңку кылымдарда бийлик башына маңгыттар келет. Бу жерлерде бийлик башына келүү деген байлык топтоо дегендик, амалга турдуңбу, болду, агылып ар тараптан алтын-күмүш өзү эле келе берет. Ошол маңгыттардын алымдуусу Шаамурат же Мурат шах тууралуу азырга чейин аңыз кеп эл ичинде каалгыйт.

Ал эки тизгин бир чылбырды колго алган соң сары тыйын артынан түшүп, шалбыраган эски-уску кийим кийип, тытылган, сөмтүрөгөн акыбалда айыл аралап, уруштарда аттар менен аскерлер арасында түнөп, кетмен чаап, оокатын кылып, эптеп кардын тойгузуп, имарат курбай, конок-сыйга барбай бир гана максат-ниет менен – байлык топтоо максаты менен жашады. Ошол кезде даңктуу өлкө Марвды талкалап, урушта колго илингендин бирин калтырбай Букарга ташытат, бу мелат.

Дүйнө-мүлк деген ушул экен. Таптыңбы, дагы табам менен убарасың, аз дүйнөңдү көбөйтөм деп жүрө бересиң. Сенике дайыма башканыкынан аздай көрүнүп туруп алат. Адам ушуга азгырылат, ушуга алданат. Шайтан деген неме кишини ушинтип минет.

Букардын хандары, эмирлери биринен бири ачкөз, биринен бири дүйнөкор болуп чыгат, жер чегин кеңейтип, элин эзип, алык-салык түрлөрүн эсепсиз көбөйтөт. Ошентип XX кылым келип, эмирликтин жүрөгүнүн акыркы деми согуп атканда бу мамлекетте үч миллиондой калк болгон, аларды отуз үч миндей киши башкарып бир үндө кыйкыртып, бир билек кылып, былкылдатпай кармап турган. Балким дүйнөдөгү эң өкүмзор өлкө ушул-

дур: элден кырктан ашык түр өнүм өндүрүлгөн, жерден алынган түшүмдүн бештен бири, малдын кырктан бири жеке эмирге, анын Букардагы Арк жертөлөөсүндөгү казынага асыл таш, дагы башка күйбөс байлык катары жиберилген.

Соңку кезде жылдык киреше отуз миллион алтын акчага жетип, анын он пайызы аскер кармоого жумшалган. Мунун баары караламан калктын көз жашынан, өлүмүнөн, өксүүсүнөн чыккан. Жаамы салтанатты жыйырма алты бектикке бөлүп, ошолор башкарып турган. Салык төлөөчүлөр итке минип, эмирлик болсо алардын эсебинен ашкере байып аткан кезде тарых дөңгөлөгү күргүштөгөн агым сууга туш келип, тайгаланып аткынын ким ойлосун. Эмирликтин тагдыры устаранын мизине коюлду, же ары, же бери болуу керек эле.

Букар эмирлиги Падышалык Орусия вассалы катары Германия менен согушуп жаткан орустарга отуз миллиондон ашык каражат берген, дагы башка жардамдарын аябаган. Аны үчүн Букар эмири Орусия өлкөсүнүн өтө жогорку сыйын – «Белый орел» жана Александр Невский ордендерин алган.

***

1917-жылдын шамалы Чыгышка согуп, Орусиядан Чыгышка көчүп атканда, хан тагынын алды чирип, карбаластап калганда жүз жылдап жыйнаган маңгыттар казынасын кайда катар айласын таба албай Саид Алым хандын амалы алты эмес, алтымыш болду. Ойлобогон ою, тартпаган санаасы калбады. Өмүрдөн алтындар өйдө көрүнөт, байлыктан адамдык паска түшөт.

Эмир Саид Алым хан Орусиянын Ирандын Мешхед шаарындагы элчиси Никольский менен сүйлөшүп, казынасын Британияга каттыруунун камын жейт. Аяктан колдоо таппайт. Ошондо ойлоп-ойлоп отуруп дервиштердин чыгааны Дооронду таптырып, анын акылгөйлүгүнө, кара аламан топтон жыра тарткан өжөрдүгүнө ишенип Кашкардагы Англия элчиканасына жиберет. Көптү көргөн куу дервиш ит туйбас ашуулар менен жүрүп, Кара-

Тегин, Алай аркалуу Үрүмчүгө өтүп, Чыны-Бакка келип, элчи, Букар эмиринин эски таанышы Петтэ Эссертонго аманат катты калтырат. Петтэ болсо ойлонуп-ойлонуп жүз атка жүктөлөр байлык ошондон ушуга кетенче соо калбасын, келген күндө да биердеги ынкылапчылар талап-тоноп кетерин түшүнөт да, эски досунун көңүлүнөн өтө албай ылтымас катын Индустанга – Делидеги чоңуна жиберет, байлык жалпысынан он эки-он беш фунт стерлинг же ошол кездеги жүз элүү миң акча деген бирдик менен бааланат.

Көрбөйсүзбү, ошол жыйырманчы кылым башында байлык топтогон калк кара жанына ээ боло албай камалып, кара алачыктан чыкпай, каржалып бир бүдүр нанга жетпей, эгин эккен талаалар өрттөнүп, көчөлөрдө өлүктөр жайнап аткан заман болуп турса...

Бирөөлөр үчүн жан кайгы, бирөөлөр үчүн алтын катар жай кайгы деген ушул белем...

Ошентип Делиге шарттуу белгилер менен жазылып жиберилген дилгирем Үрүмчүдөн кыргыздар жашаган Сары-Колдогу Кытайга караштуу телеграфка жиберилет да, анан чабарман менен Кара-Корум тоосундагы Миңдагы Мизгер айылынын англис автомат станциясына келтирилет, анан ошол таптагы Англияга караштуу Индиянын Сринагарга-Симлуга аймактарын аралап Букар эмиринин казынасы жөнүндө кабар алып жөнөтүлөт.

Эң кызыгы бул сырдуу дилгирем кимдер аркылуу гана өтүп, кимди гана кызыктырбады дейсиз? Кургактыктын жарымына ээлик кылып, дагы да күйүп алолоп жаткан Орусияга, андан өтүп, анын карамагындагы бейиш жери Түркстанга, дагы Чыгыштагы Чин өлкөсүнө шилекейин агызып турган англис көпөстөрүн, жеркезерлерин, аскербашыларын, а түгүл король чөйрөсүн бу байлыктар өзүнө тартпады бекен?! Та-ан, ким билет?!..

Айлар өтүп Англия өкмөтү Букар эмиринин байлыгын кароого алып сактап берүүдөн баш тартат. Балким кепил болуп бирөөнүн буюмун алуудан коркушкандыр, чочушкандыр, балээден алыс болгусу келишкендир... Же

балким мурда жок, дале эч ким угуп билбеген түзүлүштөгү – социалисттик түзүлүштөгү жаңы мамлекеттин жайы аларга жакпай аткандыр, анан ошол Орусиянын байлыгын катып кетти деп дүйнөгө жек көрүмчү болобузбу дештиби, болбосо, кийин дагы бирдекеси болуп байлыктын үстүнө үстөк төлөп калабыз дешип, арнин энчисин эптеп катып турууга маакулдук бербеди. Балким, дагы бир себеби – арам ою болгондур... Муну эч ким билбейт, кыскасы, байлык катуу түйшүгү кайра өз ээсинде калды...

Август айы этектеп эмир бийлиги алашалбырттагы эриген кардай көлкүлдөп турганда демин ичине катып жанагыдай эмир үчүн жаман кабар менен дервиш хан алдына келет. Кайра уйкусуз түндөр... Кайра байлык балээси... Кайра алтын түйшүгү...

***

Букар калаасы кан жыттана баштады. Шаштырып орус большевиктери ок атып кирди. Борбордук Орусия, Кавказ, Европа, Урал, Сибирь бүт козголуп Букар эмирлигин талкалоо үчүн «ыктыярдуу» аскер алып жатты...

Эмир Саид Алым хан айласы куруганда амалды анын эң ишенимдүү аскербашысы, полковник, өкүмдардын жансакчысы Калапуш өзү ойлоп табат. Ал чет жактарга өтүүчү жолдорду бүт кыдырып, тыңчы коюп билип чыгат, кербен өтөр жолдордун баарын тостурат, бир да кербен эмирликтин отанына кирбейт да, чыкпайт. Бүгүнэртең деп кулашынын сааты саналып турган Букар бийлигинин бул эң соңку айласы эле, буга арга калбагандан барат.

Букар эмирлеринин кылымдап тапкан, топурак эзип эгин кылган элдин колунан, азабынан, ыйынан, өлүмүнөн табылган байлык жүздөй атка жүктөлүп сентябрдын онунда Каршы тарапты карай сапарга чыгат. Дүйнөмүлктү жан адамга билгизбей каттыруу вазийпасы Каршы калаа бегине тапшырылат да, кербенге көзөмөл кылып эсен-аман жеткирүү милдетин Калапуш менен Доо-

ран өз моюндарына алат. Аларды эң мыкты деген куралдар менен тандалма сакчылар айгактап отурат.

Кербен эки топ менен жүрөт: алдыда Дооран жана бир топ дервиштер, айдоочулар, булар жолдун алдын көзөмөлдөйт, чалгын чалат, алардан кийинки топ Калапуш башкарган эмир аскерлери.

Жол түндөп гана жүрүлөт, жарык чыгар менен жан адамга билинбей соолумуш болуп жатмай. Бу кайдан чыкканы билинген менен кайда барарынын дайыны жок кербен не жүк алып баратканын булардан эки гана киши белет. Алардын бири – Калапуш, бири Дооран.

Калапушка жолду катар дагы башка бир кыял келди. Каршы бегине алып барып, ушунча байлыкты жем кылып бербей эле Касби коргонунун атрабына – күлү көккө сапырылган, бийик мунаралары жер менен жексен болгон, чалдывары чыккан байыркы бир шаардын урандыларынын арасына – жылан-бөйөндөн башка ээси жок жерлерге катсамбы деп келатты. Анан эле ошол жерге бурула берерде эски көрүстөн-шаар ичинде кимдир бирөө жүргөнүн баамдап калды.

– Кеттик! – деди кайра кербенбашыга кол жаңсап.

Талыкшыган аттар менен чөккөн төөлөр камчыга уугуп кайра жөнөйт. «Бейпарасат намаз окуйм деп маңдайын канаткан болбоюн» деп койду, өзүнө өзү.

Жүк артынган кербен андан козголуп Жеке-Бак багытын көздөп, Лангарга чыгат, анан тоо арасын өрлөп жөнөйт.

Карабайсызбы, алтын баш болгон асыл байлыктардын күчүн – ушунча кең дүйнө да, ушунча тар дүйнө! Болгону жүз ат жүгүнө бу ааламда орун калбагандай. Миндеген, түмөндөгөн кишилер окко учуп, ачкалыктан кыйрап, аларга Кара Жерден каалаганча орун табылат да, бу жүз куржундай оокатты катар жай жоктой...

Кербенди төмөнгө калтырып, эс алдырып өзү чокуга чалгынга чыккан Калапуш капчыгай ичиндеги жараканы көрөт, абдан байкайт да, казынаны жашырууга ушул жер ылайыктуу экенине толук ишенген соң өзү аскерлердин жанында калып, жүктү айдоочулар менен Дооранга тапшырат.

Мына ошол боюнча казынанын дареги жок. Ошончо көп дүйнө кара жер астына житип кеткени, же бир асманга кайып болгону немаалым...

Ал тууралуу дагы кеп кезеги келер дейбиз...

***

Букар эмири жиберген кишилеринен дайын жок. Санаасы санга, ою онго бөлүндү.

Эмир болсо калбалуу калк аралап, Арк аралап Калан мунарасына жакын келди. Не кылар айласын билбей ары-бери басат. Алыста аткылаган дооштор жүрөгүн бир тепчип өтөт. Өз колу душманга туруштук бере албай жатканына бушайман болот.

Ушул Букарга короткон мээнетинин күнүн башка бирөөлөр, болгондо да башка улут-диндегилер көрөрүн ойлогондо көзүнө жаш тегеренет. Ананчы, ушул букарлыктар үчүн токсон жети ауз, үч жүз тогуз кудук суу берет, чөл жеринде ушуну ким үчүн кылышты жана анын үзүрүн эми ким көрөт? Арыктардын алдына таш төшөп чыктырды. Гөзал бир шаарга айланганда, минтип... Билим үчүн деп, Имам ал-Букарийдин жери деп Арабстандын өзүнөн бери илим издегендер ушул жерлерге келет, алар өксүп калбасын деп, издегенин тапсын деп, дүйнөнүн түркүн жерин кыдырып, алтындарын аябай китептерди алдырып, жыйырма алты жерде китеп дүкөнүн иштетти. Не бир табылбаган китептер, эски китептер ушул Букардан табылат эмес беле, эми аны дини каапырлар кабакканага айлантып, мастар чыкпаган тиректир кылып ийбес бекен? Ислам борбору деп, илимгөйлөрүн баарын топтоп, бул жердеги мечиттердин санын үч жүзү алтымышка, медреселердин санын жүз сексен бешке жеткирбеди беле, аларда он миңдей талаба окуп жатпады беле, эми алар чет-четинен кача баштабыдыбы? Аларды кантип сактап калуу керек? Дал ушул калаада Абдылда Жапар Рудакинин ойлору канат сермеп, Улукман аким Абу Али ибн Синанын дарыгерлик өнөрү өркүндөбөдүбү? Дал ушул жерге мусулман ордосу деп улуу Улугбек өзү медресе салдырбады беле? Дал ушул шаарга миң беш

жүз сексен алтынчы жылы Абдылда хан атайын Орусиядан келген соодагерлерге конок үй салып берип, алардын ээр-токумдарын, жыгач идиштерин, бышырылган терилерин букарлыктар алып, аларга пахта, жибек, кургатылган жемиштерди сатып турбады беле? Тузунду ичейин да, тузбаштыгына сийейин деген ушулбу? Мына шаар көркү, шаардын канча бир кылым өтсө да бузулбай турган биналары: Калиан, Бала-Ауз, Магоки Аттар мечиттери, Мир-Араб, Абдылдазиз хан, Улукбек, Чар-Мунар, Даванбеги медреселери, Арк, Регистан, Зындан, алардан башка Ысмайыл Самани күмбөзү, Чашма-Аюб, дагы-дагы толгон мурастар! Буларды кантип сактоо керек? Бир гана жолу бар, большевиктик орусту жолотпош керек! Өзү да бир кезде оруска боорун кенен коюп, Орус паашасынын кызматын кылып, орус мектептерин ачып, орустарды көбөйтүп, анысы үчүн сыйын алган менен азыркы жаңы большевиктер аны Николайды аткандай кылып атып салат, Романовдордун балдарын жок кылгандай орду-түбү менен жок кылат. Бул чексиз ааламдын чаркипалак жолдорунда жолоочулар тыныгып эс алсын, соодагерлер соодасын кылсын, календар-дер-виштер жанын жай алдырсын деп кербен сарайлардын санын кырк бешке жеткирген, ар биринин келишкен келбетин көргөндө, ичиндеги ар жактан келген, ар улут, ар диндеги кишилерди көргөндө Алым хандын көзү тойчу, эми ошолордун да аягы суюлуптур, кербен сарайлар көрүстөндөрдөй жымжырт.

Мына ушул ойлор менен алпурушуп атканда орус большевиктерин аткан замбирек огу Калиан мунарасынын башын жулуп түштү. Мунара башында ар дайым букарлыктар бурула карап, ыклас-ырым менен көнүшүп калган илек-илектердин жылуу уясы боло турган, алардын уялары бузулуп, куштар болсо канаттарын капалуу күүлөп, каякадыр тоо жактарга учуп кетишти. Бул эмне деген күч, эмне деген курал? Канчадан бери турган, курган усталар кырк кулач аргамжы менен бир жагына сандык байлап, бир жагында өздөрү туруп далай жылда тукум кошуп жүрүп, он кыл турпак аралаштырып, саратан жедире ийлеп, эчки майы менен бышырып курган

мунара ушинтип оруструн аткан замбирек тобуна жалп этип түшөбү?..

Орус тыңчы досторунун айтуусунда Иленин дегени дал ушул Букарга эң жакын досу Фрунзе дегенин көп күч менен жибергени жатыптыр. Муну өзү башына балээ кылып курган темир жолундан көр деп айттырыптыр бир досу. Орус менен мамиле жакшырсын деп алар миң сегиз жүз жетимиш жетинчи жылдан он бир жыл аракет кылып Красноводскиден Самарканга, анан миң тогуз жүз жетинчи жылы Букарга темир жол тартты-рып келген. Он жыл мурда орус ооруканасын, дарыканасын курган, сегиз жыл мурда орус-түзем мектебин ачкан. Көчүп келген орустарга жакшы шарт түзгөн: алар жыйырма чакан пахта тазалоо заводун, төрт май чыгаруучу, үч вино тартуучу, он кирпич бышырчу, бир ширеңке фабрикасын, темир жол устаканасын, иши кылып алтымыштай кичи ишкана ачкан эле да, алардын көбү ошол келгендердин колунда турган. Эми орус досу айткандай чын эле ошол өзү курган темир жол өзүнө, өз элине ажал алып келатабы? Жок, кантип эле?! Жок, эмес, келатат! Бир нерсе келатат! Аны жүрөгү сезип эле атат...

Ушуларды ойлоп эмир өзү да эптеп ордодон, анан шаардан качып чыкпаса болбостугун болгоолоду. Аны үчүн жанагы кербен алып кеткендерден гана кабар болсо, калганын өзү бүтүрүп, Ооганга жөнөп кетер эле...

***

Эми кайра эмир жиберген дүйнө каткычтардан кабар алалы.

Калапуш жүктү жашыруу үчүн кеткен Доорон дервиштерди эки күн, эки түн күтөт. Жашырган жерди аскерлер билбеш керек деген эмирдин өтүнүчүнө карабай үчүнчү күнү аскербашы Калупуш жоокерлер менен Доорон дервишти издеп чыгат. Бир топ жүрүшсө, бир топ адамдын өлүгү. Таанышты. Жүк менен кеткен ат айдагычтар эле. Балакет болуптур. Дагы илгерилешти. Эми эки өлүк. Бирөөнүн кыбыраган жаны бардай. Эсине келтирип андан сурак кылышса, бараткан кербенге өздөн өрт чыгып, пикир келишпей ат айдоочулардын бир тобу

калгандарына кол салып, уруш ачат. Лекин Доорон баштаган кербен коргоочулар күчтүүрөөк болуп, буларга бош келбей, жанагы өлүктөр ошонун акыбети экенин, башкысы сырттан эч ким дале буларга кийлигишпегендигин, өздөрү менен өздөрү жоолашканын түшүнүшөт.

Жол дагы тездейт. Акыркы үч кишиге кезигет. Алар жарым жан, денелери канга боёлгон. Бирөө Доорон дервиш экен. Анын айтуусу боюнча казына катылуучу жайга баратып бөтөн жолго салбай жол тандап, ошондон уруш чыгып, жол ката үч жолу катуу чабыш болуп, бирок акыры жол чалгытып, узагына салып, ошентсе да казына катылып, анан келатышса, жашырынып жаткан кербен аттарын айдоочулар капысынан булга кол салып, ошерде булар минтип жараланышканарын, кантсе да эмирдин айтканы аткарылганын ыйлапсыктап божурашат, аскербашыны көргөндө ээреркеп, элжирешет.

Тоодон ойго түшүп, беймарал болуп калган түндөрдүн биринде казына катылган жерди билген үч адам, анын бири жолоочу болуп билбеген жолу, кирбеген үйү, кезикпеген адамы жок кексе календер Доорон өлтүрүлөт. Доорон Букардын акыркы эмирине ак кызматын көрсөттүбү, же чалкеш ою болуп, кыңыр иш кылдыбы, кыйтырлыгына бардыбы, аны биле албадык, айтор, өкүмдарга деген бир өмүрлүк сыйын Калапуштун канжарынан тапты сыягы. Дервиш деген бу дүйнөнүн жыргалынан кечип, ак уруп, адал өтчү адам бийликтин жана байлыктын тузагына түшүп берди, балким ошон үчүн жараткандан жазасын алды. Ай ким билет? Аңтар-төңтөр дүйнөдө, дүйнө астын-үстүн болуп аткан жылдарда кимдин ким экенин билип отуруптурбузбу?..

Төрт-беш күн жүрүп аскерлер Букар четине келет. Эми бардык коркунуч, азап артта калды деп кубана үшкүрүшкөндө булардын астын тосуп эмирдин топчубашы Низамидин өзү улуу башын кичүү кылып чыга келет. Мындай мартабалуу киши тосуп чыкканга, эки тарап көрүшкөнгө жол келаткандар жыргап эле калат. Ал кечте – айлуу кечте Кароол базарда бирге укташат. Таң сүрүлүп, короз кыйкырып бул жерлерге жаңы күндүн

белгиси бериле баштаганда азан жаңырат. Намазга чакырган азанга кошо ордунан ыргып турчу кечээги арыпазып жол келген жоокерлердин бирөөсү да ордунан козголбойт. Баары келгис сапарга кетирилген экен...

Аскербашы Калапуш гана элеңдеп эки жакты карап, көзүн кызартып жүрөт. Анын тагдыры да кыл учунда. Казына катылган жайды билген ушул гана калды. Кантип эми аны да – баа жеткис байлык катылуу жайды билген кишини жайлап салышсын? Жайлаганда ажалды колуна кармап эчен бир согушта эрдик кылган, ушул казынаны топтоого баарынан көп катыштыгы бар, баатыр десең, баатыр, эр десең, эр аскербашыга ким даай алат дейсиз? Кантken менен Калапушка да ой артынан ой келет. Чөл кезип качсамбы дейт, чет дөөлөттөргө жан соогалап өтүп кетсемби дейт, лекин балдарын, тууганарын, ата топурагын ойлойт, андай кыла албайт. Анан да ушунча жыл эмирге жансакчы, денсакчы болуп, ак кызмат кылып келгенине, өмүрүн сайып коюп, эмир үчүн жашаганына ишенет. Андай ишке барбастыр дейт...

Жаназа окулуп, сөөктөр жерге берилип, Каршы чөлдөн кайткандар түбөлүк ошерде калтырылып, калганы Букарга келет. Коогалуу Букарда бирин-бири карай турган заман эмес экен. Күндө татыраган аткылоолор, замбиректерден учкан топтор...

Калапуш эмирдин алдына кирерде ага мончого түшүүгө, үстү-башын оңдоого, эс алып жакшы уктоого ыжазаат берилди.

Аскербашы өзүнө келген соң гана эмир бирме-бир отуруп, бет маңдай туруп барып-келгенин, казына кайда катылганын ийне-жибине чейин майдалап сурап чыкты. Картасын экөөлөп чийген болушту да, аны кайра эмир өрттөп салды.

Эми гана Саид Алым хандын көңүлү тынды...

Ошол түнү казына сырын билген жалгыз киши Калапуш да оо дүйнөгө узатылды, ыраматылык. Анын өмүр чегине эмирдин шыбыры менен Низамидин чекит койду-бу, билип болбойт эле.

Эки күн өтпөй кызыл большевиктер Букарга кирип келди. Шаар майкандалды. Саид Алым хан топчубашы

Низамидиндин коштоосунда коогалуу Букарды таштап, жан айласы кылып Бойсунга качат. Акыр бир күн, бир жыл катылган казынага көп курал-жарак алып, көп аскер куруп, хандыгын кайра тикелейм деп убактылуу Букарды калтырат...

Алым хан менен Низамидин көп жоокерлердин арасында аттарын катарлаша чаап келаткан. Бир убакта эле Низамидиндин аты мүдүрүлгөндөй болот, карашса, кайдан келгени билгисиз бир дайди ок анын өмүрүм тамам кылыптыр. Аны ким атты дейсиз?..

Та-аң!..

Саид Алым хан анча-мынча колун баштап Ооган топурагына аттап өттү...

Элде эмне көп – имиш-имиш кептер көп. Мына ошол эмирдин эсеп жеткис казынасы кандайдыр бир жол менен Зардалинин башына – Алтын-Жылгага келген деген сөз тараган...

Жигиттер дал ошол эмир байлыгын издеп кетти...

Зардалы демекчи...

«Зарыл ишиң болбосо Зардалыга барбагын» деген Зардалынын ичинен бир канча үй-бүлө Эски-Ноокаттын үстү жагына көчүп келет. Көчүп келет да, убагы келгенде кайра эле Зардалыга кетебиз деп жүз жылдан ашык жашап калат. А түгүл ошол нойгуттар бул жердеги тейит, канды, а түгүл отуз уулдар менен кыз алышып, кыз беришип сиңишип кетет.

Алардын ичинде Гаппар-татти да бар. Кыз оюндан калбаган, кыл кыягын сыбызгыта тартып, комузда кол ойнотуп, кези келсе обон созо ырдап да койгон бул жигит боюн керип, кыз-келинди кылчактата каратып турган чагы эле. Сылаңкороздоно кийинип, ыран-башын аптина жараша жасап жүргөндөнбү тентуштары аны «татти» дешер эле. Ушул жүрүшү ака-досторуна аябай жагып, аш-той болобу, кыз оюн болобу, аны эргештирип алчу. Анан да ошол ашыналары кумар ойношот. Пиче-

пиче көрүп жүрүп, кошулуп ойноп коюп, анан кумарчылыкты да үйрөнүп алды Гаппар-татти. Үйрөнмөк түгүл кумарына берилип, кулак уккан, бут жеткен жердин баарына ака-достору менен барып, утканын койнуна салып, пул топтоого да жетишти.

– Түн жарымда чыгабыз, эртең саар Көк-Жарда катта той болот экен, ошого барабыз, – деди устаттарынын бири бир күнү ошол Гаппар-таттиге.

Кара-Таштан миң адамдан паттеге жалгыз келип улак таштаган улакчысы, ат жалынан былк этпеген оодарышчысы, кызырга кол берген ат кошчусу, аюуну алып ыргытkан дуңкуйган палваны, Ботобай баштаган ырчысы, чоорчусу – бири кылбай түн жарымда жөнөп, саарлап Вай-вай аркылуу Жийдадан өтүп Көк-Жарга кирип барды.

Той башталды. Аламан Төө-Моюндан коё берилип, улагы бир жагынан башталып, күрөшү, эңиши кызып, анан жарчы кумарга чакырды. Гаппар-татти кымылдай түштү, кумарчы достору бири-бирин айттырбай чакырып, ошол жакка барды. Барса, кумарга камынып Мойдун бек туруптур. Мойдун бек өзү ойнойт экен.

Мойдунбек Усман уулу ушул жерге танапташ наймандардын Нарай деген айылынан болуп, жаш чагынан эле өткүр чыгып, падышалык бийликке каршы аракет кылып, беш жылга кесилип келген. Большевиктер элжерди тебелеп чыкканда тоо тараптагы айылдардын жигит курап, кийин аларга Ош, Анжиан, Маргалаң уездерине караган өрөөндөрдө жашаган кыргыздар да кошулуп турган. Мойдунбек Мамадаминбектин эң ишенимдүү кол башыларынан эле. Анын колунун өзөгүн Осмон, Бекмурат, Нурмат миңбашы, Жаңыбай паңсарт башкарган топтор түзгөн. Алардын стратегиясы жана тактикасы мыкты болуп, Кызыл Армия бөлүктөрүнүн шаштысын бир нече жолу кетирип турган. Мына ошол кезде ага ким даап бара алсын жана ким эле аны менен дарткам ойносун.

– Ким, ким чыгат, бекке ким чыгат? – Жарчы көпчүлүккө угуза кыйкырды. Анын милдети ошол да.

Ары жакта булбул үнүн сайратып Ботобай ырдап жатат:

– Ким чыгат? Ким?!

Мойдунбекке ким эле чыга койсун. Баары айры күйрук көргөн бөдөнөдөй пысып калды. Өзгөчө пастан келгендер Мойдундун атын укканда сийип ийчү эле, ошентkени да болду.

– Мен! – Бир убакта топ ичинен өктөм үн чыкты. Баары бурулуп карай берди. Бул Гаппар-татти экенин көргөндө ырдап жаткан Ботобай кыл чайнап алгансып тык токтоду, Кара-Таштан келген ака-достору, жороло-ру, ашыналары айласын таппай жер тебишти.

Ортого Гаппар-татти менен Мойдун келди.

Жантайыңкы коюлган сыйдам жалпак ташка киййиктин үч эңке ашыктарынан төрттү санап туруп адегенде Мойдун мээледи. Ал элик ашыктарды алаканына бир-бирден алып жатып, ырымы кылып, бул кызылдар, бул актар, бул мен, бул алдагы жаман, ары жок атаандашым деп төртөөнү тең атап алды, анан ашыктарды мыжыккан таштай катуу жана чоң муштумун жүрөк тушуна уруп, галаты, копол доошу менен тегеректеп турgандарды селт эттире кыйкырды:

– Дарткам!

Ашыктар коюлган ташка тийип, чачырап кетти. Мойдундун ашыктарынын ичинен бири гана – Гаппардыкы дегени алчы конду, калганы жалпайып жатып калды.

Кезек – Гаппарда. Ал чүкөлөргө шыбырап бир нерселерди айткандай болду да, көкүрөгүнө колун коюп, кооmай өкчөдү:

– Дарткам! – Акырын болор-болбос үн чыгарды.

Бири тигинен алчы конуп, экөө айкүр түштү.

Кумарпоздор кыйла атышты. Гаппарга улам оомат келип, колу суубай, ута берди. Уткан сайын аллас куруна акчалар түшүп атты. Жарданып тургандар болсо Гаппар-таттинин утканына капа, тигил мандайындагы лашкер башынын майып кылып коюшунан коркушат. Бетине эми түк чыга баштаган жигиттин көзү жайнап, шанандап, белесте бедөө ат мингендей утканына сүйүнүп алган.

Өкчөгөн сайын акчага марыган Гаппарды карап Мойдунбектин каары бара-бара бетине чыкты. Колдору, бети титирей баштады. Ал акчасынын кеткенине ичи ачышкан жок, ага эмне акча кеппи, ал ырымы кылып, тагдырын болжоп жатты эле, ошол тагдырынын ачкычы жамандыктан белги берип жатканга кыжыры келди. Кезек дагы Гаппарга ооду. Эми өкчөй берерде бирөө такымга акырын тепти да, ошол эле замат шыбырады:

– Уткуруп кой, болбосо...

Ошондо селт этти Гаппар. Болбой эле өкчөдү. Колго келсе айла жок экен дагы утту. Дагы пулдар келди. Мойдунбектин Сапар баштаган жигиттери шамшардай болуп жаландап, шымаланат. Мойдун болсо муруттарын титиретет.

– Бегим, ашыгыңыз эми алчы турат, азыр жакшы бир өкчөңүз, – деди чындап эле бектен корко баштаганын билдирип Гаппар.

Болбоду. Бирок дагы бир өкчөгөндө бектин ашыгы алчы конду. Көнчүлүк уу-дуу болуп, Мойдунду сүрөп кетти.

–Утушуңуз менен, бегим! Үтүк сизге буйрусун! – деп Гаппар артка кылчайды эле, ака-доктору атын саздап келип калыптыр. Экөө эки жагынан алып атка артты да, чапкан бойдон зуу койду.

Мойдун бек анын кетип калганын билди, билди да унчукпады. Куудурбады.

– Ка-ап, кетип калганын карагыла! Дагы ойнойт элек да, эр экен! Тандап туруп бир ат бердирип ийгилечи! – деди жигиттерине.

Ошол Гаппар татти, түбү Зардалыдан келген нойгуттардын уулу, кийин Мойдунбек менен дагы бир жолуктуу. Анда Ошто Сулайман тактын алдында. Оо ал кийин, өзүнчө баян...

Бөрүбай мерген

Зардалыга кеткен аскерлер дайынсыз жоголду. Төртөө жумалып күтүп, айлап күтүп Алтын-Жылгага кеткендер келбегенге көзү жеткенде, кайтып келди. Эми эмне

кылат? Кайда барат? Момун айылын алыстан көрдү, жүрөгү эзилип, көзүнө жаш алды. Апасын сагынган. Айылын сагынган. Айзаадасын сагынган. Анткен менен айылга бара албайт эле. Жонунда Мархаматты басып алганда кызылдардан тартып алган мылтыгы, кашка аты, жанындагы жигиттер аны айыл аралатпайт эле.

Төртөө кайда барарын билбей, кимге жолугарын билбей, дайди шамалдай каңгып жүрдү. Тагдыр аларды акыры Калкожонун жигиттери менен Айым-Кыштактан капысынан кездештирди. Айылга кире бериште он бештей жигит ороп калды. Анан алар төртөөнү Калкожонун өзүнө алып барды. Көпкө ар нерсени сурап, аныгына жеткенче деп үй төрмөго алды. Акыры Зардалы жөнүндө, алтын издеп кеткен жигиттер жөнүндө да айтышты. Калкожонун мурда эле андан кабары болгонбу, айтор, алтымыштай тандалма жигиттерин Зардалыга жиберди. Төртөөнү болсо жигиттерине кошуп алды.

Бир күнү Калкожо жигиттерди жыйнап кызылдарга каршы аттанууга буйрук берди. Ал кезде Калкожо кызылдар жактан да, Мадамин бек жактан да жек көрүндү болуп турган чак.

Ананчы, Ошто согуштан олжолонуп келген европалык аскер туткундарынын өтүнүчү боюнча аларды каттууга актырбай, тумшуктууга чокутпай Анжиан темир жол бекетине узатып барып, андан ары салып жиберемин деген илабизин бузуп, он тогузунчу жылдын жазында Айым-Кыштакта алардын баарын мууздап, бүт Европага элибизди шылдың кылып жатса...

Андыктан ал өзүнчө жеке карышкыр жүрүшкө салып калган. Жигиттери ушул жакында Анжианга кол салабыз го деп турганда күтүлбөгөндөй Жалал-Абадга жакындап, андан ары Базар-Коргонго, Чоң-Маасы-Сайга салып, түндөп жүрүп Шамалды-Сайга жетишти. Кар тозоңу учуруп, суук күчөп, бөксө адырлардын далдоо жерлери менен жүргөндө бир аз өзүнө келип калган менен, кырга чыкканда аркыраган шамал ичи-коюнга кирип, барар жерге араң-араң сандалып келди.

–Азиз жигиттер, биз бул жерге Үч-Коргонду азат кылганы келдик. Бул жерде пахта зоотуна кол салабыз! –

Өкчөгөн сайын акчага марыган Гаппарды карап Мойдунбектин каары бара-бара бетине чыкты. Колдору, бети титирей баштады. Ал акчасынын кеткенине ичи ачышкан жок, ага эмне акча кеппи, ал ырымы кылып, тагдырын болжоп жатты эле, ошол тагдырынын ачкычы жамандыктан белги берип жатканга кыжыры келди.

Кезек дагы Гаппарга ооду. Эми өкчөй берерде бирөө такымга акырын тепти да, ошол эле замат шыбырады:

– Уткуруп кой, болбосо...

Ошондо селт этти Гаппар. Болбой эле өкчөдү. Колкелсе айла жок экен дагы утту. Дагы пулдар келди. Мойдунбектин Сапар баштаган жигиттери шамшардай болуп жаландап, шымаланат. Мойдун болсо муруттарын титиретет.

– Бегим, ашыгыңыз эми алчы турат, азыр жакшы бир өкчөңүз, – деди чындап эле бектен корко баштаганын билдирип Гаппар.

Болбоду. Бирок дагы бир өкчөгөндө бектин ашыгы алчы конду. Көпчүлүк уу-дуу болуп, Мойдунду сүрөп кетти.

–Утушуңуз менен, бегим! Утук сизге буйрусун! – деп Гаппар артка кылчайды эле, ака-достору атын саздап келип калыптыр. Экөө эки жагынан алып атка артты да, чапкан бойдон зуу койду.

Мойдун бек анын кетип калганын билди, билди да унчукпады. Куудурбады.

– Ка-ап, кетип калганын карагыла! Дагы ойнойт элек да, эр экен! Тандап туруп бир ат бердирип ийгилечи! – деди жигиттерине.

Ошол Гаппар татти, түбү Зардалыдан келген нойгуттардын уулу, кийин Мойдунбек менен дагы бир жолуктуу. Анда Ошто Сулайман тактын алдында. Оо ал кийин, өзүнчө баян...

Бөрүбай мерген

Зардалыга кеткен аскерлер дайынсыз жоголду. Төртөө жумалып күтүп, айлап күтүп Алтын-Жылгага кеткендер келбегенге көзү жеткенде, кайтып келди. Эми эмне

кылат? Кайда барат? Момун айылын алыстан көрдү, жүрөгү эзилип, көзүнө жаш алды. Апасын сагынган. Айылын сагынган. Айзаадасын сагынган. Анткен менен айылга бара албайт эле. Жонунда Мархаматты басып алганда кызылдардан тартып алган мылтыгы, кашка аты, жанындагы жигиттер аны айыл аралатпайт эле.

Төртөө кайда барарын билбей, кимге жолугарын билбей, дайди шамалдай каңгып жүрдү. Тагдыр аларды акыры Калкожонун жигиттери менен Айым-Кыштактан капысынан кездештирди. Айылга кире бериште он бештей жигит ороп калды. Анан алар төртөөнү Калкожонун өзүнө алып барды. Көпкө ар нерсени сурап, аныгына жеткенче деп үй төрмөгө алды. Акыры Зардалы жөнүндө, алтын издеп кеткен жигиттер жөнүндө да айтышты. Калкожонун мурда эле андан кабары болгонбу, айтор, алтымыштай тандалма жигиттерин Зардалыга жиберди. Төртөөнү болсо жигиттерине кошуп алды.

Бир күнү Калкожо жигиттерди жыйнап кызылдарга каршы аттанууга буйрук берди. Ал кезде Калкожо кызылдар жактан да, Мадамин бек жактан да жек көрүндү болуп турган чак.

Ананчы, Ошто согуштан олжолонуп келген европалык аскер туткундарынын өтүнүчү боюнча аларды каттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай Анжиан темир жол бекетине узатып барып, андан ары салып жиберемин деген илабизин бузуп, он тогузунчу жылдын жазында Айым-Кыштакта алардын баарын мууздап, бүт Европага элибизди шылдың кылып жатса...

Андыктан ал өзүнчө жеке карышкыр жүрүшкө салып калган. Жигиттери ушул жакында Анжианга кол салабыз го деп турганда күтүлбөгөндөй Жалал-Абадга жакындап, андан ары Базар-Коргонго, Чоң-Маасы-Сайга салып, түндөп жүрүп Шамалды-Сайга жетишти. Кар тозоңу учуруп, суук күчөп, бөксө адырлардын далдоо жерлери менен жүргөндө бир аз өзүнө келип калган менен, кырга чыкканда аркыраган шамал ичи-коюнга кирип, барар жерге араң-араң сандалып келди.

–Азиз жигиттер, биз бул жерге Үч-Коргонду азат кылганы келдик. Бул жерде пахта зоотуна кол салабыз! –

деди Калкожо. – Тоо жактан Аксыдан Аман-палван түшөт. Буйурса бул жер сарт бешимге чейин биздин кол-го өтөт!

«Үч-Коргон» деген сөздү укканда Момундун жүрөгү эзилип кетти. Анын айлы да Үч-Коргон деген Исфайрам сайдын боюндагы кыштакка жакын эмес беле. Атасы, эгизи болуп Үч-Коргонго келишчү. Исфайрам боюндагы чайханаларда өргүү алып – пас жакка түшүп кетишчү... Ошондогу атасы кайда? Ошондогу эгизи кайда?..

Алай-дүлөй алаамат заман болду го...

Бул жер да Үч-Коргон экен. Айырмасы Исфайрам-дан да чоң Нарын суусу агат экен. Эки дайра тең – Нарын да, Исфайрам да тоо ичинен агып келип, ушул Үч-Коргондордо жайыкка чыгып, жайылып жатып калат. Илгери бир кыргыз энесин тоо ичинде сууга агызып ийип, суу бойлоп издеп келе жатса, бир абышка алдынан чы-гып «Эненди эми Үч-Коргондон көрөсүң» деген тура. Кызык, ошол энесин издеген бала кайсыл Үч-Коргонго келди экен, биздикинеби, же бул Үч-Коргонгобу деп ой-лонуп келе жатканда көпүрөдөгү кызылдардын посту тараптан мылтыктардын атылганы угулуп, аттары үркүп, баары «ур-ур» деп күжүмгө өттү.

– Көпүрөнү алсак эле баары бүтөт, биз жеңебиз! – Калкожо өзү маузерин төбөсүнөн бийик көтөрүп, атчан жигиттердин алдында баратты.

Айткандай эле кызыл аскерлер аз экен. Чай кайнам-да көпүрөнү бошотуп, негизги барар жай – пахта зооту-на бет алышты. Айылга киргенде адамдар камсыз экен, кээси не кыларын билбей шашып калса, кээси «кудай-лап», «келиңиздер» деп алдыларынан чыкты. Чайхана тараптан гана бир киши буларды жылдыра койбой ата берди. Аткан сайын бирден жигит кулап түшөт. Жана кыштакка кире бериште кармап алган киши гана «бул Бөрүбай мерген, ал жаздым атпайт» деп безеленет.

Чындап эле мерген шайды оодарды. Тандап туруп атат. Көрсө ал атактуу көзгө атар мерген экен. Илгери эле түтөтмөсүн алып эчки-текеге чыгып кетип, шыра-гага элди марытчу дешет. Кийин орус мылтык колго тий-йгенде тим эле мээлегенин жаза кетирбей калат.

Дал ошол күнү уудан кайтып, чайханада беймараал жаңы эле сүзүлгөн шак бозодон ичип, чилденин суугу-нан качып отуруптур. Басмачылар келатат дегенде бир-бирден атып кириптер.

Бир убакта теребел тымтырс боло калды да, баары пахта зооттун ичине кирип кетти. Ал жерде атайын жа-шына турган жай, а түгүл аскердик застава бар экен. Темир дарбазалар шарактап жабылып, көчөдө эл кал-бай калды. Жигиттер бүт темир менен кучалган, ар-ар жерден пахта түйүндөрү гана көрүнгөн короого кире ал-бай турушту. Сарт бешимде алабыз деген зоот эртеси, эртеси да багынбады. Ошондо Калкожо заставанын рота командири Малыйга кат жиберди. Малый падышалык аскерлердин прапоршиги болуп жүрүп, төңкөрүштөн ки-йин заставанын командири болуп калып калат. Элиме кетем дегенде эки көзү төрт Малый акыры бул жерлерди жергиликтүүлөр алат, кызылдар жеңилебиз, андыктан да Орусияга кетишим керек деп жүрчү. Анан Калкожого кат жиберет. Пахта зоотту силердин колуңарга өткөрүп берем, сен болсо менин Орунбоорго кете турган жолумду ачып бер дейт. Малый анда Калкожонун баягы Айым-Кыштагындагы кыргынын билбегенби, же ага ишенбейт беле, бул жолу чыккынчылык кылды.

Калкожонун аскерлерине Малый заставанын дарба-засын ачып берди. Келгендердин арасында Калкожонун жанжөөкөрлөрү, алардын ичинен ак гвардиячылардын катарындагы орус офицери да, жигиттердин сабындагы Момун да бар эле.

– Куралдарыңарды өткөргүлө! Колуңарга артка ал-гыла! – деди ак гвардиячы орусча кайрылып.

Кызылдар курал-жарактарын таштай баштады. Алар ошондо гана командири чыккынчы, саткын экендигин билди.

Колун артына байлап туткундарды Нарын көпүрөсүнө алып келди. Ал жерге Калкожонун астына көп жердин күлүн көккө сапырган Аман-палван да келип калыптыр. Туткундардын ичинен Малый гана көңүлдүү. Ак гвардия-нын ал офицери Калкожого акырын шыбырып пулемёт-торун бербей жаткандыгын айтты жана дагы баятан бери айтып жаткан сөзүн дагы бир жолу кайталады:

деди Калкожо. – Тоо жактан Аксыдан Аман-палван түшөт. Буйурса бул жер сарт бешимге чейин биздин колго өтөт!

«Үч-Коргон» деген сөздү укканда Момундун жүрөгү эзилип кетти. Анын айлы да Үч-Коргон деген Исфайрам сайдын боюндагы кыштакка жакын эмес беле. Атасы, эгизи болуп Үч-Коргонго келишчү. Исфайрам боюндагы чайханаларда өргүү алып – пас жакка түшүп кетишчү...

Ошондогу атасы кайда? Ошондогу эгизи кайда?.. Алай-дүлөй алаамат заман болду го...

Бул жер да Үч-Коргон экен. Айырмасы Исфайрамдан да чоң Нарын суусу агат экен. Эки дайра тең – Нарын да, Исфайрам да тоо ичинен агып келип, ушул Үч-Коргондордо жайыкка чыгып, жайылып жатып калат. Илгери бир кыргыз энесин тоо ичинде сууга агызып ийип, суу бойлоп издеп келе жатса, бир абышка алдынан чыгып «Энеңди эми Үч-Коргондон көрөсүң» деген тура. Кызык, ошол энесин издеген бала кайсыл Үч-Коргонго келди экен, биздикинеби, же бул Үч-Коргонгобу деп ойлонуп келе жатканда көпүрөдөгү кызылдардын посту тараптан мылтыктардын атылганы угулуп, аттары үркүп, баары «ур-ур» деп күжүмгө өттү.

– Көпүрөнү алсак эле баары бүтөт, биз жеңебиз! – Калкожо өзү маузерин төбөсүнөн бийик көтөрүп, атчан жигиттердин алдында баратты.

Айткандай эле кызыл аскерлер аз экен. Чай кайнамда көпүрөнү бошотуп, негизги барар жай – пахта зоотуна бет алышты. Айылга киргенде адамдар камсыз экен, кээси не кыларын билбей шашып калса, кээси «кудайлап», «келиңиздер» деп алдыларынан чыкты. Чайхана тараптан гана бир киши буларды жылдыра койбой ата берди. Аткан сайын бирден жигит кулап түшөт. Жана кыштакка кире бериште кармап алган киши гана «бул Бөрүбай мерген, ал жаздым атпайт» деп безеленет.

Чындап эле мерген шайды оодарды. Тандап туруп атат. Көрсө ал атактуу көзгө атар мерген экен. Илгери эле түтөтмөсүн алып эчки-текеге чыгып кетип, шыралгага элди марытчу дешет. Кийин орус мылтык колго тийгенде тим эле мээлегенин жаза кетирбей калат.

Дал ошол күнү уудан кайтып, чайханада беймараал жаңы эле сүзүлгөн шак бозодон ичип, чилденин суугунан качып отуруптур. Басмачылар келатат дегенде бирбирден атып кириптер.

Бир убакта теребел тымтырс боло калды да, баары пахта зооттун ичине кирип кетти. Ал жерде атайын жашына турган жай, а түгүл аскердик застава бар экен. Темир дарбазалар шарактап жабылып, көчөдө эл калбай калды. Жигиттер бүт темир менен кучалган, ар-ар жерден пахта түйүндөрү гана көрүнгөн короого кире албай турушту. Сарт бешимде алабыз деген зоот эртеси, эртеси да багынбады. Ошондо Калкожо заставанын рота командири Малыйга кат жиберди. Малый падышалык аскерлердин прапоршиги болуп жүрүп, төңкөрүштөн кийин заставанын командири болуп калып калат. Элиме кетем дегенде эки көзү төрт Малый акыры бул жерлерди жергиликтүүлөр алат, кызылдар жеңилебиз, андыктан да Орусияга кетишим керек деп жүрчү. Анан Калкожого кат жиберет. Пахта зоотту силердин колуңарга өткөрүп берем, сен болсо менин Орунбоорго кете турган жолумду ачып бер дейт. Малый анда Калкожонун баягы Айым-Кыштагындагы кыргынын билбегенби, же ага ишенбейт беле, бул жолу чыккынчылык кылды.

Калкожонун аскерлерине Малый заставанын дарбазасын ачып берди. Келгендердин арасында Калкожонун жанжөөкөрлөрү, алардын ичинен ак гвардиячылардын катарындагы орус офицери да, жигиттердин сабындагы Момун да бар эле.

– Куралдарыңарды өткөргүлө! Колуңарга артка алгыла! – деди ак гвардиячы орусча кайрылып.

Кызылдар курал-жарактарын таштай баштады. Алар ошондо гана командири чыккынчы, саткын экендигин билди.

Колун артына байлап туткундарды Нарын көпүрөсүнө алып келди. Ал жерге Калкожонун астына көп жердин күлүн көккө сапырган Аман-палван да келип калыптыр. Туткундардын ичинен Малый гана көңүлдүү. Ак гвардиянын ал офицери Калкожого акырын шыбырып пулемёторун бербей жаткандыгын айтты жана дагы баятан бери айтып жаткан сөзүн дагы бир жолу кайталады:

–Где пулемёты?!

Эч ким унчукпады.

–Араңарда мусулмандар барбы? – Калкожо катар турган туткундарга кайрылды. Алар жүз жыйырмадай киши эле. – Мусулмандар болсо алга чыккыла?

Эки казандык татар алдыга чыкты. Калкожо алардын көрүп ачуусу гана келди, себеби аларды оруска сатылгандар, мусулманчылыкты унуткандар дечү.

Дагы жети-сегиз киши алдыга чыкты. Арасында Бөрүбай мерген да чыкты. Аскер адамы болбосо да ал кабагым-кашым дебей Калкожонун алдына «эмне кылып аларсың» дегенсип келди. Баягы мылтыгы болгондо нак чыкыйга атып жайламак экен, аны алып койгонун карабайсыңбы.

– Силер, – деди Калкожо, – ыйык динибизге, мусулмандыгыбызга шек келтирип жатасыңар, силер каапырларга жан тартып жатасыңар. Алла Таала силерди оо дүйнөдө тозок оту менен куйкалайт. Эмне оруска болушуп жашырып жатасыңар, пулёмоттор кана, кимде, кайсыл жерге бекиттиңер!

Эч ким унчукпады. Чынында аны бир гана киши атакананын ичиндеги жер төлөөгө каткан, муну жан адам билбейт эле. Ал киши да унчукпады. Акыры сурак командирге келди. Калтырап-титиреп ал бирде Калкожону, бирде ак гвардиячы орусту карап, бирде көпүрөнүн астында мелмилдеп турган Нарындын суусун тиктеп ыйлап жиберди.

Курч шамшар анын жүрөгүн тилип, оор денеси сууга кулады.

Туткундарды бир-бирден ата баштады.

–Ат! – деди он башы өң-алеттен кеткен Момунду тике карап. Момундун колдору калтырып кетти. Жыгылбай тургандардан бир гана Бөрүбай мерген калыптыр. Аны атууга камынганда мергендин денеси дайрага кулап түштү. Дайра болсо кыш чилденин муздарын калкылдатып агызып баратат. Ошолорго кошулуп колу таңылуу, көкүрөгү жаралуу Бөрүбай мерген да суу ичине чумкуп көрүнбөй калды. Момун ага тийгизбеш үчүн, тийбей калса экен деп, аткылады.

Көпүрө үстүндө бир да туткун калбады.

Момун көпүрөнүн орто тушуна коюлган жалгыз дөңгөчкө коомай отурду да, ыйлаган көкүрөгүн саамга басып, жаш толгон көздөрүн алыс-алыска – кыбыла жактагы өзүнүн Үч-Коргонунун асманы тарапка жиберди...

Эминдин жолу

Исфайрам сайдын өйүз-бүйүзүн туташтырган эски көпүрөдө энеси менен, эгизи менен кайырлашкан Эмин түз эле Кызыл-Кыяга келди. Ал жерде шахтыга жумушчулар аябай эле керек болуп турган. Анан шаптай жигит өз аягы менен басып келсе... Аны жалаң орус жумушчуларынын арасына коюшту. Ансыз дале шахтыда орустар көп эле. Көбү жакшы акчага кызыгып, же жерине батпай Орусиядан келгендер. Тил түшүнбөй Эмин да, орустар да кыйналды. Эчен-эчен кетип калуу чечимине келип, кайра айныды. Шахтер деген менен булар же күндүз же түнү көмүр казып, шахтыдан чыккандан кийин Жинжигендин сайына барып, мылтык атканды, атта жүргөндү, кылыч чабышканды үйрөнүшөт. Атайын аскер адамдары келип машыктырып жүрдү.

Келгенине алты ай болуп, боло электе Эминди аскердик даярдыкка деп Ташкенге алып кетишти. Ал жерде ал Кызыл армиянын кийимин кийип, үч айлык аскердик жогорку даярдыктан өткөн соң бир катар жоокерлер менен бирге Наманганга жиберилди. Минген аты жарашкан, аскер шинели тулку боюн сыйда жапкан бул жигит көргөндөрдү сөзсүз каратар эле. Анан калса орус шахтерлору менен жүрүп тил үйрөнүп алганы да пайда болуп, орусча кадимкидей сүйлөп калды.

Наманганга келери менен эле аны Марк Ильич Полыковский кабыл алды. Ал киши Интернационалдык Фергана кавалериялык биринчи полкун түзүп, ошонун командирилигине жеткен. Эмин менен келген кыргыз, өзбек, тажик жигиттерди көрүп Марк Ильич сүйүнүп кетти. Ананчы, жергиликтүүлөрдүн тилин билген, салт-

санаасын билген жоокерлер аябай эле керек болуп калып жатпайбы.

Ташкенден жаңы келип кошулгандар аскердик чест бергенден кийин Полыковский өзбекче таза сүйлөп:

–Йакшы келдиларми? Чорчомадиларми? – деп ал-акыбал сурашты.

Марк Ильич Полыковский Верныйга адеп келген оторчулардын уулу. Түрсү орусиялык болгону менен кин-дик кан тамган жери Азия. Скобелев шаарында гимна-зияны бүтүп, Петербург университетинде окуйт. Биринчи дүйнөлүк согуштун оту адеп күйгөндө эле майданга ке-тет да Кеңеш бийлиги орноп, фронттогулар баары кайт-канда Түркстанга кайрылып келет. Эки жылдай Наман-ганда математикадан мектепте сабак берет. Анан кайра мынтип уруш, максатсыз согуштар мектебин таштатып, кызылдарга жардам берүүгө мажбур кылып отурат.

Кыш күндөрдүн биринде аскердик тревога берилди.

–Үч-Коргонго кол салуу болду! Ал жерде пахта зооту жана застава бар, тезинен жардам берүү керек!

Марк Ильич Полыковский алдыда, ага улай Эмин бир топ тың деген жигиттер менен аттарын таскактатып жөнөдү. Суук болсо, кудай бетин салбасын, минус отуз бешке жетти. Бороон, кар тозоңу. Шинелдерди кымты-ланайын десең да болбой эле колдон талашып жулуп ка-чат. Аттар бет алдыга түз баспай, кыйгач салат. Тоо жактан келген шамал кар учуруп, жарым кадам жер араң-араң көрүнөт. Ошентсе да алардын эш тутканы те-мир жол түйүнү. Жолдор да талкаланганы талкаланып, кээ бир жерде күйгөнү күйүп, чачылганы чачылып жа-тат, рельстер ар кай жерде кар астында карарат, теле-граф мамыларын көрсөң ушулардын жакында эле иш-теп турганына, аны адам колу жок кылганга ишенбей-сиң... Алыстан бөрүлөрдүн улуганы, чөөлөрдүн чыйыл-даганы бир угулуп, кайра жок болуп кетет. Аттар да улам-улам тизелеп отура калып, же күп жыгылып шаш-тысы кетти, үстүндөгү аскерлер да кулап жыгылып, бири-бирин көрмөй жок. Эски керзи өтүктөр кесек болуп ка-тып, шинелдер катырап кечээ кечинде эле жылуу чүпүрөк болгондугун элестете албайсың. Үзөңгүдөн бут

тайып бирөө кулап түштү эле, экинчи катарда келе жат-кандар аны капка окшотуп атка артып койду.

–Чыдагыла! Чыдагыла! – дейт командир. – Аман пал-ван менен Калкожонун эсебин азыр беребиз!

Эминдин болсо Үч-Коргонго жетүүдөн үмүтү үзүлдү. Ичи курулдап, эптеп таап берген кара нан алсыратып барат, андан башка тамак да тартыш.

–Умру здесь... – деген онтогон үн чыгат арытадан.

Атчандар Үч-Коргонго кеч кире жетти. Кечигишип-тир. Баары таланган, талкаланган. Пахта зооттун ал-дында, көчөлөрдө өлүктөр жатат. Аппак кардын кып-кызыл канын карап болбойт.

–Кетти! Баары кетти! – дешти көчөдөгүлөр кызыл-дарды жактырбай.

–Калкожо келди! Ал өлүм күсөп келди! Анын колу кандуу! – дешти жалдырагандар.

–Баары өлдүбү? – дешти кызылдар.

–Баары өлдү, – дешти адамдар.

–Бирөө тирүү, Бөрүбай мерген тирүү, дайрада колу таңылуу агып баратат, – деди бири.

«Үч-Коргон» деген сөздү укканда Эминдин эт жүрөгү ушунча эзилди. Туулган жери да Үч-Коргон деген Ис-файрам сайдын боюндагы айылга жакын болчу. Атасы, эгизи болуп Үч-Коргонго келишчү. Исфайрам боюндагы чайханаларда өргүү алып – пас жакка түшүп кетишчү... Ошондогу атасы кайда? Ошондогу эгизи кайда?.. Алай-дүлөй алаамат заман болду го...

Эмин көпүрөнүн орто түшуна коюлган жалгыз дөңгөчкө коомай отурду да, ыйлаган көкүрөгүн саамга басып, жаш толгон көздөрүн алыс-алыска – кыбыла жак-тагы өзүнүн Үч-Коргонунун асманы тарапка жиберди...

Бешинчи бап

АТ ҮСТҮНДӨГҮ АЙКАШ

Анжиан кыргыны. Качуу

Кууш капчыгай тамамдалып, тоолор түгөп, жайык башталган жайдагы мүрзөлөрдү аралап Мадаминбек ойлуу келатты. Жанында төрт гана жигити. Алардын бири – Момун.

Мадаминбек Сааба-мазарга келген сайын Чили-Сайдын абасынан кере-кере дем алып, жумалап жүрүп кетчү. Бул жолу анте албайт. Артта куугун. Күч аз. Алар көп. Кайрак таштардагы арабча жазууларды окуп, ичтен алардын маанисин кайталап атып эле, бир убак Момунга жакын келип, аны уксун дегендей үн чыгара окуп, Момундун түшүнбөгөнүн сезе калып, ага которуп да койду. «Бул мүрзө Исмаилге, Мухаммад уулуна... Алла аны жана анын ата-энесин ырайым кылсын!..» «Бул кабыр шейх, кади, имам Мухаммаддин динин даңазалаган Осмондун уулуна, Алла аны жана анын ата-энесине ырайым кылгай...» «Мухаррам жылынын алты жүз алтынчы жылы Мухаммаддин уулу хатиб Ахмаддын ишенимин алып жүргөн, даңазалуу имам шейх маркум болду». Ушинтип ал мусулманчылыкты бул аймактарга алып келебиз дешип шейит кеткен пайгамбарлардын сабааларына – аббасаиддерге куран түшүрүп жатып, бир уламадан уккан кепти эсине салды жана ушунун дилинде калсын дегенсип, аны да Момунга айтты:

–Илгери бул жактарда Ишкижаб суусу болор экен. Мекеге ажылык сапарга баргандардан сурашчу дешет: «Ишкижаб суусун ким ичкен, Ишкижаб суусунун баштындагы Ак-Арт, Кыз-Арт, Ак-Төө тоолорундагы улар үнүн ким укkан». Ошондо ажылыкка келгендерден кимдир бирөө ордунан туруп «Ишкижаб суусун мен ичкем, Ишкижаб суусунун башатындагы Ак-Арт, Кыз-Арт, Ак-Төө тоолорундагы улар үнүн мен уккам», – десе, арабдар ал адамдын кийимдерин майда-майда бөлүп өздөрүнө тумардай кылып сурап кетчү экен. – Момун унчукпады. Унчукканда эмне? Ансыз да бул кыштын каарынан өтүп, бектин каары муз болуп турат.

Ананчы! Азыр эми мына ошол жерлерди бөтөн такалар басып, бөтөн элдин балдары ээлемек болуп жатат. Каап аттиң... Суукту карабайсыңбы? Сөөктөн өтөт. Чучукту зыркыратат. Жайында шабадалап, сейилдеп келчү бул жерлердин түрү да сууй түштү. Бул жердин жазычы? Кемет жазы бар. Өрүктөр гүлдөгөн кез. Аарылар зыңылдап учуп, гүлдөн гүл тандап...

Азыр да ак бубак баскан өрүкзар куду ошол гүлдөгөн кезиндегидей аппак. Айрым даректар, өрүктөр беймаал жааган оор карды, муз карды көтөрө албай карс сынып, ар-ар жерде саландап турат.

Жазында дарак жанданып, табият ага жан киргизип, гүл бүтүрүп, аарыларга жем жаратса, азыр эми күздүн каардуу суугу аяз болуп, жансыз өрүктөрдүн денесин бактары менен бастырып, гүл издеген аарылардай орус большевиктерин шимшилетип жатканын карбайсызбы.

Жигиттер эми мындан ары Алайга кетип, сабаалар жерин да каапырга бастырабы? Анда пайгамбардын сабаалары эмне дешет? Мадаминди кечире алышабы? Жок, кечирбейт!

Ал бирде Алай тоолору жакты, бирде Маргалаң жакты карап турду, ошондо Момун анын көзүндө тегеренген жашын көрдү.

Мадамин жанына Момунду отургузуп, шейх Осмондун уулунун кабырынын жанына келип кечээги эле болуп өткөн окуялардын бир сыйра оюна салды...

Купийаларынын[1] айтуусуна караганда Кызыл Армия, тээ Москвада Лениндин жанында олтурган М.В.Фрунзе

[1] Купийа – тыңчы, разведка.

өзү баш болуп Мадаминбекти талкалоого катуу киришиптир. Аны үчүн бир жагы кызылдар аскерлерин, курал-жарагын көбөйткөнү жатыптыр, экинчи жагынан коршашыларды бири-бирине тукуруп, аларды өз ара душмандаштырат экен, анан дагы бек тууралуу ушак-айың таратып, башкаларга жаман көрсөтүп, эл колдобой турган абалга келтирет экен. Ошентип 1920-жылдын февралына жетпей бектин башын Фрунзенин өз колуна тапшырмак болуптур.

Айткандай эле болду: татар полку Мадаминди турган Кар-Бабадан Шаарканды көздөй кууштун планын түздү, бир жагынан Скобелевдеги аскер горнизону кысымга алмак, Кужелонун атчандар бригадасы Намангандан Жазаван чөлү тарапка жүрүп, жигиттердин чөлгө тарап кетишинин алдын алмак...

Бул ортодо кызылдар кызык иш кылды. Коргон-Төбө менен Күрүч-Мазарда совет өкмөтүнөн элди коруп турган Акбаралы менен Махамкожонун жигиттерин бир нече күн камоого кармап, акыры аларды багынтып алды.

Махамкожого бектин өзгөчө ичи ачышты. Мекенчил жигиттердин бири эле, «Түркстан – түркстандыктар үчүн» деп турчу, баскынчыларды ушунчалык жек көрөр эле. Ага себеп он эки жыл сүргүндө жүрүп, орустун азабын аябай тарткандыгы эле. Ошондонбу жигит курап чыгып, большевиктерге «жаннати мекен жайыбызды талпак кылып бербейбиз» деп шерт кылган, жигиттеринде да мыкты куралдары бар болчу, өздөрү да урушка тотугуп калышкан. Эмне балээ болду, Мадаминбек түшүнбөдү. Анын оруска оогонун угуп, Мадаминбек оң колун бирөө шыла чапкандай обдулуп барып көзүнө жаш алып ишнип-ишенбей отуруп калды.

Акбаралынын кызылдар тарапка өтүшү андан бетер бектин ичин ачыштырып кетти. Анын кол астында алты жүздөй тандалма жигит бар эле. Өзү да орус тилин мыкты билип, саясатты да чемичкедей чакчу. Ошонусу менен кадыр-баркка жеткен. Ал кызылдарга жөн өтпөй башкаларды да ошол жакка өтүүгө чакырыптыр, орустардын ниети ак, алар жергиликтүү мусулмандарды да кызматка алып жатат, баарыбыз куралдарды таштап, кет-

мендерибизди алалы деп өтүптүр. Ушинтип атса ага ишенген Барпы корбашы да эки жүз жигитин кызылдарга басып бериптир. Тим койсо баары эле өтүп баратат. Баягы сөз – Түркстандын азаттыгы деген чакырык кана!? Ал баракелде! Мына эми көрөт. Кызылдарын эле эмес Акбаралы менен Махамкожону, Барпысын кошо талкалайт.

Үч миң киши менен келген Мадаминбекке улам жигиттер кошулуп отуруп, Г.Монстровдун Кызыл аскерлерин, шаарлык эрктүүлөрдү кошкондо жыйырма миндей болуп кетти. Анан алар Анжиан жанындагы Байтакты камалга алды. Акбаралы менен Махамкожону динге чыккынчылык кылды, каапырга каапыр өлүм деп турду жыйырма миң жигит!

Мына уруш эми башталмак болду. Кызыл Аскерлер Кокон, Анжиан полкун, татар полкунун экинчи батальонун, чалгынчылардын жөө отрядын, бригада штабынын комендanttык командасын, «үчуучу отряд» деп аталган жигиттер тобун, атчандардын 16-полкун Мадаминбекке каршы койду. Мындай кылбаса Анжианды алдыруу Фергана өрөөнүнүн толтоосун колдон чыгаруу эле. Дагы кошумча деп Кокондон жети вагон аскер түштү. Душмандын атчандары көп экендигин билген жалпы бул согушка жетекчилик кылып жаткан Фергана фронтунун командири М.Сафонов эң мыкты жеңиштерди камсыз кылып жаткан Э.Кужелонун 3-Интернационал атчандар полкун да, кыскасы, өрөөндө эмне күч болсо, ошонун баарын жыйнап туруп Анжианга – Мадаминбекке каршы алып келди. Шаар да аябай катуу коргонду. Кире беришке пулёмотторду жана замбиректерди орнотту.

Тагдыр чечер уруш ушинтип башталды. Ал 1919-жылдын 11-сентябры эле. Анжиан менен Багы-Шамал алоолонуп күйүп жатты. Ислам жигиттери «Түркстан – түркстандыктар үчүн! Же шейит, же газы, ур-р-р!» деп чабуулун күчөтүп, кызылдардын шаштысын алды. А түгүл эски шаарды колго киргизди. Жаңы шаар жан бербей жатты. Кан жыттанган Анжиан ар жагынан октун үнүнөн бошоду. Мадаминбекке каршы курал алып орус аттуунун баары, большевик аттуунун баары көтөрүлдү.

Ошолордун ичинде Анжиан шаар-уезд партия комитетинин жетекчилери Г.М.Бильдин, Шиллер, Фергана фронтунун аскер-ыңкылаб кеңешинин төрагасы Д.И.Спасибов да урушта мерт кетти.

Мадаминбектин жигиттери Ийикчи эшенден кийин экинчи жолу Анжиандын шаштын алды, эшендердин урушу булардын астында баланын оюну болуп калды. Жеңиш келе жатты... Анжиан алынса... калган шаарлар...

Дал ушул жерде кызылдарды ичтен иритти. Мадаминбек жигиттери менен Анжиандын эски шаарын тазалап, ал жердеги жергиликтүү элден курал, жигит топтоп атканда берки жактагы булар менен кошулуп жүргөн «Орус дыйкан армиясы» деп аталган орустардан турган, башында Г.Монстров болуп, азыр бул жердеги эки полконо Иванов менен Михайлов жетекчилик кылган, булар болсо дал ошол кишилердин аты менен аталган Ивановск жана Михайловск посёлкаларынан куралган ыктыярдуу отряд болуп, алар негизинен падышачылыктын убагында байып алган же аскердик милдет өтөп жаткан, большевиктердин келишин жана Лениндин жеңишин каалаган европалык адамдар болгон. Алар Мадаминбек жеңип алса, ислам калыйпалыгын орнотуп, орустун баарына намаз окутуп, орозо туттурат деген кептерге ишенип, туруп эле кызылдар тарапка өтө качышты. Анжиан окуясында бул Мадаминбек үчүн чоң сокку болду. Болгондо да дал жүрөккө урулган сокку болду. Анан калса алар менен кошо 2 дюмдүү замбирек, 1 пулемёт тасмасы менен, 20 миңдей патрону менен 200дөй барданке жана винтовка, 500дөй мингич ат кызылдар жакка кызмат кылууга оор кетпедиби. Бул эмне тагдыр ташыбы же жараткандын жазыгыбы, Мадаминбек түшүнбөдү.

25-июнда Г.Монстров менен келишим түзүп, мужуктар поселкаларынан куралган бул аскерлер кызылдарга каршы бирге күрөшүү бүтүмүнө келгенде, 22-августта Жалал-Абадда Г.Монстров жетектеген «Орус дыйкан армиясы» советтерге каршы резолюция кабыл алганда Мадаминбек колун ушалап, жеңишти бирге майрамдап, бул отряддар бара-бара таратылат, бала-чакасына кете

берет, дыйканчылыгын улантат деп ойлогон эле... Эми минтип...

23-сентябрда Кызыл Аскерлердин Казань полку Анжианга жете келди. Алар 8 рота, 2 эскадрон болуп 24 пулёмоту, 6 замбиреги менен түшөрү замат 24-сентябрда катуу чабуулду баштады. Замбирек тобунан аттар үркүп, буктурмадан пулёмоттор тытырап жигиттердин шаштысы кетти, шайы ооду. Эски шаар алоолоп өрттөндү. Акыры ал жерде он миңдеген кары-картандар, катын-калачтар, бала-чакалар бар эмес беле? Алар да бир жарым саат артиллериялык атууларга, бомбалоолорго кабылды. Ийри пакса дубалдар кумдай кулап, ар бир маала, ар бир там, ар бир карыш жер үчүн катуу кармаш жүрдү.

Мына-мына Мадаминбекке жардамга келет деген Алабалбандын жигиттери да, Ош-Анжиан ортосунан чыгып келүүчү Көр Шермат да, Калкожо да буларга ашык ата албады.

Калкожонун жигиттерин кызыл аскерлердин күчтүү куралданган тобу Анжианга өткөрө койбой талкалады. Болгондо да чилдей таратты. Мына ошондо Момун жектеген эки жүздөй жигит бирден-экиден болуп дыйкандын, соодагердин, шыбакчынын, далдалчынын кейпин кийип эски шаарга эптеп кирди. Түз эле Момун Мадаминбекке жетти. Калкожонун кандайча талкаланганын, анын жигиттери элди тоноого көп берилип кеткендигин, ынтымак-ырашкерлик жоголуп бараткандын төкпөй-чачпай айтып отурду. Бир гана нерсени – балалыгында бир нече жолу бирге жүргөн Исфайрам сайдын боюндагы тегирменчинин эгиз уулунун бири экендигин айткан жок. Мадамин да тааныды. Момунду жакшы тааныды. Лекин сыр бербеди. Тааныбай турган, эч качан көрбөгөн адамдай болуп койду. Эмнеге мындай кылды, Момун түшүндүбү: балким кызылдар шаштысын алып атканда кеңири кептешүүнүн инканияты жоктуктанбы, же жанындагы көп сакчылардан айбыгыппы, болбосо тоонун уларындай таза жигитке бир салакам тийип калбасын дедиби, айтор, ар кайсынысын боолголосо боло берер эле.

Мадаминбек олбурлуу, таза дилдүү жигитти – Момунду жансакчы кылып алды. Дал ушул күнү ал орус дыйкан отрядынын чыккынчылыгын угуп, шаабайы сууп, жанындагы ишенген сакчыларына да шектенип калган эле. Кимиси болбосун, намаздабы, ажатканадабы, уйку үстүндөбү, дасторкондобу – пайтин таап, шамшар шилеп ийиши ыктымал эле. Алардын кутумунан балким ушул шар жүргөн, тоо суусундай таза жигит сактап калар деп ойлоду кыраакы бек эски таанышын эбедейи эзиле карап туруп.

Мадаминбекте айла калбады. Бир гана амал – чегинүү керек, Анжианды таштоо керек. Ансыз жигиттерден айрылып, коколой башын да коротмок. Анан калса Анжиан согушунан кийин булардын ичинен жигиттер топтоп болуп ачык да, купия да кача баштаганы жиндиге да дайын эле.

Түнү бою аскер өнөрүн эң жакшы билген штаб башчысы Белкин, орус офицерлери жана дагы төрт-беши болуп, аларды Момун баш болгон жаңы сакчылар кайтарып, Фергана өрөнүнүн гана эмес, ары Кытайдын, Ооганстандын картасын алдына жайышып аскерлерди аман алып кетүүнүн жолун издеп түн жамынып, адырлап, кокту-колоттоп жүрүп Ошко кетүүнү чечти...

Ош демекчи, ал калаа салкындыгы менен гана эмес, Улуу Жибек кербен жолунун эң маанилүү бекети болушу менен да, Кытай, Ооганстан, Индостан, Анжиан, Фергана, Пишпек жолдорунун тоому болушу менен да маанилүү эле. Оштун кууш-тар көчөлөрү, андан ары тоолор жашынууга жана улам береги чөл жактагы шаарларга чыга келип урушуп-урушуп, кайра кайтып кеткенге ыңгайлуу болчу. Шаардын эли исламга берилип, кыргыз-өзбек камыржумур, дос-ашына болуп, башка жайларга караганда кыйла токпейил болчу. Орус келгени Ош да жаңы шаар, эски шаар деп экиге бөлүнүп, Ак-Бууранын күн жүрүш жагына аскер горнизондору курулуп, мастар көбөйүп, «Пянбазар» деген жер пайда болгон. Дал ошол «Пянбазарда» кечке арак менен пивонун кызуусуна кирген кызыл аскерлер алагүү болуп, сөгүнүп-сагынып жатканда Кулметов деген бир комиссары:

–Мусулмандарды асыш керек, өлтүрүш керек, – деп бакылдап кирди. Анын денеси аракка уугуп, оозунан шилекейи агып, ары-бери өткөндөргө тап берип, акыры арыдан бараткан паранжа жамынган катындарга кылычын көтөрүп чуркап барып, аларды коркутуп, чачтан тартып солдаттын извошуна отургузду да, шаардан чыгарып шерменде кылып таштады.

Бул окуя шаарлыктарга дароо дүң болуп, а түгүл облустук коммунисттердин 3-конференциясында Камбар Алиев европалыктардын адинен ашып кеткенин, мусулман коммунисттерге эрк да, курал да берилбегендигин, калк баш көтөрө албай калгандыгын айтып салды.

Ошто мусулман калк ичинде Молдо Асандын, Махмуд Тиллебаевдин, Саидкасым Акматбековдун, Махжана Шайим Шамсуддиновдордун айтканы айткан, дегени деген болуп турган. Ал жерде Николай бийлиги да, Совет бийлиги да жок, жогорудагы кишилер көп маселелерди ислам шарияты менен чечип салган. Араларында Мадаминбектин жете келишин күткөндөр, ага тымызын киши чаптыргандар да көп эле. Жаңы бийлик эки тарап – Эски шаар, Жаңы шаар болуп ичтен тирешип, орустардын көбү ичкиликке ооп, аскерлерден тартип кетип, байлардан мал-мүлктү, эркиндикти тартып алып элге берет деген кызылдар кыпкызыл талоонго өтүп, Алай, Ноокат жактан келгендерди шаар ичинде тоноп, жылачтап жиберип турган чакта 7-сентябрда Мадаминбек Ошту каратып алды. Каратып алуу көп күчтү да, кыйроолорду да жаратпады. Баары тартип менен жүрдү. Эски шаарда мадаминчилерди сыйпат менен тосуп алышты. Жашыл матага «Жашасын, эгемендүү Түркстан!» деп жазып коюшкан. Бейкүнөө түрмөдө жаткандар бошотулду. Бир дагы оруска колко кылбагыла, бир дагы орус күнөөсүз өлбөсүн дешти. Ошентип Ошто Мадаминбектин салтанаты түзүлдү. Ошол эле кезде Ошко эгиз шаар Жалал-Абад булардын карамагына бой сунду. Эки шаар ортосу толук буларга карады. Мадаминбек бул жерлерде орустардын көбөйүп алганын эске туттубу, же дагы бир башка нерселерди ойлодубу, иши кылып Оштун коменданттыгына алардын өз уулу Алексеевди отургузду.

Күтүлүп-күтүлбөгөндөй Фергана фронтунун башкы командачысы М.Сафонов өзү баш болгон кызылдардын ири отряды Араван аркылуу Ошко келе жаткандыгы маалым болду. Мадаминбек ошондо М.Сафонов менен жолукмакчы, ал кайсыл жерди кааласа, ошол жерге барбакчы жана Фергана асманы астынан эсен-аманыңарда кызылдарды алып чыгып кеткиле демекчи эле. Мадаминбектин жолдош Сафоновго марттын башында кат жазганы да бар. Анда мындай ойлор айтылган: *«Сиздин аскерлерди тартипке чакыруу боюнча 7-марттa чыгарган карарыңызды Фергана облустук ак гвардиячылардын командири катары кубаттаймын деп айтып, ардыңыз армия эмей эле банда болуп кетти, алар адегенде капиталисттерге каршы күрөшүп атып, эми өздөрү капиталист болуп кетти, мисалы, отряд башчыларыңыздын биринен 20 миллион сомдук мал-мүлк табылган, алар элдин акыркы көрпө-төшөгүн, кийиздерин тартып алды, Карл Маркстын жана большевиктердин программасын аткарууга сиздер алсызсыздар, Түркстанда сиздер кыла турган иш жок жана бул жерде өкүмзордугуңуздар менен болгону душман гана арттырасыздар. Айлар өтөт, жылдар өтөт жана сиздер жүргүзгөн саясат бара-бара биздин турмушубузга сиңип кетет. Сиз «федерация түзүлөт» деп жарыя кылдыңыз, сиз элдердин өз тагдырларын өздөрү чечет деп жарыяладыңыз, андай болсо, сиз эмне аларды бизге бербейсиз? Же биздин мусулман болгонубуз үчүн канабы? Биз мусулмандар көпчүлүктү түзөбүз, андыктан да бизге өзүбүзгө ылайык келген башкаруу усулун тандоого уруксат этиңиз? Дагы айтарым зордукчулук кылбаңыз, ысык ордубузду муздатпаңыз жана акыркы көрпө-төшөгүбүздү да тартып албаңыз...»*

Ошондогу каттын жообу жок. Бул жолу да жолугалы дегенинен майнап чыкпады. Ал гана эмес тигилерге бул кабар жеттиби, жетпедиби, наамалым, уруш улана берди. Кызылдарды Кувага чейин чегинүүгө аргасыз кылды.

Ак-Буура боюндагы чайхана. Бөдөнөлөр эркиндик эңсеп сайрап, тоо суусунун шар агымы жайлап, шапатасы урат. Момун Ак-Бууранын боюнда отуруп өзүнүн Исфайрамын эстеди. Суулардын шапаталарын окшотту. Каршы-терши сүзгөн балыктары окшош экен, тоо жактан агып келиши, мөңгү жытын ташып келиши окшош экен.

Сулайман тактан зыяраттан кайткан Мадаминдин штабы шашылыш жыйынга отурду. Алар көпкө талашып-тартышты. Акыры маселе чечилди. Эртең жок, бүрсүгүнө болгон күчтөр өрөөндүн ич тарабына үч багытттан чабуулга өтөт. Орус офицелеринин көмөгү жана кеңеши менен Калкожо, Миркарим, Абдуллажан баштаган жигиттер кызылдардын негизги уюгу болгон Скобелевге кол салат, жолдогу большевиктерге караган майда-чоң шаарлардын баарын талкалып кетет. Мамажан байбача, Аман палван, Байтуман ажы баштаган жигиттер Коргон-Төбө, Кожо-Абад аркылуу Анжианга, ал эми бир тууган Ситниковскийлер, Иван Фаринский, Эшмат байбача, Пирим баштаган топ Наманганга чабуул жасайт.

Наманган уезди, Файзабад, Таштак сыяктуу бир канча шаар Мадаминбектин колуна өтөт.

Ошентип ар ким ар жактан Фергана өрөөнүн большевиктерден тазаламак болду. Бул Мадаминбектин кол башчыларынын чоң жаңылыштыгы эле. Улуу кол бөлүндү. Большевиктердин көктөн издегени жерден табылды. «Бөлүп-жар да, талкайлай бер» деген учур келди...

Дал ошол кез – сентябрдын орто чени Мадаминбектин бактылуу да, ойлуу да кездери эле. Бактылуу дегенибиз балалыгы өткөн Маргалаңга барды.

Бул күн сентябрдын 13 эле.

Маргалаң көчөлөрүндө эл батпай турду. Мурда бирде кызылдардан, бирде жигиттерден коркуп жашаган калк Мадаминбектин келиши менен азаттыкка чыгабыз, бир жаңсыл болобуз деп ойлошту.

–Келиңиз бек!

–Бек!

–Бек!

–Амин, амин келди!

–Түркстан азаттыкка чыгат! – Ушул сыяктуу чакырыктар, кыйкырыктар бейтынч Маргаландын ар бир көчөсүнөн угулуп жатты.

Күтүлүп-күтүлбөгөндөй Фергана фронтунун башкы командачысы М.Сафонов өзү баш болгон кызылдардын ири отряды Араван аркылуу Ошко келе жаткандыгы маалым болду. Мадаминбек ошондо М.Сафонов менен жолукмакчы, ал кайсыл жерди кааласа, ошол жерге барбакчы жана Фергана асманы астынан эсен-аманыңарда кызылдарды алып чыгып кеткиле демекчи эле. Мадаминбектин жолдош Сафоновго марттын башында кат жазганы да бар. Анда мындай ойлор айтылган: «*Сиздин аскерлерди тартипке чакыруу боюнча 7-мартта чыгарган карарыңызды Фергана облустук ак гвардиячылардын командири катары кубаттаймын деп айтып, армияңыз эмей эле банда болуп кетти, алар адегенде капиталисттерге каршы күрөшүп атып, эми өздөрү капиталист болуп кетти, мисалы, отряд башчыларыңыздын биринен 20 миллион сомдук мал-мүлк табылган, алар элдин акыркы көрпө-төшөгүн, кийиздерин тартып алды, Карл Маркстын жана большевиктердин программасын аткарууга сиздер алсызсыздар, Түркстанда сиздер кыла турган иш жок жана бул жерде өкүмзордугуңуздар менен болгону душман гана арттырасыздар. Айлар өтөт, жылдар өтөт жана сиздер жүргүзгөн саясат бара-бара биздин турмушубузга сиңип кетет. Сиз «федерация түзүлөт» деп жарыя кылдыңыз, сиз элдердин өз тагдырларын өздөрү чечет деп жарыяладыңыз, андай болсо, сиз эмне аларды бизге бербейсиз? Же биздин мусулман болгонубуз үчүн канабы? Биз мусулмандар көпчүлүктү түзөбүз, андыктан да бизге өзүбүзгө ылайык келген башкаруу усулун тандоого уруксат этиңиз? Дагы айтарым зордукчулук кылбаңыз, ысык ордубузду муздатпаңыз жана акыркы көрпө-төшөгүбүздү да тартып албаңыз...*»

Ошондогу каттын жообу жок. Бул жолу да жолугалы дегенинен майнап чыкпады. Ал гана эмес тигилерге бул кабар жеттиби, жетпедиби, наамалым, уруш улана берди. Кызылдарды Кувага чейин чегинүүгө аргасыз кылды.

Ак-Буура боюндагы чайхана. Бөдөнөлөр эркиндик эңсеп сайрап, тоо суусунун шар агымы жайлап, шапатасы урат. Момун Ак-Бууранын боюнда отуруп өзүнүн Исфайрамын эстеди. Суулардын шапаталарын окшотту. Каршы-терши сүзгөн балыктары окшош экен, тоо жактан агып келиши, мөңгү жытын ташып келиши окшош экен.

Сулайман тактан зыяраттан кайткан Мадаминдин штабы шашылыш жыйынга отурду. Алар көпкө талашып-тартышты. Акыры маселе чечилди. Эртең жок, бүрсүгүнө болгон күчтөр өрөөндүн ич тарабына үч багыттан чабуулга өтөт. Орус офицелеринин көмөгү жана кеңеши менен Калкожо, Миркарим, Абдуллажан баштаган жигиттер кызылдардын негизги уюгу болгон Скобелевге кол салат, жолдогу большевиктерге караган майда-чоң шаарлардын баарын талкалып кетет. Мамажан байбача, Аман палван, Байтуман ажы баштаган жигиттер Коргон-Төбө, Кожо-Абад аркылуу Анжианга, ал эми бир тууган Ситниковскийлер, Иван Фаринский, Эшмат байбача, Пирим баштаган топ Наманганга чабуул жасайт.

Наманган уезди, Файзабад, Таштак сыяктуу бир канча шаар Мадаминбектин колуна өтөт.

Ошентип ар ким ар жактан Фергана өрөөнүн большевиктерден тазаламак болду. Бул Мадаминбектин кол башчыларынын чоң жаңылыштыгы эле. Улуу кол бөлүндү. Большевиктердин көктөн издегени жерден табылды. «Бөлүп-жар да, талкайлай бер» деген учур келди...

Дал ошол кез – сентябрдын орто чени Мадаминбектин бактылуу да, ойлуу да кездери эле. Бактылуу дегенибиз балалыгы өткөн Маргалаңга барды.

Бул күн сентябрдын 13 эле.

Маргалаң көчөлөрүндө эл батпай турду. Мурда бирде кызылдардан, бирде жигиттерден коркуп жашаган калк Мадаминбектин келиши менен азаттыкка чыгабыз, бир жаңсыл болобуз деп ойлошту.

–Келиңиз бек!

–Бек!

–Бек!

–Амин, амин келди!

–Түркстан азаттыкка чыгат! – Ушул сыяктуу чакырыктар, кыйкырыктар бейтынч Маргалаңдын ар бир көчөсүнөн угулуп жатты.

Күтүлүп-күтүлбөгөндөй Фергана фронтунун башкы командачысы М.Сафонов өзү баш болгон кызылдардын ири отряды Араван аркылуу Ошко келе жаткандыгы маалым болду. Мадаминбек ошондо М.Сафонов менен жолукмакчы, ал кайсыл жерди кааласа, ошол жерге барбакчы жана Фергана асманы астынан эсен-аманыңарда кызылдарды алып чыгып кеткиле демекчи эле. Мадаминбектин жолдош Сафоновго марттын башында кат жазганы да бар. Анда мындай ойлор айтылган: «*Сиздин аскерлерди тартипке чакыруу боюнча 7-мартта чыгарган карарыңызды Фергана облустук ак гвардиячылардын командири катары кубаттаймын деп айтып, армияңыз эмей эле банда болуп кетти, алар адегенде капиталисттерге каршы күрөшүп атып, эми өздөрү капиталист болуп кетти, мисалы, отряд башчыларыңыздын биринен 20 миллион сомдук мал-мүлк табылган, алар элдин акыркы көрпө-төшөгүн, кийиздерин тартып алды, Карл Маркстын жана большевиктердин программасын аткарууга сиздер алсызсыздар, Түркстанда сиздер кыла турган иш жок жана бул жерде өкүмзордугүңүздар менен болгону душман гана арттырасыздар. Айлар өтөт, жылдар өтөт жана сиздер жүргүзгөн саясат бара-бара биздин турмушубузга сиңип кетет. Сиз «федерация түзүлөт» деп жарыя кылдыңыз, сиз элдердин өз тагдырларын өздөрү чечет деп жарыяладыңыз, андай болсо, сиз эмне аларды бизге бербейсиз? Же биздин мусулман болгонубуз үчүн канабы? Биз мусулмандар көпчүлүктү түзөбүз, андыктан да бизге өзүбүзгө ылайык келген башкаруу усулун тандоого уруксат этиңиз? Дагы айтарым зордукчулук кылбаңыз, ысык ордубузду муздатпаңыз жана акыркы көрпө-төшөгүбүздү да тартып албаңыз...*»

Ошондогу каттын жообу жок. Бул жолу да жолугалы дегенинен майнап чыкпады. Ал гана эмес тигилерге бул кабар жеттиби, жетпедиби, наамалым, уруш улана берди. Кызылдарды Кувага чейин чегинүүгө аргасыз кылды.

Ак-Буура боюндагы чайхана. Бөдөнөлөр эркиндик эңсеп сайрап, тоо суусунун шар агымы жайлап, шапатасы урат. Момун Ак-Бууранын боюнда отуруп өзүнүн Исфайрамын эстеди. Суулардын шапаталарын окшотту. Каршы-терши сүзгөн балыктары окшош экен, тоо жактан агып келиши, мөңгү жытын ташып келиши окшош экен.

Сулайман тактан зыяраттан кайткан Мадаминдин штабы шашылыш жыйынга отурду. Алар көпкө талашып-тартышты. Акыры маселе чечилди. Эртең жок, бүрсүгүнө болгон күчтөр өрөөндүн ич тарабына үч багытта чабуулга өтөт. Орус офицелеринин көмөгү жана кеңеши менен Калкожо, Миркарим, Абдуллажан баштаган жигиттер кызылдардын негизги уюгу болгон Скобелевге кол салат, жолдогу большевиктерге караган майда-чоң шаарлардын баарын талкалып кетет. Мамажан байбача, Аман палван, Байтуман ажы баштаган жигиттер Коргон-Төбө, Кожо-Абад аркылуу Анжианга, ал эми бир тууган Ситниковскийлер, Иван Фаринский, Эшмат байбача, Пирим баштаган топ Наманганга чабуул жасайт.

Наманган уезди, Файзабад, Таштак сыяктуу бир канча шаар Мадаминбектин колуна өтөт.

Ошентип ар ким ар жактан Фергана өрөөнүн большевиктерден тазаламак болду. Бул Мадаминбектин кол башчыларынын чоң жаңылыштыгы эле. Улуу кол бөлүндү. Большевиктердин көктөн издегени жерден табылды. «Бөлүп-жар да, талкайлай бер» деген учур келди...

Дал ошол кез – сентябрдын орто чени Мадаминбектин бактылуу да, ойлуу да кездери эле. Бактылуу дегенибиз балалыгы өткөн Маргалаңга барды.

Бул күн сентябрдын 13 эле.

Маргалаң көчөлөрүндө эл батпай турду. Мурда бирде кызылдардан, бирде жигиттерден коркуп жашаган калк Мадаминбектин келиши менен азаттыкка чыгабыз, бир жаңсыл болобуз деп ойлошту.

–Келиңиз бек!

–Бек!

–Бек!

–Амин, амин келди!

–Түркстан азаттыкка чыгат! – Ушул сыяктуу чакырыктар, кыйкырыктар бейтынч Маргалаңдын ар бир көчөсүнөн угулуп жатты.

Күтүлүп-күтүлбөгөндөй Фергана фронтунун башкы командачысы М.Сафонов өзү баш болгон кызылдардын ири отряды Араван аркылуу Ошко келе жаткандыгы маалым болду. Мадаминбек ошондо М.Сафонов менен жолукмакчы, ал кайсыл жерди кааласа, ошол жерге баркызылдарды алып чыгып кеткиле демекчи эле. Мадаминбектин жолдош Сафоновго марттын башында кат жазганы да бар. Анда мындай ойлор айтылган: *«Сиздин аскерлерди тартипке чакыруу боюнча 7-мартта чыгарган карарыңызды Фергана облустук ак гвардиячылардын командири катары кубаттаймын деп айтып, армияңыз армия эмей эле банда болуп кетти, алар адегенде капиталисттерге каршы күрөшүп атып, эми өздөрү капиталист болуп кетти, мисалы, отряд башчыларыңыздын биринен 20 миллион сомдук мал-мүлк табылган, алар элдин акыркы көрпө-төшөгүн, кийиздерин тартып алды, Карл Маркстын жана большевиктердин программасын аткарууга сиздер алсызсыздар, Түркстанда сиздер кыла турган иш жок жана бул жерде өкүмзордугуңуздар менен болгону душман гана арттырасыздар. Айлар өтөт, жылдар өтөт жана сиздер жүргүзгөн саясат бара-бара биздин турмушубузга сиңип кетет. Сиз «федерация түзүлөт» деп жарыя кылдыңыз, сиз элдердин өз тагдырларын өздөрү чечет деп жарыялады-ңыз, андай болсо, сиз эмне аларды бизге бербейсиз? Же биздин мусулман болгонубуз үчүн канабы? Биз мусулмандар көпчүлүктү түзөбүз, андыктан да бизге өзүбүзгө ылайык келген башкаруу усулун тандоого уруксат этиңиз? Дагы айтарым зордукчулук кылбаңыз, ысык ордубузду муздатпаңыз жана акыркы көрпө-төшөгүбүздү да тартып албаңыз...»*

Ошондогу каттын жообу жок. Бул жолу да жолугалы дегенинен майнап чыкпады. Ал гана эмес тигилерге бул кабар жеттиби, жетпедиби, наамалым, уруш улана берди. Кызылдарды Кувага чейин чегинүүгө аргасыз кылды.

Ак-Буура боюндагы чайхана. Бөдөнөлөр эркиндик эңсеп сайрап, тоо суусунун шар агымы жайлап, шапатасы урат. Момун Ак-Бууранын боюнда отуруп өзүнүн Исфайрамын эстеди. Суулардын шапаталарын окшотту. Каршы-терши сүзгөн балыктары окшош экен, тоо жактан агып келиши, мөңгү жытын ташып келиши окшош экен.

Сулайман тактан зыяраттан кайткан Мадаминдин штабы шашылыш жыйынга отурду. Алар көпкө талашып-тартышты. Акыры маселе чечилди. Эртең жок, бүрсүгүнө болгон күчтөр өрөөндүн ич тарабына үч багытган чабуулга өтөт. Орус офицелеринин көмөгү жана кеңеши менен Калкожо, Миркарим, Абдуллажан баштаган жигиттер кызылдардын негизги уюгу болгон Скобелевге кол салат, жолдогу большевиктерге караган майда-чоң шаарлардын баарын талкалып кетет. Мамажан байбача, Аман палван, Байтуман ажы баштаган жигиттер Коргон-Төбө, Кожо-Абад аркылуу Анжианга, ал эми бир тууган Ситниковскийлер, Иван Фаринский, Эшмат байбача, Пирим баштаган топ Наманганга чабуул жасайт.

Наманган уезди, Файзабад, Таштак сыяктуу бир канча шаар Мадаминбектин колуна өтөт.

Ошентип ар ким ар жактан Фергана өрөөнүн большевиктерден тазаламак болду. Бул Мадаминбектин кол башчыларынын чоң жаңылыштыгы эле. Улуу кол бөлүндү. Большевиктердин көктөн издегени жерден табылды. «Бөлүп-жар да, талкайлай бер» деген учур келди...

Дал ошол кез – сентябрдын орто чени Мадаминбектин бактылуу да, ойлуу да кездери эле. Бактылуу дегенибиз балалыгы өткөн Маргалаңга барды.

Бул күн сентябрдын 13 эле.

Маргалаң көчөлөрүндө эл батпай турду. Мурда бирде кызылдардан, бирде жигиттерден коркуп жашаган калк Мадаминбектин келиши менен азаттыкка чыгабыз, бир жаңсыл болобуз деп ойлошту.

–Келиңиз бек!

–Бек!

–Бек!

–Амин, амин келди!

–Түркстан азаттыкка чыгат! – Ушул сыяктуу чакырыктар, кыйкырыктар бейтынч Маргаландын ар бир көчөсүнөн угулуп жатты.

Маргаландыктар жана атайын көрүү үчүн шаарга жакын кыштактардан келген адамдар жигиттердин алдынан чыгып, аттарын сылап, колдорун өөп, баталарын берип бир башкача керемет болуп атты.

Базарда шишкебектин шилекей агызган жыты мурунга келип, адамдарды тамшандырып, пая, беде, саман, чөп саткандар да жардана бери жакындашып, мал бачар катарлаша өтүп бараткан жакка тамаша көргөнү келип алды.

Момунду үч күн мурда Мадаминбек жыйырмадай атчан жигит кошуп берип, Балыкчыдан жеңеңди алып келгин, жолдун баарын өз кишилерибиз саксактап турат деп катуу тапшырма берип жөнөткөн.

Саадаттын чүмбөттөлгөн извош арабага чыкканын Мода, аны менен канча кыз-келин кошо отурганын да Момун билбеди. Алар Момундун айылындагы аялдардай эмес эле, беттерине кара паранжы жамынып, эркектерге жакын келбейт экен.

Араба акырын кылдырттап, күздүн али күчүндө турган ысыгы денени талыкшытып, аялдар отурган извошко улам ынтыла калган адамдарга тап берип аткан Жазавандын ачка ачкемерлери кол салбасын, же кара куртпу, кара чаар жыланбы, кирип барып чагып албасын деп Момун Саадаттардын арабасын оң жагынан кайтарып бара жаткан. Бир убакта ат үстүнө куш уйку тартып бараткан экен, кандайдыр бир ырдан ойгонуп кетти. Извоштун ичинен акырын, мундуу үн чыгып жатат. Бул Саадаттын үнү эле, анын абаны кошокко да, арман ырларына да окшош, абдан өкүттүү да, өксүктүү да, эненин бешик ырына окшош да эле. Момундун уйкусу умачтай ачылып, алдыдагы чөлдүн ысыгынан да башкача бир ысык келди. Ыр бек тууралуу экен, атасы урушка кеткен баланын бешигин терметип, «Алла» айтып жаткан эненин ырындай бул ырды Момун өз апасынан укчу. Апасы Момун менен Эминди бешикке салып, экөөнү эки колу менен терметип, ушундай «алла» айтчу. Момун ошол ырды угуп уктап кетчү да, кайра ойгонсо дале апасы «алла» айтып жаткан болчу.

Кызык, энелердин бешик ыры бардык жерде окшош турбайбы? Ошондогу баласын уктатып, ага жакшы тилектерди каалаган энеси үчүн чоңоюп алып Эмин экөө эмне кылды? Момунду ой басты. Чочуп алды. Баарын таштап айылга – апасына кетсеби? Же Эмин барды бекен, апасына карапайлашып жатат бекен...

Момундар Маргаланга кирип барганда извош арабаны көрүп эле баары жол бошото берди. Паранжа жамынган аялдар Мадаминбектин айланта салынган үйлөрүнүн бирине кирип кеткенде гана Момун өзүнө келип, оор тапшырманы аткарганга корстон боло бир жылкем кысып...

Түшкү тамакты Мадаминбек Саадаттын өз колунан жеди. Көптөн бери мындай аш жей элек болчу. Даамы бир башкача, зейтун майы ичтейди ачып, үстүнө майда тууралган койдун куйругу менен боору көктөргө аралаштырылып, Чоң-Каранын күрүчү ажеп аш болгон экен, Мадаминбек жарын бир карап мактап алды:

–Ашыңыз жакшы болуптур, Саадат айым! Сиздин колдон тамак жедирип жаткан Алланын ырыскысына шүгүр дейли!

Ушул сөздү укканда Саадат чыдабай кетти. Канча күн, канча түн ойлогон, Балыкчыдан бери көңүлүнөн бир дакыйка да чыгарбай, ушинтип айтайын деп келе жаткан сөздөрүн бир чекеден айтамын деп, бирок күйөөсүнүн сүрүнөн чочуп, чубап айта албай, ар-ар жеринен үзүп-чолуп айта баштады:

–Бегим, экөөбүз эки жакта... Сизди өлдү дешти... Ооганга качып кетти дешти... Оруска өтүп кетти дешти... Ушул урушту ким ойлоп тапты?.. Сиз дешет... Сиз болбосоңуз тынч жашайт элек дешет... Акыры сиз тегирмен курабыз, тегирменчи боломун дейт элеңиз го? Ошол ак ун кармап, адамдарга ак нан тартуулоочу ушул колдоруңуз, кечиргейсиз... - Ушул жерге келип ал ыйлап ийди... - Кан кармап калды...

Мадаминбек түшүндү. Азыр эле тоё жеген палоосу да, анын артынан жакшы синдирет деп ичкен мамыры

чайы да кекиртегине чейин кайра келип, аш ичинен таш чайнап алгансып аялын теше тиктеп, ага боору ооруп да, ачуусу келип да турду. Анан эле бир икая айта баштады:

–Илгери бир мамлекеттин жерин башка бир мамлекет басып алыптыр, – деп сөзгө алыстан кирди. Саадат көз жаштардын тыйды. – Жанагылардын басып кирген баскынчылар менен согуша турган алы да, аскери да, жарагы да жок экен. Эмне кылат? Туруп берет. Басып кирген душмандардын алдынан нан-туз менен, тамак-аш менен, болгон тартуулары менен чыгат, аттарына жемчөп берет. Жоо алардын бул мамилесине айран-таң калат. «Сунулган баштарды суурулган кылыч кесмек салтта жок». Кылычтар кайра кынына кирип, басып кирген өлкөнүн падышасы аскерлерин чакырып алып, «бир күн туз таткан жериңе кырк күн салам бер» деген сөз бар, силер бизге берген нан-тузуңарга, аттарыбызга берген кашектериңерге ыраазы болгула, биздин элге да конок болуп келгиле маанисинде кат жазыптыр...

Мадамин бул сөздөрдү чын дилинен айтып атканы менен азыр сунулган баштарды суурулган кылычтардын кеспей калышына ишенкиребей турду.

Саадаттын айтканына да жок дей албай, чөккөн көңүлүн бир аз көтөрөйүн деп гаргарчинин үйүндөй жүдөгөн шаарды аралап жүрүп, ара-чолодо балдардын кандай окуп жаткандары менен таанышып койгону бир мектепке баш бакты. Мектепте майда жөжөлөрдөй эле балдар калыптыр. Алардан орусча кандай сөздөрдү билесиңер десе, уялыңкы гана «берданка», «Красная Армия», «буханка», «налог», «комсомол», «книжка», «охранник», «мандат» дегендей сөздөрдү айтты. Баары түшүнүктүү. Он жаштан өйдөкүлөр кеч күз болгонуна карабай бүт пахта теримде экен, алар азанда талаага чыгып, же түнү Ай жарыгында да калып, колу-буту чорлонуп, жылаңач этин таар шымдары өйкөп, ооруп калгандары аңызда өлүп, өлгөндөрдү көөмп коёр адам жок, баары жокту ачарчылык каптап, азыр ушул кыш алды болсо да косек терип, жөн тербей аргасыздан ырдап терип, ырдаганда да «Пахта, пахта, пахтадан башка нерсени мактаба» деп ырдашып, совет өкмөтүн тикелөө үчүн кам уруп жатышыптыр. Кар астынан косек жыйнап аны-сына жарым кило кант, чейрек кило пахта майы, анан бир буханка нан алат экен. Балдардын ушундай абалын көрүп Мадаминдин ыйлагысы келди, ичинен кан өтүп кетти.

Кечинде авлисина Жусупжан «кызыкты» чакыртты. Анын алдына эски кадырданы, жыйырма үч жаш улуу болсо да, досундай сезген Жусупжан кызыктын ар бир келип кетиши, дилинде уюп калган кара канды суюлта койгондой шаттык маанай тартуулайт. Бала күндөн Шакиржан уулу Жусупжандын[2] аскияларын, боор эзе күлдүргөн тамашаларын тыңшап, анын тамаша деп туруп, жигиттерди да, кызылдарды да туурап келекелеген, анын ичинде бектин өзүн да шакабага алган өнөрлөрүн карап туруп, «өлбөң ака, өлбөң» десе, «мен башкаларды күлдүрүп жүрүп ансыз да көп жашаймын» дегенине ичтен тамшана калат. Бул жолу да сөрүдө анын ширин сөздөрүн кумарлана угуп, жыргап отуруп, анын мурдагы бир жоругу эске келе калды.

Бир жолу аны адаттагыдай эле жигиттеримдин көңүлүн бир ачып берсин деп Шерматбек чакырып калды. Мадаминбек да бар. Шаа сөрүдө бөдөнө капастын алдында эң жакын кишилер Жакыпжан-пулёмотчу, Ысмайыл корбашы, жигит башы Эгемберди отурган. Жусупжан «кызык» келери менен, чай-нан ооз тийгизип туруп эле Шерматбек сурап калды:

–Бу Сиз калк ичинде көп жүрөсүз, эл биздин жигиттер тууралуу эмне дешет, калктын ою кандай? – деп калбаспы.

Жооп берүүнүн ордуна Жусупжан оодунан ыргып турду да, шатынын эки баканасын бирден аттап тамбакыра баштады:

---

[2] Жусупжан Шакиржанов (*Юсуфжон Шокиржонов*), Юсупжан "кызык" – 1869-жылы Эски-Маргаланда туулган. 1937-жылы Лондонго гастролго барган. Өзбекстандын Эл артисти наамы берилген. Азыр Фергана облустук театры анын ысымын алып жүрөт.

–Вой-дат, вой-дат! Оо, эл-журт, жардамга! Жардам бергиле! Бул Мадаминбек менен Шерматбектин жигиттери үйүмдү талап атат! Жардам! Вой-дат! Вой-дат!

Мадаминбек менен Шерматбек баарын түшүндү. Ушинтип аларды жаман көрсөткөндөрдү да, ушинтип кызылдарды чакырып алып «жайлап» салгандарды да түшүндү.

Жусупжан ошон үчүн аскиячы да, ошон үчүн кызыкчы да. Тилин тартпайт. Сынын сөөккө жеткире айтат.

Ошол аскиячы Мадаминбекти дагы да кызык жоруктарды айтып күлдүрүп отурду.

Мадамин бектин короосуна дагы бир мейман Артём Петросян деген армян келип турчу. Бул жолу да ал он үч жашар бийчи кызы Тамараны эргештирип келди. Асили маргаландык, анын Скобелде туруп калган Тамаранын[3] минтип өзбекче сайрап сүйлөп, чимирилип «ыракска» түшүп турганы Мадаминдин жаштыгын элестетип, калабалуу согуш күндөрүн бир аз болсо да унуткартар эле. Кыз чылдырмандын ыргагында айланган сайын Мадаминбек ага бактылуу өмүр тилеп отурду...

***

15-сентябрда Маргалаң шаарындагы Ордо тагы мааласында ислам лашкарлери менен аларга союздаш орус аскерлеринин колбашыларынын Курултайы чакырылды. Ага бек өзү төрагалык кылды жана Фергана өкмөтүн колго алуу, Фергана жергесинде шаарлардагы чептерге бекинип алган кызыл аскерлерди акыр аягына чейин талкалоо, бардык айыл-кыштактарга өз адамдарынан башчыларды коюу, элди тынчтандыруу маселеси каралган. Андан да чоң маселе Анжиан эле.

Ал жерде окуя жогоруда айтылгандай кыргын менен аяктап, кайра Ошко чегинет. 26-сентябрда Ошко жакындайт. Сулайман так көрүнө баштайт. Бирок ага жетүү, зыярат кылуу кайда?

---

[3] Тамара Ханум (өз аты-жөнү — *Тамара Артёмовна Петросян*; 1906-1991) – бийчи, ырчы, балетмейстер. СССРдин Эл артисти (1956), Сталиндик мамлекеттик сыйлыктын ээси (1941).

Ош баягы Ош эмес экен. Артынан Соколовдун Казань полку менен Кужелонун атчандар полку жан аябай кууп келе жатса, баягы өзү коюп кеткен генерал Алексеев шаардан мусулмандардын баарын айдап чыгып, кыштактарга кууп, европалыктарга курал берип, түрмөгө салынган советтердин кишилерин чыгарып, чыгарып гана калбай, алардын Октябрь төңкөрүшүнүн уруятынан улам алган орундарына кайра отургузуп, иши кылып Мадаминбекти Ош ок менен тосуп алды. Шаарга кире албай алар Жалал-Абадга жөнөдү. Жолдон Созок жеринде орус дыйкан отрядынын жоокерлеринин дагы бир чоң топтору кызылдар жакка кол көтөрүп өтүп берди.

30-сентябрда күчтүү куралданган большевиктер Жалал-Абадды да ээлеп алды.

Анан Мадаминбек кыш түшөр менен Жаңы-Ноокатка, Саабалар мазарына минтип келип турган чагы...

***

Э.Кужелонун атчандары Мадаминбектин артынан сая түштү. Аны качырбай кармап калуу, колдон келсе талкалоо тапшырмасы аларды уктатпай жаткан. Он тогузунчу жылдын бул күзү күз эмес эле кыш болуп калды, өзөктү өрттөп, муруттарга муз тоңуп, аттардын булоолору гана чыгып, алар тарбайып арыктаса да, ныктай оор, тынбай теминген адамдарды үстүнө көтөрүп, көөлүктүн бурчун аргасыз аткарып, өлүү-тирүүсү белгиси кар үстүндө сүзүп бараткансыйт. Ар кадам оор тартып, өргүү алууга буйрук жок бороондо буюгуп, Кызыл аскерлер Көк-Жарга жетип келди. Дал ошол жерде алдыда чалгынга кеткен жигиттер Мадаминбектин жигиттеринен туткун кармап келбеспи. Эң маанилүү учурда мындай тил кармап келгендерге алкыш жарыялап, Эмин тилмечтик кылып, Эрнест Францевич Кужело, Марк Ильич Полыковский аларды өздөрү суракка алды да, комбриг Кужело дароо бүтүм чыгарды:

– Мадаминбекке жете келиппиз! Дагы бир чамынайлы! Алар Жаңы-Ноокатта экен! Жетели да, талкалап таштайлы!

Кайда талкалайт. Баары: аттар да, адамдар да тырп этер алы жок, акыркы кайраты менен эми эле ар кайсыл жердеги далдоолорго кирип көчүк баскан.

Кудай жалгап арттан медет берүүчү татар бригадасынын атчандар батареясы да куйрук улаш жете келди.

–Тургула! Акыркы урушка камынгыла! – Кужело ушинтип айтты. Жакынды эле жарат алып, жараты айыга элек командир ушинтип айтканда, баары кайраттана түшүп тери ката элек аттарына ыргып минди.

Тосотко түздөн-түз Миклош Врабецтин 2-Фергана интернационалдык кавалерия полку кол салды.

Марк Ильич Полыковскийдин отряды кыштакка Белден өтүп, Кайрагач жактан бир тамандан байкатпай чабуул жасады. Аларга кечээ эле Мадаминбектин карамагында жүргөн, эми кызылдарга өтүп келген Молдо Омордун жыйырма чакты жигити да кошулду.

Татар атчандар тобунда ок-дары, курал-жарак жакшы болчу. Анан калса аларда аёо жок, бул жерликтерди тааныбайт, Жаңы-Ноокаттын тамдарын, малдарын, бирде-экиде серейип чыга калган адамдарын четтен атып кирди. Алар да бурганактан көрүнсө эмне, ташы да, тамы да билинбейт. Чили-Сайдын быйыл эрте түшкөн музунун ичиндеги чээнде уктап жаткан балыктар да бакырып качкандай журт жабыла аяздуу суукта тоо таянып качып жөнөдү...

Кызылдар бубактуу өрүкзарга ошол өрүктөрдүн башындагы муз болуп калган карларды да октор менен түшүрүп, сабаалар көрүстөндөрүн да аткылап кирип келгенде айылда эч ким жок эле. Баспай жаткан кеселдерин да жүктөп чыгып кетиптир кайран эл. Орустар бир-бирден кыдырып, кабырларды аралап жүрдү...

***

Жаңы-Ноокат Мадаминбектин жигиттерине тарлык кылды. Туш-туштан кызылдар келе жатканда эле тоо башындагы сакчылар алардын күчү туруштук бергис экендигин бекке айтышты.

Бек адегенде элге тийбестир деп ойлогон. Келгендер эл-жерди карабай аткылап киргенде гана жигиттерге элди

качырууга буйрук берди. Эң акырында калган жигиттер кызылдардын огуна кабылды, өлгөндөр да, колго түшкөндөр да болду.

–Давай, Эмин, давай! – деп алдында Миша менен Эмин барат.

Экөө теңтайлашып, ар качан кылычтарын булгалап, тапанчаларын белендеп алдыда жүрөт. Экөөнө тең Кызыл аскерлердин беш жылдыздуу шапкеси жарашып калат.

Кызыл командирлердин бири, ыры менен жылмаюусу оозунун кетпеген, оозунан гана эмес бүт баденинен эне сүтү жыттанып турган чыбыктай жаш жигит Миша Спиридонов 4-эскадрондун 1-взводун башкарат.

Буюккан жигиттер атын чапкылап качкандарга жете келди. Бурганактан, тумандан, кар тозонунан адам карааны көрүнбөйт. Бир эле карабаңчыкса атып калмай. Кар бетинде өлүктөр жатат. Аш-пеш дегенче эле Миша менен Эмин жакындап барганда жөө-жалаңдап кетип жаткандырдын бири жандалбастап кыйкырды:

–Дяденька, не убивай меня! – Бул кайсыл орус болуп кетти деп тапанчасын тартып алган Миша он үч-он төрт жаштагы балага жете келди. Миша да, Эмин да аттан ыргып түшүп баланы бооруна алышты. Көк муштум болгон өспүрүмдүн бетинде кан-сөлү жок, жыгачтай катып калыптыр.

Аңгыча эле кызылдарга куугунду токтотуу буйругу берилди. Бир топ туткунду айдап алдыда бара жаткандар Жаңы-Ноокатка кайра тартты.

Чили-Сайда эми эле талкаланган чаркыпалектин жанында суунун бир жери оюлуп турат, ал жерден адамдар суу сузуп алат болуш керек, Момун менен Миша аттарын ошол жерге алып келип, суу ичирип жатып, Миша Момундан сурады:

–Ушул сууда балык болобу?

–Оо толтура болот. Биздин айылда Исфайрам деген мындан үч-төрт эсе чоң дарыя бар. Жайдын күнү карап турсаң балыктар тим эле ары-бери сүзүп жүрөт. Суу алган челекке да түшүп калат, а түгүл аттар суу ичип жатканда алардын оозуна да кирип келет.

–Кызык. А мен балыкты абдан жакшы көрөм. Аны кармайм да, дароо эле «уха» кыла салам.

–Уха деген эмнең?

–Балык сорпо.

–Эмне балыкты да жейби?

–Эмне дейсиң! Жебегенде анан. Тим эле кечке суу ичип жүрөсүң. А силерде балык жебейби?

–Балык жебейт! Ал макүрө. Ал суунун курту, куртту жебейт, арам!

Ошентип ар кимиси өзү жак, өз салты жөнүндө сүйлөшкөндү экөө тең жакшы көрөт.

–Согуш бүтсө, – деди Миша, – мен сени айылыма алып кетемин, ак кайыңдарды аралап аккан Волга дарыясынан балык уулайбыз.

–Анан.

–Анан кемеге түшүп алып Москвага барабыз. Экөөбүз тең окуйбуз. Эх, согуш тез эле бүтсө экен.

–Ушул басмачылар түгөнсө экен!

Алар аттарын сугарып болуп кар баскан бакты аралап, бутактары сынып жаткан өрүкзар менен өйдө өттү.

Сабаалар мазарын угуп жүргөн менен Момун ал жерди көргөн эмес. Бир жолу Сафед-Булан деген жерде ушундай эле мазарлар тууралуу ал жерди кайтарган азиздердин бири айтып берген уламыш эсинде дайыма жүрчү. Ал мындай эле:

– «Бул тарых оо мындан көп жылдар илгери ислам таратуучулар бул аймактарга жаңы эле келип жатканда болуптур, – деп сөз баштады сакалы куупкуу, кашы калың, көзү адамды тике караган шайык баянын баштап жатып, – алар 715-жылы Кутейба ибн Муслимдин колбашчылыгы астында чоң жортуулга чыккан да, Эранды, Самаркан менен Букараны каратып, 812-817-жылдарда Барганандын борбору Касанды басып алган. Ал калаанын акими Исхат качып кеткен. Калк ислам динин кабыл ала баштаган. Буерлерди болсо Каф деп аташып-тыр жана арабдар айткандай ал жерлерде жарым адам, жарым куш эл жашаган, аларды муг деп аташкан. «Муг» деген мусулман эмес, Күнгө, отко сыйынган, башка дин-

дегилер деген мааниде болгон экен. Кырк миң жоокер менен арабдар Самарканддан кийин ушул аймактарга басып кирет. Алардын башчысы имам Жарир болгон, аны көп жерде урмат-сый менен тосуп алышкан. Бир гана ушул тоолук калк оңойлук менен баш берген эмес. Анткени алар өз башчысы Карбанбаска ишенген. Анын карамагында бир нече шаарлар, ири, бышык чеп-коргондор, көп мүлкү, сан жетпес малы бар болгон, үч жүз алтымыш ашык кент ага баш ийген, өзү да алп көкүрөк, балбан билек башчы эле. Ал Падыша-Ата суусунун боюнда жашаган, Мамай кыштагына жакын турган.

Карбанбаска араб кошуун башчысы имам Жарир тынч гана багынып берүү тууралуу кат жолдогон. Араб элчилеринин катын алып ал көзүнө сүртүп, элчиге кортуп, имамга өзү бармак болот да, барып, анын сыйурматын көрүп, тоолук мугдардын баары катын-калач, бала-чака – бири калбай мусулман болду деп айтат, ошентип тигилердин көөнүн жайгарат. Имам Жарирди өз чарбагына мейманга чакырат, аны жана төрт жүз адамды сый-урмат менен тосуп алат, а түгүл көшөгөдө гана сактап келген, көлөкөгө баккан кызын да алыс журттан келген конокко тартуу кылат. Ал кыз Карбанбастын жалгыз кызы эле. Эми ал кыз араб жигити имам Жаридин ак никелүү аялы болот. Балким ошондо биринчи жолу мусулманча нике бизге жеткендир. Эртеси имам Жарир жаңы эле алган зайыбын бир-эки күнгө төркүнүнө калтырып, өзү Аксыга – калган кишилерине барып келгени кетет. Ошол түнү Карбанбас кызын үйдөн кууп чыкмак болот, энеси болсо энелик кылып кызын жашырып калат, ошондо кызы качып жүргөн Касан акими Ихшитен Карбанбаска кат келгенин, анда Ихшит Касандан качып чыгып Түркстанга барганын, ал жерден аскер жыйып, андагы баскынчы арабдардын баарын кырып таштаганын айтат. Ошо катта Орозо айт күнү намаз убакта арабдарга чабуулга өтүү жөнүндө да кеп-кенеш угузулат. Бул жашыруун кабарды эшитип калган Убайда таң атарда атасынын үйүнөн качып чыгып, имамга барат, укканын уккандай күйөөсүнө айтып берет. Имам Жарир төрт жүз кишини күзөткө коюп, бардык жагын бышык-

тайт. Кыскасы, айт намазында төрт жүз мусулманды өлтүрүшөт, башка бир маалыматтарда чоң согуш болуп, эки миң жети жүз кишинин башы кесилген деп айтылат.

Өлүмдөн качып, аман калган имам Жарир алыскы журтуна жол тартат, бирок кандайдыр бир себептер менен Багдадда ууланып өлгөндүгү, андан ары мекени Мединага жаш алган зайыбы Убайда күйөөсүз, кара кийип кеткендиги тууралуу айтылат.

Убайда араб жергесинде – Мединеде уулдуу болот. Ала-Тоо жыттуу уулдун атын Фазил коёт. Ал жаш кезинен эле тагаларындай зирек, өткүр, балбан жигит катары журтка таанылат. Аны апасы да, эли да жоокер кылып, жоого маш кылып, болочок күрөшкө даяр кылып өстүрүшөт. Тоо арасында шамал менен ат үстүндө өскөн Убайда журтун сагыныппы, кусаланыппы, өч алганы үчүнбү, айтор, баласы экөө чоң кол курап, алыскы Баргана топурагына аттанат. Бул арада ортодон кырк жыл өткөн эле. Карбанбас келбес жайга кеткен. Бийлик тизгини Ихшиттин колунда турган.

Ошол кыштакта, азыр эми Сафед-Булан деген ат менен аталган бу жайда, ошол кезде бир кыз болуптур. Ал ушунчалык чырайлуу, назик, анан өз канайымына берилип кызмат кылган пакиза жан экен. Жанагы айт намазда «Кыргын мечитте» башы алынган адамдардын арасына келип, алардын башын бирден абайлап кармап, аларды аруу кылып, тазалап жууп, акка ороп, четинен чогултуп жүрө берет. Таңдан кечке кылган иши ошо – баш термей. Издегени – Убайда бонунун жана Жарир имамдын кесилген баштары. Издейт, издейт, таппайт. Эки миң жети жүз башты кайра-кайра жууйт, тазалайт. Өзү издеген баш жок. Ошентип жүрүп мезгил менен жанагы денесинен ажыраган баштар анын күн тотуктурган кызгылт денесин купкуу кылат. Кызыл жүздүү кыз сөөк жүздүү бир сөңгөккө айланат. Бирок издегени – издеген...

Тагдыр экен, кийин ошол жайга Убайданын уулу, Карбанбастын небереси Фазил коюлат. Жанагы көп кол менен араб талааларынан чыккан ислам таратуучулар акыры Касанга келет. Бул жерде өтө чоң согуш өтөт. Айрымдар ошол урушта жыйырма миңдей киши набыт

болду дешет. Иши кылып кыямат кыргын болуп, акыр соңу Касан акими Ихшит жеңилүүгө учурайт. Баргана асманына исламдын көк байрагы орнотулат. Буяктыктардын жээни, араб колбашчысы Фазил так таажысын кийет. Ушул жерлик Бадна ысымдуу кызга үйлөнөт. Уулдуу болушат. Ал он экиге толгондо Касандын башкаруучусу атыгып, анысы такка отурат.

Тагдырдын тамашасын караңыз, ошол күнү баласына тагын тапшырып, атасы Фазил ууланып өлүп, чын дүйнөгө чымын жанын алып кете берет. Аны баягы баштары алынган адамдар коюлган көрүстөн-мазарга коёт, ошондон бул мүрзө Шах-Фазил мүрзөсү деп аталып келет».

Ошол Сафед-Буланда да таш бетинде арабча жазылган жазуулар боло турган. Жаңы-Ноокатта да ошондой экен.

Эмин жанына Миша досун отургузуп, шейх Осмондун уулунун кабырынын алдына келип, куран окуду жана жүзүнө бата тартты. Миша аны карап күлүп койгон менен жүзүнө бата тарткан жок...

Бир чай кайнам мурда эле дал ушул бейит башына эгизи отуруп кеткенин, Эмин билген жок, Момун да бир аздан кийин эле өзү отурган жерге эгизи келерин билбей кете берди... Мүрзөлөр жана алардын үстүнө орнотулган таш жазуулар гана томсоруп сыр сактады...

***

Мадаминбектин жигиттери Чечме-Сай, Карагой, Шан-Кол, Көк-Бел аркылуу Папан, Лагланга өтүп, андан Чыйырчык аркылуу Гүлчөгө ооп кетти...

***

Эне деген башкача бир жан белем. Акчолпон баягы балдары узап кеткен Исфайрам сайдагы көпүрөгө көп келет. Эгиздери ээрчишип келип кала берчүдөй, энесин күтүп ушул көпүрөдө тургандай боло берет. Түштөрүнө да көп кирет. Жаман түш көрсө шар аккан сууга айтат. Суунун шары анын жаман түшүн агызып алып кетет. Кайра эле түш көрө берет. Кайра эле суу боюна келе берет.

Бул жолу күзгү ичиркенткен суукта келди. Суук эне-
ни коркута албады. Балдарым көпүрө башында үшүп
калбасын деп келди. Жакшылыктын жышааны деп ак
тыбыт жоолугун салынып келди.

Суу текши тоңуптур. Күздө эле аккан суунун мынча-
лык тоңгонун биринчи көрүшү. Быйыл бир башкача жыл
болду. Жай кургакчылык. Кыш минтип эрте түшөрүн
кабарлап...

Жайында суу киргенде эгиздери чулдуктарды кууп
ойношчу. Оо анда алар бала, чулдуктарды ээрчип, алар-
ды кармап ала тургансып бир кыйла жерге кетип ка-
лышчу. Энелик сезими жүрөк-жүлүнүн тээп, балдарын
«садагалап» чакырып алар эле...

Күзүндө жоголуп кеткен чулдуктардай уулдары мин-
тип эр жеткенде жоголуп кетти. Кимиси кайда? Эмне
кылып жүрөт? Эмне болсо да аман эле болсо экен? Ушин-
тип кээ күнү эне бул жерге келип көпкө туруп, кусалы-
гын сууга айтып, жайында чайханадагы шайыктарга дуба
окутуп кетет...

Калкалаган Алай тоолору

Чыйырчык дабанынан ооп түшөр менен Гүлчө суусу,
анын боюндагы орус чеби көрүндү Мадаминбектин жи-
гиттерине. Арып-ачкан топ Жылуу-Сууда бир саам
түгөлдөнгөнчө отуруп тез эле чепке жетүүгө ашыкты.

Чеп демекчи, ал падышалык Орусиядан калган бир
жай. Кезегинде Николайдын чек арачылары турган.
Ушул жерде машыгып, ушул жерден азык-ашка Ошко
барып, ушул жерден чек кайтарчулары нөөмөтү келген-
де Эркеч-Там заставасына барар эле. Эми чек ара да, чек
ара кайтаргандар да, ал эле эмес бийлик да жок бул жерде.
Кимдин колунда курал, кимдин алдында адамдары бол-
со ошолор бийлик жүргүзөт бу тоолордо. Бу Гүлчө суу-
сундай шар аккан мүнөзү бар тоолуктун ар бири өзүнө
хан, өзүнө бек.

Айтуудан: «Илгери-илгери бул жердин ханынын
акылдуу десе, акылдуу, чырайлуу десе, чырайлуу жал-

гыз кызы болуптур. Анын аты Гүлү экен. Ошол Гүлү он
төрттөн он бешке өткөндө назы чыгып, бой тартып, беш
көкүлү далысын жаап, атына окшоп өзү да Алайдын
гүлүндөй ачылып чыгат. Ары-бери өткөн кербендер хан-
дын кызыл көрүп, арзабасы Алайдан ары Кашкарга, бул
жагы Багдад менен Ыстамбулга, дагы бир жагы Букара
менен Самарканга, оропара жагы Олуя-Атага, күн чы-
гышы Кошой-Коргонго чейин жетет. Ошондой күндөрдүн
биринде жолоочулап жолдо калган дервиштердин бири
ханга жолугат элем деп сакчылардын тынчын алып, акы-
ры хан салбурундап уудан келе жатканда алдынан торой
чыгат. Торой чыгат да, кызын этият караш керектигин,
кайсыл бир жактын паланча аттуу олуясы ага Алай ха-
нынын кызын кара курт чагып өлөрүн кайсыл бир бу-
лактын боюндагы календарканада отуруп айтып берген-
дигин кабарлайт. Хан ал кишини угуп жүргөн, айтканы
төп келет деп баалап жүргөн. А түгүл сарайына да чакы-
рып, келечегин билгиси келген. Ошондо мейманы үндөгөн
эмес. Карыганда карыпчылыкта өлөсүң, быйыл кышта
малың жутка кабылат, Төө-Моюн жакка кыш чыкканча
жандыктарың менен жылкыларынды оодарып тур деп
гана айткан. Бирок ал киши кызы жөнүндө ныпым сөз
сүйлөгөн эмес. Эмнеге? Жаман кабарды өз бетине айта
албай, ушул дервиштен атайылап айттырды бекен? Ар-
тынан ат чаптырайын десе, жол ыраак, анан аны кайра
алдырып келсе да, оозун ачпай койсо эмне кылат? Ан-
дан көрө кызынын камын көргөнү ийги. Пас жактан мен-
мен деген усталарды алдырып, бир жылда асман тире-
ген мунара салдырып, ага кызын чыгарып коёт. Ошен-
тип шаанын Гүлү кызы өлүмдөн качып кетет. Кеткенде
да мунара башына кетет. Өлүм деген келет. Олуя айт-
кандай эле кара курт болуп келет. Кызга алып чыккан
шабдаалынын ичинен чыгат кара курт. Кашкардан кел-
ген ширин шабдаалыны эми оозго саларда чочуп кеткен
кара курт кыздын жигиттерди гана эмес, кыз-кыркын-
дарды да суктандырган бойтойгон илебине ийнесин ма-
тырат. Денеге кара курттун уусу ушунчалык тез тарап
кыз мунара үстүндө жыгылып, бадени кара көк болуп
уугуп, кеп-сөзгө келбей жан берет. Кайгыга чөккөн шаа

Гүлү кызын жерге жашырар жай деп ушул тоо дарасынын жайпагын, шылдыр суунун шоокуму угулуп турар кыргагын, сергин аба сызылып өтөр өтөктү тандаптыр. Ошентип бул жер Гүлүшаа аталып кетиптир».

Кызылдардын бул жакты буту баса элек. Баса да албайт. Жигиттер бул жерде жайгашат да, күч топтоп, улам-улам большевиктерге кол салып турат.

Гүлчөдө пакса дубалдуу жапыз үйлөр канча болсо, кыргыз үйлөр андан аз эмес экен. Жөн гана алачыктар да ар кайсыл жерде тигилип турат. Күз болуп жайлоодон түшүп келгенге бир аз кыштак жандана түшүптүр. Жайында кымыз бышкан кезде булардын бирин таппайсын, кокту-колотко сиңип кетишет да күздө минтип курут менен майын топоздор менен өгүздөргө артынып келип калат.

Чепте адам көп эле. Анын баары Мадаминге белгилүү болчу. Бул жерге булардан мурда Калкожо, Мойдун бек, Сулайман Күчүков, Муханов баштаган топтор келип түшкөн.

Жаңы келгендерди эч ким деле кубанып тосуп албады. Куугун жеп келген адамда кайдагы шаабай болсун, алар да мурда келип алгандар менен төр талашпады. Бир гана Калкожо ичинен Мадаминбекти табалап, келер жериң ушул экен го дегендей кытмыр күлүп амандашты. Этият-шарт деп карамагындагы жигиттерин да шай турганга чакырып койду.

Мадаминбек бул жерде кандайдыр бир кутум болуп жатканын булардын суз тарткан ыраңдарынан эле боолголоп түшүндү. Ырас эле Гүлчөдө Калкожо айгай салып, Мадаминбектин орун басары Сулайман Күчүковду эски чептин камагына отургузуп коёт. Мадаминбек келсе, аны да ошондой кыламын деп ичтен опурулуп турганда Мойдунбектин отряды бир жагынан келип, корбашысын каматып алган кара кыргыздар, биздин жерде, корбашынын өз журтунда бул эшендин эмне кылганы деп бир жагынан ызы-чуу чыгарып, түптаги алайлык Сулайман Күчүковдун бошотууга мажбур кылат.

Калкожонун ашкере талоончул болуп кеткенин, катынпоздугун, он тогуз аял менен ника жаңыртып ийгенин, анын канкорлугун, зына кылганын, эри бар катындарды да өзүнө никелеп ийгендигин, кыскасы, көп туура эмес иштерин, накусталигин ар кимден угуп-билип жүргөн, өзгөчө кан күсөп калган анын Саки корбашысын кой дей албай жүргөнү, анан Айым-Кыштакта европалык бейкүнөө туткундарды алдап алып бара жатып мууздап салганы бүт мусулмандарга көө жаап, ал кыштактагылар орустар жактан да, намыс жактан да күн көрө албай калган кезде Мадаминбекке арызга барып, бек эсирген Калкожону жайдак атка мингизип айылды үймө-үй кыдыртып, элден кечирим сураткан, төрт ай корбашылык укугунан ажыраткан. Ошондо ал мен эшен болсом, мусулмандар үчүн деп жүрсөм эмне үчүн кортербиз, мындан ары башкы лашкер башчы катары сизди, Мадаминбек Акматбаев, эсептебеймин деп ызаалынып, кат жазып, Кара-Тередеги Мадаминбектин штабына жиберген. Ал жактан ак деп да, көк деп да жооп албаган. Мына эми Гүлчөдө экөө кезигишип турат. Экөөнүн кантип, каерде жолугушары, анда кимиси биринчи кучак жайып тосуп чыгары бир Алладан башкага белгисиз эле.

Бирок бул сааттарда эскини козгоп, ким? эмне? деген ди териштирип турар учур эмес да.

Мадаминбек келгенде Калкожо майда калтырагын баса албай жатса да жүзүнөн эч нерсе билдирбеди. Бек аттан ыргып түшүп, бери жакта турган, өзүн утурулай чыккан Мойдунга, же андан кийинки Сулайман Күчүковго эмес, арырааkta өзүн тартып турган Калкожого кучак жайды. Калкожо да кучагын ачты.

–Тилеват кылыңыз, – деди Мадамин Калкожого чөгөлөп отуруп жатып.

Калкожо курандын бир кыска аятын окуп, Мадаминди карады. Ал алакан жайган тейде батасын айтып кирди.

–Оомин, – деди ал көз кыйыгы менен Калкожону ууртдана карап, – ылайым, ортобуздагы мунасабыздын бузулушун кадыр Кудайдын өзү чечип берсин. Мусулмандардын жана алардын башчыларынын арасына түшкөн шай-

Гүлү кызын жерге жашырар жай деп ушул тоо дарасынын жайпагын, шылдыр суунун шоокуму угулуп турар кыргагын, сергин аба сызылып өтөр өтөктү тандаптыр.

Ошентип бул жер Гүлүшаа аталып кетиптир».

Кызылдардын бул жакты буту баса элек. Баса да албайт. Жигиттер бул жерде жайгашат да, күч топтоп, улам-улам большевиктерге кол салып турат.

Гүлчөдө пакса дубалдуу жапыз үйлөр канча болсо, кыргыз үйлөр андан аз эмес экен. Жөн гана алачыктар да ар кайсыл жерде тигилип турат. Күз болуп жайлоодон түшүп келгенге бир аз кыштак жандана түшүптүр. Жайында кымыз бышкан кезде булардын бирин таппайсың, кокту-колотко сиңип кетишет да күздө минтип курут менен майын топоздор менен өгүздөргө артынып келип калат.

Чепте адам көп эле. Анын баары Мадаминге белгилүү болчу. Бул жерге булардан мурда Калкожо, Мойдун бек, Сулайман Күчүков, Муханов баштаган топтор келип түшкөн.

Жаңы келгендерди эч ким деле кубанып тосуп албады. Куугун жеп келген адамда кайдагы шаабай болсун, алар да мурда келип алгандар менен төр талашпады. Бир гана Калкожо ичинен Мадаминбекти табалап, келер жериң ушул экен го дегендей кытмыр күлүп амандашты. Этият-шарт деп карамагындагы жигиттерин да шай турганга чакырып койду.

Мадаминбек бул жерде кандайдыр бир кутум болуп жатканын булардын суз тарткан ыраңдарынан эле боолголоп түшүндү. Ырас эле Гүлчөдө Калкожо айгай салып, Мадаминбектин орун басары Сулайман Күчүковду эски чептин камагына отургузуп коёт. Мадаминбек келсе, аны да ошондой кыламын деп ичтен опурулуп турганда Мойдунбектин отряды бир жагынан келип, корбашысын каматып алган кара кыргыздар, биздин жерде, корбашынын өз журтунда бул эшендин эмне кылганы деп бир жагынан ызы-чуу чыгарып, түптаги алайлык Сулайман Күчүковдун бошотууга мажбур кылат.

Калкожонун ашкере талоончул болуп кеткенин, катынпоздугун, он тогуз аял менен ника жаңыртып ийгенин, анын канкорлугун, зына кылганын, эри бар катындарды да өзүнө никелеп ийгендигин, кыскасы, көп туура эмес иштерин, накусталигин ар кимден угуп-билип жүргөн, өзгөчө кан күсөп калган анын Саки корбашысын кой дей албай жүргөнү, анан Айым-Кыштакта европалык бейкүнөө туткундарды алдап алып бара жатып мууздап салганы бүт мусулмандарга көө жаап, ал кыштактагылар орустар жактан да, намыс жактан да күн көрө албай калган кезде Мадаминбекке арызга барып, бек эсирген Калкожону жайдак атка мингизип айылды үймө-үй кыдыртып, элден кечирим сураткан, төрт ай корбашылык укугунан ажыраткан. Ошондо ал мен эшен болсом, мусулмандар үчүн деп жүрсөм эмне үчүн кордойт, биз да сиз сыяктуу эле корбашыбыз, биз да жигиттербиз, мындан ары башкы лашкер башчы катары сизди, Мадаминбек Акматбаев, эсептебеймин деп ызаалынып, кат жазып, Кара-Тередеги Мадаминбектин штабына жиберген. Ал жактан ак деп да, көк деп да жооп албаган. Мына эми Гүлчөдө экөө кезигишип турат. Экөөнүн кантип, каерде жолугушары, анда кимиси биринчи кучак жайып тосуп чыгары бир Алладан башкага белгисиз эле.

Бирок бул сааттарда эскини козгоп, ким? эмне? деген ди териштирип турар учур эмес да.

Мадаминбек келгенде Калкожо майда калтырагын баса албай жатса да жүзүнөн эч нерсе билдирбеди. Бек аттан ыргып түшүп, бери жакта турган, өзүн утурулай чыккан Мойдунга, же андан кийинки Сулайман Күчүковго эмес, арырааkta өзүн тартып турган Калкожого кучак жайды. Калкожо да кучагын ачты.

–Тилеват кылыңыз, – деди Мадамин Калкожого чөгөлөп отуруп жатып.

Калкожо курандын бир кыска аятын окуп, Мадаминди карады. Ал алакан жайган тейде батасын айтып кирди.

–Оомин, – деди ал көз кыйыгы менен Калкожону ууртана карап, – ылайым, ортобуздагы мунасабыздын бузулушун кадыр Кудайдын өзү чечип берсин. Мусулмандардын жана алардын башчыларынын арасына түшкөн шай-

стан-шабырдын кыяпаттыгынан Аллам өзү сактап, ислам байрагынын астында мусулман перзенттерин өзү бириктирсин. Кудурет-күчтүү Түркстан дөөлөтүн куруу жолундагы аракеттерибизге, ниеттерибизге Жараткан өзү жар болсун, аллоху акбар!

Ушинтип Мадаминбек жүзүнө бата тартканда миңдеген жигиттер «аллоху акбар» деп үн чыгарып, тоо ичи жаңырып, чоң бир күч пайда болгону баарын жеңиш сөзсүз биз тарапта болот деп оолуктуруп турду.

Андан кийин Мадаминбек Гүлүшаа кыздын бейитине барып ал жерге да зыярат кылып, куран окуп, анан эски аскер чебинин «зал» деп аталган жайына келип, корбашылардын катышуусунда аскер кеңешин өткөрдү. Анда ал жакынкы милдеттер тууралуу баяндап берди, керектүү учурларын орусча да бир сыйра айтып өттү.

–Биричи маселе, – деп айтты Мадаминбек, - өз күчүбүз менен улам көбөйүп жаткан коммунисттердин армиясын жеңе албайбыз, андыктан чет өлкөлөрдөгү диндештерден жардам сурайбыз. Эртеңден... Жок, бүгүндөн баштап полковник П.Г.Корнилов менен байланышабыз, ага штаб-капитан Дикийди элүүдөй жигит менен Кытайга жибериңиз, алар биздин абалды Падышалык Орусиянын али да иштеп жаткан Кашкардагы консулу Успенский менен Эссертонго жеткиришсин дейбиз. Алар болсо «Интеллиженс сервис» аркылуу Англиянын өкмөтүнө жардам сурап кайрылсын. Ушундай эле жардам сураган каттар Ооганстан амири Амануллага, Азерийлерге, Осмон түктөрүнө, Кашкар кыргыздарына, уйгурларына жиберилсин. Жардам аскер түрүндө да, курал-жарак түрүндө да, азык-оокат түрүндө да, мал-жандык, акча түрүндө болсо да аларыбызды, жеңиштен кийин баарын ашыгы менен кайтарып берерибизди айтуу керек. Өзгөчө аэроплан учкучтары менен болсо жакшы болор эле.

Экинчи маселе, өзүбүздүн ички күчтөр. Сулайман Күчүков мырза сиздин кадыр-баркыңыз да, сабатыңыз да баарынан жогору, сиз жер-жерлердеги ишиничтүү кишилерге кат жазып ат чаптырыңыз, биздин али жеңилбегенибизди, жеңиш сөзсүз жакында колго тийерин

элге түшүндүрүшсүн жана кол жагынан да, азык жагынан да көмөк кылышсын. Биздин эң башкы максатыбыз Түркстан мусулмандары үчүн эч кимге көз каранды болбогон мамлекетти тикелөө экенин, бул дал ушул күндө чечүүчү маселе экенин калк түшүнсүн.

Үчүнчү маселе, – ушуну айтып жатып Мадаминбек бир аз ойлоно түштү, жыйынга катышып отургандарды бир сыйра көз жүгүртүп карап чыкты, – үчүнчү маселе, өзүңүздөр ойлоп тургандай эле ички биримдигибизди чыңдоо, аны үчүн ислам лашкерлеринин жалпы курултайын өткөрүү. Аны качан, кайда өткөрөбүз, аны бирден сүйлөшүп чечели жана ал күн жана ал жер өтө жашыруун болсун!..

Козголуштан коркkон оогандар

Кабыл шаары. Бу дүйнөнүн тең ортосу сыяктанган, ааламдын тегиздигинде ошол аалам-тегиздикти дөң үстүнөн карай турган дөөлөттө да тынч эмес. Кошуналары Индияны Улуу Британия көптөн бери басып жатат. Алар азаттыкка чыгабыз деп умтулган сайын, эчен адамдардын өлүгү тоо болот. Оогандар да ошондой. Англиянын Индиядагы өкүмдары Наиб кароль лорд Челмсдорфго Ооганстан эмири Абибилла хан мактуб кат жазып, анда Ооган өлкөсүнө эгемендик берүүсүн суранды. Буга ачуусу келген англиялык бийлик башчылары тишин кайрып дүйнөнү калкытып атты. Ошентип дүйнө калкып турганда Ооган эмири Абибилла хан тактын элдин баары күткөндөй кылбай үчүнчү – кичик уулу Амануллага өткөрүп берди.

Бул хижира жыл эсебинде 1337-жылдын аввал айынын 19-күнү (азыркычы 1919-жылдын 21-февралы) эле.

Ошол кезде күтүлбөгөндөй хан тактына жаңы ээ болгон жигитке мурас калтырган ардактуу атасын өлтүрүп кетишти. Кабылдын Арк майданына калың журтун чакырып хан уулу жар чакырып, атасынын кегин алганча уруш уланарын, ким ошол урушка катышса, алардын

ата-энеси өкмөт эсебинен караларын, өздөрүнө сый-урмат көрсөтүлөрүн элан кылды. Элди алык-салыктан азайтып, аларга эркиндик ыроо этти. Селдечен, кара сакал эркектин баары лашкар эсебине өтүп, аттар тапталып, белгисиз жана ошол эле кезде белгилүү жоо менен урушка даярдык көрүлүп атты.

Эски эмирдин эң жакындары, урпактары кутумдук кылды делген туугандар, бийликке жетпей боздоп калгандар – Насыруллахан, Инаяттулла хан, Надыр хан Оогандын Жалал-Абадында камакка алынганда карала-ман калк эми тынчтык болор деп жаңы эмирди колдоп кутпа намазда бата берип атты.

Аманулла атасына окшоп Англиянын Индиядагы өкүмдары Наиб карол лорд Челмсдорфго өтүнүч мактубкатын «улуу урматтуулап» жазган жок, Европанын маданиятын алып, агылжын тилин алардай эле жакшы билсе да, башын ийип бербеди. Ал Англиядан элине эгемендикти талап кыларын түз эле айтып дилгирем урду. Ар кандай маселелер боюнча мындан ары кол үзбөй, келишим түзүп гана иштешерин билдирди. Муну окуп Челмсфорддун заманасы тарып, жаш лейтенант Уинстон Черчиллдин жазгандары бекер эместигин эстеди. Жаш аскер жигити минтип жазыптыр эле: «Газаватка көтөрүлгөн оогандар кутурган иттерди элестет. Ошон үчүн аларды иттердей кылып атып салыш керек!». Көтөрө турган жигит экен деп Челмсдорф жаш жигит Черчиллди мактаган менен оолуккан оогандардын жинин кагуунун миң бир жолун ойлоп атты. Анын бири – Ооган өлкөсүн жер менен жексен кылуу эле, лекин анысы ансыз да аброю кетип аткан Англия өлкөсүнүн эл аралык баркын андан бетер кетирмек. Экинчи жол – экономикалык блокада түзүп, субсидияны токтотуу эле. Үчүнчү жол – Ооганстанды англиялыктар менен толтуруп салуу, аларды англисче окутуп, тарбиялап, акырын европалаштыруу болгон. Минтсе оогандык мусулмандарды арыгы ортоазиялык мусулмандардан да кыйла оолак кармоого мүмкүндүк болмок.

Ошол кезде оң капталдагы Орусияда бийлик оодарылыптыр деген ой оогандыктарды ойго салбай койбоду.

Алмания менен урушта аларга далай кыргын салган орус аскерин кандай күч оодара алат деп жаңы өкмөткө таң калышты. Анын үстүнө жаңы өкмөт жалаң кедей-кембагалдардан турат экен дегини анан бетер ойлонтту. Эмирликтин көпчүлүк даанышмандарынын, уламалар кеңешинин азаларынын оюнда, албетте, Орусия тартып алган жерлердеги мусулмандардын тагдыры турду. Большевиктер Чын-Мечинден тартып, Хазарга чейинки тилкедеги диндештерин не күнгө салат, аларды азат кылабы, же кыйын күнгө алып барабы деген ой оогандыктарды уктатпай койду. Англистер күндө жойлоп буларга келип, булардан өтүп Жейхун бойлоп кеткени да жаңы Ооган өкмөтүн санаага батырды.

Булар ушинтип ой калчап атканда Ооган үстүндөгү оттуу кылычын жаркылдатып Улуу Британия орус таасирин Ооганга өткөрбөөнүн оюнда болду. Аманулла хан жаңы орус бийлигине оң мааниде кат жазып, жакшы ынактыкта жүрөлү деп киши чаптырганы да Англия башчыларынын ичин тарытты. Бир да большевик Ооган жакка өтпөсүн деген жардык чыгарды. Ушу күндөрдө Кабыл асманын «Хендли Пейж» деген англиялык аэропландар айланып учуп, ар-ар жерге жарыла турган бир нерселерин таштап, калаалыктарды катуу кабатыр кылды. Аманулла эмир ким менен ойношуп атканын, эгемендүүлүк аларга канчага турарын бир көрсөтүп сесин алып койгондой болду.

Баары бир миң тогуз жүз он тогузунчу жылдын он бешинчи июнунда Орусия Кабылга элчилерин жиберди. Кабылдыктардын болсо оюнда эки нерсе бар эле: биринчиси индилерге окшоп, азаттык үчүн күрөшүп, Англиядан бөлүнүү, муну үчүн Орусиядан мадат суроо; экинчиси Орусиянын бери жагындагы жерлерди карамагына суранып алуу, аларга ээлик кылуу. Ошон үчүн да тынчылар, дервиш-календерлер Түркстан топурагына түп көтөрүлө аттанып атышты. Ал жактан болсо мурдагы байлар байлыктары менен, малы менен, малайлары менен, молдо-кожолор катындары менен жардам сурап бул жактарга өтө качып атты...

Мына эми ошондой мадат сураган кат бир тууган мусулмандардан, алардын эр жүрөк лашкер башы Мадаминбек аминден келип отуру. Катты Ферганадан элчилер өздөрү алып келди. Эмне кылуу керек? Кандай жардам берүү керек? Кайырчыдан думана үмүт эткен заманбы?..

Эркеч-Там курултайы. Асман алдындагы ант

Оогандар олку-солку болуп турганда ойрону чыккан эски Орусиянын Кашкардагы элчилиги Мадаминбектин жардам суроосун кош колу менен кубаттады. Деги эле большевиктерге жана алардын башчысы В.И.Ленинге бийлигин алдырып койгон орус байлары жана аскер адамдары контрреволюция жолу менен кайрадан падышачылык бийликти орнотобуз деп катуу үмүт кылышкан. Алардын чоң таянычынын бири Мадаминбек болгон. 1918-жылы ноябрда эле Ташкенттен Түркстан Республикасынын аскер комиссары К.Осипов Ферганага келет жана ал жерден Жалал-Абад жана Ош тараптагы орус кыштактарындагы эркектерден дыйкандар отрядын түзүү тапшырмасын берет, а түгүл алардын санын беш миңге жеткирип, бир замбирек, жүз снаряд, ар бирине жете турган винтовка, ок-дарыларды бердиртет. Генерал Монстровду аларга башчы кылып дайындайт. Мадаминбек К.Осипов менен жакшы тааныш жана бири-бирин ызаттап турган жайы бар эле, акыры ошол достугу орус-дыйкан аскерлеринин Мадаминбекке кошулуусу менен аяктаган.

Адмирал Колчак да Мадаминди колдоп-кубаттаган. Ал Сибирь менен Уралда ак гвардиячылардын ири бөлүктөрүнө командачылык кылуу жана ал жерлерге өз бийлигин орното алган, өз ишинин Түркстандагы уландуучусу деп Мадамин Акматбаевди эсептеген. Колчак эки мыкты генералына дагы эки англиялык офицерди кошуп берип Мадаминбекке атайын миссия жиберген. Ал бекке орус өкмөтүнүн атынан полковник чинин тапшыр-

ган. Бул болсо Мадаминбекке бир жагынан күрөшүнө дем берип, жеңишке шыктандырса, экинчи жагы каратып алган жерлериндеги орустарга тийбөө ылтымасы болгон. Андыктан да орус аскерлери, мейли ал падышачылык учурдуку болобу, мейли советтики болобу, Мадаминбектен колдоо алды жана аларды бек өзүнө тартууга ар дайым кам көрдү. 1919-жылдын башынан штаб-капитан Плотников баштаган Памир отрядынын эң биринчи болуп, андан кийин К.Осипов баштаган 75 орус офицеринин, булардан соң Скобелевде 55 орус офицеринин, дагы Чын-Абаддагы орус аскерлеринин, кийин орус дыйкан армиясынын Мадаминбекке кошулушу бекеринен болбогон чыгар. Жыйырма беш миңге жеткен Мадаминбектин Түркстан чөлкөмүн азат кылуу колунун ичинде орустардын, башка европалыктардын жүрүшү алардын эң чоң үмүтү болгон.

Ошол аракеттердин дагы бири Николайдын генералы кадимки А.Г.Корниловдун бир тууганы полковник П.Г.Корниловдун 1918-жылдын сентябрында Ферганага келиши эле. Ал 1918-жылдын февралында түзүлгөн Түркстан аскер уюмунун жетекчиси катары ал уюмдун атаман Дутов, генерал Деникин, Букара эмирлиги, «Алаш-Ордо» менен байланыш түзүүсүнө жетишкен. Ошол эле кезде Улуу Британиянын Кашкар, Кулжа, Мешхед шаарындагы консулдары менен байланышы бар эле. Бул уюм Түркстанды өзүнчө туруу менен Англиянын карамагына (протекторатына) элүү беш жылга өткөрүп берүүгө келишим да түзүп ийген. Аны үчүн Орто Азиядагы Англиянын атайын кызматынын өкүлү, тажрыйбалуу тыңчы Уилфред Маллесон буларга 100 миллион рубль, 16 тоодо атышууга ылайыкталган курал, 40 пулемот, 25 миң винтовка ок-дарысы менен бермек болгон. Мадаминбектин алардан маргалandык Ибраим ажы аркылуу 500 англис мылтыгын сатып алганы да бар.

Кардаштарбыз, биздин Ата журтубуз ушул жерлер деп оозунан түшүрбөй келген Осмон түрктөрү да орустардын Орто Азияны ээлеп алышына караманча каршы болгон. 1918-жылы эле Энвер пааша куду Осмон дөөлөтүндөй кылып, Ташкент, Букара, Хива, Кокон,

Түркмөн хандыктарын бириктирип, ислам амалдарын ишке ашырган «Улуу Түркстан султандыгын түзөбүз» деп улам-улам өкүлдөрүн жиберип жаткан.

Мадаминбек ушуларды ойлоп келген. Мына эми же ары, же бери деген күн турат. Же Алай тоолорунда жашынып жүрө бермей, бул жактан Памирге, же Кашкарга ооп кетмей, же Түркстанга ээлик кылмай.

Гүлчөдөгү күндөрдү көп узартпай Кашкардагы орус элчилеринен кабар келди. Кашкар менен чек аралашжерге – Эркеч-Тамга курултай өткөрүү сунушун берип тир алар.

Негизги күчтөрүн Гүлчөгө таштап, жетекчилери тоо аралап жөнөдү.

Мадамин бектин жанында келе жаткан Момундун көңүлү ачык. Бир жагы шар аккан дайранын агымы, экинчи жагы күздөгү тоонун сапсары ыраңы, көптөн бери жетпей келген таза аба, куштардын сайрай калган доошору анын да, аминдин да ырабдайын көтөрдү. Буйурса баары ойдогудай чечилсе, четтен күткөн жардамдар келсе, кызылдарды кууп чыксак, ушул жайларга Эмин экөөбүз апабызды алып бир келип кетербиз деп кыялданып баратты Момун.

Атчандар Тамчы-Ата мазарында бир токтоп, Алымбек датка менен Курманжан даткага арнап, тилеват түшүрүп, андан Сопу-Коргондо раватта өргүү алып эртеси сааркы намаздан кийин эле өрлөп кетти.

Эркеч-Тамдын жолу аябай эле катаал болду.

Өзгөчө Сопу-Коргондон өтүп, Терек-Даван менен ашуунду өрдөгөн азап экен. Аттар түтөгүп, ат үстүндө бараткандардын мурдунан кан атылып, кыйын күнгө кабылды. Асманга тоолорду шаты кылып чыгып бараткандай чарчап-чаалыгып, акыры Эркеч-Тамга да келишти. Баары жайлоонун көк майсаңында оонашты. Тоолордон ары дагы ак чокуларды ашып бараткан ак булуттарды карап, ал булуттарды ар нерселерге окшотуп Момун да жолдогу чарчоосун, тик ашууларды аралаган жолдон аттардын үстүндөгү адам-падамы менен кулап кеткендерин, жылкы жаныбардын ачуу кыйкыргандарын, ашуу башында түтөгүп калганын, бир паста бороон адамдарды жулмалап ургулаганын да унутуп калгандай.

Уктап кеткен экен. Ойгонуп, шашып асманды караса, жылдыздар куду эле мандайында, алар аны апасы көрпөсү менен жапкандай жаап туруптур. Бир жылмайып алды да талыкшыган денесин кайра уйкуга алдырды. Ананчы, мындай уйкуну, мындай бейпилдикти алканча жылдан бери билбей калган.

22-октябрда Эркеч-Тамда ислам лашкерлеринин шашылыш курултайы өттү. Курултайга Кашкар менен Кулжадан коноктор келди. Успенский өзү отурду. Мадаминбек орусча, анча-мынча англисче, французча аралаштырып, алдыдагы милдеттер, Түрстанды бошотуу, аны үчүн аткарылуучу иштерди айтып сөз сүйлөдү. Сөзүнүн аягында коммунисттердин Фергана облусундагы бийлигин тан албай тургандыгын, андыктан өздөрү чыныгы Фергана өкмөтүн түзүүлөрү керектигин баса айтты.

Жыйындын соңунда Фергана өкмөтү түзүлдү. Анын жетекчилигине жана армиянын башкы командачылыгына Мадаминбек Акматбеков, орун басарлыгына К.Монстров, аскер министрлигине генерал Муханов, ички иштер министрлигине адвокат Ненсберг, каржы министрлигине Акимжан Азизханов шайланды. Өкмөттүн жалпы курамын он алты мусулман, сегиз орус киши түздү. Муханов баштаган үч отряддан турган орус дыйкан армиясынын жана кыргыздардын Сулайман Күчүков жетектеген полкунун бул өкмөттө турушу өзгөчө шаң менен кабыл алынды.

«Ырашкерлик, ынтымактык менен душманды жеримизден кууп чыгып, элге тынчтык беребиз, мусулманчылыкты таза кармайбыз» – деп ант бериштик курултайчылар бир ооздон.

Алтынчы бап

КАЙРАДАН КЫРГЫН

Канга – кан

Исламдын көк туусун желбиретип Ферганаын жаңы өкмөтү жарлык артынан жарлык чыгарды. Мадаминбек кол койгон ал буйруктарда советтер, алардын жергиликтүү бийлик уюмдарынын аткаруу комитеттери, жалпы Түркстан АССРи большевиктерден тазалансын, бүткүл элдик шайлоо өткөрүлсүн, ЧК (Өзгөчө комиссиялар), дагы башка саясый комиссиялар таратылсын, дан монополиясы жокко чыгарылсын, фронтко алынган дыйкандардын баары тез арада аскерден бошотулуп, үйүлөрүнө жиберилсин дегендей көрсөтмөлөр бар эле. Бардыгананын эли, өзгөчө жигиттери кеңеш түзүмүнөн баш тартсын жана ал түзүмгө каршы күрөшсүн, мурда тартылып алынган завод-фабрика, мал-мүлк, жер кайра өз ээлерине кайтарылып берилсин деген жерлери да жазылган.

Эң негизгиси советтерди кулатуу үчүн элдик күчтөрдү биригүүгө чакырды жана ушул максат менен алар октябрь ортолоп Анжиан менен Оштун ортосундагы Айым-Кыштакка дагы бир курултайга жыйылды. Жыйынга большевиктерге каршы күрөшүп жаткан жигиттер гана эмес, Букара эмирлигинен, Улуу Британия өкмөтүнөн, булар менен максатташ «Шура Исломия», «Улама» коомдук уюмдарынын да өкүлдөр катышты.

Ал жерде Фергана өкмөтүнүн башчысы жана амин, лашкер башы Мадаминбек кол алдындагы куралдуу

күчтөрдүн вазийпаларын бөлүштүрдү. Ага ылайык Наманган, Аксы, Ала-Бука, Маасы тарапты Байтуман ажы менен Аман палван, Ноокат, Өзгөн, Ош тарапты Мойдун бек менен Калкожо эшен, Кокон, Кожент жакты Рахманкул, Эргеш молдо, Ысламкул, Эшмат, ал эми Маргалан, Скобелев аймагын Шермухаммед тазаламак болду. Өзү болсо Анжиан, Асаке тарапты бошотууну моюнга алды.

Жалпы жүз элүү жигиттер отряды төрт командалыкка баш ийдирилди жана аларга Мадаминбек, Эргеш, Калкожо, Шермухаммед – төртөө башчылык кылмак болду. Булар да бир адамга – Мадаминбекке баш ийет.

Баягы азаптуу Анжианда эми андай болбош үчүн Мадаминбек анын ар тарабына «Түркстан атчандар отрядын» түзүп, алардын жетекчилигине Власовду дайындап, курамына Ысмайыл палван баш болгон жигиттерди, орустардан алты офицерди жана үч солдатты кошту. Булар бир жагынан кирмек болду. Экинчи жагында Монстров турду. Анын баягы тарап кеткен орус дыйкан аскерлери эми согушка адистешкендерден куралды, өзөгүн Константинов баштаган казак отряды түздү жана чыныгы интернационалдык бригада эле, алардын же актар же кызылдар экенин карапайым калк айырмалай албай калчу. Дагы бир жоюлуп кеткен Күчүковдун тоолук кыргыз атчандары да Кара-Дарыянын кыргагында команда болсо эле Анжианга кыргыйдай болуп тийе тургансып ат жалында шамал менен шымалана жарышып даяр турду. Жалал-Абаддагы кулактар көтөрүлүшүндө жигиттер тарапка ооп кеткен орус армиясынын полковниги Сулайман Күчүков аскерден келгенден кийин Кашкар-Кыштакта жылкы зоотунда башчы болуп иштеп, адамдын гана эмес, жылкы жаныбардын да сырын жакшы билет экен, жигиттерин мыкты аттар менен камсыздаптыр.

Ошол эле күндөрдө баягы Эркеч-Там курултайынын үзүрүнөн улам Фергана жаңы өкмөтүнө алтымыш төө менен келген курал-жарак, ок-дарыны алтымыш ат арабага жүктөп Анжиандын чыгыш-түндүк ныптасы Кокон-Кыштакка, Базар-Коргонго алып келишти.

Чет элдик аскер окуу жайларына жиберилген түркстандык кырк жигит, түркиялык Камал Рамз, Калма, Абдулла Човуш сыяктуу согуш тактикасын мыкты билген, мусулмандар дегенде ичкен ашын жерге койгон офицерлер келип Фергана өкмөтүнүн куралдуу күчтөрүнүн катарын толуктады.

1919-жылы күздө ошентип күчтөнүп алган жигиттер кызыл аскерлердин казармаларына чабуулдарын жасап, алардын өтчү жолдоруна буктурмаларды коюп, орус кыштактарын отко алды. Мадаминбектин бир отряды «Казань полкунун» бир бөлүгүн, Кокон-Кыштакта дагы бир бөлүгүн Калкожонун жигиттери кырып таштады. Исламкулдун жигиттери Немат Касымов менен Насир Махмудовдун жетекчилигинде куралган жетимиш тогуз жигиттин экөөнү гана калтырып, калганын өлтүрүп салды. Ошентип жигиттер аёосуз кыргынды, канга канды катуу жүргүздү. Бул максатсыз жана да аягы көрүнбөгөн согуштан эки жак тең чарчады, ортодо элге жабыр болду, советтер бул жерге Кеңеш түзүмүн орнотуп, бийликти элге беребиз десе, корбашылар бул жерге Советтер бийлигин орноттурбайбыз, бул жерде бийлик жүргүзө турган түркстандыктар гана болушу керек, Туран мамлекетин орнотубуз деп жатты. Ошон үчүн кан төктү.

Насили бир ымалага келип, эки жак тең сүйлөшсө болор эле го, бирок анте алышпады.

Кара-Дөбөдөгү курсанчылык

Эркеч-Там курултайынан кийин эмнелер болуп аткандыгын билүү үчүн корбашылар ноябрь ортолоп Жазаванга караган Кара-Дөбөгө жаңы Фергана мамлекетинин абалын билүүгө чогулду.

Ал жердеги жыйынга Ооганстандан генерал келип, Ооган амири Аманулла хан он миң можехед, курал-жарак, ок-дары жибере турган болуп өзү колу менен кат жазып берген экен, Мадаминбекке ал катты тапшырды. Улуу Британия мамлекетинин парламенти Фергана жаңы

өкмөтүн тан алуу, аларга жардам кылуу маселесин, Орусиядан ажыратуу жолдорун карай тургандыгы да айтылды. Калкты азык-түлүк менен камсыздоо, ачарчылыктан чыгуу жолдору, жаңы өкмөттүн газета-журналдарын негиздөө, иштебей калган завод-фабрикаларды кайра иштетүү, талкаланган темир жолдорду калыбына келтирүү көйгөйлөрү да көтөрүлдү...

Буйурса, жакында Түркиядан чоң жардам келет. Аларды аты уламышка айланган Энвер пааша өзү алып келет.

Энвер паашанын эңсөөсү

Фергана жаңы өкмөтүнө жардам берүү үчүн Түркияда кадимки Энвер пааша катуу даярданып жатты. Алжерди кыйын күндө сактап калуу ушундай гана кишинин колунан келмек.

Энвердин ата-энеси македониялыктар, ал жердин Манастыр деген шаарында туулган түрктөрдөн. Тагдыр аларды Азия менен Европа ашташкан калаага – Ыстамбулга алып келген. Дал ушул дүйнөнүн түйүлүшкөн жеринде 1881-жылы Энвер жарык дүйнөгө келген. Баласынын жаш чагында ата-энеси кайра Манастырга кетет. Анда Осмон дөөлөтү аскер адамдарына өзгөчө кам көрүп, алардын үй-жайын, оокат-тиричилигин бүт өзү камсыз доосуна алып турчу. Ошондонбу, айтор Энвер аскердик адистикке жетүүгө дилгирленип, аерге окууга кирет да, 1894-жылы Манастыр аскер окуу мектебин тамамдайт. Андан кийин анын жөндөмдүүлүгү жалаң согуштук өнөргө ык алып, адагенде Ыстамбулдагы Согукчешме аскер окуу жайын, анан Аскер академиясын эң жакшы окуп бүтүрөт. Бул мезгилде кылым алмашар кез келип, Осмон дөөлөтү ичтен ирий баштаган учур эле. Ошол өлкөнүн бир өкүлү катары Энвер Македониядагы Осмон аскерлеринин штаб-капитаны катары кызматын баштаган. Оттой жайнаган анын көздөрү, чечкиндүү сөздөрү, баарынан да түрк деп күйүп турган жүрөгү тез эле аскер адамдарынын арасында алымдуу кылып, Париждеги

«Осмон Түрктөрүнүн эркин коому» деген саясый уюмга тартылган. Мындагы талаш-тартыштар, түбү түрк элдеринин басылып жаткан тагдыры анын сезимине, акыюна бүлүк түшүргөн. Кийин бул бирикме Биримдик жана Өнүгүү коому болуп аталган жана Энвер алардын лидерлеринин бирине айланган. Осмон аскерлеринин Триполь жана Балкан уруштарында өзгөчө каармандыктарды көрсөткөн Энвер жана анын жигиттери мамлекеттик сыйлыктарга татыган. Осмон дөөлөтүнүн тамыры бошогон падышасы Абдулхамит Экинчинин бийлиги эңшерилип, анын ордуна энверлердин кыймылы бийлик башына келет. Бул төңкөрүштө, эчен кылымдан бери келаткан династияны омкоруп түшүүдө Энвердин орду болгон. Ошон үчүн жаңы бийлик аны дароо эле Аскер иштери боюнча жетекчилик кызматка отургузду. Буга анын түрктөр деп соккон дили, түрк элин сактап калуу үчүн жанкүйгүзө айткан сөздөрү, анан да согуш өнөрүн мыкты билгендиги себеп болду.

Жаңы Түрк Осмон дөөлөтүнүн аскердик күчтөрүн чыңдай электе эле Биринчи дүйнөлүк согуштун өртү каптап, ал урушта Түркия Германия тарабында болуп, Европаны бөлүп алуу ниетинде турду. Бул аскердик күчтүн башында, албетте, Энвер бар эле. Анда анын отуздан жаңы ооп, курч, ооматтуу жүргөн курагы.

Бирок тагдыр деген кээде ооматтуу кишини да бир күн эле омкоруп салат да, Жараткан анын кийинки өмүр жолун да башка нукка буруп ийди. Түрк аскерлери кылымдар бою жеңүүчү деп аталып келсе да, бул жолу жеңилүүгө кабылат. Ушул окуя түрк аскерлеринин дүйнөлүк баркын түшүрөт. Осмон падышачылыгынын ансыз да үлдүрөп турган баркын андан бетер түшүргөн үчүн Энвер бей аеосуз сынга алына баштайт, Ата Журтунун чыкынчысы катары да карагандар табылат. Айла калбаганда Энвер Алманияга, же орустар атагандай Германияга качып өтөт. Анын согуштук тактикасын Германия пайдаланмак болчу, бирок алар да бул урушта айласын таппай калат. Мына ушунда Энвердин жолу Орусияга түшүп, аерде Ислам төңкөрүшчүл кыймылын түзөт. Бул жерде да дүйнө аңтар-төңтөр болуп, кыямат окуялар

жүрөт. Ошогезде Түркияда Мустафа Кемал күрөшкө чыгып, өлкөдө өрт болуп аткан. Бул күрөшкө тартылуу ою Энвердин дилинде жүргөн. Лекин мустафачылар сыртагыларды чакырууда бул жолу Энверди эстен чыгарып салдыбы, айтор, ал киши алыста калып, аргасыздан Берлинден башпаанек тапты.

Ушу чакта Түркстанда орус большевиктери элди окко алып, чыгыш мусулмандары болсо оторчулардын жаңы аскерлери менен эп келише албай алаамат заман аңтарылып аткан. Мындайда не кылуу керек эле? Энвердин жолу бул мертебе ошол оттуу аймакка тартылып туруп алды. Анын үстүнө ал жерге Улуу Британия үстөмдүк кылууга умтулуп аткан, а алардан мусулмандарды сактап калуу керек эле, ошол оюн Москвага билдирип, орустар менен алакалашып, англистердин аймакка кирип келишине тоскоол кылуу керек болчу. Анан большевиктин бийлик башчыларына таянып, Туран өлкөсүн негиздеп, ал жерде Ислам калыйпалыгын орнотуп, өзү Калыйпа болуш ниетинде болду, ошентип ал жаннаты мекендин жол башчысы катары ааламга аты таанылмак. Бул алысты көздөгөн максат эле. Анадолу түрктөрүнө, Мустафа Кемалга ошондо бир көрүнмөк. Көрүнмөк да, Түркстанды өзү бийлеп калып, ал жерде дин исламдын тамырын жайылтмак.

Ушинтип жүргөн кезде Түркстандан Фергана өкмөтүнөн, анын башчысы Мадаминбек Акматбаевден куш тилиндей кат келип түшкөнү чырагына май тамызып, боордошторго, диндештерге жардам кылалы деп аскер башчыларын, курал-жарактарды, кошумча каражаттарды издештире баштады.

Жыйырманчы жылдын башталышы

Кыш баарын кыйнады. «Качкан да, кууган да Кудай» дейт дегендей жапырт ачкачылык элди кырып, өлүм жыты чыкса, кимдин үйүнөн тамактын большевиги болобу, басмачысы болобу, баса калат да,

тартып кетет. Мал кырылды. Көтөрүм болгон уйларын көк шорпого жарар деп мууздап алгандар мурдун дердендетип тууганын карабай турду. Эгин түгөндү. Бул абалдан кантип бир жаңсыл болорун билбей Совет өкмөтүнүн өзүнүн айласы кетти. Тоо-ташка качып шаарлардан оолак калган жигиттерге өзгөчө кыйын болду. Алардын арасына тыңчылар барып, тынымсыз куралын таштоого үгүттөп жүрдү.

Кызыл Армиянын 6-аткычтар бригадасынын 2-дивизиясына Гүлчө кыштагында топтолгон Совет өкмөтүнүн душмандарын талкалоо милдети артылды. Анын командири Петр Митрофанович Парамонов Москва губернасынын Каширск уездинин Овечкино кыштагында туулган, жыйырма сегизге келген жигит эле. Биринчи дүйнөлүк согушта он үчүнчү жылдан он жетинчиге чейин штабс-капитан болуп, бир жылдан кийин Кокон шаарына келип, аскер кызматын уланткан. Баарын «жети өлчөп, бир кескен» жигит эле. Ал өз аскерлерин түз эле Гүлчөгө алып баруудан, албетте, аябай кооптонду, себеби солдаттарынын көбү ат минген менен тоо шартын билбеген европалыктар, алардын ал жактан аман келүүсү кыйындыгы турган сөз. Андыктан да душмандарын ичтен иритүү саясатын андан ары улантышы керек болчу.

Гүлчөгө багыт алган Кызыл аскерлер Жаңы жылды Эски-Ноокаттан тосту.

Эски-Ноокаттын чилдедеги суугу отрядды Алайга жылуу мындай турсун, чайканаларда эптеп жатууга да кыйынчылык туудурду. Эски-Ноокатың курусун алты пакса дубалдар менен урулган коргондоруна эл кирип кеткен бойдон көрүнбөйт экен, анда-санда отун, суу ташыган чалдар эле болбосо, бул кыштакта эч ким жашабагандай. Ары-бери өткөндөрдү дарчанын кычыктарынан карап, кези келсе баканооздук кыла коймойлору да бар. Эски-Ноокатка бирде тоо жактан – Чечме-Сайдын ызгаары келсе, бирде андан өткөн суук Чили-Сай жактан чыга калат, туруп эле бурганактап шамал учурган пас жактын – Кара-Коктунун бороону чакыртпай шаштыны алат.

Петр Митрофанович ошондой суукка карабай 5-январда таң эртең Гүлчөгө телеграф байланышына чыкты. Аны менен Муханов жана Күчүков сүйлөштү.

–Биз аёосуз чабуулдарды жасайбыз. Колчак да, Деникин да талкаланды. Советтик армия бүт күчүн силерге каршы жумшайт. Артыбызда чоң аскер, куралдуу күчтөр бар. Силер кол алдыңардагы адашып жүргөн адамдардын тагдыры үчүн жооптуусуңар. Аларды бул жакта аялдары, ата-энелери, балдары күтүп жатат. Алар мурдагыдай мал багып, дыйканчылык кылып жашоолору керек. Биз аларды, алардын ичинде силерди да тынч жашоого, куралыңарды тапшырууга, совет бийлигин бирге курууга чакырабыз. Кеп ушул! – Петр Митрофанович көпкө сүйлөгөн жок, аскер кишисинче ток этерин айтты.

Күчүковго да, Мухановго да эгер биздин айткан сөздү маакул көрсөңүздөр дароо кызыл армиянын сабында аскер жетекчилигине алынасыңар, же посподин Сулайман сиз илгеркидей эле Кашкар-Кыштактагы Ош жылкы зоотун башкара бересиз деди.

Муханов да, Күчүков да телеграфта ким менен сүйлөшүп жатканын жакшы аңдабагандай, же кимдир бирөөнүн сынап жатканыбы деп, бир азга дел боло түштү.

–Биз ким менен сүйлөшүп жатабыз? – деди бир убак Сулайман Күчүков өзүнө эми келгендей.

–Господин Сулайман Кучукович, сиз кызыл армиянын капитаны Петр Митрофанович Парамонов менен сүйлөшүп жатасыз!

Албетте, бул ысым Күчүковго да, Мухановго да жакшы тааныш эле. Демек анын куугун түшкөнү – булар үчүн чоң кырсык.

Телеграфдагы киши сөзүн андан ары улантып дагы муну кошуп койду:

–Коммунист катары жана орус аскерлеринин капитаны катары айтарым биз сиздерге – генерал Муханого, полковник Күчүковго, корбашы Мойдун бекке, дагы кайталап айтамын мунапыс беребиз. Мурда кандай оор кылмыш кылса да, алардын өз эрки менен куралдарын

тартып кетет. Мал кырылды. Көтөрүм болгон уйларын көк шорпого жарар деп мууздап алгандар мурдун дердендетип тууганын карабай турду. Эгин түгөндү. Бул абалдан кантип бир жаңсыл болорун билбей Совет өкмөтүнүн өзүнүн айласы кетти. Тоо-ташка качып шаарлардан оолак калган жигиттерге өзгөчө кыйын болду. Алардын арасына тыңчылар барып, тынымсыз куралын таштоого үгүттөп жүрдү.

Кызыл Армиянын 6-аткычтар бригадасынын 2-дивизиясына Гүлчө кыштагында топтолгон Совет өкмөтүнүн душмандарын талкалоо милдети артылды. Анын командири Петр Митрофанович Парамонов Москва губернасынын Каширск уездинин Овечкино кыштагында туулган, жыйырма сегизге келген жигит эле. Биринчи дүйнөлүк согушта он үчүнчү жылдан он жетинчиге чейин штабс-капитан болуп, бир жылдан кийин Кокон шаарына келип, аскер кызматын улантканы. Баарын «жети өлчөп, бир кескен» жигит эле. Ал өз аскерлерин түз эле Гүлчөгө алып баруудан, албетте, аябай кооптонду, себеби солдаттарынын көбү ат минген менен тоо шартын билбеген европалыктар, алардын ал жактан аман келүүсү кыйындыгы турган сөз. Андыктан да душмандарын ичтен иритүү саясатын андан ары улантышы керек болчу.

Гүлчөгө багыт алган Кызыл аскерлер Жаңы жылды Эски-Ноокаттан тосту.

Эски-Ноокаттын чилдедеги суугу отрядды Алайга жылуу мындай турсун, чайканаларда эптеп жатууга да кыйынчылык туудурду. Эски-Ноокатың курусун алты пакса дубалдар менен урулган коргондоруна эл кирип кеткен бойдон көрүнбөйт экен, анда-санда отун, суу ташыган чалдар эле болбосо, бул кыштакта эч ким жашабагандай. Ары-бери өткөндөрдү дарчанын кычыктарынан карап, кези келсе бакануздук кыла коймойлору да бар. Эски-Ноокатка бирде тоо жактан – Чечме-Сайдын ызгаары келсе, бирде андан өткөн суук Чили-Сай жактан чыга калат, туруп эле бурганактап шамал учурган пас жактын – Кара-Коктунун бороону чакыртпай шаштыны алат.

Петр Митрофанович ошондой суукка карабай 5-январда таң эртең Гүлчөгө телеграф байланышына чыкты. Аны менен Муханов жана Күчүков сүйлөштү.

–Биз аёосуз чабуулдарды жасайбыз. Колчак да, Деникин да талкаланды. Советтик армия бүт күчүн силерге каршы жумшайт. Артыбызда чоң аскер, куралдуу күчтөр бар. Силер кол алдыңардагы адашып жүргөн адамдардын тагдыры үчүн жооптуусуңар. Аларды бул жакта аялдары, ата-энелери, балдары күтүп жатат. Алар мурдагыдай мал багып, дыйканчылык кылып жашоолору керек. Биз аларды, алардын ичинде силерди да тынч жашоого, куралыңарды тапшырууга, совет бийлигин бирге курууга чакырабыз. Кеп ушул! – Петр Митрофанович көпкө сүйлөгөн жок, аскер кишисинче ток этерин айтты.

Күчүковго да, Мухановго да эгер биздин айткан сөздү маакул көрсөңүздөр дароо кызыл армиянын сабында аскер жетекчилигине алынасыңар, же посподин Сулайман сиз илгеркидей эле Кашкар-Кыштактагы Ош жылкы зоотун башкара бересиз деди.

Муханов да, Күчүков да телеграфта ким менен сүйлөшүп жатканын жакшы аңдабагандай, же кимдир бирөөнүн сынап жатканыбы деп, бир азга дел боло түштү.

–Биз ким менен сүйлөшүп жатабыз? – деди бир убак Сулайман Күчүков өзүнө эми келгендей.

–Господин Сулайман Кучукович, сиз кызыл армиянын капитаны Петр Митрофанович Парамонов менен сүйлөшүп жатасыз!

Албетте, бул ысым Күчүковго да, Мухановго да жакшы тааныш эле. Демек анын куугун түшкөнү – булар үчүн чоң кырсык.

Телеграфдагы киши сөзүн андан ары улантып дагы муну кошуп койду:

–Коммунист катары жана орус аскерлеринин капитаны катары айтарым биз сиздерге – генерал Мухановго, полковник Күчүковго, корбашы Мойдун бекке, дагы кайталап айтамын мунапыс беребиз. Мурда кандай оор кылмыш кылса да, алардын өз эрки менен куралдарын

таштагандыгы үчүн кечирим беребиз жана басмачыларга каршы бирге күрөшүүгө чакырабыз!

Парамонов ушинтип айтары менен ары жакта кыжыкужу боло түштү. Маселе мурда эле чечилгенби, же азыр талкуулап жатыштыбы, айтор, жооп берүүчүлөр жактан чечкинсиз, оор үшкүрүнгөн жай үн угулду:

–Келиңиз! Гүлчөгө келиңиз! Биз Муханов, Күчүков, Мойдун Осмоналиев Совет бийлигине кызмат кылууга макулдук беребиз! Бирок шарттарыбыз бар, аны келгенде сүйлөшөбүз!..

Гүлчөдө ал учурда Мадаминбек жана анын колу жок эле, алар Жалал-Абадды жана анын айланасындагы бир катар кыштактарды басып алып, Наманган жакта өз позициясын бербей жаткан. Калкожо болчу. Аны мунапыс берүүчүлөрдүн тизмесине Парамоновдун кошпогондугу чочутту. Калкожо түнү менен Гүлчөнү таштап, Куршабка качып түштү да, андан тоо этектеп кетти...

Ал эми согуш министри баш болгон үч берендин кызылдар жакка өтүшү Мадаминбек үчүн оорго турду. Өтө эле оорго турду. Тигилер эмне үчүн мындай кылды, Калкожо эмне үчүн аларга кошулбай койду, Мадаминбек үчүн толгон-токой ойлорду алып келди. Ал жагынан ойлоду, бул жагынан ойлоду, көп нерсени түшүнгөндөй да, түшүнбөгөндөй да болду...

Мадаминбекке жолугууну эңсеп...

Эмин Кызыл Аскерлердин катарына киргени бир эңсөөсү бар, ал – Мадаминбекке жолугуу. Бул киши тууралуу аңыз сөздөрдү да, чындыкты да укkан сайын ал кызыгуусу улам артып, улам эңсөөгө тартылып барат...

Ошондой күндөрдүн биринде ал согушкан аскер бөлүгүнө Түркстан фрондунун башкы командачысы Михаил Васильевич Фрунзе келери, ага чейин Мадаминбек менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү керектиги айтылган.

Мадаминбек менен сүйлөшүү үчүн тандалган топту Эминдин жигиттери кайтарып жүрмөк болду. Кызыл

аскердин формаларын чыкыйта кийген Эмин жолго чыгабыз дегенде өзүн жасап-түзөп, атын да тарап, орус ээрин жууп-тазалап бир башкача боло берди.

Жолугуу үчүн Наманган волостунун жумушчу, дыйкан, Кызыл армия кеңешинин депутаттарынан өкүлдөр тандалды. Алардын башчылыгына Молдо Абдыкахар дайындалды. Ал волостук комиссар катары бул жерлерде кадыр-баркы зор эле.

–Жашоонун баркын билем десең, өлүмгө тике карайбыз да! – деп койду ал Эмин менен таанышып жатып.

Ичинен жапжаш кызыл аскерлерди аяп турду. Бара жаткан жагы кооптуу да, түшүнүктүү да эле. Анан калса аларда кызылдарда кетпес кеги, ала турган өчү бар. Ошол эле жерден Абдыкахар жигиттерден көзүн албай туруп, арасындагы үч орус жигитти артка кайтарууну Эминден суранды.

–Эмне болсок да өзүбүз бололу, – деди Эминге жай сүйлөп, мусулмандар дегенди айткысы келбеди.

Анан орусча тигилердин аты-жөнүн, кайсыл жерлик экенин бир сыйра сурап, жерибизди бошотууга кылган кызматыңар үчүн ырахматымды айтамын дегенде орус жигиттер бу кары молдонун орусча так сүйлөгөнүнө таң калышты.

Түбү Касан-Сай деген жерде туулган Абдыкахардын Орусияда достору бар эле, а түгүл алар менен Петербургга барганда, же алар Касан-Сайга келгенде эзилип сүйлөшүп, макалдарды өз тилинде айтып, анан аларга которуп бере калчу. Ичинде бир да сыры жатпаган, дилинде ныпым кири да жок бул киши замандын кайда баратканын, орус деген улуу журт экендигин жакшы сезген. Кызыл аскерлердин бөлүктөрүнө да тез-тез келип апендисин болобу, ривоятын болобу, макал-ылакаптарын болобу айтып берип, күлдүрүп турчу. Бекерчилик күндөрү көп, анын да мурдагыдай Кытайдан Орусияга каттаган соода жолу буулуп отурбайбы.

–Сиздин тандалганыңыз абдан жакшы болду, - деди Эмин аксакалга жанаша келип.

Абдыкахар күлүп койду. Эминдин жоопсуз калганына бозоро түштүбү деп жаш жигитти караса, ал чын эле ойлоно түшүптүр.

–Улукман акимден сурашыптыр, – деди Абдыкахар аксакал, - Агаң жакшыбы, досуң жакшыбы деп...

Анан дагы унчукпай калды. Чыдабай кетип Эмин:

–Ии. – деди.

–Агаң эгер дос болсо жакшы... – дептир.

Анан экөө тең эмне үчүн, кимге баратканын эстеп ойлонуп калды.

Булар менен дыйкандардын «Союз кошчу» уюмунан эки киши, анан «басмачылар» деп аталган жигиттер тобу базарда талоонго алып жабыр тарткан, Кытайга кербен болуп эчен жолу барып келген баарын жакшы билген эки соодагер бар эле. Анан аларды кайтарган, Абдыкахар кайсыл жерге чейин баргыла десе барып, калгыла десе, калып калчу Эминдин кызыл аскерлери.

–Баса, майрамыңар менен! – деди Абдыкахар кызыл аскерлерди жылмая карап.

–Ырахмат! Унутуп да калыптырбыз. Былтыр ушул күнү Кызыл Армия түзүлбөдү беле! – Эмин оозу бош ункүнү Кызыл Армия түзүлбөдү беле! – Эмин оозу бош унчукту. Ичинен Кызыл армиянын катарына киргенге сыймыктангандай шинелинин жакасын оңдонуп койду.

Кыш жазга оңойлук менен ордун бере койбоочудай болуп чыйрыктырган суук тоо тараптан уруп, Абдыкахардын Карабайыр аты таскактап, калгандар аны үнсүз-сөзсүз ээрчишет. Ээрчишет да ар кимиси ушул жерден кайра тирүү өтөрүн тилек кылышат, бир сыйра өмүр жолун көздөн кечирип чыгат.

–Сүйлөй жүрүңүз, Абдыкахар ака, биздин тоолуктарда жол кыскарт деп коёт. Жол кыскарталы? – Эмин алдыда өз ою менен келе жаткан жол баштоочуну чочутуп алды.

–Нени сүйлөмөк элем, уулум, мен көрбөгөн жер калбады. Күн чыгышы Бээжин менен Сиандан тартып, Мисир менен Индустандын, Москөө менен Петербургун – баарын көрдүм. Кашкарда медреседе окудум, арабча, уйгурча, орусча, татарча, анча-мынча кытайча үйрөндүм. Бул дүйнөнүн тоголоктугуна жана анда көптөгөн диндер жана элдер, тайпалар бар экендигине ишендим. Бул биздин басмачылар болсо, «орус келбесин», «каапырларга динибизди бастырбайлы» дегенден башканы билбейт.

Сабырдуулук, бирге жашаш керек. Дүйнө кайда баратат ойлонуу керек... – Ушинтип айтып Абдыкахар аксакал дагы ойлонуп калды. Оо бир топтон кийин токтолгон сөзүн улады. – Бу Мадаминбек өрнөк туткан Темир Эмирдин да аялы каапыр болгонун билесиңби?

–Жок, – деди Эмин кызыгып.

–Андай болсо угуп, тур?

–Айтмакчы Самарканда болдуң беле?

–Жок.

–Болбосоң, болорсуң. Ошол Самарканда Темир Эмирдин аялдарынын бири – байбичеси Бүбү-ханымга жаандын арнап салган күмбөзү бар.

Самаркандын арзавасы Батыш менен Чыгышка жетип турганда, Жибек жолунун тоомундагы бул шаарда соода-сатык аябай өсүп, жалаң эле Чин-Мечин эмес Орусиядан да соодагерлер, жергезерлер топ-тобу менен келип, ооматты ашып турганда 1870-жылдарда Бүбү-ханымдын күмбөзүнүн жанындагы нан базарды кеңейтүү үчүн казуу жүргүзө баштаганда болжолу жанагы күмбөзмечиттен элүү кадамдай чыгышырааkta жер асты имаратка туш болушат, имараттын жертөлөөсүндө үстүнө үч плита жаткырылган табыттар табылат. Аныкташса, булар Эмир Темир жашаган доорго дал келиптир.

Ошол кезде Улугбектин обсерваториясын тапкан атактуу чыгыштаануучу археолог-тарыхчысы В.Л.Вяткин бул табылгага айран-таң калат, себеби сөөктөр кепинделбей таш саркофагда жатса, алардын көмүлгөн мезгили Бор-бор Азияда исламдын өтө гүлдөгөн учуруна туш келсе, окуя салтанатын мусулманчылыктын, Курандын негиздерине ылайыктап тургузган Темир Эмир ордосу Самаркандда болуп жатса... Анан дагы бир укмуш окуя: ал жерден сансыз көп жыландар ордо калаанын нан базарынын тегерегинде адамдардан айбыкпай, күн сайын ийиндеринен сойлоп чыгып күнгө ооналактап кактанып, кайра күндүн табы кайтканда ордолоруна кирип кетчү экен. Бул жылландар тууралуу түрдүү-түрдүү уламыштар тарап, а түгүл ошолордун бирин энтузиаст-крайтаануучу М.Ростиславов жергиликтүү карыялардын биринен жакшынакай кылып жазып алып, жазгандарын «Туркестанские ведомости»

газетасынын 1875-жылдын № 27 санына жарыялап да жиберет, аны болсо 1898-жылы Археологияны сүйүүчүлөрдүн түркстандык ийриминин атайын журналы алып басат. Бирок ошол-ошол болуп Бүбү-ханымдын жайынын сыры жашыруун бойдон калат.

Көрсө жеткен акылман жана ажайып сулуу ханыша Бүбү-ханым орус кызы болуптур жана ал өз дини боюнча христианин ишениминде экен. Бүбү-ханым деген өзаты эмес тура, аны бир катар адистер «Жеңүүчү Ханыша» деген сөз дешет. Жок андай эмес, биздин оюбузча кадимки эле «Бүбү» жана «Ханым» деген сөздөрүнөн болуш керек, андай болсо бул анын өз ысымы эмес, «хандын улуу аялы», «өкүмдардын байбичеси» деген эле анидеги кеп. Ысык-Көл боюна жайкы эс алуу жайын жана өргөө-сарайын орноткон жаангер Темир Эмирдин ошол көрөр көзү, эчен жоого узатып, эчен уруштардан тосуп алып, өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуп жүргөн каардуу да, назик да, ханга берилген таза да айымы элдин сүймөнчүлүгүнө ушунчалык айланып кетет да, аны хан ордонун энесиндей элестетишет. Эмне үчүн ушундай кылганын ким билет, айтор, уламыш боюнча ал өз тагдырын билүү үчүн көзү ачыкка «бал» ачтыртат, ал болсо «сиздин ажалыңыз жакындап келатат, кырк буттуу музоо баш чагып өлтүрөт» деп айтып салат. Муну угуп ал каардуу ханга – Темир Эмирге жакында өлөрүн, эгер өлүм башка келсе, аны ошол кезде жалпы ордо ак сөөктөрүндө кабыл алынгандай жаназасын окутуп, ак кепиндеп жай казып көмбөстөн, христиандык жөрөлгө боюнча гробго салып көмүшүн керээз кылып айтат. Эмир андай десе да, мындай десе да, ханайым айтканынан кайтпайт, падыша деген падыша да сүйүктүү жубайынынын көңүлүн көтөрүү үчүн Самаркандын борборунан укмуш чоң жана ажайып кооз мечитти Бүбү-ханымга арнап кура баштайт. Аны Индустанды жеңип алган жеңишинин урматына деп атайт да 1399-жылы салууга киришет. Темирландын ою боюнча бул имарат Самарканга келе жаткан кербендерге алыс-алыстардан да көрүнүп турушу керек экен, Азери, Персия, Индустан өлкөлөрүнөн алып келген эки жүз уста курулуштун өзүндө иштеп, беш жүз

адам жана токсон тогуз жүкчүл пил аларды курулуш материалдары менен камсыздап турган. Аябай чоң салынган комплекс узун-туурасы 130 жана 102 метр болуп, батыш жагында башкы жаамы мечити орун алса, түндүк жана түштүк жагында кичирээк мечиттер салынат. Элүү метрге жеткен азанчылар үчүн мунара тургузулат. Исламдын шөкөттөрү түшүрүлгөн мармар ташстар коюлуп, туш тарабы аябай эсептелип, ченелип-бышылат, ортосуна куран коюу үчүн минбар жасалат, мунаралары асман шатысындай көрүнөт, купалары Саманчы Жолу менен жанаша жүргөнсүйт.

Курулуш үчүн асыл таштарды башка жактан алдырып келген менен топуракты ошол эле жердин өзүнөн алып, ага ар түрдүү нерселерди кошуп, кылымдар урабай турсун үчүн аябай бышырат, мечиттин алды-асты болсо топурак алына берип, жер асты андарга айланат.

Имарат акыры беш жылда 1404-жылы бүтөт, бүткөн жайды көрүп Бүбү-ханым аябай көңүлү кушбак болуп, күйөөсүнө ыраазычылык билдирет.

Жылдар жылат. Бир жолу ханыша дасторкон үстүндө аялдар менен олтурган болот, жүзүм алып жеп жаткан, анан эле пашарттан колун бир нерсе чаккансып кетет, караса кырк муун музоо баш жанталашып чуркап барат. Коркуп кеткен аялдар Темир Эмирди чакырат, ошондо күйөөсүн карап туруп, кайратка келип Бүбү-ханым баягы керээзин дагы бир жолу эскертет.

Беш кыткага[4] беделдүү жаангер ошентип жанбирге жолдошун сактай албайт да, анын керээзинен чыкпай, маркумдун сымбаттуу денесине кымбат үстү-башы кийгизип, ак мойнуна кабаттап лаал, бермет, алтын, маржан сыяктуу асыл таштардан турган мончокторду тагып, гробдун капкагына алтын мыктарды кагып, мармар саркофагга салып көмдүрөт.

Мындай байлык тууралуу шыбыш жерде жатмак беле. Бир күнү ал жерге он ууру түшөт, алар да ушунчалык кыйын белем, акыры гробду ачат, ал жердеги байлык-

[4] кытка - материк

тардын баарын көтөрүп жөнөшөт, жөнөшөт да, алар метиттен чыгары менен дароо эле жан берет, көрсө аларды бул жердеги уулуу жыландар чыгыптыр. Эл таң атпай асыл таштарга бөлөнүшү бөлөнүп, лекин кыймылсыз жаткан мурдаларды көрүп эсинен кетет. Эми эмне кылуу керек? Баары түшүнүктүү болду, жалпы калкка дагы жамандык келбеш үчүн алгандарды ордуна коюу керек. Буга ким барат? Акыры масилетчи да табылат. Карыган киши болуп чыгат. Куран окуп, Кудайга сыйынып ал киши кирип кетет, баарын жай-жайына жайгарат, жайгарат да, кайра кайтып чыгып келе жатканда капысынан сөөк коюлган жердин эшиктери жабылып калат. Тыштагылар ал жагынан да, бул жагынан да ача албай айлалары кетет. Эмне кылмак? Ошол киши ошол бойдон ошол жакта калат. Андан кийин ал жерлерге эч ким дале даап кире албаптыр. Сооданын арты менен мен ал жайларды да көрдүм. Темир падыша эмнеге орус кызын алды дейсиң? Ойлончу? А булар болсо!..

Аңгыча алдыларынан бир топ атчан торой чыкты. Алардын кайда турганы белгисиз. Жер астынан чыга калдыбы, асмандан түшүп келдиби, Эминдин акылы албады. Баары аттардын тизгинин тартты.

–Ассолому алейкум!

–Алейкуму ассолом! – Келе жаткандар менен тосуп тургандар бар болгону ушинтип учурашты.

Алар Жийде-Кепедеги Байтумандын жигиттери экенин сүйлөшкөнү бара жаткандар дароо эле баамдашты.

Жакында эле бул жерде катуу кыргын болуп кыштакты Байтуман кызылдарга бербей койгон, бирок көп жигиттерин жоготуп жаны ачып турган. Анан калса кызылдардын арасында даанышмандык вазийпа аткарып жүргөн дал ушул Абдыкахардын да бар экендигин кулагы чалган.

Жигиттер келе жаткандарга кошулуп жөнөгөндө баарынын келмеси оозуна келди. Эми чайханага Байтумандын алдына алып барып атып салат дешти. Жок, антишпеди. Булар элчиликке келе жаткандар тууралуу кабардар сыяктуу аларды ар балээден коруп Сыр-Дарыяга чейин күзөтүп барды. Ал жерде жээкте дагы бир топ жигит-

тер сал менен күтүп туруптур, аттарын да, адамдарын да салга салып, аркы жээкке тез эле өткөрүп койду. Ал жакта да ондой жигит күтүп аткан экен, буларга кошулду. Эми Мадаминбектин алдына баруу керек эле. Дал ушул учурда эмне ойлоду ким билсин бир убакта эле Абдыкахар аттын башын Балыкчы кыштагын карай тартты. Баары унчукпай ээрчий берди.

Кыштакка киргенде булар күтпөгөндөй көрүнүш менен туш келди. Элдер баталарын берип, бала-чака, кемпир-калач калбай бүт астыларынан чыкты, алкап атканы да, арасында каргап атканы да, ыйлап атканы да, сүйүнүп атканы да – баары-баары бар.

Топ ыкчам жүрүш менен кыштактын мечитинин алдына жакындады. Дал ушул жерде Байтуман корбашы өзү туруптур. Жасанып алыптыр. Жанындагылар, анчамынча кол алдындагы орус жигиттери да башына чуст топуларын кийип, наманган бейкасамдарына шайы курларын тагынып, маасы-галошторун жылтыратып койдун майы менен майлап алышыптыр.

Байтуман өзү алкынган ак аргымагы менен тигилердин саламына алик алып, кол куушуруп:

–Куш келипсиздер! – деди. Анан жылмайып койду. Ушинтип айтып жылмайганда бул көк бөрүнүн ашынган кумарпозунун улак тартып атып жулдуруп ийген кадоодой кашка тишинин бошогон орду оңурайып көрүндү.

Ал баары менен европалыктарча кол алышып амандашты. Ал-жай сурашты. Эминге келгенде кекээрду:

–Кандай, кызыл командир! – деп колун катуу кысты эле Эминдин манжалары бири-бири менен жабышып калгандай оорутуп, көзүнөн мөлтүр жашы ыргыды.

Байтуман орус өкмөтүнүн адамдарын бул жакка жүргүлө дегендей камчы менен мечиттин ичине жаңсады. Эл эки бөлүнүп жарыла берди. Келгендер аттан түшүп, Байтумандын жигиттери алардын атын ары жетелеп кетти.

Мечиттин кире беришинде молдолордун жана мүрүттөрүнүн арасында Ажымат эшен отуруптур. Ал коноктorго ордунан туруп учурашайын деди эле, ким-

дир бирөө этегинен тартып койдубу, же дарманы жок-туктанбы, кабаттала салынган мешхедий килемдердин үстүндө козголуп гана тим болду.

Келгендерден бир гана Абдыкахар молдо эшендин чапанынан сылап, урматтагандыктын шаанисин аткарды.

Ажымат эшендин зоболосу бул чөлкөмдө гана эмес жалпы өрөөндө, андан ары Ташкен, Талас жакта да зор боло турган. Ата-бабасы эшен катары диний илими күчтүү болуп, баары ажылык парыздарын аткарып келген. Суйдаң ак сакалчан, өзү да кийген чапанындай купкуу чал келгендерди бир сыйра курчу кеткен көзү менен тиктеп өтүп, алакан жайып бата тартты. «Амин» деп бата тартылары менен каарылардын бири курандын кыска сүрөсүн окуп бүтүп эшенге карады эле ал баарына угуза:

–Ылайым жерибизде тынчылык орноп, эки жак мунасага келип, Алла бизге аманчылык берсин, амин! – деп жүзүнө бата тартты.

Демек, эшен да баарын уккан экен, ушуну күтүп жаткан экен. Ажымат эшен өзү болсо Мадаминбек анын сөзүн эзели эки кылбайт, лашкер башынын пири ушул киши, иш оң жагына чечилет деп ойлоду Абдыкахар. Анан ал койнунан кагазын алып чыгып, Мадаминбекке Совет өкмөтүнүн атынан 2-Түркстан аткычтар дивизиясынын командири Н.А.Веревкин-Рахальский өзү колу менен жолдогон катын бир-бирден окуп, которуп берип жатты. Ар бир пунктту окуган сайын Ажымат эшендин колу ачылып-жумулуп, башы ийкелип кубаттап турду. Анан пайдасыз жана максатсыз согушту токтотолу деген акыркы чечимди окуганда Ажымат эшен ордунан шарт ыргып туруп, ыйлап ийди жана эки колун жазып, мечиттин шыбын карап дуба берип, Абдыкахардын колундагы кагазды алып өөп-өөп жиберди. Көз жашы кагазга тамды. Бир убак:

–Бекке кеттик! – деп алдыга умтулду эле ары жактан эшен көптөн бери мине албай калган аты алдына тартылды.

Балыкчыдан Кара-Тереге дейре аш бышым жол экен. Жолоочуларды Байтумандын жигиттери коштоп жүрсө

да, ар-ар жерден Мадаминбектин сакчылары чыгып, бук-турмаларда пулёмотчулар көрүнүп, таштардын, жарлардын, алыштардын баарын этияты-шарт деп куралдуу кишилер менен толтуруп таштаптыр. Эминдердин курал-жарагын бүт алып, кайдан-жайдан экендигин кайра-кайра сурап, бирок бек өзү уруксат эткенби, ар бир тосоттон өткөрө берди. Тосотчулар бир гана Ажымат эшен келгенде жарыла берип, анын чапанынын этегине жыгылып, атынын жалынан сылап, бир башкача болуп кетишет.

Бүт тарабы жигиттер менен курчалган, он эки пакса дубал урулган коргон Мадаминбектин аскердик резиденциясы экен. Эки жакка ачылган оор темир дарбазадан адегенде Ажымат эшен кирди. Анын атын алышты. Өзүн көтөрүп түшүрүштү. Эшен акырын аяк шилтеп тепкичтер менен мүрүддөрүнүн биринин жөөлөөсүндө өйдөгө – балаханага көтөрүлдү. Калгандар артынан ээрчиди. Кире бериш бөлмөдө бир топ корбашылар жана башына бапакты бастыра кийген түркмөн жигиттер, орус офицерлери чүкө ойноп жаткан экен Ажымат эшенди көрө кала баары бүгүлүп, таазим кыла жол бошотту. Эмин алардын беттерин көрө албады.

Ошондон ары дагы бир бөлмө өтүп алар сыйлуу конокторду тосчу мейманханага кирди. Кабылан, суусар, карышкыр, аюу терилер менен дубал билинбей тосулуп, жерде болсо түгү чыгып турган жумшак герат килемдер көз жоосун алат. Фергана жаңы өкмөтүнүн жашыл туусунун ичинде күмүш жиптер менен Ай жана жылдыздар саймаланып түшүрүлүптүр. Ал туу төркү бурчта турган экен, Эминге биринчи эле ошол көрүндү.

Мадаминбек жалгыз эмес экен. Кадимки хандардын тагындай алтын жалатылган тагынан түшүп келип, Ажымат эшендин бутуна жыгылып, чапандарын сылады. Бир топ унчукпай тургандай болуп Ажымат эшен каргылданып өзү аят окуп, баары жүзүнө бата тартарда:

–Оо, Алла, эли-журтубузга тынчылык бергейсиз, жерибизге азаттык бергейсиз, элдешкендерге ынсап бергейсиз! – деп жүзүн алаканы менен жапты.

дир бирөө этегинен тартып койдубу, же дарманы жок-
туктанбы, кабаттала салынган мешхедий килемдердин
үстүндө козголуп гана тим болду.

Келгендерден бир гана Абдыкахар молдо эшендин ча-
панынан сылап, урматтагандыктын шаанисин аткарды.

Ажымат эшендин зоболосу бул чөлкөмдө гана эмес
жалпы өрөөндө, андан ары Ташкен, Талас жакта да зор
боло турган. Ата-бабасы эшен катары диний илими
күчтүү болуп, баары ажылык парыздарын аткарып кел-
ген. Суйдаң ак сакалчан, өзү да кийген чапанындай куп-
куу чал келгендерди бир сыйра курчу кеткен көзү менен
тиктеп өтүп, алакан жайып бата тартты. «Амин» деп
бата тартылары менен каарылардын бири курандын
кыска сүрөсүн окуп бүтүп эшенге карады эле ал баарына
угуза:

–Ылайым жерибизде тынчылык орноп, эки жак му-
насага келип, Алла бизге аманчылык берсин, амин! –
деп жүзүнө бата тартты.

Демек, эшен да баарын укkан экен, ушуну күтүп жат-
кан экен. Ажымат эшен өзү болсо Мадаминбек анын сөзүн
эзели эки кылбайт, лашкер башынын пири ушул киши,
иш оң жагына чечилет деп ойлоду Абдыкахар. Анан ал
койнунан кагазын алып чыгып, Мадаминбекке Совет
өкмөтүнүн атынан 2-Түркстан аткычтар дивизиясынын
командири Н.А.Веревкин-Рахальский өзү колу менен
жолдогон катын бир-бирден окуп, которуп берип жатты.
Ар бир пунктту окуган сайын Ажымат эшендин колу
ачылып-жумулуп, башы ийкелип кубаттап турду. Анан
пайдасыз жана максатсыз согушту токтотолу деген акыр-
кы чечимди окуганда Ажымат эшен ордунан шарт ыр-
гып туруп, ыйлап ийди жана эки колун жазып, мечит-
тин шыбын карап дуба берип, Абдыкахардын колунда-
гы кагазды алып өөп-өөп жиберди. Көз жашы кагазга
тамды. Бир убак:

–Бекке кеттик! – деп алдыга умтулду эле ары жак-
тан эшен көптөн бери мине албай калган аты алдына
тартылды.

Балыкчыдан Кара-Тереге дейре аш бышым жол экен.
Жолоочуларды Байтумандын жигиттери коштоп жүрсө

да, ар-ар жерден Мадаминбектин сакчылары чыгып, бук-
турмаларда пулёмотчулар көрүнүп, таштардын, жарлар-
дын, алыштардын баарын этияты-шарт деп куралдуу
кишилер менен толтуруп таштаптыр. Эминдердин кура-
жарагын бүт алып, кайдан-жайдан экендигин кайра-кай-
ра сурап, бирок бек өзү уруксат эткенби, ар бир тосоттон
өткөрө берди. Тосотчулар бир гана Ажымат эшен кел-
генде жарыла берип, анын чапанынын этегине жыгы-
лып, атынын жалынан сылап, бир башкача болуп кети-
шет.

Бүт тарабы жигиттер менен курчалган, он эки пакса
дубал урулган коргон Мадаминбектин аскердик резиден-
циясы экен. Эки жакка ачылган оор темир дарбазадан
адегенде Ажымат эшен кирди. Анын атын алышты. Өзүн
көтөрүп түшүрүштү. Эшен акырын аяк шилтеп тепкич-
тер менен мүрүддөрүнүн биринин жөөлөөсүндө өйдөгө –
балаханага көтөрүлдү. Калгандар артынан эзрчиди. Кире
бериш бөлмөдө бир топ корбашылар жана башына ба-
пакты бастыра кийген түркмөн жигиттер, орус офицер-
лери чүкө ойноп жаткан экен Ажымат эшенди көрө кала
баары бүгүлүп, таазим кыла жол бошотту. Эмин алар-
дын беттерин көрө албады.

Ошондон ары дагы бир бөлмө өтүп алар сыйлуу ко-
нокторду тосчу мейманханага кирди. Кабылан, суусар,
карышкыр, аюу терилер менен дубал билинбей тосулуп,
жерде болсо түгү чыгып турган жумшак герат килемдер
көз жоосун алат. Фергана жаңы өкмөтүнүн жашыл туу-
сунун ичинде күмүш жиптер менен Ай жана жылдыздар
саймаланып түшүрүлүптүр. Ал туу төркү бурчта турган
экен, Эминге биринчи эле ошол көрүндү.

Мадаминбек жалгыз эмес экен. Кадимки хандардын
тагындай алтын жалатылган тагынан түшүп келип, Ажы-
мат эшендин бутуна жыгылып, чапандарын сылады. Бир
топ унчукпай тургандай болуп Ажымат эшен каргылда-
нып өзү аят окуп, баары жүзүнө бата тартарда:

–Оо, Алла, эли-журтубузга тынчылык бергейсиз, же-
рибизге азаттык бергейсиз, элдешкендерге ынсап бергей-
сиз! – деп жүзүн алаканы менен жапты.

Мадаминбектин жанына анын өкмөтүнүн адалат жана ички иштер министри Ненсберг, штаб башчы Белкин деген ылакап аттуу калмак, падышалык армиянын полковниги Корнилов жана ушул тапта оң колу болуп жүрүшкөн Байтуман кожо, Эшмат байбача, Дыйкан байбача сыяктуулар заматта чогула калды.

Күмүш абдестеде жылуу суу менен күмүш чылапчын, ар бир адамга бирден чачык келди. Унчукпай кол жуушуп, сөз баштоого эч ким даабай атканда Эминдин эки көзү Мадаминбекте турду. Бек болсо карадыбы, карабадыбы, аны менен иши да болбой Абдыкахар берген катты кунт коюп окуп жатты. Ичтен кайра-кайра кайталадыбы, бир кыйла узак окуду. Меймандарга ысык көк чай сунулуп, аппак патир нан тартылды. Жүзүм, курма, коон, жаңгак, өрүк, мейиз, мисте жайнап, мындай берекелүү дасторконду кызылдар биринчи көрүп, шилекейин жутуп тамшанышканы менен батынып кол суна албай, уставга ылайык арыраак четте гана какайып турду.

Мадаминбек бул каттын маанисин билет беле, же дыйкандар орус армиясы менен Күчүковдун кызылдар жакка ооп кеткенин ойлоп аттыбы, же чын эле азыр келген катты туура көрдүбү кудайы конокторго эч нерсесин билдирбеди. Илбирс асканын жаракасында келе жаткан кийиктердин тобун аңдып жаткандай дем да тартпай, үшкүрүнүп да койбой тура берди. Оо алыстан учуп келе жаткан кушту тааныбай турган таранчылардай башкалар үн чыгарбай отурду. Мадаминбек анан адамды тешип ийе турган көзү менен Ненсбергге кайрылды эле, ал чочуп кеткендей:

–Господин лашкер башы, биз ойлогондой жазыптырбы, мал-мүлк, жер, пахта тартылып алынган пахта зооттор, пахта тайлары кайра ээлерине кайтарылып берилет бекен?

Мадаминбек жооп бериштин ордуна Абдыкахарды карады. Ушул жооп берсин дегендей кылды.

–Мен мындай суроолорго жооп берүүгө акым жок. – Абдыкахар кызылдар үйрөткөндөй чынын айтты.

–Совет өкмөтүнөр зордук менен катын-калачтардын

паранжасын алдырып жатыптыр го!? – Эми суроону Эшмат байбача узатты.

Анын суроосуна Мадаминбек мыйыгынан күлүмүш болду. Чамасы ал Эшмат байдын он бештей аял алганын, бир аялын билиппи, билбейби – эки жолу алып ийгенин эстеп кетти окшойт.

–Андай зордук же өкүм жок, лекин шаарларда атаэнесинин, күйөөлөрүнүн, ага-инилеринин маакулдугу менен айрым кыз-келиндер паранжыларын өз эркин менен алып жатышат. – Абдыкахар туура айттымбы деп Эминдер тарапты бир карап алды. Ошондо Мадаминбек менен Эминдин көздөрү чагылышы түштү. Көздөр бирибирин тиктеп турду, анын тиктешкен эки көз ажырашып кетти.

Суроо берүү кезеги Байтуманга жетти. Күчтүү, баатыр киши шашкалак жана ойлонбосураак болобу Абдыкахарга карап:

–Мына караңыз, молдо, сиз да бай болгонсуз, кадырыңыз дурус эле, карасаңыз, - ал бирөөгө тийсе жерге киргизе койчудай шадылуу беш манжасын көрсөттү, – беш кол тең эмес, бири узун, бири кыска, а силерден орус өкмөтүнөр ошол беш колду теңештиребиз, бай-кедей, батырак-байбача, мусулман-каапыр жок болот, баары бирдей болот деп жатпайбы, ушул кантип болсун!?

–Бул суроонузга Жай-Базардагы «Союз кошчунун» раиси Жолдош Ахунбабаевдин сөзү менен жооп берейин. Ал айтат, «беш кол тең эмес болгону менен бирин урсаң баары зыркырайт» дейт.

Байтуман бул жоопту угуп, ал сөздү мурда айткан кишиге кошо азыр угузуп жаткан бет мандайындагы коногун кошо шылдындап күлүп калды эле Мадаминбек аны карап:

–Биз ардактуу конокторубузду капа кылып албадыкпы? – деп жылмайымыш болуп койду.

Аңгыча койдун куйрук майына басылган палоо келди.

–Сууп кетет, ашка карагыла?! – деди Мадаминбек алкымынан аш эмес атала өтпөй турган алдындагыларга аларды сыяпатка таклиб кылып чакыртып келгенсип.

Баары ашка биссимилласын айтып кол салды. Аш үстүндө ары-бери сөз деле болгон жок.

–Жообун өзүбүз кеңешип туруп беребиз. Сунушуңар-ды акылдашалы. Скобелевге, господин Веревкин-Рахальс-кийге өзүбүз кат жиберебиз. Сиздерге болсо Алла ыраа-зычылыгын билдирсин! – деди Мадаминбек таптакыр сыр алдырбай.

Чыгып баратып Эминдин көзү менен Мадаминбек-тин көзү дагы бир жолу чагылышты...

Келгендер жөнөй берди. Алардын вазийпасы тамам-далды. Кудайдын ушул жагына эле шүгүр. Мусулманчы-лык аста-аста дейт билермандар. Жанагы чүкө ойногон-дордун жанынан өтүп баратып Эминдин көзү дагы бир көз менен чагылышты. Бул Момундун көзү. Балалыгын-да бири-бирин сагынышып карашкан, эркелеше караш-кан, күтүшүп карашкан эки эгиздин көзү бул жолу бири-бирине жек көрүшө карашты...

Алтынчы март келишими

Мадаминбектен уйку качты. Адамдар ачарчылыктан жан берип, көчөлөрдө кол караган кайырчылар көбөйгөндөн көбөйүп барат. Кыйын күндө эл багар деген байлар байлыгын жүктөп Кашкарга, Иранга, Ооганстан-га, андан ары Түркияга качып кетип атат. Сугат жер-лерге көмүлгөн арыктардан суу барбай, кол күчү да, үрөн да жок, бул жаз кайгылуу башталды. Жүз миңдеп кол топтогон адмирал Колчак да, Деникин да большевиктер-дин алдында вай берди. Эми аскер башы Фрунзенин өзү келатат, ал жалгыз Мадамин үчүн келе жаткан жок. Түркстанды тебелеп-тепсегени, бой бербес эл-журтту Кремлге баш ийдирип бергени келе жатат. Аны менен кошо куралуу күчтөр келатат. Жигиттер болсо уруштан чарчады. Көп болсо он миң жигит калды. Аларды кы-зылдар аямак беле, он миңи үчүн жөн жай калктан жүз миңди, керек болсо беш жүз миңди садага чабат.

Ошентип ойлонуп отуруп өз ичинде кызылдар менен жарашмак куласасын чыгарды. Ажымат эшен да ушун-

дай талап койду. Мадаминбектин жолугушуу тууралуу каты Фергана фронтунун башкы командасына кетти. Ал жерде болсо Веревкин-Рахальский башка план түзүп жаткан. Анын ою боюнча 22-февралда Ташкентке келип түшкөн Михаил Василевичке белек катары Мадаминбекти кармап берүү керек эле.

Николай Андреевич Веревкин-Рахальский жашы жы-йырма жетиге келген жигит. Атасы да аскер адамы болуп генерал М.Д.Скобелевдин командасында кызмат кылып, орус баскынчыларынын Орто Азияга келиши үчүн жол ачкандардын бири эле. Түркстанда туулуп, кадет корпу-сунда окуп, биринчи дүйнөлүк согуштун отун кечкен, 1918-жылы июлда Кызыл Армиянын катарына алынып, дароо эле Түркстан 1-аткычтар полкуна командир болуп дайын-далган. Эми болсо 2-полкту жетектөөгө өткөн. Жерги-ликтүүлөрдүн тилин да, дилин да жакшы билген ал ты-мызын планын сыртка чыгарып жиберет. Анын 810-буй-ругу Мадаминбекти алдап колго түшүрүү эле.

Кызылдар буктурма коюп жаткан келишим түзчү жай катары белгиленген Балыкчы менен Наманган шаары-нын ортосуна Мадаминбек барбай койду. Барса, анын колго түшөрү турган иш эле.

Экинчи жолугушуу 4-мартка Кар-Баба кыштагына белгиленди. Кызылдар бул жолугушууга абдан маани бериптир. Түркстан 2-аткычтар полкуна командири Ни-колай Андреевич Веревкин-Рахальский баш болуп, полк-тун аскер комиссары Слепченко, штаб башчысы Ходо-ровский, штаб аскер комиссары Богаевский, саясый ко-миссариаттын башчысы Шафранский, облустун төңкөрүш комитетинин төрагасы Хужаев, атчандар бри-гадасынын командири Кужело, анын комиссары Анто-нов ж.б. өкүлдөр келишти. Бул деген өрөөнүн бүт чондо-ру дегендик эле.

Мадаминбек башкаларды жиберип, жеке өзү бул жолу да барбай турууну чечти. «Мусулмандар кошууну» деп аталган өздөрү жактан ал орустардан экөөнү – Радзевс-кий менен Ситняковскийди, жергиликтүүлөрдөн үчөөнү – молдо Момун Каримкожоевди, Мадали Мырза Мухам-маджановду, Хайитакун Исламбековду ылайык көрүп,

аларды өкүл катары жөнөттү. Баары орус тилин жакшы билишет эле.

Талаш көпкө созулду. Негизги маселе кызылдар табынан мындайча коюлду: Мадаминбек Кеңеш-Шоро өкмөтүн таанышы, тан алышы жана анын өкүлдөрүнө баш ийиши керек.

Мусулман лашкерлери койгон талап: Мадаминбек жигиттери Кеңештер бийлигин таанысын, эгер ниеттери келишсе, аларга кызмат кылууга өтсүн, бирок курал-жарагы, аскери менен калсын.

Эки тарап чечише албай турганда Николай Андреевич шашып калды. Ал арык, тыкан жана бир маселени тез чечкен киши эле. Дагы бирдеке болуп, Москванын тапшырмасы тескерисине кетпесин деп чый-пыйы чыкты. Ок тийген сол колун чыканагынан даки менен байлап мойнуна асып алганга карабай шайдоот кыймылдап:

–Эгер Мадаминбек Кеңеш өкмөтүн тааныса, анда анын жигиттери большевиктер ичиндеги түрк бригадасына өтүп, Мадаминбек ал бригадага жетекчилердин бири болуп дайындалышы мүмкүн, - деди арасат сүйлөп «мүмкүн» дегенге өзгөчө маани менен басым жасап.

Ошондон кийин сүйлөшүүгө келгендер масилаатташканы тарап кетти.

5-март. Эски-Маргалаң жанындагы Таштактагы Саид Акмат кожонун пахта зоотунун алдындагы майдан. Кызылдар менен жигиттер жарашат экен деген кабар маргаландыктарга, намангандыктарга, анжиандыктарга, оштуктарга желдей тарап, бул жерге миңдей адам жыйналган. Алар болушунча жасана кийинип, айттагыдай маанайлуу.

Мадаминдин аялы Саадат да апасы менен извошто келип элдин алдынан орун алды. Бул алардын көптөн бери эл арасына биринчи жолу чыгышы эле. Саадат калк ичине чыкканга ырабдайы көтөрүлүп, Кудайдан сүйлөшүүлөрдүн тынч өтүүсүн тилеп ичтен дуба кылып отурду.

Белгиленген жерге аскер оркестринин коштоосунда биринчи болуп Кызыл Армиянын делегаттары келди.

Алардын башында тишине чейин куралданган сакчылардын – кавалериялык эскорддун кайтаруусунда ошол кезде бут Фергана боюнча эң биринчи келген жеңил автомобилде Николай Андреевич Веревкин-Рахальский көрүндү. Аскердик парад кабыл алып жаткандай тик туруп, алдыдан көзүн албайт. Анын артында келишкен ахалтекин аттарда мурдагы күндөгү сүйлөшүүгө катышкандар. Бир гана жалгыз мусулман Хужаев көрүнбөйт. Ал Ташкенттеги Түркстан АССРинин Борбордук аткаруу комитетинин төрагасы Турар Рыскулов менен пикирлеш болуп, Мадаминбек менен эки жолу жолугушкан, анда бирибасмачыларды айыптап, бири кызыл аскерлерди айыптап, бирок экөө тең түрк журту үчүн күйүп-бышып тургандыгын кабарлашкан. Бул ниетин орус большектеринин тынчылары билип калып, жеткирчү жерге жеткирип салганбы, иши кылып ал киши гана келбеди.

Мадаминбек келишкен чоң бедөө ат менен бүркүтчөсүнөн жай бастырып калкка көрүндү. Башындагы ак селдеси анын Ферганаанын кол башчысы гана эмес, жалпы элдин да башчысы амир ал-муслими экенинен кабар берет. Парча тонунун алтын жана күмүш сайлары жазгы күнгө чагылышат. Аты жерди ныгыра басат да, дароо бутун тартып алып, бийлеп жаткансып бийикке көтөрөт. Анын кашкасы өзүнө куп жарашат. Мадаминбектин да коштоочулары толук куралданган, бири-биринен өткөн нооча жана өткүр жигиттер. Арасында эмне болуп кетсе да атышууга даяр турган Эмин эки жакты билдирбей каранып келе жатат.

Мадаминбек жакындап келгенде анын сүрүнөн Николай Андреевич не кыларын билбей калдыбы, машинадан ыргып түшүп бир колу менен Мадаминбектин ийнине артылып, экөө кучакташып учурашты. Эл көзүнө жаш алды. Большевиктер кол чаап жиберди.

Экөө бир үстөлгө бетме-бет отурду. Бири-бирин сынай караган бул көздөр дал ошол учурда бүт өрөөндүн калкынын, андан ары жалпы Түркстандын тагдырын чечип жаткан. Муну экөө тең жакшы түшүнүп турду.

Ал-акыбал сурашымыш болгон соң Веревкин-Рахальский маселени кабыргасынан койду:

–Гражданин Мадаминбек Акматбаев жана анын кошуну Совет өкмөтүнө баш ийеби жана ал өкмөттү тааныйбы?

Мадамин оюн жыйнап жай сүйлөдү:

–Господин Николай Андреевич, албетте, биз сиз айткандай макул болобуз. Бирок бир нече шарттарыбыз бар.

–Кандай шарттар?

–Алар, биринчиси, Совет өкмөтү биздин шариатты бузбашы керек, экинчиси, биздин кошуунду ушул бойдон калтырсын жана аларга кам көрсүн. Ошондо биз бул чөлкөмдө тынчтыкты жана тартипти орнотобуз. Бизге ишеним берүүңүздөр ылаазым.

–Тоо-талаалап согушуп жүрүү сизди кыйнабадыбы?

–Кыйнады. Бардык жерде кан төгүлүп, бейкүнөө адамдардын жер талаштан, бийлик талаштан өлүп жатканы, элдин кор булушу мага оор деңизчи. Сиз менен биз ушунетип урушту токтотпой жүрө берсек жер айдаган дыйкан, мал баккан чарвадар калбай калат, калк ачарчылыктан кырылат. Мына согуштун башталганына эки жыл болду. Же силер, же биз эмнеге жеттик?.. Азыр мен Кеңеш өкмөтүнүн өзгөргөнүн, таза адамдардын ал жакка кирип жатканын көрүп, билип жатамын... Андыктан да силердин өкмөтүңөр менен согушпай жашоо ниетине келдим.

–Анан сиз өз аскерлериңизди өзүңүздө калсын дейсизби?

–Ошентемин! Бул тартип сактоо үчүн!

–Бирок сиздин бас... – Николай Андреевич «басмачыларыңыз» деп айтып жибере жаздап, оозун басты. – партизандарыңыз жана сиз Совет өкмөтүнөн мурдагы кылган иштериңер үчүн кечирим сурашыңар керек.

Ушул сөздү укканда Мадаминбектин каны кайнап кетти. Бирок кимдин алдында отуруп, эмне маселе чечип жатканын ойлоп, өзүн-өзү кармады:

–Биз бөтөн жерди басып алып, талап-тоноо жүргүзбөдүк!.. – Мадаминбек ушул жерге келип сөзүн үздү. Ары жакта «силерге окшоп» дегени калып калды. Ичте калды.

–Макул, – деди ал сөздүн айтылышын да билген Николай Андреевич, – биз сиздерге мунапыс беребиз. Кечирим сурабасаңыздар да кечиребиз!

–Биз жер, эл коргодук! Эл башын ийип берди. Ийилген башты кылыч кеспейт эле. Силердин кылычынар ойноок жана өткүр белем... – Мадаминбек ушинтип айтканда анын каршысындагы киши маселенин татаалдашып кетеринен корккондой:

-Болду! Келишим түзөбүз! – деп колун берип, орунан шап турду.

Эртеси Скоболев шаарында келишимдин текстти даярдалып ага тараптар кол коюуга отурушту.

Мадаминбек дыкаттык менен, кайра-кайра окуп көрдү. Анда мындай жазылган эле:

«Мадамин менен тынчтык келишиминин бүтүмү

2-Түркстан аткычтар дивизиясынын аскер командири менен мусулман аскерлеринин командачысы Мадаминбек түзгөн келишимдин тексти.

6-март, 1920-жыл. Скоболев шаары

Биз төмөндө кол коюучулар: биринчи жактан – Аскердик-революцион кеңешинин буйругуна ылайык 2-Түркстан аткычтар дивизиясынын башчысы Веревкин-Рахальский жана дивизиянын аскердик-саясый комиссары Слепченко, экинчи жактан Ислам кошуунунун командачысы Мухаммадаминбек Акматбеков төмөндөгү мазмундагы бүтүмдү түздүк:

Мен, Мухаммадаминбек, мага толук ыраазылык билдирген өз армиям, корбашыларым жана адамдарым менен салтанаттуу ант кыламын, ушундан тарта Кеңеш өкмөтүн тан аламын жана анын ишенимдүү досу катары, бардык буйруктарын жана тапшырмаларын төмөндөгү шарттарга ылайык аткарууга убада беремин:

1. Кеңеш өкмөтү Түркстанда букаралардын турмушун шариат эрежелерине ылайык жүргүзөт. Кара аламан калктын коопсуздугун сактайт. Мусулмандарга шариат менен жашоого укук берет. Жана мусулман улутарынын урп-адаттарын, жергиликтүү элдин салттарын сактайт.

2. Менин отрядымдын туракту жери Наманган шаары болуп калат.

3. Мен, башка фронтторго чыкпай, убактылуу Фергана чөлкөмүндө гана туруп, Кеңеш өкмөтүнүн ички жана сырткы душмандары менен күрөшүүгө убада беремин.

4. Менин отрядымдагы орус улутундагы аскерлер кааласа толук азат кылынат, кааласа отряд менен кошо кызматта жүрө берет.

5. Ушул жылдын 13-мартынан калбай мен жана менин өкүлдөрүм менен Ташкентке Түркстан революциондык аскерий кеңешине жана Түркстан борбордук комитетине Кеңеш өкмөтү тарапта экенимди тастыктоо үчүн барамын.

2-Түркстан аткычтар дивизиясынын
начальниги Веревкин-Рахальский
Аскердик-саясый комиссар Слепченко
Мусулмандар кошунунун командачысы Мадамин-бек»
(26/181)

Текстти окуп Мадаминбек да, анын эң мыкты юристи Нансберг да баш чайкады. Бул бир тарап – Мадаминбек тарап үчүн гана түзүлүптүр, аларга коюлган тузак экен. Аларды гана милдеттендирип, кызылдар өздөрү бул иште суудан кургак чыкчудай. Бирок эмне кылат. Артка кайта албайт. Көрөт. Баарын, башка жазганын көрөт. Күрөш муну менен гана бүтпөйт да. Элге тынчтык берилсе болгону. Кол коюшту. Сый тамак берилди.

Келишимден кийин

Мадаминбектин келишиминин текстин жергиликтүү газеталар дароо эле басып чыкты. Анын текстти басылган Намангандан чыккан «Рабочий путь» газетасын орустар да, мусулмандарда да көзгө сүртүп, бири-бирине окуп берип жатты...

Ар биринде үч-төрт миңдин тегерегинде жигиттери бар Шермухаммедбек, же кызылдар айткандай Көр Шер-

мат менен Калкожо гана бул кабарды жийиркенүү менен кабыл алды, алар жакында жеңиш келерде Мадаминбек каапырларга сатылып кетти, ал алданды деп эсептешти жана экөө тең бири-бирине айтпай Мадаминбектин ордуна отурууну Ферганандын амир ал-муслими жана мусулман аскерлеринин лашкер башчысы-амири болуу-ну кыялданды...

Келишимге ылайык Мадаминбек Ташкентке барды. Ташкенттин эли аны кол чаап, көчөлөргө эки катар тизилип тосуп алды. Анын урматына Түркстан Борбордук аткаруу комитетинде орусча обед берилди. Фрунзе жана Куйбышев менен узак маектешти. Алардын ою көбүнчө бир жерден чыгып атты. Ага жардамчы кылып Сергей Суховду кошуп берди. Штабы өз туулган жерине танапташ айылга – Таштактын Кар-Бабасына көчүрүлүп келинип, макка Кызыл армия катары аскерлери машыгуу өткөрө берди.

Ошондой күндөрдүн биринде ага Момун кирип келди:

–Урматтуу командачы, сизге кат алып келдим деп бир жигит турат, – деди.

Аны аябай текшерип киргизишти. Ага чейин Момун анын кара сакалчан экендигин жана бешенесинде тырыгы бар экенин, сол колуна кызыл мата байлап алганын айтканда элс Мадаминбек кимдерден келгендигин аңдады.

Катты алып окуй баштады: «Бисмилля ар-рахман ар-рахим. Мухамед Амин-бекке, бей-бечаралардын досуна, жетимдердин калканычына, жеңилбес газыга, дини ислам үчүн күрөшүүчүгө Шер-Магометтен деп билгейсиз. Ассалому алейкум! Сиздин эрдигиңиз жана даңкыңыз Баргандан тышкары – Букарага, Ширабадга жана Карбылга чейин дайын. Сиз, Мадаминбек, Советтерге кызмат кылып тынчыкка жана бейпилдикке алып келемин деп мусулман лашкерлерин үгүттөп жатыпсыз. Бизге да бирге кеңешүүгө келип кетүүгө жана менин койлорумду да жалпы короого кошууну чечүүгө сизди жана сиздин орус кеңешчиңизди чакырар элем. Шер-Магомет Кул».

Бул катты күтүп аткан. Бир катар корбашыларга жиберген каттарына ар кандай жоопторду алып жаткан. Алардын ичинде бул кат Шермухаммад досунуку өзгөчө

2. Менин отрядымдын туракту жери Наманган шаары болуп калат.

3. Мен, башка фронтторго чыкпай, убактылуу Ферганын чөлкөмүндө гана туруп, Кеңеш өкмөтүнүн ички жана сырткы душмандары менен күрөшүүгө убада беремин.

4. Менин отрядымдагы орус улутундагы аскерлер кааласа толук азат кылынат, кааласа отряд менен кошо кызматта жүрө берет.

5. Ушул жылдын 13-мартынан калбай мен жана менин өкүлдөрүм менен Ташкентке Туркстан революциондук аскерий кеңешине жана Туркстан борбордук комитетине Кеңеш өкмөтү тарапта экенимди тастыктоо үчүн барамын.

2-Туркстан аткычтар дивизиясынын
начальниги Веревкин-Рахальский
Аскердик-саясый комиссар Слепченко
Мусулмандар кошунунун командачысы Мадамин-бек»
(26/181)

Текстти окуп Мадаминбек да, анын эң мыкты юристи Нансберг да баш чайкады. Бул бир тарап – Мадаминбек тарап үчүн гана түзүлүптүр, аларга коюлган тузак экен. Аларды гана милдеттендирип, кызылдар өздөрү бул иште суудан кургак чыкчудай. Бирок эмне кылат. Артка кайта албайт. Көрөт. Баарын, башка жазганын көрөт. Күрөш муну менен гана бүтпөйт да. Элге тынчтык берилсе болгону. Кол коюшту. Сый тамак берилди.

Келишимден кийин

Мадаминбектин келишиминин текстин жергиликтүү газеталар дароо эле басып чыкты. Анын текстти басылган Намангандан чыккан «Рабочий путь» газетасын орустар да, мусулмандарда да көзгө сүртүп, бири-бирине окуп берип жатты...

Ар биринде үч-төрт миңдин тегерегинде жигиттери бар Шермухаммедбек, же кызылдар айткандай Көр Шер-

мат менен Калкожо гана бул кабарды жийиркенүү менен кабыл алды, алар жакында жеңиш келерде Мадаминбек каапырларга сатылып кетти, ал алданды деп эсептешти жана экөө тең бири-бирине айтпай Мадаминбектин ордуна отурууну Фергананын амир ал-муслими жана мусулман аскерлеринин лашкер башчысы-амири болууну кыялданды...

Келишимге ылайык Мадаминбек Ташкентке барды. Ташкенттин эли аны кол чаап, көчөлөргө эки катар тизилип тосуп алды. Анын урматына Туркстан Борбордук аткаруу комитетинде орусча обед берилди. Фрунзе жана Куйбышев менен узак маектешти. Алардын ою көбүнчө бир жерден чыгып атты. Ага жардамчы кылып Сергей Сухов-ду кошуп берди. Штабы өз туулган жерине танапташ аймакка – Таштактын Кар-Бабасына көчүрүлүп келинип, Кызыл армия катары аскерлери машыгуу өткөрө берди.

Ошондой күндөрдүн биринде ага Момун кирип келди:

–Урматтуу командачы, сизге кат алып келдим деп бир жигит турат, – деди.

Аны аябай текшерип киргизишти. Ага чейин Момун анын кара сакалчан экендигин жана бешенесинде тыры-гы бар экенин, сол колуна кызыл мата байлап алганын айтканда элс Мадаминбек кимдерден келгендигин анда-ды.

Катты алып окуй баштады: «Бисмилля ар-рахман ар-рахим. Мухамед Амин-бекке, бей-бечаралардын досуна, жетимдердин калканычына, жеңилбес газыга, дини ислам үчүн күрөшүүчүгө Шер-Магометтен деп билгейсиз. Ассалому алейкум! Сиздин эрдигиңиз жана дацкыңыз Баргандан тышкары – Букарага, Ширабадга жана Камат кылып тынчыкка жана бейпилдикке алып келемин деп мусулман лашкерлерин үгүттөп жатыпсыз. Бизге да бирге кеңешүүгө келип кетүүгө жана менин койлорумду да жалпы короого кошууну чечүүгө сизди жана сиздин орус кеңешчиңизди чакырар элем. Шер-Магомет Кул».

Бул катты күтүп аткан. Бир катар корбашыларга жиберген каттарына ар кандай жооптору алып жаткан. Алардын ичинде бул кат Шермухаммад досунуку өзгөчө

болчу. Ал деген касам ичишкен кыяматтык үка досу да. Демек досу түшүнүптүр. Анын жердешчилик жагы бар. Сөздүн ток этерин дароо айткан, жоомарт жигит. Он алтынчы жылы падышалык өкмөт согушуп жатканда мандикерчиликке киши алабыз деп аны «жигит алды» кылып оорукка алып кеткен экен. Польша, Орусияда жүргөн менен урушка кирбептир. Кайтып келип, кокусунан Шаарканда жүргөндө кызылдар менен жигиттердин атышуусуна аралаша калып, колуна мылтык берсе, затвору артка түртүп, көзүнө доо кетирет. Мадаминбек дароо үйүнө кетирип, кийин Балыкчадан орус фельдшерге дарылатат. Болбой эле көздөн айрылат да, өз аты калып Көр Шермат аталып кетет. Он башы, жүз башы, миң башы болуп жүрүп, акыр соңу бир кез Мадаминбектин орун басарлыгына чейин жетет. Уламалар күбөсүндө куранды ортого коюп экөө акыреттик «ака-үка» дос болот.

Ошол эле жерден жанагы чабаганынан Көр Шерматтын тез келишин, анын туулган жери Таштактын Карабасына Түрк дивизиясы үчүн аскердик чеп курууларын жана ага жетекчи болуп дайындаларын сүйүнчүлөйт.

Дал ошол баар айларында 1920-жылы 18-апрелде М.В.Фрунзе 2-Түркстан аткычтар дивизиясынын башчысы Веревкин-Рахальскийге тез аранын ичинде Көр Шермат менен Калкожонун тобун талкалоо буйругун берет.

Көр Шермат чакырылган жерге келген жок. Анын ордуна эми Мадаминбектин өзүн Үч-Коргонго чакырган катын жиберди...

Өрүк гүлү. Жанданган өзөн-сайлар

Мадаминбек «Бриллиант» аталган ак тулпарын минип келиптир аялы Саадат, балдары жана бир тууганлары менен коштошкону. Жанында сакчылары. Алардын ири алды Момун.

Момун командирине кайра-кайра карап, анын ушул турушуна суктанып да, кооптонуп да жаткан жубайын эмнегедир аёлуу тиктеди. Саадат ыйлап атыптыр, «бар-

баңыз, бегим, барбаңыз» деп атыптыр. Аттын чылбырын кармап туруптур. «Бриллианттын» болсо түгү алтын сымал жалтылдайт, алдыңкы буттарын көккө сернип, камчы басса уча турган болуп азоолонот.

–Бул атыңызды неге миндиңиз, бегим? – Саадат муңайым суроолуу карады. Андай деген себеби бек бул атты тойлорго гана минчү. Акыры Көр Шерматка баруу бул той эмес да.

–Дуба кылалы, - деди Мадаминбек.

Саадат жана балдары, ары жакта тургандар алакан жайды. Баары жүздөрүнө бата тартты.

Үч-Коргонго бара жатканга Момун өзгөчө делбеленди. Сайлардын боюндагы өрүктөр текши гүлдөп, ак булуттар дөңсөөлөргө келип суу ичип аткандай ажайып кооздук анын көңүлүн бир көтөрсө, туулган жерине сагыныч экинчи жактан өрөпкүтөт.

«Өлбөгөн кулга жаз келди» дегендей апрелдин желаргысы чөл жактан ысык соксо, тоо жактан Алайдын мөңгүсүнүн карын ала келет. Дыйкандар арык чаап, алыш оңдоп, кулак түзөп жүрүшөт, кыштан араң чыккан бала-чака сай боюнан жалбыз, беде, дөңсөөлөрдөн чирич терип жүрүшкөн экен, алар атчандарды көрүп далдоолорго бекинип калат.

Мадаминбек менен бара жаткандар көп эмес. Узун-Айылдын миңбашысы Абдибали, Сох байы Дыйкан байбача, өзүнүн дайым жанында жүргөн мырзасы, полк комиссары С.П.Сухов, анан Момун баш болгон жыйырма сакчы-аскерлери. Эмнеге мынча аз аскер менен баратабыз деп Момун таң калды, бирок сурай албады.

Жол эми бир ажайып. Абасынан тазалыгы, суунун шабадасы, канаттуулардын сайраганы, сансыз көп гүлдөрдүн буркураган жыты...

Көпөлөктөр бири-бирин куушуп, оюн салып, көк асманда башаламан учушуп, безбелдек менен көк жылкычы кучкач бир жагынан, кашкалдагы менен тору кучкачтары бир жагынан, сарбарпы менен эрсынары бир жагынан, ала чыйырчык менен суучул кара көк соору бир жагынан, көк жылкычы кучкач менен боз таркыл-

дагы бир жагынан учуп атчандарды коштоп алгандай болсо, эгизирээкте буларды сакчылардай кайтарып чакчыгайы менен карача торгой тил безейт. Эки жыл уруштa жүрүп бул сапарга чыккандардын тили каткандай парандалардын да тили катып эми гана тил бүткөндөй сайрап жатканы эми бир башкача.

Бүлдүркөндөр бөртүп, текей, мандалак, ышкын, сарымсак чыгып, балтыркан, балжууран, козу кулак баш көтөрүп, кымыздык чайнаганга, кара куурай сүттикен, ат кулак мал тойгузганга жарап, сары каакым жер жайнап, адырашман, теңге чөп, доңуз сырты, ычкырык, чекилдек, сасык таана, чечекей, кырмески, көбүргөн, чемирчек, жер буурчак, карга тырмак, терскен көк эсебин көбөйтүп, аткулак, чалкан менен жалбыздын самса маалы өтүп кара жер өз кызматын адамга кылып берип жаткан экен жарыктык.

Анан ушул жерди...

Өрлөп жүргөнгө демиккен атчандар тобу Үч-Коргонго да жете келди.

Аппак гүлдүү гиластар, кызгылт гүлдөгөн шабдоолулар, ак гүл ачкан алчалар менен алмалар, ак жоолукчан энедей бажырайган мистелер менен бадамдар, кыр-кырларга жатып алган ак булуттардай гүлдөгөн өрүктөр менен нактар, бой керип катар турган тыттар, баягы балалыгында эчен жолу сууга түшкөн Исфайрам суусу, эски көпүрө... – баары-баары орду-ордунда.

Кудай буйруса, сөз бүтсө, сагынычын таратып, кусалыгын басып, Момун апасынан тамында беш-алты күн жатып кетпесеби...

Күткөндөрү Үч-Коргондо жок болуп чыкты. Чайханачынын айтуусунда бул жерлерге кызылдар келе берип Көр Шермат жогорулап кетиптир жана Мадаминбек келсе тоо жактан –Дарадан күтөт экен.

Эмне кылат. Ушунча келгенден кийин кайтуу керек беле. Момун дагы бир жолу Мадаминбекти коштоп жүрчү колдун жоктугуна ичи ачышты. Алар Майданга келди. Дал ушул жерде күтүп туруптур. Эки жүздөй жигит менен Дардак корбашы тосуп алды. Мадаминбекке жакын

келип, мурда анын буйругун кыңк этпей аткарган кучакташып көрүшмөк тургай жакын бара албаган Көр Шерматтын тобундагы Дардак атынан ыргып түштү да, кичипейилдик кылып аттан түшүп кучагын жайган адамга кучагын ача берген Мадаминбектин колун шап кармап, жеңине катып келген арканы менен чырмап байлап таштады. Жигиттери мылтыктарын кезеп калгандарды аттан түшүрүп, баарын бирден аттын ээрине жаткырып таңып байлап таштады.

Анан Мадаминбекти беркилерден бөлүп кетип тегирмендин үстүндөгү балаханага чыгарып, куралдарын алып, буту-колун бекемдеп байлап таштады...

Мадаминбек бешенеге жазганына макул болуп суу боюндагы күркүрөгөн тегирмендин үстүндө жазгы асманды, андагы кайсыдыр бир жакка жылып бара жаткан ак булуттарды карап жатты. Тагдырды карабайсызбы, атасы менен бала чагында дал ушул суу бойлорунун сай талдарын, мындан да бийик жактарга барып, арча, четин, долоно кыркып кетээр эле. Ошондо атасы экөө ушул тегирменге келип, түнкү дайранын шоокумун тыңшап уктаганды жакшы көрчү. Өзү да тегирменчи боломун деп Саадатка убада берген. Аппак ун болгон өзүнүн каштарын, чачтарын, кирпиктерин элестетип алып ичинен мулуңдап, бир жылмайып алчу. Мына ошол тилеги... Азыр эми тегирмендин үстүндө колу-буту таңылып жатат. Кана кечээги отуз миң аскер артынан ээрчиген күндөр, кана жанагы келишимге кол койгону келе жатканда үмүттүү тигилген көздөр?.. Кана?!.. Кана?!.. Ошолордун баары жалган белем... Ошолордун баары алдамчы белем...

Сай боюнан Ахрар кожо аттуу эшенди көрдү. Көпчүлүктүн ичинен аны тааныды. Ал да Мадаминбекти тааныды. Басып келди. Кароолдор да бул кыдыр-баркту кишиге кет дей албайт эле.

–Эшеним, чаңкап кеттим!.. – Мадаминбек эриндерин кыбыратты.

Эшен суу алып келдирип берди.

–Эшеним, айтыңыз, Шермухаммадбекке айтыңыз, мени өлтүрбөсүн. Мен өлүмдөн коркпойм, лекин экөөбүздүн

куранды алдыга коюп шерттешкен касамыбыз бар, ошол касамыбыз өзүн да, жигиттерин да уруп кетпесин! Мен аны колго түшүрүү үчүн эмес, атайын аз гана киши алып сүйлөшүү үчүн келген элем. Биздин жигиттерди Кеңеш өкмөтү өз катарына алганын, мен аны Таштакка курулуп жаткан истехкомго[5] башчы кылып дайындагымды айтайын деп атайын ак ниет менен ак тулпарымды минип келдим эле.

Эшен бул сөздү төкпөй-чачпай Көр Шермат менен Калкожого айтып берди.

–Жок, – деди Калкожо эски кеги кайнап, – ал саткын! Саткын саткындарча өлүү керек! Ал бизди каапырларга кармап бергени, өзү анысы үчүн арамылардын сыйлыгын алганы келди!

–Биз анын башын алышыбыз керек! – деди корбашылардын бири. – Ансыз бизге Тойчу менен Карабай ишенбейт. Биз ошолорго бул башты көрсөтүүбүз керек.

Ошол кезде Баргананын үстүндөгү айылдарда жүргөн бул эки корбашы жигиттери менен Мадаминбек кошулган соң кызылдарга биз деле кошулабыз деп олку-солку болуп турган. Анан аларга кызылдар өздөрү чыгып, «бизге Мадаминбектин калласин алып келсеңер чоң сыйлык беребиз» деп убада кылышат. Алардын колунан бул иш кайдан келсин, талаптарын Көр Шермат менен Калконун жигиттерине айтат. Алардын астына болсо мына минтип кызылдардын жана куран кармашкан досунун бирдиктүү аракетинен эми ошол баш алдыларында өзү келип турат.

Көп сыр каткан Кичиненин-Оозу

Үч-Коргондон Исфайрам бойлоп кеткенде Алыш, Кара-Жыгач, Майдан деп жүрүп отуруп Кичиненин-Оозуна келет. Кезегинде Полот хан качып келген бул жайлардын өзүнчө сыры бар, бир жагынан аш бышымда

[5] истехком – чеп, крепость

Барганынын жайыгына түшсө, жарым күндө Кызыл-Кыядан Апшыр-Ата өрдөп кетет Кичи-Алайга, бир жагынан Тамаша аркалуу Шаймардан жерине жетип, андан Сохко, Зардалиге барат, анан да Дароотко күнүн барат, Дароотко жетти дегенде Эркеч-Там менен Кытайга да, Карателйит менен Сары-Колго да, андан ары Кара-Тегин аркалуу Ооганга да жол ачылат. Кууш капчыгай өрдөп жүргөн жол кандай куугун келсе да жеткире койбойт.

Бекеринен Кудаяр хан Чеп-коргонун ушул жерлер менен өтүп Дароотко курган дейсизби?

Анан калса биринчи дүйнөлүк урушта орустарга колго түшкөн австро-венгерлер капчыгай ичине таш тизип жол салып, тоо башына кен издегендер келип...

Ал эле эмес кербен жолу да ушул Кичиненин-Оозунда бир өргүп алат, чөл жактан чаңкап келгендер бул жердин салкын абасынан кере-кере дем алып, түнкү чыйрыктыргган желине бир эркелеп, ичтейди ачкан, кан дүргүткөн, эчки чаначта бышылган кызгылт кымыздан канганча жутуп, андан ары жолун улайт. Тоо жактан түшкөндөр болсо бул жердеги катар-катар чайханаларда булоолонгон манты менен самсыга, аш менен аталага тоюп, сагындыргган ширин жемиштерди үзүлө түшүп жеп бир жыргап алат.

Базарын айтпайсызбы. Жээнбайдын уулу Кадыркулдун коргону базар болуп, алайчысы да, кара-тегинчиси да, маргалаңчысы да каалаган соодасын кылып, алышберишин жүргүзүп оңуп калат. Кезегинде Полот хандын байлыгы ушул Кадыркулда калган дешет, анан анын байлыгына кызыккан Садыр миңбашы амал менен бүт тартып алыптыр.

Отунчулардын алып келген тарашаларын, кололорун алып сатарлар эки ат чегилген шада арабага жүктөп ичкери шаарларга алып кеткени даярдап койсо, киши боюнан эгиз гылдыректүү өзбек арабада келген тордолгон коондорду тоолуктар куржундарынын эки көзүнө салып, жандарына татарлардын майда-чүйдө жип-шуусун, күзгүтарагын, балдарына деген таттууларын шыкашат.

Буерде Банд суусунун Исфайрамга куйган чатында Садыр миңбашыдан калган чайхана, анан жол боюнда чынар теректин түбүндө таш супа бар. Мына ушул жер

Шермухаммадбекке – Көр Шерматка аябай жаккангабы, же качуу жолун ойлогонгобу, неси болсо да төрт миңдей аскерин ушунда токтоткон. Буларга кошо Баргана, Чоң-Алай жактан шыпырма жигиттерди топтоп турган. Банд суусуна ауз кылып, ага түрдүү суу парандаларын багып, тоонун арчаларын тиктирип, көпүрө салып, ат араба жүргүзүп, күндүз аскерлерин Кол-Кутман жакта машыктырып, кызылдарды туурап «бормо» дедирип, баарына бирдей кара кийим кийгизип, урушка даярдап, түнү балаханада тажиктин бийчи кыздарын чимирилтип бийлетип өз дүйнөсү менен алек болуп жаткан.

Көр Шермат бул кыштакка ылдыйтан да, жогортон да көрүнгөн караандарды байкап туруш үчүн кароол коюп, айылдын Кичиненин-Оозу аты унутулуп, Кароол аталып барат. Өзү болсо Уста Абдимбеттин чайханасынын балаханасына жатып туш-туштан келген мусапырлар менен сукбатташып, эл ичинде эмне кеп экендигин эшитет. Ошондой кептердин ичинде Мадаминбектин оруска өтүп кеткенин, аны ээрчип дагы көптөр өтүп жатканын укkан сайын ичи туз сепкендей ачыша түшөт да, баденине кан ойноп, шадылуу муштумун түйүп калат.

Дал ушундай күндөрдө кудай берди болуп үч миң ашуун жигиттери менен Калкожо келип кошулуп... Эми минтип «ал кулум» деп өзү келип Мадаминбек колго түшүп отурат.

Кароолдун Кашатына кармаган Мадаминбекти Калкожо менен Шермухаммадбектин алдына ак дамбалчан алып келди. Мына ушинтип аны сындырабыз дешти. Чөгөлөйт дешти. Колу артына байлануу Мадаминбекти эки корбашынын алдына чөгөлөтөбүз дешти эле, ал желдеттерге баш бербей койду. «Тим койгула» дегендей болду Көр Шермат.

Ары жакта Мадаминбек менен келген жигиттерди катар тизип коюшуптур.

– Эми жолуңуздан кайтасыңбы, бегим?! – деди Шермухаммадбек бир кездеги жол башчысына тик карай албай.

– Жок! Силер да мени менен ээрчигиле? Түрк аскерлерин түзөбүз! Элди баскынчылардан куткарабыз! – Мадаминбек башын көтөрүп акыркы үмүт менен үн катты.

– Орус менен кошулуппу? – Калкожо какшык жылдырды.

– Орустун баарынын эле ою жаман эмес!

– Биз касам ичпедик беле!? – Шермухаммадбек алдында турган тордогу бактектей осол кишиге оолугуп сүйлөй баштады.

– Касам ичкенде бири-бирибизди колго түшүрүп, өлтүрөбүз дедик беле!? – Мадаминбек дале тик карап турду.

– Жок, мен сизди өлтүртпөйм, а буларды болсо... – Көр Шермат канталаган көзү менен желдеттерди карады эле, заматта алардын мылтыктары тарсылдап, Мадаминбек менен келгендердин он сегизи сулап жыгылды. Бир гана алардын арасында Момун көрүнбөдү.

Мадаминбектин ачуусу келип кетти:

– Сен көр, бул эмне кылганың, буларда эмне күнөө, сен элге жабыр кылып атасың, элди жамандыкка баштап жатасың! Буларды өлтүрбөй мени атпайт белең?!

Мадаминбек чөк түштү жана дагы айбат менен кыйкырды:

– Сени касам урат! Ит өлүмү менен өлөсүң!

Ушул учурда Калкожо бир белги бергендей болду эле, анын эки желдети Сакы менен Назар Мадаминбекти ары түртүп кетти.

Уламалар Мадаминбекти тоо арасында ээн жерге – Сурма-Ташка алып барууну, ошол жакта же кармап турууну, же эч кимге билгизбей тындым кылууну чечти.

Ташкабатпастын «тамашасы»

Тегирменчи Абдымомун Шыгай да жылгоодон туз казып алып, жарымын Кичиненин-Оозундагы кароолго берип, жарымын айылына алып келип сатып жан бакчу. Бул жолу да ошентип, туз казып көл-шал болуп тердеп аткан.

Шыгайдын өз тарых-таржымалы бар. Кууш капчыгайдан атырылып агып келген эркек суу ушул жерде бир аз жайыла түшөт, таш тоолордун арасында суу буруму, анан саз, эгин-тегин кылчу ат чабымдай түз жер бар. Илгери суу жей бергенде шыгай кой, шыгай үчүн адамдын өлүгүн кой, өлүктөн суу качат дешип айыл аты

Шыгай аталып кеткен. Ошол ары-бериси адам кыйкырса угулуучу жайыктын күн чыгыш жагында шагылдардын арасында таштар туз даамданып калган. Абдымомун ошолорду талкалайт да, кесек-кесек кылып артынып өөнгө түшөт. Мындай оор ишке Абдымомун эле жарабаса, башканын колунан келбейт. Аны болсо адегенде тегтуштары Ташкабатпас деп жүрүп, кийин элдин баары ошентип калган. Айтуудан бир жолу аңчылыкка чыгып, баргандардын баары бир кычык таштан өтүп кетсе, килтейген бу эргулуң батпай калыптыр. Ошондон Ташкабатпас аталган бул зор киши күндүз туз күйгүзгөн оор денесин бир азга жай алдыра коёмун деп үңкүрдөн чыгып, көчүк басып, аталадан жутуп, тээ төмөндү карасса, Исфайрамдын аркы өйүзүндө он чакты атчан турат да, кечүүдөн экөөнө киши минген, биринде киши артылган үч ат берки өйүзгө өтүп келе жатат.

Ташкабатпас туз алган оюктарынын бирине жата калды. Булар кимдер? Неге келе жатат?

Жанагылар менен кошо келаткан атка артылган мүрдөбү, тирүү адамбы деп турса, аны аттан түшүрүштү да Шамшынын жериндеги узун-туурасы эки кулачтай келген төрт бурчтанган таштын далдоосуна алып келишти...

Ассалому алейкум...

Мадаминбекти Сурма-Ташка алып жөнөгөндөрдүн ичинен экөөсүнүн Калкожонун жигиттеринен – Сакы менен Назардын ниети Шыгайга жакындаганда бузулду. Бул ойду аларга Калкожо ишаарат кылдыбы, же өздөрү ойлоп таптыбы, неси болсо да абал аттарынын башы, анан өздөрүнүн башы бириге түштү да, бир убакта берки Көр Шерматтын жигиттерине карап Сакы желдет өктөм үн катты:

– Силер ушул жолдон чыкпай тургула, биз аркы өйүзгө өтүп, бекти дагы бир мерте жолунан кайтарып көрөлү!

Анан ал Назарга карап алып жүр дегендей кылды эле, Назар бектин атын жетелеп жолдон бурулду.

Жайыкта кыш эми кетип, байчечекейлер жайнап, майда майса көгөрө баштаган экен. Алар таштын далдоосуна келди. Мадамин ошондо билди. Булар эмне кылырын да туйду. Денесин майда калтырак басты.

– Уруксат эткейсиздер, эки ирекет намаз окуп алайын? – Ал оозу бош унчукту.

– Түшүр! – деди Сакы бериде коркконсуп турган Назарга буйра сүйлөп.

Назар колу байлануу Мадаминбекти аттан түшүрдү.

– Дааратка суу алып кел! – Сакы кайра Назарды жумшады.

Назар ээрдин кашына байланган чайдөшкө кара суудан суу сузуп келди. Мадаминбек таңылуу колу менен дааратын алды. Таштын далдоосунда намазга жыгыла баштады.

– Ассалому алейкум, рахматтулло! – деп ал бир жагына карады.

Экинчи жолу «ассалому алейкум...» деп башын суна бергенде Сакынын сууруулган кылычы ошол сунулган башты кыя чапты.

Жылуу кан, отуздан эми гана ооган жаш жигиттин каны байчечекейлер менен көк майсага чачырады.

Сакы башты кара сууга эки-үч жолу малып чайкады да калтырап турган Назарга карматты:

– Бар, Тойчу менен Карабайга көрсөтүп сүйүнчүлөп кел!..

Акыркы парзын аткарган Момун

Момунду Калкожо да, Көр Шермат да жакшы тааныйт эле. Деги эле Мадаминбек жетекчилик кылган кор-башылардын баары эле аны амин лашкер башынын ишенимдүү жигити жана анын денесакчысы катары урмат менен карашчу. Момунжан деп турушчу. Андыктан да Дардактын жигиттери колун байлап, атка артып келери менен эле Момун дароо бошотулду. Бул жердеги жигиттер да аны сыйлай турган, алдына болгонун тартып, аты-

нын жем-чөбүн үзбөй үйрүлүп түшкөнү менен Мадаминбектин кабарын эч кимиси айтпады. Ал тууралуу, деги эле Мадаминбектин бул жактарга келгени тууралуу билишпегенсишет.

Момун бул жерлердин коён жатагына чейин билгендиктен беш-алты кыргыз жигитти алып түнү бүт айылдарды тинтип чыкты. Эч нерседен шек-шыбыт жок. Анан таң атарга жакын өз айылына барды. Мына суунун шары, чоң сууга салынган алыш, ары кеткен арык. Арык боюндагы өз үйү. Үрүп чыгар ити да, мөөрөп турар малы да, тамбашындагы чөбү да жок жайдак короого айланыптыр бул куттуу очок. Апасын көргүсү келди. Дарчалардын баары бекилүү. Үй ичинен жинчырак күйүп тургандай. Баягы жинчырак болсо керек. Атасы жатарда уйду чаркарга киргизип байлайт эле, ошондо балдардын бири же Эмин, же Момун, же экөө тең жинчыракты кармап берет. Чарчаган балдар уй байлаганча уктап кетип, кээде апасы кармап берчү. Жинчырак кармап турганда анын отунан бөлүнүп чыккан ыш-түтүндү карап турганды жакшы көрөр эле Момун. Кээде ойношо кетип Эмин экөө бири-биринин колуна жинчыракты жакын алып барып, этине жалынын такап чочутуп калышчу.

Ошол жинчырак күйүп турат. Ошол жинчырактын күйүп турганын, андан ышталган түтүн чыгып жатканын көргүсү, ошол ышты өөп-өөп алгысы келди Момундун...

Бирок андай кылууга заман тар эле. Жакында уруш бүтөт. Баары үй-үйүнө кайтат. Момун да, Эмин да... Кызык экөө ошондо бири-биринин бетин кантип карайт да, кантип бир үйдө жашайт...

Супа садыкта айылдан жылып кетти. Сураштырып жүрүп билди. Мадаминбектин өлгөнүн билди. Бирөөлөр аны Калкожо менен Көр Шермат кылды десе, бирөө кызылдардын атайын кызматтары жасашты дешти. А түгүл анын башы колдон колго өтүп жүргөнүн да сураштырып тактады.

Айылдагы жана Калкожо менен Көр Шерматка караган кыргыз жигиттери кеп бышырды, Дара ичиндеги элден мал болобу, дан болобу, катындардын эски чачтактары болобу, эмне болсо ошону жыйнап Мадаминбектин башын сатып алышты. Бул чөлкөмдөгү кыргыздар Мадаминбекти абдан сыйлашар, урматташар эле.

Ташкабатпастын айтканы боюнча денесин да табышты. Табышты да баш менен денени бириктирип тигип чыгышты. Анан Така-Тайлактагы Шыгай кыштагынын жанынан эски кабырга алып барып жашырышты. Момун акыркы парзын аткарды. Бирок кимден өч алууну, кандайча өч алууну биле албады. Ал бул өлүмдүн кунун кууганга өтө эле алсыз... Алсыз эле... Ошону түшүнду...

Боз топурак мүрзөгө кыргыз тоолорунун шабадасы уруп, суу бойлоп учууга бараткан суучулдуктардын наттары гана тийип, башка эч кимдин иши болбой кала берди...

Көпүрө

Момун Көр Шерматтын кошуну менен калды. Ал Мадаминбектин большевиктер менен жарашуусуна да, алар менен мунасага келгенине да ичи чыкпай жүргөн. Адегенде он башы, бир жума өтүп-өтпөй жүз башы болду. Кыргыз жигиттеринин арасында кадыр-баркы бар, жаңы түзүлүп жаткан большевиктерге сатылган Түрк артмиясын да жакшы билет болчу.

Мадаминбек кызылдар жакка өткөнү Көр Шерматтын да, Калкожонун да айласы кетип, заманасы куурулуп баратканда минтип бир аз болсо да үмүт байланды.

Ошондой күндөрдүн биринде Момундун карамагындагы жигиттерге Үч-Коргондогу орус отрядын талкалап, андан ары калган бөлүктөрдүн Куба-Сайга жана Кызыл-Кыяга чабуулга өтүүсүнө шарт түзүү тапшырмасы берилди.

Момун түркмөн бапагын баса кийип, куруна наганын байлап, бир колуна кылычын алып жүз жигити менен Үч-Коргонго, аны тең жарып өткөн Исфайрам суусун көздөп келе жатты...

Үч-Коргондогу кызылдардын чакан отрядына кол салуу кабарын укkан Ферганадагы Кызыл Аскерлердин

отряды түндөп чыгып, шашке оой Үч-Коргонго жакын келип калды...

Түнү бою жаман түштөрдү көрүп чыккан Акчолпон эненин таң атардагы түшүнө эки уулу кирди. Экөө тең баягы булар коштошкон көпүрөгө келип энесине эки жактан байрак берип жатыптыр, бириники – кызыл, бириники – жашыл. Эне экөөнү тең алайын десе, эки уулу тең жок болуп кетет, колунда бир гана кызыл байрак калат...

Түшүнөн чочуган эне Исфайрамдагы эски көпүрөгө барды. Аппак чачын ак оромол менен буып, түндө көргөн түшүн кайра-кайра сууга айтып аткан. Бир убакта эле дайранын эки өйүзүндө эки топ көрүндү. Алар өзүн карап – көпүрөнү карап келе жатты. Эне тааныды.

Бир жактан жигиттерди баштап, кылычын душманына жалтылдатып сунуп Момуну келатат...

Бир жактан аларга каршы аскер кийимин кийген жоокерлерди баштап, душманына кылычын жалтылдатып сунуп Эмини келатат...

Ортодо көпүрөдө ак жоолукчан ак чач эне...

МАЗМУНУ

Биринчи бап: **Урпактардын укум жери**
Гөш бузулса го туз оңойт, туз бузулса не оңойт?.....4
Сокчулук жана сокчулуктуктар.....4
Мир Айдар медресесинде.....6
Маргалаң базарындагы бала.....8
Жашабай жатып жайланган Кокон мухтар жумурияты.....16

Экинчи бап: **Булуттар тоолорго түнөшөт**
Шан-Колдун суусу шар агат.....17
«Закүнчүнү» жайлаган ким?.....30
Кезигишүү.....30
Милицияга башчылык кылган жигит.....31
Исфайрам сайдагы ынкылап.....36
Кошок, Туяк ырчы жана кек.....40
Ысманбайдын жүрөк ыйы.....43
Тегирмендеги бир түн.....47

Үчүнчү бап: **Ким – кимди?**
«Биз советтерден ушуну күттүк беле?».....50
Жол бошоткула, бек келатат!.....52
Сабалар жайындагы жыйын.....58
Өнөр үйрөнбөсөк болбойт.....68
Орловго кол салуу.....70
.....77

Төртүнчү бап: **Бөлүнгөндү бөрү жейт**
Айрылыш жол, эски көпүрө.....82
Момундун жолу, Миң-Дөбө баяны.....83
«Мархамат» дебеген Мархамат.....85
Эмир байлыгын издегендер.....97
Зардали демекчи.....99
Бөрүбай мерген.....109
Эминдин жолу.....112

Бешинчи бап: **Ат үстүндөгү айкаш**
Анжиан кыргыны. Качуу.....117
Калкалаган Алай тоолору.....120
Козголуштан корккон оогандар.....142
Эргеш-Там курултайы, асман алдындагы ант.....147
.....150

Алтынчы бап: **Кайрадан кыргын**
Канга – кан....154
Кара-Дөбөдөгү курсанчылык....156
Энвер паашанын эңсөөсү....157
Жыйырманчы жылдын башталышы....159
Мадаминбекке жолугууну эңсеп....162
Алтынчы март келишими....174
Келишимден кийин....180
Өрүк гүлү. Жанданган өзөн-сайлар....182
Көп сыр каткан Кичиненин-Оозу....186
Ташкабатпастын «тамашасы»....189
Ассалому алейкум....190
Акыркы парзын аткарган Момун....191
Көпүрө....193

Муратов Абдыкерим

Сунулган баш... Суурулган кылыч...

Тарыхый роман

Бишкек, «Турар» басмасы

Кыргыз тилинде

Редактору *Б. А. Кыдырбаева*
Корректору *А. Сардарбекова*
Дизайнери *Р. Атабаев*
Компьютердик калыпка салган *С. Исабеков*
Мукабадагы фотосүрөт *Т. Соловейдики*

Басууга 20.06.2012-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 12,375 б. т. Нускасы 500. Заказ № .

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., Горький көч., 1.

150с



Абдыкерим Муратов 1956-жылы Ноокат районундагы Шанкол айылында туулган. 1976-жылы Ош Мамлекеттик педагогикалык институтун аяктаган соң мектепте мугалим, пединститутта окутуучу, Кыргыз Педагогика илим изилдөө институтунда илимий кызматкер, «Эне тили», «Ислам маданияты» газеталарында баш редактордун орунбасары, «Замандаш» журналында баш редактор болуп иштеген.

Азыр эл аралык «Zaman Кыргызстан» газетасында баш редактордун кеңешчиси жана И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин профессору, педагогика илимдеринин доктору. Мектептер үчүн кыргыз адабияты боюнча окуу программаларын, окуу китептерин, сөздүктөрдү, усулдук колдонмолорду жазган.

Анын «Ак чыйыр», «Курманбек баатыр», «Ордолуу жыландар», «Рахманкул хан», «Бири кем дүнүйө», «Аталар сөзү – акылдын көзү», «Акыркы адамжапайынын арзуусу» деген кара сөз түрүндөгү китептери чыккан.